Скирп.
3-23

«Акындар»
сериясы

# ЗАЛКАР АКЫНДАР

## ЖЕНИЖОК

2

KYRGHYZALTYN

НОРОКС МАЙНИНГ

**РЕДКОЛЛЕГИЯ:**

САРЫГУЛОВ Д. И.
АКМАТАЛИЕВ А.
КЕБЕКОВА Б.
КЫРБАШЕВ К.
МУСАЕВ С.
ОСМОНОВ К. О.

*Элибиздин залкар акындарынын чыгармалары руханий гана мурас катары урпактан-урпакка берилип, аң-сезимибизде, жан-дүйнөбүздө жашап калбастан, алар байыркы кыргыз элинин басып өткөн кылым карытар тарыхы болуп саналат.*

*Улуу өнөрлүү ата-бабабызга ызаат-таазим кылуу ар бир атуулдун парзы деп эсептейм.*

*Терең ойчул Жеңижок — алардын эң бир көрүнүктүүсү.*

*Бул жыйнакты улуу акын Жеңижоктун 140 жылдыгына арнайбыз. Китепке ак жол каалаган «Кыргызалтын» мамлекеттик концернинин президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты ДАСТАН ИСЛАМОВИЧ САРЫГУЛОВ.*

Филология илимдеринин доктору, профессор
АБДЫЛДАЖАН АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакциясы астында

Рецензенттер: филология илимдеринин кандидаттары — Б. КЕБЕКОВА,
К. ДАУТОВ.

2020.
2017

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМДЕР УЛУТТУК АКАДЕМИЯСЫ
МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН
УЛУТТУК БОРБОРУ

«КЫРГЫЗАЛТЫН» МАМЛЕКЕТТИК КОНЦЕРНИ
«НОРОКС МАЙНИНГ» КОМПАНИЯСЫ

«АКЫНДАР» СЕРИЯСЫ

# ЗАЛКАР АКЫНДАР

2-ТОМ

## ЖЕҢИЖОК

Ырлар, айтыштар

*Түзгөндөр: А. АКМАТАЛИЕВ, А. ЖУСУПБЕКОВ, М. МУКАСОВ*

Жалал-Абадская
Областная библиотека
ИНВ. № 43913

БИШКЕК
«ШАМ» БАСМАСЫ 1999

ББК 84 Ки 7—5
З—23

Көркөмдөгөн сүрөтчүсү: *Р. Исаков*

**Залкар акындар:**

З—23 **Жеңижок:** Ырлар, айтыштар. /Түз. А. Акматалиев, А. Жусупбеков, М. Мукасов. — Б.: Шам, 1999.—320 б.— («Акындар»)

ISBN 5-7499-0146-7

XVIII кылымдын аягында XIX кылымдын башында жашап өткөн жез таңдай акын Жеңижоктун чыгармалары — эл эсинде ушу бүгүнкүгө чейин сакталып, айтылып келет. Ал өзгөчө Аалам, жаратылыш тууарсындагы философиялык ой-чабыттары терең, учкул ырлары менен өзүнө замандаш чыгаан акындардын алдыңкы катарында болгон.

$З\frac{4702300200}{М\ 455\ (11) - 99}$147—1999 ББК 84 Ки 7—5

*Басмага Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган.*

*Китепке каражат жагынан демөөрчү болгон «Кыргызалтын» мамлекеттик концерни менен «Норокс Майнинг» компаниясы*

ISBN 5-7499-0146-7

© «Кыргызалтын» мамлекеттик концерни
© «Норокс Майнинг» компаниясы
© Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору
© «Шам» басмасы 1999

## АК ТАҢДАЙ АКЫН

*Акындардын чыгармачылык дараметтери боюнча баа берип, пикир айтууда бир беткей: «Тигинден бул кыйын, мындан ал күчтүү» — дей салмайыбыз бар. Ушундай баа берүүнүн өзү — калпыс. Айталы, Ысмайыл куйкум сөздү куюлуштуруп ырдоо жагынан устат болсо, Осмонкул «ак жаандай» себелетип, кандай көрүнүш, окуя болсо ыр түрмөгүнө салып төгүп ырдап кете берген. Комузга тил киргизе чертип, айтышкан акындарына алдырбаган Арыстанбекте куудулдук өнөрү болгон эмес. «Ныязаалыга комуз чертүү жагынан, Жеңижокко ырдоо жагынан жетиш кыйын» — деп, Токтогул адилеттүүлүк менен мойнуна алуучу экен. Адам баласынын акыл-эси, дүйнө таанусу, кыял-жоругу ар башка болгондой эле, акындар да талант дараметине, шык өзгөчөлүгүнө жараша миң кырдуу, миң сырдуу келишет. Аудиторияга, көңүл маанайына, айтышып же өзүнүн ырын ырдап жаткан учурдагы жагдай — шартка байланыштуу чыгармалары чыйрак же солгун чыгып калган учурлар да болот. Андыктан, көп сапар акындын чыгармаларын уккан, аны баамдап баалаган элдин сынынан өткөн калыс сын-баа жок. Акындар туурасында айтылган аңыз-уламыштардын, уу-дуу кептердин да аларга баа берүүдө мааниси жок эмес. «Жел жетпеген Жеңижок, айтышарга теңи жок», «Кара жаак Калмырза», «Тоо булбулу — Токтогул» деген сыпаттоолор — калайык тарабынан калыстык менен берилген урматтоо.*

*«Совет доору акындарды рамкага салып эркин ырдатпай салды, чектеп койду» — деген пикир — бир беткей, калпыс айтылган пикир. Осмонкул, Калык, Алымкул, Ысмайыл сыяктуу акындар туурасында мындай ой айтууга болбойт. Мисалга Калык ырчыны алалы. Калыкты Калык кылган Совет доору (сөз саясаттан тышкары, акындар чыгармасы туурасында баратат). Анын чыгармачылыгынын өсүшү үчүн ыңгайлуу шартты Совет*

*доору түзүп берди. Өз доорунун шарына, саясатына карата ошол мезгилдин ырын ырдоо — акындарга тагылган күнөө болсо, анда, андай күнөө — акыйкатсыз. Мына ушундай туура эмес баага туш болгон Совет доорунун саясатына үндөшпөгөн айрым бир ырлары үчүн жалпы чыгармасы, көркөм дүйнөсү, рух дөөлөттөрү басмырланган Арыстанбек, Калыгул, Жеңижок, Калмырза, Казыбек, Молдо Багыш сыяктуулар боюнча кеп башка. Алардын чыгармаларына илимий позициядан туруп, фольклордук чыгармалардын табиятына ылайык мамиле кылынбай, оригиналдуулугунан көп алыстай электе «ысуулай» кагаз бетине түшүрүлбөй калды. Азыноолак чогултулган материалдар «Атайын фондунун» темир сандыгына сакталып, эшигине «чоң кулпу» салынды... Алардын чыгармаларын жыйноого кош көңүл мамиле жасалып, изилдөө иштери да дээрлик колго алынбай келди. Совет доорунун идеологиялык кысымы туурасындагы сынды дал ушул «күнөөсүз күнөөлүүлөрдүн» чыгармаларынын тагдырына байланыштыра айтсак орундуу болчудай. Жогоруда айтылгандай татаал тагдырлуу чыгармаларды жараткан, эл эсинде күнү бүгүн да унутулбай ырлары айтылып жүргөн залкарлардын бири — Жеңижок. Акындын чыгармачылыгы туурасында фольклордук, тилдик, философиялык багыттар боюнча изилдөө иштерин жүргүзүү жаңыдан колго алына баштады. Келечекте анын ырлары да ар тараптуу изилденип, акындын жүзү улам дааналанып, бадырая көрүнөрүндө шек жок. Сынчы Аман Токтогулов белгилегендей: «Жеңижок тарбиялык мааниси терең, уккан элдин акылына уюй турган кептерди санаттап айткан чоң нускоочу акын, калк алдында бетме-бет чыга келгенде эч кимден жеңилбеген айтыштын устаты, «Манас», «Семетей», «Эр Төштүк», «Кожожаш» өңдүү элдик эпосторду күндөптүндөп айткан жомокчу, чү деген жерден оозунан ыр куюлган төкмө, өз заманынын окуй билген, жаза билген билимдүү, түшүнүктүү адамы болгон».[1]*

*Жеңижоктун чыгармачылык ой чабытында адам негизги орунду ээлейт. Балким, ушул себептен акындын кыйла ырлары жаратылыш, адамдын андагы орду, адам жана анын тагдыры сыяктуу түшүнүктөрдү өзүнө камтыйт. Жеңижок «дүйнө», «адам», «тагдыр» жөнүндө ырдаганда дүйнөдө жүрүп жаткан кубулуштар менен айкалыштыра ырдап, адам тагдыры коомдогу анын ор-*

[1] Жеңижок, «Кыргызстан» басмасы, 1982, 4-б.

дуна жараша боло турганы жөнүндөгү ойлорду айтат. Акындын ою боюнча тагдыр — реалдуу шарттар менен себептерден келип чыккан адамдын жөнөкөй турмуш жолун камтыйт.

Өмүрү бүтпөйт тирилик,
Өлгөндөр келбейт тирилип.
Жаралган адам эмгектен
Жарыша иштеп түрүнүп.

Акындын бир катар ырларында адам баласынын жашоо курагы, ажырым алганда балалык, өспүрүм, улан, жаштык жана ушул сыяктууларга диалектикалык сүрөттөр берилип, ар бир курактын мүнөздөмөсү кеңири чагылдырылат. Жеңижок адамдын ар бир курагы, анын ошол мезгилдеги жүрүм-туруму, иштери, айлана-чөйрөгө болгон мамилеси анын акыл-эсине, дүйнө кабыл алуусуна ж. б. байланыштуу болорун ачык, элестүү сүрөттөйт. Ушундан улам акындын ырларынан жаштарга турмуштан туруктуулук менен үйрөнүүгө, турмуштук тажрыйбадан акыл топтогон аксакалдардан үлгү алууга кеңеш бергенин байкабай коюуга болбойт.

Атасына баласы,
Өбөк болот турбайбы.
Баласына атасы,
Жөлөк болот турбайбы. —

деп, ата-бала тууралсындагы мамилени ырдайт.

Жеңижок акын өз ырларын, атайын социалдык-саясий темага арнабаса да, чыгармаларынан коомдук көрүнүш, социалдык топтор, алардын ортосундагы карым-катнаш байланыштар жөнүндө учкай болсо да сөз кылынат. Ажырым алганда коомдогу социалдык топтордун бири-бирине болгон мамилеси, алардын көздөгөн максаты, коомдо ээлеген орду жөнүндө кыйла ой жүгүртөт.

Философиялык ой толгоолорго жыш санаттарынын кайсынысын албайлы акындын чеберчилиги көрүнүп турат:

Бул дүйнөдө ким калат?
Жылдызы бар түн калат,
Жарык берген күн калат,
Кандар өтөт, калк калат.

«Айт, айт десе», «Дүнүйө», «Турбайбы», «Санат», «Насыят» сыяктуу ырларындагы саптар бири-бирине куюлушуп түшүп, адамзаттагы жашоону, тазалыкты, ыймандуулукту, жер-сууну сүйүүнү, үй-бүлөдөгү ынтымакты даңазалайт:

*Акындардын ырын айт,*
*Акылмандын сырын айт,*
*Кедейлердин муңун айт,*
*Балбандардын күчүн айт.*
*Арстандын сүрүн айт,*
*Булбул, торгой үнүн айт,*
*Чөбүн айтпай гүлүн айт.*
*Туулуп өскөн жериңди айт,*
*Куттуу кыргыз элиңди айт.*

Ал эми жаратылыштын бир бөлүкчөсү болгон аккан сууну келиштирип, миң түрлөнтүп, кемелине келтире, ажарына чыгара ырдаган — Жеңижок болгон. Бул темага Токтогул, Эшмамбет, Барпы, Сулайман сыяктуу акындар да көп жолу кайрылышканы белгилүү. Ар бир талант дараметине, табиятка болгон көз карашы, сезимбаамчылдыгына карата өз алдынча ырдашкан. Кээси терең философиялык ой толгоолорго ширеп маани-мазмунун, көркөмдүк деңгээлин келиштире ырдаса, кээси «Аккан сууга» мүнөздүү салттык ыр түзүлүштөрдү, калыптанып калган даяр трафареттик формулаларды кураштыра чүргөй ырдап тим болушкан. Жеңижок жогоруда аталган топ акындардын арасынан ой-чабыттарынын эркин жана масштабдуулугу, суу менен өмүрдүн, тазалыктын, дегеле адам турмушунун ар кыл жактарын ыгы менен байланыштыра билгендиги жана аларды сөз берметтери менен шөкөттөп көркөм айта алгандыгы менен алардан кескин айырмаланып турат. Карыялардын айтымында ал «Аккан сууну» жети күнү катары менен айтып, анан бүтүрүүчү экен. «Мен бул сөздө эч апыртуу жок го деп ойлойм»[1] — деп, Ч. Айтматов бекеринен жазбагандыр.

Баласыздык боюнча айтылган арман ырларынын бир да бирөө Жеңижоктукундай таасирдүү, жүрөк эзээрлик деңгээлде ырдалган эмес.

*Аргымак жалы кайрылса,*
*Тармал эмей эмине?*
*Артында бала калбаса*
*Арман эмей эмине?*

. . . . . . . . . . . .

*Кайрылышта мүрзөмдү*
*Кайрылып барып ким көрөт,*
*Кайгырып жашын ким төгөт?*

Акындын өмүрү өткөнчө жүрөгү тилинген, кабырга-

---

[1] Жеңижок, «Кыргызстан» басмасы, 1982, 4-бет.

сы кайышкан күйүтү ушул баласыздык болгон. Акын С. Эралиев: «Жеңижок Казань шаарынан ырларын китеп кылып чыгарам деген ой менен бара жатып, жолдо бир үйгө кайрылып түнөп кетмекчи болот. Эл чогулат. Ошондо «Балам жокту» ырдаптыр. Угуп олтургандардын көздөрүнөн жаш төгүлүп, шолоктоп ыйлап жиберишет. Кээси сыртка жүгүрүп чыгып, бакырып-бакырып бугун чыгара ыйлап алып кайра келип ырды угушкан экен» — деп эскерет. Ооба, жүрөгүндө сезими бар адам бул ырды окуганда ошондой көрүнүш болгондугуна ишенет.

Акылмандыктын жеткен чеги — Ала-Тоодон бийик чокудан адам басып өткөн жолун кылчая карап туруп өзүнө баа берип, эртеңки элдин келечеги үчүн бардыгына макул болуп, элдин эсендигин тилейт көрүнөт. Болбосо:

А дүйнө кетсем мейличи,
Аман эсен эл калсын.
Артымда нуска кеп калсын —

деп, ар бир эле акын айта албайт.

Акылман Жеңижоктун — адам, адам тагдыры, анын абалы, анын келечеги жөнүндөгү темасы, XIX кылымдын орто чени, XX кылымдын башында кыргыз коомдук-саясий ой пикирлериндеги эң татаал, эң кыйын темалардан. Андыктан акындын чыгармаларындагы айтылбай калган, же ачык чечилбей калган маселелер боюнча Жеңижоктун чыгармаларына бир беткей кароого болбойт. Акындын көз карашы ошол мезгилдин саясий, социалдык-экономикалык, маданий абалы менен тыгыз байланышкан.

Профессор С. Закиров «Акындын чечени айтыштарда жеңилген эмес. Бул жагынан, эл арасында, Токтогул менен Жеңижоктун кадыр-баркы зор болгон»[1] — деп, эки акынга эң туура баа берген. Жеңижок айтыш өнөрүнүн мыкты устаты. Эсенаман менен болгон айтышындай күчтүү чыккан айтышты казак-кыргыз арасынан табуу кыйын. Эсенаман Жеңижокту ар тараптан камап, ыгы келген жерден басмырлап ээ-жаа бербей каптап кирет. Текст менен алгач таанышкан адам, Эсенамандын келиштире ырдаган ырына там берип, «эми бүттү го, мындан ашык айтып, анын жаалын кайтаруу мүмкүн эместир» — деген ойго келет. Бирок, Жеңижок «...түңкүйүктан шоола издеп, жалгыз аяк жол менен жарыкка чыгып кеткен кыраан мергенди элестетип, сөз чеберчи-

[1] Закиров С., Кыргыз санжырасы, Бишкек, 1996, 331-б.

*лиги, ой-сезиминин ыкчамдыгы, логикасынын күчтүүлүгү таң калтырбай койбойт. Чынында да жогоркудай күчтүү ырдалган ырга жооп берүү — Жеңижоктой чоң акындын гана колунан келмекчи».*[1]

*Кемин районунун тургуну Мамытбек Өмүралиевден жазылып алынган (Борбордун кору. Инв. № 555/5193 Т. Абдыракунов жыйнаган материал) тексттен улам дагы, айтыштын эл арасында канчалык кеңири географиялык чөйрөгө тарагандыгын байкаса болот.*

*Мындан сырткары, жыйнакка анын Арстанбек, Токтогул, Нурмолдо, Барпы, Коргол, Наркүлбүбү, Шекер кыз сыяктуу ырчылар менен болгон айтыштары киргизилди. Кезеги келгенде акындын айтыштары толугу менен өзүнчө бир жыйнак болуп чыгаар.*

*Азыркы басылыштагы материалдардын басымдуу көпчүлүгү фольклорчу — Асанбай Жусупбеков тарабынан жыйналган. Мындан сырткары, Илимдердин улуттук академиясындагы Кол жазмалар фондусундагы материалдар жана С. Кайыпов түзгөн «Эл ырчылары» («Кыргызстан басмасы», 1981-ж.) аттуу жыйнактагы Жеңижоктун айрым ыр тексттери, кээ бир ырларынын варианттары да пайдаланылды. «Көксулуу», «Жеңижоктун Эсенаманды жоктоп ырдаганы», «Бир Алла» сыяктуу чыгармалары алгачкы ирет толугу менен жарык көрүп жатат. Жыйнактагы ар бир ырга, айтышка кыскача сыпаттама (паспортизация) жазылды. Текстте учураган айрым бир түшүнүксүз сөздөргө түшүндүрмө берилип, алфавиттик тартипке келтирилди. Акындын өзү жазган же айтып берип жаздырган тексттин жок болгондугуна байланыштуу анын чыгармаларына текстологиялык изилдөө иштерин жүргүзүү өтө оор иш. Айрым ырлары эл арасында варианттуулукка өтө баштаган. Кээ бир ырында негизги ой, тема сакталганы менен ыр түзүлүштөрү, көркөмдүгү информатордун деңгээлине жараша бир кыйла өзгөрүүлөргө учурагандыгы сезилет. Ошентсе да, акындын чыгармачылыгы боюнча текстологиялык изилдөө иштерин жүргүзүүгө болот. Мындан ары жооптуу, ары татаал ишти келечектеги мыкты адис-окумуштуунун үлүшүнө калтырып, азырынча колдо болгон материалдарды иретке келтирип, ылайыктуу дегендерибизди жалпы окурмандарыбызга сунуштап олтурабыз.*

***Мураталы МУКАСОВ***

---

[1] Кебекова Б., Залкар акындар (Калык, Чоңду, Эсенаман, Үмөтаалы, Бишкек, «Шам» басмасы, 1998, 223-б.

# Жеңижок

## ЖЕҢИЖОКТУ ЖОКТОО

Ак тулпар элең желеде,
Ак шумкар элең чегеде,
Ак тулпар кетти желеден,
Ак шумкар учту чегеден
Эми, туулбайт сендей пенделен!

Көк тулпар элең желеде,
Көк шумкар элең чегеде,
Көк тулпар кетти желеден,
Көк шумкар учту чегеден
Эми, жаралбайт сендей энеден!..

Бедеси белден кара жер,
Медерим эле кайран эр,
Тулаңы белден кара жер,
Туйгунум эле кайран эр!
Асылым Өтө өткөн соң
Ай тийген тоолор кылайып,
Армандуу турам муңайып.
Күн тийген тоолор кылайып,
Күлүстөн Өтө кеткен соң
Күйүттүү турам муңайып.
Күмүштөн сомум бар эле,
Күйгөнүмчө бар эле,
Алтындан сомум зар* эле,
Айтканымча бар эле!
Тобурчак аттын дулдулу,
Топ жыйындын булбулу,
Аргымак аттын дулдулу,
Ак калпак элдин булбулу!
Долононун учунан
Толгонуп чыккан уюлу,
Түптүү кыргыз журтунан

Таңшып чыккан булбулу.
Карагайдын учунан
Кайрылып чыккан уюлу,
Калың кыргыз калкынан
Какшап чыккан булбулу.
Телегейи тегизим,
Теңтушумдай эгизим,
Атка минсе — тизгиндеш,
Аттан түшсө — тизелеш,
Кеп сүйлөсө — сабакташ,
Табак тартса —табакташ.

Акындар менен бир жүргөн,
Акындар туруп не деген?
Ак тандай акын сиз деген!
Чечендер менен бир жүргөн,
Чечендер туруп не деген?
Белгилүү чечен сиз деген!

Карчыга кушту качырдым,
Кара бир белди ашырдым,
Кадырман Өтө досумду
Кара бир жерге жашырдым.
Турумтай кушту качырдым,
Туура бир белди ашырдым,
Туйгунум Өтө досумду
Топуракка жашырдым.
Орошон акын Өтө эле,
Оң менен Солго тең эле,
Арыстан акын Өтө эле,
Агылган ырдын кени эле!
Айтканымча бар эле —
Алтын, дилде, зар эле.
Күйгөнүмчө бар эле —
Күмүш, дилде, зар эле!
Алтыным күйсө күйсөчү,
Асылым Өтө жүрсөчү.
Күмүшүм күйсө күйсүнчү,
Күкүгүм Өтө жүрсүнчү!..

Аргымакка жем берген,
Ар акынга дем берген,
Тобурчакка жем берген,
Топ акынга дем берген.
Кашкардын тоосун күн чалды,

Кайберен чыгып үн салды,
Кайрылгыс кетип Жеңижок,
Кайманалуу күн калды.

Букардын тоосун күн чалды,
Буудайык чыгып үн салды,
Бурулгус кетип Жеңижок,
Муңга толгон күн калды!
Толгонуш тоону айланып
Тоо жаркырап күн чыгат.
Туйгунум, Өтө, жан досум
Топ элден сендей ким чыгат?
Айланыш тоону айланып
Ай батканда күн чыгат.
Асылым, Өтө, жан досум
Эми, аймактан сендей ким чыгат?!

Калкка барса кадырлуу,
Капшытка төшөк салынуу.
Элге келсе кадырлуу,
Энчилеп төшөк салынуу.
Караны минсе дабыштуу,
Калкка кеби жагыштуу.
Эликсур минсе дабыштуу,
Элине кеби жагыштуу.

Сараалалуу сан жылкы
Сайга айдаса, келиш жок.
Сардалым Өтө өтүптүр,
Сан какшасам, келиш жок.
Көк алалуу көп жылкы
Көлгө айдаса, келиш жок.
Көкжалым Өтө өлүптүр
Көп какшасам, келиш жок.

Аргымак минип бел ашкан,
Ар акынга сын айткан,
Тобурчак минип бел ашкан,
Топ акынга сын айткан!
Карайган тоонун боорунан
Карчыга учат бой салып,
Жашырылган жерине
Баралбаймын жол салып,
Кара жердин алдынан,
Жан досум, алалбаймын кол салып!..
Керегелүү кең үйдү

Кең чалдыбар дедиңби?
Керегесиз кара жер
Кең сарай үйүм дедиңби?
Босоголуу боз үйдү
Боз чалдыбар дедиңби?
Босогосуз кара жер
Боз сарай үйүм дедиңби?

Карарган тоонун арасын
Кулжалар оттоп жол кылган.
Калк акыны Өтөнү
Кайгылуу өлүм жок кылган.
Агарган тоонун арасын
Аркарлар оттоп жол кылган.
Асылым акын Өтөнү
Армандуу өлүм жок кылган.

Кер жорго миндиң сулуу деп,
Кер ичик кийдиң жылуу деп,
Кайран жаның өткөн соң
Кер жоргоң оозу тыйылды,
Кер ичик жүккө жыйылды,
Сур жорго миндиң сулуу деп,
Сур ичик кийдиң жылуу деп,
Асыл жаның өткөн соң
Сур жорго оозу тыйылды.
Сур ичик жүккө жыйылды,
Эми кер ичик калды кийилбей,
Кер жорго калды минилбей,
Кейишке салып кетти деп
Көпчүлүк калды түңүлбөй.

Сур ичик калды кийилбей,
Сур жорго калды минилбей,
Сумсайтып бизди кетти деп
Көксулуу калды түңүлбөй.

Чаппай атым чаалыгат,
Чакырбай доошум карыгат,
Арманым айтып болгуча
Келген мейман зарыгат.
Куш келиптир мейманың,
Жан досум, кушубак болсун арбагың!
Ат куйругу кыл экен,
Акыры пенде шул экен,
Туу куйругу кыл экен,

Түбөлүк пенде шул экен!
Кеткенден анда, биз мында,
Кейисек келбейт миң жылда!
Кайткандар анда, биз мында,
Эми, кайгырсак келбейт миң жылда!

*Токтогул Сатылганов*

## КӨКСУЛУУ

— Белеске чыгып, тор түйдүм,
Бек кызындай Көксулуу,
Бейпайда сизден көп күйдүм.
Бетегелүү адырда,
Бирге басып, бир күлдүм.
Бейопалуу дүйнөдө
Бет келип, доор бир сүрдүм!

Капталга чыгып, тор түйдүм,
Кан кызындай Көксулуу,
Какшап бир сизден зор күйдүм.
Капталдагы булакта,
Каткырып ойноп, бир жүрдүм.
Катарлаш айыл конгондо
Каттап бир, доор бир сүрдүм.

Ашыкмын сиздей periге,
Айталбайм сырым демиге.
Алтындан артык баркыңа,
Ашыгам ырас жетүүгө.
Адамды мынча кыйнабай
Айттырбай билсең эмине?

Кызыгам сиздей periге,
Кыйналам чыны демиге.
Күмүштөн артык баркыңа,
Күчүмдү жумшайм жетүүгө.
Кишини мынча кыйнабай,
Кымбатым, келсең эмине?!

Күлгөндө күлкүң күмүш үн,
Күлгүндөй кыздын Күнүсүн.
Күйүттү тартып жүрүшүм,—
Күндөйүм, айтчы, ким үчүн?
Күдөрүм үзбөйм түбөлүк
Күйгүзүп сүйүү үмүтүн.

Жарк этсең — күлкүң күмүш үн,
Жароокер кыздын күнүсүң.
Жалынга түшүп, күйүшүм,
Жалжалым, айтчы, ким үчүн?
Жаныңдан асти чыккым жок
Жандырып сүйүү үмүтүн.

Ай жүздүү бетиң нур чайып,
Азилинди ойлосом,—
Айылда жатпайм тынч алып.
Алтыным чачкан жарыктан,
Айланам көрккө курчалып.
Ашыктык иштин айынан
Азапты тарттым, мынчалык!

Күн жүздүү бетиң нур чалып,
Кылыгың эске түшкөндө,
Күнүгө жатпайм, тынч алып.
Күмүшүм чачкан жарыктан,
Күңгөйлөр көркко курчалып.
Кызыктык иши курусун
Кыйноону тарттым, мынчалык!

Көрүшкөн күнүм салтанат,
Көркүндөн Ай, Күн жалтанат.
Көркөмүң жанды көксөтүп,
Көмөкөйдөн бал тамат.
Көрүнбөй кетсең, Көксулуум
Көнөктөп көздөн жаш агат!

Жолуккан күнүм салтанат,
Жоодураган келбетиң,—
Жогортон Ай, Күн жалтанат.
Жол карап тарттым, көп азап,
Жолукпай калсам, Көксулуум
Жоругуң эстеп, жаш агат!

Аксынын жери бийик жер,
Анттакшан жерге өзүң кел.
Айлымдан чыккан перизат,
Ар дайым кылдың, үмүткөр.
Айтылган жерге келбесең
Анттакшан жарың күйүткөр.

Бордунун жери бийик жер,
Болжошкон жерге өзүң кел.

Бозбудан чыккан асылзат,
Боздоп бир болдум үмүткөр.
Болжошкон жерге келбесең
Боз улан жарың күйүткөр!

Көркөмүң жанды суусаткан,
Көргөнү келдим узактан.
Көргөнү келсем чыкпайсың,
Көрө албас айткан ушактан.
Көксулуум, туура түшүнүп,
Көңүлүң менен узатсаң?

Ажары жанды суусаткан,
Атайын келдим узактан.
Атайлап келсем чыкпайсың,
Ар кимдер айткан ушактан.
Айперим, мени түшүнүп
Акылың менен узатсаң?

Бетегелүү белдейим,
Белги берип чакырсаң,
Белгиңе кантип келбейин.
Бел байладым алууга
Перизаттай телдейим!

Көбүргөндүү жердейим,
Көңүлүң менен чакырсаң,
Көргөнү кантип келбейин.
Көксөтпөчү көп эле
Көксулуудай телдейим?

Жайлоодо белес, кырдайым,
Жаштардан чыккан Көксулуум,
Жамалың кошуп ырдайын.
Жарашкан пери экенсиң
Жаңшабай кантип турайын.

Кымыздыктуу кырдайым,
Кыздан бир чыккан Көксулуу,
Кылыгың кошуп ырдайын.
Кынтыксыз сулуу экенсиң
Кыңырылып турбайын.

Аргымак аттын басыгы,
Аксыдан чыккан Көксулуу,

Ай тамак кыздын асылы.
Ашык бир болгон өзүңө,
Акындын кайсы жазыгы?
Ар түркүн ойго көп салчу
Ай пери кыздын назыбы?

Күлүк бир аттын басыгы,
Күйүмдүү көркөм Көксулуу,
Күн тамак кыздын асылы.
Кызыккан кызыл гүлүңө,
Күкүктүн кайсы жазыгы?
Көп ойлонтуп кыйнаган
Күн пери кыздын назыбы?

Калкымдан чыкса көп сулуу,
Калем каш, кара чачтуунун,
Калтары сенсиң, Көксулуу.
Каалап берген табийхат,
Казактан чыкпас төп сулуу.
Кара жаак акынга
Канчалык айтса эп сулуу!

Элимден чыкса көп сулуу,
Эндиксиз сулуу кыздардын,
Эркеси сенсиң, Көксулуу.
Энчилеп берген табийхат,
Эс-акылы төп сулуу.
Эптеп айткан акынга
Эки күн айтса эп сулуу!

Айтканда сөздү чын гана,
Абыдан сага жарашкан,
Ак седеп таккан чыптама.
Атайлап сага тиккендей,
Акери өтүк бутта да.
Ак көйнөкчөн келатсаң
Ак куудай көлдө куп гана.
Аябай сага сулуулук,
Арнаган экен кудурет
Атайлап берип бүт сага!

Козгосок кепти жай гана,
Көп эле сонун жарашкан,
Көк мончок таккан чыптама.
Көркөмү кооз көрүнөт,

Көк өтүк кийген бутта да.
Көк шайы көйнөк кийинсең,
Көк өрдөк көлдө куп гана.
Коштогон экен табийхат
Кош колдоп берип, бут сага!

Айлыңа барсам, эртелеп,
Алдымдан чыксаң эркелеп.
Алышып ойноп жүргөнгө,
Ага да эркем, эрк керек.
Антташкан шерттен тайбайм — деп
Акының Өтө сөз берет!

Кыштоонo барсам эртелеп,
Кыядан тоссоң эркелеп.
Кызыктуу өмүр сүрүүгө,
Кымбатым, эркем, эрк керек.
Кыйышпас болуп жүрүүгө
Күкүгүң Өтө сөз берет!

Айтар бир сөздөн шашпайын,
Аксыдан чыккан даткайым.
Ак калпак кыргыз элимдин,
Акыны болом, дапдайын.
Атагың элге чыгарып,
Азыртан неге айтпайын!
Ашыктык иштен зарланттың
Анжиян базар канттайым!

Кыйыткан ойдон шашпайын,
Кыргыздан чыккан даткайым.
Кымбаттуу кыргыз элинин,
Күкүгү болом дапдайын.
Күлпөтүң калкка чыгарып,
Кыйкырып неге айтпайын.
Кызыктык иштен кыйнадың
Кашкардан келген канттайым!

Жайлаган жериң Ойрума,
Жай күнүнөн бер жака,
Жаш сулуу түштү оюма.
Жашчылык иши жай бербей
Жалынам бирге болууга.

Кыштоонун башы Ойрума,
Кыш жармынан бер жака,

Көксулуу түштү оюма.
Кызыктык иши баш бербей
Кызыгам бирге болууга.

Казанымды бир кылып,
Ашташ болсом, Көксулуу.
Төшөгүмдү бир салып,
Башташ болсом, Көксулуу.
Айтылган шерт убада,
Кайтпас болсоң, Көксулуу.

Кыйынчылык түшсө да,
Кайтпас болсоң, Көксулуу!
Убададан айнычу,
Болбос болсоң, Көксулуу.
Өмүр бою айрылгыз
Жолдош болсоң, Көксулуу?

Ай көрүнгүз шаардай,
Бакка окшойсуң, Көксулуу.
Күмүш супа, ордолуу
Такка окшойсуң, Көксулуу.

Жыттасам жытың — атырдай,
Жигитке баркың — алтындай.
Жакындашсаң болбойбу
Жалоорутуп тартынбай.

Кармасам этиң жибектей,
Какшадым сага мен жетпей.
Күйүттүү болуп калбайлык
Күкүк бир менен Зейнептей!

Карайган шакта түнөгөн,
Карчыга деген куш бекен?
Караңгы түндө жүргүзгөн
Ашыктык кыйын иш экен!

Туура бир шакта түнөгөн,
Турумтай деген куш экен.
Түн ойноп, күндүз айрыган
Жашчылык кыйын иш экен!

Жай саратан ысык деп,
Кырга кондуң, Көксулуу.

Жашың он беш чыга элек
Ырга кондуң, Көксулуу.

Кышкы чилде суук деп,
Түзгө кондуң, Көксулуу.
Жашың он беш боло элек
Сөзгө кондуң, Көксулуу!..

Ыргалып үйдөн чыкпайсың,
Ышкы отуна берилип,
Ырдаган ырым укпайсың,
Кылгырып үйдөн чыкпайсың.
Кызыктык иштен кеп козгоп
Кыйкырсам үнүм укпайсың.

Кабарың келбейт биз үчүн,
Какылдаткан Көксулуу,
Кайгыны тарттым, сиз үчүн.
Кайрылып койсоң болбойбу,
Кадимден калган иш үчүн.
Кадалып кара санаба
Калканчың болор киши үчүн.

Дубайың келбейт биз үчүн,
Дубандан чыкпас Көксулуу,
Дубана болдум сиз үчүн.
Думуктурбай адамды,
Дурус де айткан иш үчүн.
Душмандык кылып жүргөн бар
Дуушар болгон киши үчүн.

Калкыбыз жайлайт Бөктөрдү,
Кайрылбай мага өтөр деп,
Карыбың Өтө өксөдү.
Калкымдан чыккан Көксулуу,
Көп сулуунун өктөмү.
Казактан чыкпас перизат
Каалап жүрөк көксөдү.

Элибиз жайлайт Бөктөрдү,
Ээликкен жаштык куракта,
Эрмегиң Өтө өксөдү.
Элимден чыккан Көксулуу,
Эстүү бир кыздын өктөмү.
Эч элден чыкпас сулууну
Эңсеп бир көңүл көксөдү.

Кызыл кыр ылдый кыркырап,
Коюн бир түштү, Көксулуу.
Кычыраган чилдеде,
Кыйын мүшкүл иш салып
Тоюн бир түштү, Көксулуу.

Кара кыр ылдый чуркурап,
Коюн бир түштү, Көксулуу.
Качыраган чилдеде,
Кайгыны салып башыма
Тоюн бир түштү, Көксулуу.

Белден коён качырып,
Иле албадым, Көксулуу.
Эми тагдыр не болот
Биле албадым, Көксулуу?

Жондон түлкү качырып,
Жете албадым, Көксулуу.
Жеткизбестен душманга,
Кете албадым, Көксулуу.

Алты канат ак үйдүн,
Кериштесин, Көксулуу.
Алтымыш эки жубандын,
Периштеси — Көксулуу.
Арманда калдык кошулбай
Кейиштесин, Көксулуу.

Жети бир канат боз үйдү,
Кериштесиң, Көксулуу.
Жетимиш эки жубандын,
Периштеси — Көксулуу.
Жетпей сага калдым — деп
Кейиштемин, Көксулуу.

Жылдыздуу түндө Ай элен,
Жыбылжып аккан сай элен.
Жылаажын үндүү, жыпар жыт
Жыргаткан жанды пай* элен!

Асмандан тийген Ай элен,
Акырын аккан сай элен.
Артыкча сулуу, атыр жыт
Арзыган жанга пай элен!

Алты кулач кыл аркан,
Ак боз аттын мойнунда.
Арманда калат окшоймун
Алты күн жатпай койнунда.

Жети кулач кыл аркан,
Жээрде аттын мойнунда.
Жети күнү жатпадым,
Жетигим сенин койнунда.

Теңтуштан тагдыр кошподу.
Телтору тандап ат чапсам
Телторум аттан озбоду.
Теңирим салды бул кайгы,
Тек жаткан дартым козгоду.
Тепкедей чактан бир жүргөн
Теңибиз кыйнайт окшоду.

Курдаштан жазмыш кошподу.
Куландан тандап ат чапсам,
Кубантып аттан озбоду.
Кудайым салды бул ишке,
Кусадар дартым козгоду.
Куушуп ойноп, бир жүргөн
Курбулук кыйнайт окшоду.

Көлгө түшкөн өрдөктөй,
Көздөтөсүң, Көксулуу.
Көз жашымды көбөйтүп,
Көлдөтөсүң, Көксулуу!
Көңүлдүн назик ышкы отун,
Козготосуң, Көксулуу.
Көчтөн калган тайлактай
Боздотосуң, Көксулуу.

Саятчы* салган боз куштай,
Саматасың, Көксулуу.
Сагындырып адамды
Саргайтасың, Көксулуу.

Өлүп калсам, калармын,
Өлбөй тирүү бар болсом
Өзүмдүк кылып алармын!
Аман болсом табармын,
Антташып койгон сөз үчүн
Ажыратып алармын!

Акындык менен алты күн,
Айтып алган, Көксулуу.
Айтканы менен калкымдын,
Алып кеткен эринен,
Алыска кеткен жеринен
Тартып алган, Көксулуу![1]

Чечендик менен жети күн,
Чечип алган, Көксулуу.
Чердендеген эринен,
Четке кеткен жеринен
Жетип алган, Көксулуу!

## БАЛАЛЫК

*(Биринчи түрү)*

Кашкардан алган бөзүм бар,
Каалап ойдон чыгарган,
Катуу чыңап сугарган,
Карылар угар сөзүм бар.
Эки кары* бөзүм бар,
Эптеп ойдон чыгарган,
Эки жолу сугарган,
Эскилер угар сөзүм бар.
Сары таман күлүктү
Сары аястай суутуп,
Саяпкер тапкөй сынчы өткөн.
Сакалын куудай агартып,
Санат ырды көп ырдап,
Саруу, кушчу элинен
Сартбай, Чонду ырчы өткөн.
Саадагын жанга илбептир,
Сайып дөөлөт жаштыктын,
Сап маанисин билбептир.
Эки жааттап ырдаса,
Элдин баары тек турат.
Эл кыдырып ырдаган,
Эсенаман, Бекмурат,
Эргип ырдап жулунган,

---

[1] Тартып алган Көксулуу — Аксынын Авлетим деген жеринде жашаган Ажынын уулу Сулайманкул датканын күчү менен Көксулууну бир жумага жеткизбей Жеңижокко кайра алып берген экен, акын ошону айтып жатат.

Элге жаккан ырлары
Эсенаман мурунтан.
Ээрге тизгин илбептир.
Эркин дөөлөт жаштыктын
Эч маанисин билбептир.
Эки жашар болгондо,
Энесине эркелеп,
Сыйлап өткөн балалык.
Элде жокту тапкын деп,
Кыйнап өткөн балалык.
Алты жашар болгондо,
Атасына эркелеп,
Ыйлап өткөн балалык.
Айылда жокту тапкын деп,
Кыйнап өткөн балалык.
Ачылып калса аркасы
Айып болуп калат деп,
Ата-энесин жетелеп,
Ыйлап өткөн балалык.
Аз ниеттеп ат кармап,
Токубаган балалык.
Алты жашар убакта
Атасы кармап берсе да,
Алда кайда чаркырап,
Аптиек* менен куранды
Окубаган балалык.
Айдап жүрсөң көй дөөлөт,
Айры буттуу пендеге,
Балалык башка зор дөөлөт.
Дөөлөт эмей нимине*
Он бешке жашың барганда,
Оюнга тойбойт көңүлүң.
Орчун дөөлөт балалык,
Жыйырмага барганда,
Кыйкырып ырдап чыкты эле,
Кызыл чеке, Төрөкул.
Кыйла ырчыдан мыкты эле
Көңүлүнө албаптыр,
Көрүнөө дөөлөт жаштыкты
Көп кыргызга жайбаптыр.
Айткан сөздүн макулу
Ташыбек, Майкөт ырчылар
Казактардын акуну.
Асманда булут закымы
Айтаарга сөзүм макулбу.

Ак селдечен Нурмолдо
Ал ичкиликтин акуну.
Капарына албаптыр
Кайран дөөлөт жаштыкты,
Кураштырып ыр кылып,
Калың журтка жайбаптыр.
Азыркы жүргөн ырчылар —
Баш аламан майда ырчы.
Маанисин билбейт баарысы
Бийик жаздык баш жакта,
Бир кыялым жаш чакта.
Табыптын колу дарыда,
Бир кыялым карыда.
Оор чоюн кумганда,
Орто жерде турганда.
Оруста болот кызыл бөз,
Оюма түштү ушул сөз.
Түшкөн эмей эмине,
Эркин дөөлөт балалык,
Жык толгону балалык.
Жыйырма бешке барганда,
Жыла басып жүрөсүң,
Жыгыларың билбейсиң,
Жылоовуда* балалык.
Отузга жашың барганда.
Оюнда турат балалык.
Оюң менен иш кылсаң,
Колунда турат балалык.
Отуз бешке барганда,
Омбу-домбу жоргодой,
Кирди-чыкты балалык.
Кыркка жашың барганда,
Кыя салып алдынан,
Жылып өткөн балалык.
Өткөн эмей нимине
Кырда болот кызыл таш,
Кырктын өзү кыйла жаш.
Кыйла да болсо азсынат,
Жаш сынган менен болобу.
Жакшы ат камчы чаптырбайт,
Жакындап жашка кеп айтсаң,
Жаман көрүп жактырбайт.
Өз теңтушуң болбосо,
Келиндерге кеп айтсаң,
Эч убакта эп келбейт.

Өшондо түшөт оюңа,
Төгүлөт шорпо мойнуңа,
Өткөн экен убак деп,
Жатасың тынчып ордуңда.
Чачың буурул болгондо,
Чардап өткөн балалык.
Чаап кетет жолуна,
Чаап кетип калды деп,
Чакырсаң келбейт ордуна,
Эр элүүгө чыкканда,
Эркин дөөлөт балалык.
Кете берет балалык,
Кетип калды жаштык деп,
Кейисең келбейт ордуна.
Алтымышка барганда,
Агарып сакал калганда,
Атаны кайран жаштык деп,
Ар ким кылат арманда.
Кара өзгөй сүйлөп калп айтсаң,
Каражанга күч келет.
Картайганда адамга,
Өлүмдөн кабар үч келет.
Этиң кетип какаят,
Ээктен сакал агарат,
Ал өлүмдүн белгиси.
Эңкейсең белден күч кетет,
Эки колдон иш кетет,
Ооздон отуз эки тиш кетет,
А да өлүмдүн белгиси.
Ак бото белден кур кетет,
Айдай беттен сур кетет,
Айнектей көздөн нур кетет,
Маңдайда чырак көз кетет,
Балдарга жакпай сөз кетет.
Баары өлүмдүн белгиси.
Өз башыңа келгенде,
Өйдөлөтпөйт карылык.
Өмүрүң адаа болгончо
Жүрөт экен зарылып.
Керт башыңа келгенде,
Кетпейт экен карылык.
Качан ажал жеткенче,
Жүрөт экен зарыгып,
Басып жетсек алалык,
Баралбасак калалык,

Баткан күндөй ылдыйлап,
Барган сайын кыялап,
Өтүп барат балалык.
Өткөн эмей нимине
Балалык колдон кеткен соң.
Кишиликтүү немедей,
Кичи пейил сөз сүйлөп,
Сиз десең келбейт балалык,
Жоо-жарагын асынып,
Жолоочу жүрсөң шашылып,
Бир колуңдан кеткен соң,
Издесең келбейт балалык.
Алыстан келген меймандай,
Ак сарбашыл кой союп,
Сыйласаң келбейт балалык.
Бир колуңдан кеткен соң,
Атасы өлгөн немедей,
Ыйласаң келбейт балалык.
Эртеден кечке кыдырып,
Кырдасаң келбейт балалык.
Ээгинди көтөрүп,
Ырдасаң келбейт балалык.
Жаш элүүдөн ашканда,
Агарып чыгат кара чач
Жаш кезде ойноп күлмөктүк
Каерде калбайт алтын баш
Дүнүйө жалган илинбейт.
Жүзгө чыккан менен да
Бир күнүңчө билинбейт.
Калганда кара жер калат
Кара боюң суналат.
Артында калса катының
Кара кийип тул калат.
Дүнүйө жалган илинбей,
Өтүп кетет билинбей,
Дүнүйө жалган ушундай,
Өтүп кетет зымырап,
Колуңдан качкан кушундай.

## БАЛАЛЫК

*(Экинчи түрү)*

Ойлонтту мени балалык,
Олжосу арбын жаштыкты,
Оодарып обон салалык.
Ой, тилегим калсын дейм
Оң менен Солго таралып.

Эстетти мени балалык,
Эсил алтын жаштыкты,
Эскерип ырга салалык,
Эки келбес болгон соң
Элимде калсын таралып.

Эки кары бөзүм бар,
Эрикпестен угарга,
Эскирбеген сөзүм бар.
Элим айтып жүрсүн деп
Эскертип койчу кезим бар.

Кашкардан алган бөзүм бар,
Канаттанып тыңшаарга.
Карк алтындай сөзүм бар.
Кайран жандын барында
Калкыма айтчу кезим бар.

Сары таман күлүктү,
Сары аязга суутуп,
Саяпкөй, тапкөй сынчы өткөн.
Сакалын куудай агартып,
Санат ырды көп айтып,
Кушчудан — Сартпай, Чонду ырчы өткөн.
Салаага камчы илбептир,
Санжыргалуу жаштыктын
Булар салтанатын билбептир.

Араба жүрөт кең жолдо,
Айтып көнгөн ар сөздү,
Акын чыккан Нурмолдо
Аралаш болуп башынан,
Айтышып келдик ар жолдо.
Аксы, Талас жеринен
Анча ырчыны беттептир.

Жалал-Абадская
областная библиотека
ИНВ. № 43913

Асыл дөөлөт жаштыкты
Аңдап айтып кетпептир!

Байлоодо күлүк жулкунчак,
Бар алынча ырдашты
Майлыкожо, Кулунчак.
Байгеден калган күлүктөй,
Баштарын эми чайкаптыр,
Мааниси терең жаштыкты
Булар байкаштырып айтпаптыр!

Калыс кептин макулу,
Казакта Майкөт, Иренчек
Кара жаак акыны.
Кайран дөөлөт жаштыкты,
Капарына албаптыр
Булар калың журтка жайбаптыр!

Катындар ийрип кап токур,
Карыганча ырдаган
Кайран Айдыраалы, Аттокур.
Капталга камчы илбептир.
Кайраты артык жаштыктын
Булар кадырын жакшы билбептир.

Кызылчеке, Төрөкул,
Кыйкырып ырдап чыкты эле.
Кызып ырдай келгенде
Кыйла ырчыдан мыкты эле.
Көрүнөө дөөлөт жаштыкты
Көңүлүнө албаптыр,
Булар көп кыргызга жайбаптыр!

Азыркы жүргөн майда ырчы,
Алтын дөөлөт жаштыктын,
Асылын билбейт баарысы,
Акын Өтө абандын
Айтып турган чагы ушу!
Бир жашында билбеген,
Эки жашар болгондо,
Энесине эркелеп,
Ыйлап жүргөн балалык.
Элде жокту тапкын деп,
Кыйнап жүргөн балалык.
Атасына эркелеп,

Ыйлап жүргөн балалык.
Айылда жокту тапкын деп,
Кыйнап жүргөн балалык.

Үчкө жашы толгондо,
Үй-бүлөдө тили бал.
Үйдүн ичин чаңытып,
Үч көтөрчү жини бар.
Төрткө жашы барганда,
Таңга маал торгойдой,
Сайрап турган балалык.
Жоогазындай жайлоодо,
Жайнап турган балалык.
Бешке жашы барганда,
Агын сууну бойлошот.
Кой дегенге болбостон,
Балчык кечип ойношот.
Тетири кийип чапанын,
Атчан адам көрүнсө,
Үркүтмөккө жол тосот!
Ачылып калса аркасы,
Айып болуп калат деп,
Чочубаган балалык.
Аспиеттеп* ат кармап,
Токубаган балалык.
Алты жашар убакта,
Атасы кармап берсе да,
Аптиек* менен куранды,
Окубаган балалык!..
Жеңе менен эжеден,
Уялбаган балалык.
Оюн кызык көрүнүп,
Зарыгып жумшап жатсаң да,
Тил албаган балалык.
Ак сакалдуу кишини,
Сиз дебеген балалык.
Оокат үчүн умтулуп,
Иштебеген балалык.
Алдап айткан кебиңдин,
Калпын билбейт балалык.
Ата менен эненин,
Баркын билбейт балалык.
Алган менен сактандын,
Наркын билбейт балалык!
Жети жашка барганда,

Айылдагы иттерди,
Кууштурган балалык.
Тезек терип, суу ташып,
Бир аз, жумуш кылган балалык!

Сегиз жашка барганда,
Оюнга такыр тойбогон.
Оромпой тээп, чики атып,
Ок жыландай сойлогон.
Торпокту минип жүдөткөн,
Тотугуп бетин түлөткөн.
Кубалап кулун, тайларды,
Кубарып чарчап күнү өткөн.

Жар боорунан балапан,
Алып жүргөн балалык.
Чегирткеге куш кылып,
Салып жүргөн балалык.
Балалыктын кылыгы,
Айтылсын бирден саналып.
Ыпылас жерди бейлебей*,
Басып жүргөн балалык.
Күчүгүн байлап мойнунан,
Карышкырга салам деп,
Шашып жүргөн балалык.
Топучак издеп шиш менен,
Казып жүргөн балалык.
Оокат ичпей маалында,
Кер сары болуп өңүнөн,
Азып жүргөн балалык!
Тогуз жашка чыкканда,
Дөбөт менен мышыкты,
Кабыштырган балалык.
Кимиси кыйын экен деп,
Салыштырган балалык.
Эки айылдын жылкысын,
Алдыртан кошуп ийишип,
Айгыр менен айгырын,
Алыштырган балалык.
Чокуга чыгып барышып,
Таш омкоруп алышып,
«Менин атым күлүк» деп,
Жарыштырган балалык.

Онго жашы барганда,
Так секирип улактай,
Кутуруп турган балалык.
Оюнга мооку канбастан,
Жутунуп турган балалык.
Айлына мейман келгенде,
«Алакүш» деп иттерди,
Тукуруп турган балалык.
Он бир жашка келгенде,
Чыйрак болсо ат чабат,
Аты чыгып байге алса,
Аздыр көптүр мал табат.

Он үчкө жашы чыкканда,
Кырандын терет гүлдөрүн.
Карагат издеп кетишет,
Калтырып алыс үйлөрүн.
Кымыздык, ышкын теришет,
Кызыгын көрүп дүйнөнүн.
Куулук менен иши жок,
Кубанып айтат билгенин.
Көчүгүн күндө жоорутуп,
Көрөсүң тайды мингенин.
Күлкү менен өткөрөт,
Күнгө бет тоонун түндөрүн!..

Кекире жагып үйлөгөн,
Кесир сөздү сүйлөгөн,
Кезектүү сөзгө көнбөгөн,
Кетет дөөлөт балалык.

Арча жагып үйлөгөн,
Ашык сөздү сүйлөгөн,
Айтылган кепке күйбөгөн,
Анык дөөлөт балалык!..

Он төрткө жашы келгенде,
Дердейип калат кичине.
Каранып калат бой башын,
Келин-кыз кирип түшүнө.
Далбас урат делөөрүп,
Жанашып бирге жүрүүгө.
Он бешке жашы барганда,
Оюнга тойбойт көңүлү,
Орчун дөөлөт балалык.

Ойлоп жолго салалык.
Он алтыга барганда,
Оюн салган кунандай,
Окторулган жыландай,
Ордунда турбас балалык!
Он жетиге барганда,
Ой, тоону кезип ышкырат.
Ой, санаасы жок болот,
Оюндан көөнү ток болот,
Ойлонуп бир аз иш кылат.
Он сегизге барганда,
Ооматы жүргөн кез экен.
Он тогузга өткөндө,
Омоктуу жаштын өзү экен.

Жыйырмага барганда,
Жыла басып жүрөсүң,
Жыгылаарың билбейсиң.
Жиндилик менен делбелик,
Жылоосунда балалык,
Жыйынды көзгө илбейсиң.

Кайкая басып жүрөсүң,
Каткырып доор сүрөсүң.
Коштоп жүргөн балалык,
Кой десе кайдан билесиң.
Кара көз көркөм перини,
Карчыга куштай илесиң.

Жыйырма бирге барганда,
Жылаажын болот добушуң,
Жылдыздуу кыздын жанынан,
Жыргайсың таап конушуң.
Жыргалы артык жаштык ай,
Жылдырбай койсо толушун.
Керилген жигит чагында,
Көркөмдүү чыгат добушуң.
Көрүнүктүү бир кыздын,
Көрөсүң басып конушун.
Көрүнөө дөөлөт жаштык ай,
Кемитпей койсо толушун.

Жыйырма экиге барганда,
Боз жорго болсо мингениң,
Боз өргө болсо киргениң,

Болжогон жерде жолугар,
Ботогөз болсо сүйгөнүң.
Боздобой жыргап өткөрсөң,
Боруму кызык дүйнөнүн!

Карадан болсо мингениң,
Кара бөрк болсо кийгениң.
Каалаган жерден табышар,
Кара көз болсо сүйгөнүң.
Какшабай жыргап өткөрсөң,
Кадырын билип дүйнөнүн.

Жыйырма үчкө барганда,
Кызыктуу жаштык барында.
Кыргый мүчө, кара көз,
Кылыгы менен айтып сөз,
Кыздар турат жанында.

Кайраттуу жаштын барында,
Калкыңа дайын чагында.
Карчыга мүчө, кыргый көз,
Кадырын салып айтып сөз,
Кара көз турат жанында.

Жыйырма төрттүн өзүндө,
Боз туйгундай жаштык кез,
Бозосу жок мастык кез,
Бой тирешкен душманга,
Бой бербеген курчтук кез.

Ак туйгундай жаштык кез,
Алчактатып ат минсе,
Арагы жок мастык кез.
Алдуусунган душманга,
Алдырбаган курчтук кез.

Жыйырма бешке барганда;
Жылкыдай туйлайт жүрөгүң,
Жыландай сойлойт билегиң.
Жылытат музду илебиң.
Жымыңдап турат жанында,
Жылдызы көркөм кыз-келин!

Эргиген куштай жүрөгүң,
Эңишсең жыгат билегиң.

Эритет музду илебиң,
Эрикпей жүрөт жанында,
Эндиксиз сулуу кыз-келин!
Жыйырма бешке отуз жыл,
Жашатып койсо эмине?
Жаңылантып өмүрдү,
Жасатып койсо эмине?

Жыйырма бешке кырк жылы,
Кондуруп койсо эмине?
Жаратканы чын болсо,
Каалаганын адамдын,
Болдуруп койсо эмине?
Кайран өмүр жыйырма беш,
Өтпөй турган болсочу!
Жок дегенде он жылга,
Кетпей турган болсочу!..

Кайран гана жыйырма беш,
Кайраты толук арткан кез.
Кайпактабай олтуруп,
Каймагын ырдын тапкан кез.
Карайган түндү аткарып,
Казак, кыргыз элиме,
Кадырым менен жаккан кез.

Асыл бир гана жыйырма беш,
Айбаты жандан ашкан кез.
Айтышка түшсөң талыбай,
Алтынын ырдын тапкан кез.
Агартып таңды аткарып,
Ак калпак кыргыз элиме,
Акындык менен жаккан кез.

Ачып көздү жумгуча,
Өтүп кетет балалык.
Кайра келгиз сапарга,
Көчүп кетет балалык.
Аркыраган шар суудай,
Агып кетет балалык.
Жалбырттатып жалынын,
Жагып кетет балалык.

Отуз жаштын өзүндө,
Ойлонуп билген кезинде.

Оң менен Солго сүйлөсөң,
Оомат болот сөзүңдө.
Бирде бар да бирде жок,
Кирди-чыкты балалык,
Бир азы калат эсиңде.

Омбу-домбу жер кайда,
Оолуккан мүнөз жок болгон.
Оолактап өзүң каласың,
От кечип жүрчү топтордон.

Кыркка жашың барганда,
Кыйкырып турган чагыңда.
Кыя салып алдыңдан,
Өтүп кетет балалык.
Өткөн эмей эмине?
Кырда болот кызыл таш,
Кырктын өзү кыйла жаш.
Кыйла да болсо азсынат,
Кыялында жашсынат.
Жашсынган менен болобу,
Жакшы ат камчы чаптырбайт.
Жакындап жашка кеп урсаң,
Жакшы көрүп жактырбайт.
Жашынып калган балалык,
Жалынган менен таптырбайт.

Кыйынды билбес жаштык кез,
Кыйлага чейин бөлүнбөйт,
Кыйытып аста кеп айтсаң,
Кыйкымдап сени бөлүн дейт.
Кыз-келин менен жүрчү убак,
Кыр ашып кеткен карасаң,
Кыйкырган менен көрүнбөйт!

Кесирлүүдөн кыз алсаң,
Керилген төшөк сеп келбейт.
Өз теңтушуң болбосо,
Келиндерге кеп айтсаң,
Эч убакта жактырбайт.
Ошондо түшөт оюңа,
Орой сөз уксаң жаштардан,
Төккөндөй шорпо мойнуңа.
«Өткөн экен убак» деп,
Жатасың тынчып ордуңа.

Чачың буурул болгондо,
Чардап өткөн балалык.
Чаап кетет жолуна,
Чакырсаң келбейт ордуна.

Эр элүүгө келгенде,
Эрк бербей түшөт жолуна,
Эсил кайран жаштык деп,
Эртели-кеч дайыма,
Эстесең келбейт ордуна!

Акбараң мылтык асынып,
Кырдасаң келбейт балалык.
Обонуңду көтөрүп,
Ырдасаң келбейт балалык.

Карылыкты «кеткин» деп,
Балалыкты «келгин» деп,
Чырдасаң келбейт балалык.
Көкбараң мылтык көтөрүп,
Кырдасаң келбейт балалык.
Көңүлүңдү көтөрүп,
Ырдасаң келбейт балалык!
Карылыкка бакырып,
Балалыкты чакырып,
Ошо, чырдасаң келбейт балалык.

Балалык колдон кеткен соң,
Ак сакалдуу кишидей,
«Сиз» десең келбейт балалык.
Мээнет тартып кыйналып,
Иштесең келбейт балалык.
Жоо жарагың байланып,
Жолоочу болсоң шайланып,
Бир колуңдан кеткен соң,
Ошо, издесең келбейт балалык.

Балалык колдон кеткен соң,
Дөбөгө чыгып оштонуп,
Төгөрөктү козголтуп,
Бакырсаң келбейт балалык.

Ак боз бээ союп бүлүнүп,
Алдынан өтүп жүгүнүп,
«Айланайын, жаштык» деп,
Ошо, чакырсаң келбейт балалык.

Алтымыштын өзүндө,
Ак ала болот сакалың,
Абалкыдай алың жок,
Арманың айтып жатамын.
Ашыкча дөөлөт жаштыкты,
Арбыныраак кылбаган,
Ар дайым эстеп капамын.
Көк ала болот сакалың,
Көкүрөк дадил дарман жок,
Көйгөйүң айтып жатамын.
Көрүнөө дөөлөт жаштыкты,
Көбүрөөк эле созбогон,
Көп эстеп, ойго батамын.

Батар күндөй ылдыйлап,
Барган сайын кыялап,
Өтүп барат өмүрүң.
Кайра келгиз жагына,
Көчүп барат өмүрүң.
Кара-Сууну кыдырып,
Бойлосоң келбейт балалык.
Кара жаның куш кылып,
Ойносоң келбейт балалык.
Көркөмдөп үйдү тиктирип,
Көп малдын бирин сойдуруп.
Түпсүз ойго сен батып,
Көңүлүң коюп түн бою,
Ойлосоң келбейт балалык.
Аккан сууну айланып,
Бойлосоң келбейт балалык.
Аманат жанды куш кылып,
Ойносоң келбейт балалык.
Дөбөгө боз үй тиктирип,
Төөнүн бирин сойдуруп,
Түпсүз ойго сен батып,
Ошо, ойлосоң келбейт балалык!
Кара өзгөй, калп айтсаң,
Карып жанга күч келет.
Картайганда пендеге,
Өлүмдөн кабар үч келет.
Келген эмей эмине?
Жетимиштин өзүндө,

Этиң качып какаят,
Ээкте сакал агарат.

Эринчек болуп кайран жан,
Эңиштеп кетет талаалап.
Ээликме кыял, жаштык кез,
Эстесең келбейт сабалап.
Эшикте басып жүрөсүң,
Эрмектеп малың каралап.

Жетимиштин өзүндө,
Кара сакал ак болот,
Калп айткан менен болобу,
Кайта турган чак болот.
Каңырыш угуп кулагың,
Катындар сенден жат болот.

Өз башыңа келгенде,
Өйдөлөтпөй мойнуңдан,
Минет экен карылык.
Өз өкүмүн эң кыйын,
Билет экен карылык.
Өмүрүң ада болгуча,
Жүрөт экен зарыгып!
Керт башыңа келгенде,
Келтектебей жонуңа,
Минет экен карылык.
Токсон түрдүү амалын,
Билет экен карылык.
Качан ажал жеткенче,
Жүрөт экен зарыгып!

Кер мурутуң ак болот,
Кейиген менен болобу,
Кете турган чак болот.
Кейитип укпай кулагың,
Келиндер сенден жат болот.

Сексен жаштын өзүндө,
Сенделип жеткен кезинде,
Сер сакалың сербейтип,
Сереп салып турасың,
Эрте кеч малдын четинде.
Эки тизең ийрейип,
Эпке келбейт кечинде.

Эңкейсең белден күч кетет,
Эки колдон иш кетет.

Эмшендеп комсоо жарашпай,
Ээктен кашка тиш кетет.
Эндиксиз кызыл бет кетет.
Ээндетип өзүңдү,
Эл ичинен четтетет.
Эриктүү жаштык түгөнүп,
Эрме чөлгө беттетет.
Ак бото белден кур кетет,
Айнектей жүздөн нур кетет.
«Кейикчээл болбой отур» деп,
Кемпириңе тилдетет.
Көркүнөн кеткен карылык,
Көңүлүңдү зилдетет.
Маңдайда — чырак көз кетет,
Балдарга жакпай сөз кетет.
Адаштырып оюңдан,
Акылың менен эс кетет.
Карчыгадай жигиттик,
Катаал кез менен кездешет.
Калжаңдатып текедей,
Карылык түбү жеп кетет.

Токсонго барсаң тосорсуң,
Толукшуган өмүрдү,
Токтобостон жокторсуң.
Арыбасаң жүзгө чыгарсың,
Асыл жан менен коштошуп,
А дүйнө көздөй жыларсың.

Карып кетет кайран жан,
Карааның деги көрсөтпөй,
Каякка кетет зирек жан?

Эскирип кетет эсил жан,
Элесин деги көрсөтпөй,
Эмине болот зирек жан?

Ак боз аттай зуулдап,
Аккан суудай шуулдап,
Кирип кетет турбайбы.
Ааламда жайы белгисиз,

Акылың деги жеткисиз,
Эрип кетет турбайбы.
Көк жоргодой зуулдап,

Көктөмдө суудай шуулдап.
Кирип кетет турбайбы.
Кабары деги белгисиз,
Кармап кууп жеткисиз,
Житип кетет турбайбы!

Кайгырасың, каласың,
Кайтканды кайдан табасың?
Карылык кууп жеткенде,
Кайран жаш өтүп кеткенде,
Карыз деп кимге барасың?

Өкүнөсүң, каласың,
Өткөндү кайдан табасың?
Өмүр өтүп кеткенде,
Өлүм кууп жеткенде,
Өпкөлөп кимге барасың?

Кекенесиң, каласың,
Кеткенди кайдан табасың?
Кезектүү өмүр өткөндө,
Кесирлүү өлүм жеткенде,
Келе деп кимге барасың?..

Азбы-көппү көрөр күн,
Ар кимиңе бөлүнгөн.
Саламат болсоң көрөрсүң,
Сактасын кудай өлүмдөн...

## ДҮНҮЙӨ

*(Биринчи түрү)*

— Асман, Ай, жылдыз бүткөндө,
Улангансың, дүнүйө.
Жер титиреп бүткөндө,
Куралгансың, дүнүйө.
Он сегиз миң Ааламды,
Бир жараттың, дүнүйө.

Кемтиги жок эч жерде,
Куп жараттың, дүнүйө.
Аял менен эркекти,
Жуп жараттың, дүнүйө.

Адамзаттын ичине,
Кут жараттың, дүнүйө!

Жан-жаныбар, бүлөнү,
Бүт жараттың, дүнүйө.
Көбөйттүрүп ар жакка,
Шүк тараттың, дүнүйө.

Булбул менен чымчыкты,
Бакта кылдың, дүнүйө.
Баардагы пашааны,
Такта кылдың, дүнүйө.

Аркар менен кийикти,
Ташта кылдың, дүнүйө.
Жетип алар ажалды,
Башта кылдың, дүнүйө.
Бир-бирине окшотпой,
Башка кылдың, дүнүйө.

Эки беттин албырган,
Нурун алдың, дүнүйө,
Атасынан баласын,
Мурун алдың, дүнүйө!
Сайдагы жолду карачы:
Сары килем жаптырып,
Сары аркан менен тарттырып,
Санжырга менен төө өткөн.
Саймалуу калпак кийгенден,
Сайышып жоого киргенден,
Санатсыз нечен эр өткөн.

Адамдан артык туулган,
Ааламга салган чуулган.
Атабыз Манас шер да өткөн!

Капталда жолду карачы:
Карагер жылкы бээ өткөн,
Калы килем жаптырып,
Кара аркан менен тарттырып,
Көркөмдүгүн арттырып.
Калкайып каймал төө өткөн,

Кайырма калпак кийгенден,
Кайрылбай жоого тийгенден,

Кармашып жоону сүргөндөн.
Көкчө менен Алмамбет,
Кошой, Сыргак, Чубактай,
Көк жалдардай шер да өткөн!

Тоо бузулуп, түз болду,
Токтоп айтар иш болду.
Түз бузулуп, тоо болду,
Түзүктөп айтар иш болду.
Бел бузулуп, жер болду,
Белгилеп айтар кен болду.

Эгини менен жер өттү,
Эрдемсинген эр өттү.
Жер каптаган сел өткөн,
Жаңырган далай эл да өткөн!..

Буга күбө ким болду?
Асмандагы жайнаган,
Ай, жылдыз менен Күн болду.
Көрбөгөн да билбеген,
Канча жан өлүп тим болду!

Дагы күбө ким болду?
Чарчаганды билбеген,
Чатак салып жиндеген,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланып желдеген.
Кармасаң колго келбеген,
Же көрүнбөгөн көзүңө.
Же келбеген эсине.
Булутту айдап түрүлтүп,
Бир ачуусу келгенде,
Белди ашыра сүрүлтүп.
Шамал күбө бул болду!

Байыстабай бир азга,
Өткөнүн көрчү, дүйнөнүн.
Артынан жоо куугансып,
Көчкөнүн көрчү дүйнөнүн.
Бир жалбырттап, бир жерде,
Өчкөнүн көрчү, дүйнөнүн!

Кирген суудай шаркырап,
Акканын көрчү, дүйнөнүн.

Жерден берип ырыскы,
Бакканын көрчү дүйнөнүн.
Түгөнбөгөн мезгилден,
Ашканын көрчү, дүйнөнүн.
Чакырып тойго жаткансып,
Шашканын көрчү, дүйнөнүн!

Күн менен түндү камчылап,
Өтүп жаткан, дүнүйө.
Журттан-журтка ташынып,
Көчүп жаткан дүнүйө.
Бири күйсө, бирөөбү,—
Өчүп жаткан дүнүйө!

Түшпөсүн деп Ай, жылдыз,
Бышык кылган дүнүйө.
Таң калтырып, адамды,
Кызык кылган дүнүйө!..
Өлүм менен коркутуп,
Сызык кылган дүнүйө!

Баш учуна күлүк ой,
Учуп жеткис дүнүйө.
Ойлоп-ойлоп отурсаң,
Түбү чексиз дүнүйө.
Керемети дүйнөнүн,
Эстен кеткис дүнүйө!..

Күндүн нуру сыяктуу,
Күйүп турган дүнүйө.
Баласындай алпештеп,
Сүйүп турган дүнүйө.
Кайра баштап, кайгыны,
Үйүп турган дүнүйө!

Башчы болуп жүрсүн деп,
Баш жараткан, дүнүйө.
Ооз, мурун, көз үстү,
Каш жараткан, дүнүйө.
Кемтиги жок эч жерде,
Саз жараткан, дүнүйө.
Акылманды ар элде,
Аз жараткан, дүнүйө!

Кор болбостон жүрсүн деп,
Акыл берген дүнүйө.

Жердин үстүн тепсетип,
Бакыр берген дүнүйө.
Кээ бир жерге чөп бербей,
Такыр берген дүнүйө!

Кыдырсын деп Ааламды,
Шамал кылган дүнүйө.
Оргон буудай өзөгүн,
Саман кылган дүнүйө.
Түрдөн-түргө өткөрүп,
Амал кылган, дүнүйө!

Жарык кылган Ааламды,
Күнү сонун дүнүйө.
Асмандагы Ай, жылдыз,
Түнү сонун дүнүйө.
Жаз чыкканда жайнаган,
Гүлү сонун дүнүйө.
Булбулдардын сайраган,
Үнү сонун дүнүйө.

Төрт түлүгү жайлаган,
Төрү сонун дүнүйө.
Төрлөрүндө жайнаган,
Чөбү сонун дүнүйө.
Каз-өрдөгү калкыган,
Көлү сонун дүнүйө.
Айта берсем ыр менен,
Көбү сонун дүнүйө.

## ДҮНҮЙӨ

*(Экинчи түрү)*

— Чыгыштан күндү Батышка,
Жүргүзгөнүн карачы.
Ааламдын шам чырагын,
Күйгүзгөнүн карачы.
Кудуретин жараткан,
Билгизгенин карачы!

Күн кыдырып көк менен,
Жөнөгөнүн карачы.
Жарык нурга балкытып,

Бөлгөнүн карачы.
Канча жанды жаратып,
Төрөгөнүн карачы!..

Ай айланып асмандан,
Каттаганын карачы.
Бир орунда тынч алып,
Жатпаганын карачы.
«Саманчынын жолу» дейт,
Бүт жылдыздар чачырап,
Батпаганын карачы!..
Канаты жок Ай, Күндү,
Учурганын карачы.
Адаштырбай жолу жок,
Туш кылганын карачы.
Айтып бүткүс соопту —
Иш кылганын карачы!

Жылдызды көккө толтуруп,
Ай кылганын карачы.
Жасаганын жараткан,
Шай кылганын карачы.
Жалгыз жарым койбостон,
Пай* кылганын карачы!..

Өткөн мезгил артына,
Кайтпаганын карачы.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Кубулганын баяндап,
Айтпаганын карачы.
Улукман аке баш болуп,
Канча акылман табып өттү,
Өлүм сырын эч бири,
Таппаганын карачы!

Асман, жердин арасын,
Кең кылганын карачы.
Жерден берип ырыскы,
Эл кылганын карачы.
Жетиштирбей бир жерин,
Дайыма кем кылганын карачы!
Кезектешип төрт мезгил,
Келгендигин карачы.
Керектүүсүн жандууга,

Бергендигин карачы.
Карацгыны жарыктык,
Жеңгендигин карачы?!

## АККАН СУУ

*(Биринчи түрү)*

— Жер титиреп бүткөндө,
Көктөн иман толкуп түшкөндө.
Жылдыз көккө толгондо,
Дүнүйө пинаа* болгондо.
Ай асмандан букканда,
Күн кызарып чыкканда,
Адам-Ата, Обо-эне,
Оозунан чыккан лапеси,*
Кудайга дайын болгондо,
Суу атасы Сулайман,*
Жардам сурап кудайдан
Суу бергин деп муңайган.
Кудурети кудайдын,
Кубат берип түбөлүк,
Орун берди бу жайдан.
Ошондо он сегиз Ааламдан,
Коркуп чыккан аккан суу.
Жер жүзүнө чайпалып,
Толкуп чыккан аккан суу!..
Жети кабат Жер астын,
Жарып чыккан аккан суу.
Жер, Ааламдын баарысын,
Багып чыккан аккан суу.
Алты кабат Жер астын,
Атып чыккан аккан суу.
Адам-Ата, Обону,
Багып чыккан аккан суу.
Ала-Тоонун боорунан,
Жарып чыккан аккан суу.
Алтын канат жез куйрук,
Балык чыккан аккан суу.

Кара-Тоонун боорунан,
Жарып чыккан аккан суу.
Күмүш канат, жез куйрук,
Балык чыккан аккан суу.

Қара жердин астынан,
Җылып чыккан аккан суу.
Җаамы күнөө кылганды,
Билип жаткан аккан суу.

Қара таштан жаркырап,
Түшүп жаткан аккан суу.
Җан-жаныбар шимирип,
Ичип жаткан аккан суу.

Ак кыянын боорунан,
Қанаат алган аккан суу.
Қарып, мискин, бечера,
Даарат алган аккан суу.
Ылай, чопо, киринен,
Арылдырган аккан суу.
Ай тийгенде шооладай,
Җарык чыккан аккан суу.

Алып кетсе жетелеп,
Қете берген аккан суу.
Бөлгөн жерге токтобой,
Җете келген аккан суу.
Түбү жумшак, үстү бек,
Саздан чыккан аккан суу.
Тиктеген менен көз жетпес,
Таштан чыккан аккан суу.

Қөк жалкаяк асканы,
Тешип чыккан аккан суу.
Қөк торпулуу көк жарды,
Эшип чыккан аккан суу.
Нечен жерди аралап,
Қезип чыккан аккан суу,
Қеректигин адамга,
Җандуу менен жансызга,
Сезип чыккан аккан суу!..

Зоодон сынбай бир жери,
Қулап түшкөн аккан суу.
Аяк, башын үзүлтпөй,
Улап түшкөн аккан суу.
Өзүн-өзү көбөйтүп,
Қурап түшкөн аккан суу!..

Ташка тийип чачырап,
Быркыраган аккан суу.
Далай жерге токтобой,
Шыркыраган аккан суу.

Кууш жерге келгенде,
Күркүрөгөн аккан суу.
Үрөйүңдү учуруп,
Үн сүрөгөн аккан суу.
Барган сайын күч алып,
Дүркүрөгөн аккан суу!..
Жайык жерге барганда,
Жаркыраган аккан суу.
Алды эңкейиш жар келсе,
Аркыраган аккан суу.
Кулагыңды тундуруп,
Капчыгайды чуу кылып,
Шаркыраган аккан суу!
Коркок адам сүрүнөн,
Калтыраган аккан суу!

Сурап-сурап отурсаң,
Кайда болот аккан суу?
Башы туюк капчыгай,
Сайда болот аккан суу.
Издегенде табылбас,
Жайда болот аккан суу.
Тескейи бийик, терең сай,
Коодо болот аккан суу.
Ак асаба мелжиген,
Зоодо болот аккан суу.

Бетегеси кулпунган,
Төрдө болот аккан суу.
Жаратылыш жасаган,
Өрдө болот аккан суу.
Каз-өрдөгү калкыган,
Көлдө болот аккан суу.

Бопбоз болуп кор болгон,
Тамчы суугa зар болгон,
Элге келген аккан суу.
Мурда болуп көрбөгөн,
Жерге келген аккан суу.
Жер үстүндө жашаган,

Элге келген аккан суу.
Өз тулкусун жоготпой,
Бир тамчысын коротпой,
Кармап келген аккан суу.
Курмандыкка денесин,
Арнап келген аккан суу!

Аягы жок, колу жок,
Токтойм деген ою жок,
Жүрүп келген аккан суу.
Бара турган жерине,
Кире турган көрүнө,
Күлүп келген аккан суу.

Бир жагына көгөртүп,
Дарбыз кылган аккан суу.
Эч кимди шерик кылбастан,
Жалгыз кылган аккан суу.
Алабата, көк беде,
Жалбыз кылат аккан суу.
Аюу чачы, ак сокто,
Андыз кылат аккан суу!

Жүргөн жерин андатып,
Кыя кылат аккан суу.
Түлкү куурай, чытыры,
Мыя кылат аккан суу.

Тоого чыккан кемпир чач,
Дагы кылган аккан суу.
Жанузактай бир чөбүн,
Дары кылган аккан суу.
Сазык тана, шорону,
Сазык матар, согону,
Айтпасак болбойт ошону.

Тогуз төбө, тенге чөп,
Топчу куурай, ак кодол,
Төө куйрук, камгагын,
Төө таман, жер чайын.
Уу коргошун, сары куурай,
Улар пыяз, ак куурай,
Арпа менен ак буудай,
Жылтырканы, шыбагы,
Тегерек баш, уйтана,
Адырашман, ыкшары.

Чачыраткы, жөрмөгү,
Келиндердин өрмөгү.
Мендубана, ажырык,
Уйтана, көдөө, мийбеги,
Ушунун баарын айтпасак,
Уккандар калар таарынып.
Кара кыяк, шибери,
Кызгалдагы, эрмени,
Кызыл от чыккан береги,
Көөдөк менен чийбеги,
Көйкөлгөн көк шибери,
Кымыздык, ышкын, балтыркан,
Кийик оту, калдыркан,
Айтып бери жылдырсам,
Аны кылган аккан суу!..

Үстүңө кийип жүрүшкө,
Кийим кылат аккан суу.
Өз өнөрүн билбестен,
Кыйын кылат аккан суу.
Чайга салып ичишке,
Нават кылат аккан суу.
Барган жерин кулпунтуп,
Абад кылат аккан суу.

Айтып жана кеткендей:
Чөп жаратат аккан суу.
Төрт-түлүктү семиртип,
Эт жаратат аккан суу.
Алма, жүзүм, алмурут,
Алча кылат аккан суу.
Четин, шилби, карагай,
Арча кылат аккан суу.
Биз билбеген дүйнөдөн,
Канча кылат аккан суу,
Ай жаныбар, аккан суу!..

Жердин үстүн тепсеген,
Малга келген аккан суу.
Ай, Ааламда жашаган,
Жанга келген аккан суу.
Арык казып төтөлөп,
Алып кетсе жетелеп,
Кете берген аккан суу.
Бурган жерден токтобой,

Чарчаганга окшобой,
Жете келген аккан суу.

Ак жектенин жеңине,
Кир койбогон аккан суу.
Көңүлүңдү калтырып,
Бир койбогон аккан суу!

— Ай, аккан суу, аккан суу,
Ай, Ааламды баккан суу.
Сыр-Дайрадан чоң туруп,
Сыр аякка баткан суу.

Жандын баарын баккан суу,
Жазда кирип, ташкан суу.
Тартынбастан баскан суу,
Тар арыктан ашкан суу.
Жабыркатпай жай, кышы,
Жандын баарын баккан суу!..

Агыны катуу болгон суу,
Ар өзөнгө толгон суу.
Жаз келгенде кирген суу,
Жандын баары сүйгөн суу.
Эки өркөчү баладай,
Төө келген аккан суу.
Аюу, каман, илбирси,
Чөө келген аккан суу.
Биз көрбөгөн жин-пери,
Дөө келген аккан суу!
Бөкөн менен элиги,
Бугу, марал, кийиги,
Дагы келген аккан суу,
Бали, ыракмат аккан суу!..

Аккуу, өрдөк, чүрөгү,
Анда болгон түнөгү.
Безбелдек менен ак чардак,
Кара кашка кашкалдак.
Чөкө таан, бөктөргө,
Четинен айтам көп элге.
Кызыл тумшук чар карга,
Кетишпей конот ак жарга.
Булбул куштун акыны,
Торгой жээн жакыны.

Сары жаман, күйкөсү,
Салпылдаган бакылы.
Канаттуунун жаамысы,
Күн көрүшкөн баарысы,
Булар сенсиз жашабайт,
Бали, ыракмат, аккан суу!..

Кара шибер көк майдан,
Саздуу болот аккан суу.
Аккан жери дайыма,
Эңиш болот аккан суу.
Ай чапчыган толкуну,
Эч билбеген коркууну,
Деңиз болгон аккан суу!..

— А, жаныбар, аккан суу,
Деңизинде сойлогон,
Алышканын мойсогон,
Арыстан баштуу мурду шиш,
Канаты бар учканга,
Бул дүнүйө жалганды,
Кайраты бар жутканга.
Алтымыш кулач, беш баштуу,
Ажыдаарың дагы бар.
Жарык кылган түндөсү,
Кулагынын түбүндө,
Күйүп турган шамы бар.
Сырларың көп катылган,
Көк өгүздөй балыгың,
Көктү көздөй атылган.
Жаркыратып түн ичин,
Кайра суугa сайылган,
Балыктарың дагы бар!..
Тоодон аккан жеринен,
Жаралганда тегинен,
Тунук болгон аккан суу.
Тазалыгы жагынан,
Карап турсаң баарынан,
Улук болгон аккан суу.

Кемеринин ичине,
Алтын канат, жез куйрук,
Балык толгон аккан суу.
Керектиги Ааламга,
Анык болгон аккан суу!..

Алдына шайтан жуутпай,
Жууп турган аккан суу.
Ажал жетип өлгөнүн,
Ак кепиндеп, арyулап,
Жууп турган аккан суу!..

Арам менен адалды,
Ылгабайсың, аккан суу.
Бир адамдап жамандап,
Булгабайсың, аккан суу.

Жайы-кышы барабар,
Саан алган аккан суу.
Асмандан булут кубулуп,
Жаан алган аккан суу.

Алты айчылык жол кетсе,
Арасынан үзүлбөй,
Созуласың аккан суу.
Алтымыш бөлөк баш жагың,
Аягың келип бир жерден,
Кошуласың аккан суу!

Дыйкан-чарба адамды,
Бүт тындырып мудаанды,
Жабыркатпай баккан суу.
Кызматы менен кишиге,
Мына ушундай жаккан суу!..

Челек менен көтөрсө,
Түгөнөм деп шашпаган.
Тиктеп туруп байкасак,
Калыбынан жазбаган,
Кандай молсуң, аккан суу!

Тоо боорунан оргуштап,
Булак болгон аккан суу.
Катын менен балага,
Ынак болгон аккан суу.

Жоодураган ботогөз,
Моймолжуган ширин сөз,
Күмүш үндүү күн жүздүү,
Жан эриткен бал тилдүү,
Шыбырашып сүйлөшүп,

Бирин-бири жүр дешип,
Аста күлүп шыңк этип,
Алтындан иймек сөйкөсү,
Кулагында жылт этип.
Муну көргөн жигиттин,
Эт жүрөгү зырп этип,
Эки челек көтөрүп,
Күймөнсө атыр жыттанган,
Көркүнө киши суктанган.

Кыраңда гүлдөй бөлүнгөн,
Кирпиктери төгүлгөн,
Кош-коштоп чачы өрүлгөн,
Кундуз бөрк кийген башына,
Көлдөгү куудай көрүнгөн,
Кыздар келген, аккан суу!..

Ай тамагын кылайтып,
Ак көйнөгүн булайтып,
Ак элечек кайкайтып,
Ак маралдай маңкайып,
Аста басып жөнөсө,
Асмандан түшкөн жел кайып.
Күлкүсү күмүш үндөнгөн,
Сүйлөөдөн жигит сүрдөнгөн.
Ачылган кызыл гүлдөнгөн,
Абыдан кооз түрдөнгөн.
«Секетпай» деп ыр айтып,
Секин суута сыр айтып.
Жанаша басып кыналып,
Жадабай күндө суу алып.
Карыяны көргөндө,
Кадаа сактап уялып.
Өңүн суудан каранып,
Тотукуштай таранып,
Келиндер келген аккан суу!..

Булактын башын болжошуп,
Муңайып күтүп, жол тосуп.
Жашчылык менен каңгышып,
Жанынан булак аңдышып.
Чылбырдан атын кармашып,
Чын перидей сулууга,
Чын дилден сөзүн арнашып.

Чыңыртып күлүк минишип,
Чийбаркыт тандап кийишип,
Чымчылашып тийишип,
Далбас уруп жаштыкта,
(Алдастаткан адамды,
Арагы жок мастык да).
Бир көз салып калууга,
Ынактыгын билгизип,
Учуру келсе айтууга.
Жеңесин салып ортого,
Желдирип эрте кайтууга.
Жашчылык иштин айынан,
Башын да сайып тартууга.
Булактан көзү өтүшүп,
Жигиттер келген аккан суу!..

Белдемчисин байланып,
Балдарына айланып,
Бирин жонго көтөрүп,
Бирин алган ээрчитип.
Бирин жүргөн телчитип.
Секин басып чайпалып,
Отурганда «белим» деп,
Чоочуганда «эрим» деп,
Карылык мени жеди деп,
Жаңы келген жылдары,
Буралган келин кезим деп.
Кайдагыны козготкон,
Карылык сенин кезиң деп.
Кемпирлер келген аккан суу!..

Ак сакалын жайкалтып,
Аста сүйлөп, нарк айтып,
Жолдун ташын теришип,
Булак ондоп беришип,
Жигит чагын эстешип,
Өткөн экен убак деп,
Кеткен экен курак деп,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Өзгөрүлбөй турат деп,
Санжыра, кебин чуурутуп,
Чалдар келген аккан суу!..

Божурашып сүйлөшүп,
Бир күндө он беш суу кечип.

Суу боюна барышып,
Балтыркандан кесишип,
Суу мылтык жасап алышып,
Бирин-бири атышып,
Бир кумардан канышып,
Ит балдакты тебишип,
Мен кыйын деп жарышып,
Балдар келген аккан суу!..

Ай туяктан арнашып,
Ак боз бээ союшуп,
Ак кымызга тоюшуп.
Көпкө арча чыдайт деп,
Каржыгачка коюшуп.
Карагай кесип кынашып,
Карылар менен сынашып.
Чеңгек менен бекитип,
Чечилип сырга келишип.
Суу кечпей малы өтсүн деп,
Семирип тез кетсин деп.
Эл катташып оңсун деп,
Эбин таап жасаарга,
Эпчил уста болсун деп.
Эптеп салып көпүрө,
Элдер келген аккан суу!..

— А, жаныбар, аккан суу,
Таң кашкайып сүргөндө,
Булутту шамал түргөндө,
Катуулап суу киргенде,
Тараза жылдыз бөлүнүп,
Тоо, таштын баары көрүнүп.
Сүрүлүп жылдыз качканда,
Сары Чолпон жылдыз батканда,
Өзөндөн ак шамал жүрүп ыркырап,
Суудан, кара буу чыгып буркурап,
Асмандын, жылдызы качып дыркырап.
Токойдо гүлдөр гүлбурап,
Бутакта булбул ыр курап,
Шыбакта торгой чулдурап.
Жылгадан алты миң булак шылдырап,
Жарашкансың, аккан суу!..

Күн жайылып келгенде:
Күңгүрөнүп күч алып,

Күмүш комуз күү чалып.
Аркыраган күч алып,
Алтын комуз күү чалып.
Күн келбетин бетине,
Жаркыратып түшүрүп.
Чаңкап келген мал, жанга,
Тартынбастан ичирип.
Күмүштөй болуп жалтылдап,
Берекесин арттырып,
Ийип берген балкылдап!..
Бири консо, бири учуп,
Бири кетсе, бири келип.
Эки жагын карашып,
Канаттарын тарашып.
Мукам-мукам сайрашып,
Бутагында жарашып.
Уядагы күтүшкөн,
Балапанга суу берип.
Кужурашып отуруп,
Коркунуч болсо дуу кетип,
Куштар келген аккан суу!..

Куйрук жалы бир карыш,
Кулан келген аккан суу.
Аягы жок, колу жок,
Жылан келген аккан суу!
Чымын менен чиркейи,
Буда келген аккан суу.
Бөгөнөгү, бүргөсү,
Жуда келген аккан суу.
Ийнелиги, көгөөнү,
Ал да келген аккан суу.
Жөргөмүшү, сайгагы,
Бул да келген аккан суу.
Сары тампыз, саратан,
Санап айтып баратам,
Буда келген аккан суу.
Кумурскадан пилге че,
Жуда келген аккан суу!
А жаныбар, аккан суу,

Түш мезгили маалында,
Күкүктөнүп күүлөнгөн,
Күкүк болуп сүйлөнгөн.
Шамал чыгып өзүнөн,
Шапатасы жыргаткан.

Шайырланып шар агып,
Шаңшыттырып ырдаткан.
Жандап барган мал ичип,
Суусап барган жан ичип,
Боору менен сойлогон,
Буту менен басканда,
Асман менен учкан да,
Баары өзүңө келишкен,
Асилденсиң, аккан суу!..

Бешим убак болгондо,
Бир аз калган тартылып,
Тандырбаган адамды,
Тамашасы артылып.
Башбалдак атса өрдөгү,
Байкалат балык көлдөгү.
Койкоюп сүзсө каздары,
Калбай ээрчип балдары.

Ылаачын, көк куш келе албай,
Ыкыс берип тебе албай,
Ичинде калат арманы,
А жаныбар, аккан суу,
Көпкө тийген жардамы!..
Кечке маал болгондо;
Керимсел жүрүп ойногон.
Кара суучул, чулдук куш,
Кыялай учуп тойлогон.
Кыбыланын кызыл шамалы,
Кыдырып дүйнө жойлогон.
Кылкылдап күн батарда,
Кыялды жайга койбогон.
Күндүн нурун сүртүнүп,
Күлүңдөп көркүн жойбогон.
Караган менен канчалык,
Көркүнө көзүң тойбогон!..

Түн ичинде карасаң:
Өзөндүн ичи шуулдап,
Көктүн жайнап жылдызы,
Өз өңүн карап жымындап.
Көк жылдызын батырып,
Табактай Айды калкытып,
Аттай ак боор балыгын,
Асманды көздөй атылтып.

Күкүмдөлгөн тамчысын,
Күргүштөп жээкке чачылтып.
Чарадагы кымыздай,
Чачыратып сапыртып,
Кереметиң бир сонун,
Көргөндүн оозун ачылтып!..

Агыласың жулунуп,
Алда кайдан сайраган,
Күкүк менен Зейнептин,
Сайраганы угулуп.
Жалбыздын жыты буркурап,
Көңүлүңдү сергитип.
Ырдагыңды келтирет,
Ылаачындай эргитип!

Жаз келгенде токтобой,
Өрдөн чыккан аккан суу.
Кайык сүзүп өтө албас,
Кара тоонун боорунан,
Көлдөн чыккан аккан суу!

Жер үстүндө мелмилдеп,
Дарыя болгон аккан суу.
Жеңижок төккөн ыр менен,
Жарыя болгон аккан суу.

Желип өткөн жерине,
Жемиш өсүп, бак болгон.
Келип кеткен жерине,
Шаар орноп эл толгон.
Пейли кенен, тар эмес,
Бир калыпта бузулбай,
Агып жаткан аккан суу.
Дүнүйөнүн баарына,
Балдан таттуу шипширин,
Жагып жаткан аккан суу!..

— А жаныбар, аккан суу,
Ылдыйды карап жүргөн суу,
Ылайланып кирген суу.
Эңишти карап жүргөн суу,
Эрки менен кирген суу.
Шамалдай үнүң шуулдап,
Тирилигин өтөгөн,

Топ парёндё чуулдап.
Жээгинде сайраган,
Күкүк менен булбул бар.
Көлүндө киши көрбөгөн,
Кара Кашка дулдул бар.
Жүнү сеңсел, ак куйрук,
Кундузу бар аккан суу.
Көзгө жылуу көрүнгөн,
Жылдызы бар аккан суу.
Жүнү түркүн кубулган,
Суусары бар аккан суу.
Дүйнөдө түркүн сонунду,
Мына ушинтип баккан суу.
Кимге болсо баарыбир,
Мумуядай жаккан суу!..

Суусуз чөлдө жашап көр,
Өтөр суунун азабы.
Айта берсем түгөнбөйт,
Аккан суунун казалы.

Керүүдөн кыян кошулуп,
Сел болосуң аккан суу.
Этек жагың буулса,
Көл болосуң аккан суу.
Чөлдүү жерге барганда,
Алтын менен күмүшкө,
Тең болосуң аккан суу!..

Кыртыш байлап бетине,
Жүн чыкпаган аккан суу.
Айбанатпы, адамбы,
Башын салса: «Тур, кет!» деп,
Унчукпаган аккан суу!
Ирик менен чирикти,
Таза кылган аккан суу.
Эл жайлоого конгондо,
Эртерээк ичсем дедиртип,
Эки агайин кишини,
Ача кылган аккан суу.

Жүргөн жерин гүлдөтүп,
Жумуш кылган аккан суу.
Нөөбөтү мага келбейт деп,
Коңшу отурган адамды,
Уруштурган аккан суу.

Жаздын айы келгенде:
Байчечекей башбагып,
Булак ийип таш жарып.
Тоо башынан мөңгү эрип,
Токсон миң булак бир келип,
Асмандан булут бүркөлүп,
Жамгырын төксө — ал көрүп!

Жекендин башы желпилдеп,
Камыштын башы калкылдап.
Ааламга булут оролуп,
Айдын башы тоголуп.
Чагылганы чартылдап,
Ай караңгы түнүндө,
Күндүзгүдөй жаркылдап.
Жердин жүзүн термелтип,
Каарданып киргенде,
Каптап сел ылдый сүргөндө,
Капчыгайга толгондо,
Жандап барган мал жанды,
Ажыдаардай жалмап соргондо.
Алачыктай таш агып,
Аюу жолборс, сүлөөсүн,
Алдынан чыкса баары агып.
Байлап койгон сал агып,
Байкабаган жан агып.
Көпүрөлөр дагы агып,
Кечип кирген мал агып!
Бузуп өткөн кыяны,
Бул — аккан суунун зыяны!..

Ташка тийген жеринен,
Таамай жалын, от жанып.
Жарга тийген жеринен,
Жолум үйдөй из калып!
Ортосунан карасаң,
Оргуган кара кан агып!
Түптүү терек токтобой,
Бир куурайга окшобой.
Карагайы, арчасы,
Карайган токой канчасы,
Бир токтошко жарабай,
Агып барат даң салып.
Ташка тийсе чачырап,
Таамай жанды качырат.

Күкүктөнүп, сүйлөнүп,
Күчү ташып, жинденип.
Тамдай болгон таштары,
Тоголонгон калдырап.
Аны көргөн пенденин,
Акылы калат дабдырап.
Аскага тийсе жанчылып,
Айбатынан жан чыгып.
Кирип барат аккан суу!..
Буда аккан суунун зыяны!..

А, жаныбар, аккан суу,
Жаз келгенде күрпүлдөп,
Ээ жаа бербей ташкан суу.
Тоодон чөлгө жеткенче,
Далай жолду баскан суу.
Жан-жаныбар күйөнү,
Жаамы ушул дүйнөнү,
Жаркыратып баккан суу!

Жиктеп журтка бөлбөгөн,
Жанында адам болбосо,
Жакын көрүп чөлдөгөн.
Арык кайрып байласа,
Пайдасы бар аккан суу.
Жашап турса түгөнбөс,
Жайрасы бар аккан суу.
Жандуу менен жансызга,
Өмүр отун күйгүзгөн,
Айласы бар аккан суу!

Ташкыны бийик дүйнөнүн,
Таалайындай жаралган.
Түрдүү чөпкө, мивага,
Каны болуп таралган,
Тегеренип жанынан,
Карып мискин кетпеген,
Кандай молсуң, аккан суу,
Жердин үстүн тепсеген!..

А, жаныбар, аккан, суу,
Аккан суунун белгиси:
Камчыланбай тез кеткен,
Мудаасына бат жеткен.
Жийиркенбей ичине,

Кырк аяктуу курт күткөн,
Камыш чыгып көлүнө,
Кара бээ оттогон.
Балырынын ичине,
Бака чардап токтогон.
Келишкенсиң аккан суу!..
Көрүп адам жыргаган,
Бейиштенсиң аккан суу.
Арам, адал дебеген,
Асылдансың аккан суу.
Өз башыңдан күнөөнү,
Арыткансың аккан суу.
Кимге болсо «макул» деп,
Баш ургансың аккан суу.
Туш тарапка бет алып,
Агып өттүң аккан суу.
Адашпастан өз жолуң,
Табып өттүң аккан суу.

Кыялданып кыйшайып,
Шоокумданып, үн салып,
Желип өттүң аккан суу.
Аласасын адамга,
Берип өттүң аккан суу.
Кышын-жайын барабар,
Коргошундай көлтүлдөп,
Тунук болуп мөлтүлдөп,
Эрип өттүң аккан суу.
Келин менен кыздарга,
Керектүүн алгын деп,
Челегине толтуруп,
Берип өттүң аккан суу!

Өмүр шерик адамга,
Болуп өттүң аккан суу.
Бул дүнүйө жарыктан,
Толуп өттүң аккан суу.
Кара жерге жымылдап,
Кирип өттүң аккан суу.

Бара турган жериңди,
Билип өттүң аккан суу.
Киши баргыз чуңкурга,
Кирип өттүң аккан суу.
Касиеттүү аккан суу,

Күз мезгилде карасаң:
Калыбынан тартылган,
Кубатынан айрылган.
Мөңгүсү аздап эриген,
Булагы ийбей кемиген.
Каркылдап учкан каз кеткен,
Куркулдап жүргөн куу кеткен.
Өрдөк, чүрөк калбастан,
Жылуу жакка дуу кеткен.
Жинин каккан бакшыдай,
Жарым болуп суу кеткен.
Эртең менен кечинде,
Буркурап чыккан буу кеткен.
Кыш чилдеде карасаң,
Көрүнүшүн байкасаң,
Көк муз карга оронуп,
Көңүлдүү ыры жоголуп,
Туңгуюкта чулдурап,
Агып жатыр булдурап.
Алкынган алы жок болуп,
Араңжандай токтолуп,
А бирок моюн бербестен,
Аяз суукка көнбөстөн,
Агып жатат аккан суу!..

А жаныбар, аккан суу,
Күнү-түнү аксаң да,
Кызмат этип жатсаң да,
Кадырыңды билбейбиз.
Көңүлүңдү кир кылып,
Кайра өзүңдү тилдейбиз.
Жок дегенде бир жылда,
Зыярат кылып жүрбөйбүз.
Суу сыйлаган зор болор,
Суу кордогон кор болор,
Өзүнө өзү жоо болор.
Акыл менен ойлоп ал,
Айткан жокмун тим гана!..
А, жаныбар, аккан суу,
Жок дегенде бир күнгө,
Келбей койсоң таарынып,
Кесирленип жүргөндөр,
Чуркайт эле ак уруп!
Барктабастан жүргөндөр,
Айчылык жерде болсоң да,

Бир ууртап сени алганга,
Жетет эле жалынып.
Колунда болгон дүйнөсүн,
Берет эле жабылып!..

Бирок сен андай эмессиң,
Чалкып жаткан кененсиң.
Керектеген жандуунун,
Кызматына беленсиң.
Байыртадан бер жакка,
Керектелип келгенсиң,
Бали, ыракмат, аккан суу!
Толкуп, ташып ага бер.
Тегеренип Жер жүзүн,
Турмуш отун жага бер!..
Мөңгү болуп ашууда,
Үнөмдөлгөн аккан суу.
Жети күн, бир түн айтсам да,
Түгөнбөгөн аккан суу.
Аккан, аккан, аккан суу,
Аманат жанга жаккан суу!..

## АККАН СУУ

*(Экинчи түрү)*

Кара тоонун боорунан,
Кайнап чыккан аккан суу.
Жер өстөнү мелмилдеп,
Жайнап чыккан аккан суу.
Кара таштын боорунан
Жарып чыккан аккан суу,
Жер үстүнөн күнөөдөн
Арып чыккан аккан суу.
Кара таштан жаркырап,
Түшүп жаткан аккан суу,
Жан-жаныбар шимирип,
Ичип жаткан аккан суу.
Кара жердин астынан,
Жылып жаткан аккан суу.
Жаамы күнөө кылганды,
Билип жаткан аккан суу.
Ак кыянын боорунан,
Канаат алган аккан суу.

Карып, мискин* бечара
Даарат алган аккан суу.
Он сегиз миң ааламды,
Багып чыккан аккан суу.
Тарбия күтүп таалайга,
Барып чыккан аккан суу.
Ылай, чопо киринен
Арып чыккан аккан суу.
Алтын куйрук жез канат
Балык чыккан аккан суу,
Ай тийгенде шооладай
Жарык чыккан аккан суу.
Алып кетсе жетелеп,
Кете берген аккан суу.
Бөлгөн жерге токтолбой
Жете берген аккан суу.
Дыйкан, чарба адамды,
Жабыркатпай аккан суу.
Чөлдөп келген адамды,
Суусун берип баккан суу.
Кызматы менен кишиге,
Мына ушундай жаккан суу.
Челек менен көтөрсө,
Түгөнөм деп шашпаган,
Тиктеп туруп байкасам,
Калыбынан жазбаган,
Канаты бар аккан суу.
Даарат алып бет жууса
Таза кылган аккан суу.
Дүнүйөнүн баарына
Кереги бар аккан суу.
Жүнүн сеңсел ак куйрук,
Кундузу бар аккан суу.
Киргенде адам кече албас.
Сүрү кыйын аккан суу.
Ташка тийсе оорубас,
Жаны кыйын аккан суу
Жан-жаныбар киени[1]
Жаркыратып баккан суу.
Карайгандын баарысын,
Кашат кылган аккан суу.
Аккан суунун баарысы,
Башат болгон аккан суу,
Түбү жумшак, үстү бек,
Саздан чыккан аккан суу,

Тиктеген менен көз жетпес,
Таштан чыккан аккан суу.
Эңкейиштен оргуштап,
Булак болот аккан суу.
Катын менен балага,
Ынак болот аккан суу.
Арам менен адалды,
Ылгабайсың аккан суу.
Бир адамды жамандап,
Булгабайсың аккан суу.
Чыккан дарак баарысы
Даам алган аккан суу.
Бей-бечара карыптар,
Жайы-кышы барабар,
Саан алган аккан суу.
Асмандан булут кубулуп,
Жаан алган аккан суу.
Кез келгенде токтолбой,
Жерден чыккан аккан суу.
Кайык жүрүп өтө албас,
Кара тоонун боорунда,
Көлдөн чыккан аккан суу,
Акканын адам билбеген,
Карaанын көрүп зилдеген
Жер үстүнө мелмилдеп,
Дария болгон аккан суу.
Өтүп кеткен жериңе,
Дарак тигип бак болгон,
Шаар орноп эл толгон.
Жууса кирин кетирген,
Түгөнбөй түшүп жол салган,
Кечип кетсең ылайылап,
Так билбеген аккан суу.
Бейли кенен, тар эмес
Бир калыпта бурулбай
Агып жатат аккан суу.
Дүнүйөнүн баарына,
Балдан таттуу шипширин
Жагып жаткан аккан суу.
Жазга маал өркөчтөп
Күүлдөгөн аккан суу.
Ак куу, өрдөк каз конуп
Чуулдаган аккан суу.
Жан жаныбар суу ичип
Тарап турган аккан суу.

Керегине дүйнөнүн
Жарап турган аккан суу.
Улутка журтту бөлбөгөн,
Көрбөсө адам чөлдөгөн,
Арык кайрып байласа,
Шooласа абдан көлдөгөн,
Пайдасы бар аккан суу.
Өмүрүндө түгөнбөс,
Дайрасы бар аккан суу.
Сөөк ысып ooруса,
Чалгандайсың аккан суу.
Чөлдөп келген адамга.
Алтындайсың аккан суу.
Шамалдай үнүң шуулдап,
Шаңшыган кундуз чуулдап,
Жээгинде сайраган,
Күкүк, булбул дагы бар
Көлүндө киши көрбөгөн,
Кара кашка дулдул бар,
Жетпеген адам кылат зар
Мына мындай аккан суу.
Кимге болсо барабар,
Маңгиликке жаткан суу,
Айта берсем түгөнбөйт,
Аккан суунун казалы.
Ташкыны бийик дүйнөдөн,
Далай жанды арыткан,
Өзү кылган күнөөдөн
Тегеренип жанынан,
Карып, мискин кетпеген,
Бу жаныбар аккан суу.
Өзөндүү булак сайдасың,
Алыста жүрүп чөлдөсө,
Жетүүгө таппай айласын,
Кыбыраган бүткүл жан,
Суунун көргөн пайдасын.
Аккан суунун белгиси,
Камчылабай тез кеткен,
Мудаасына бат жеткен.
Жийиркенбей ичине,
Кырк аяктуу курт күткөн.
Камыш чыгып көлүнө,
Кара бээ токтогон,
Балырынын ичине
Бака чардап жайкалган,

Келишкенсиң аккан суу.
Көрүп адам жыргаган,
Бейиштенсиң аккан суу.
Арам адал дебеген,
Асылдансың аккан суу.
Өз башыңан күнөөнү
Арыткансың аккан суу.
Кимге болсо макул деп,
Баш ургансың аккан суу.
Бирдей болдуң баарыга
Агып барып токтодуң,
Океандын шарына,
Узун өмүр шай болуп,
Агып өттүң аккан суу.
Он сегиз миң ааламды,
Багып өттүң аккан суу.
Кыялданып кыйшайып,
Желип өттүң аккан суу.
Аласасын адамга,
Берип өттүң аккан суу.
Дүнүйөнүн бүт жүзүн,
Көрүп өттүң аккан суу.
Кышын-жайын барабар,
Коргошунча көйкөлүп,
Эрип өттүң аккан суу.
Келин менен кыздарга,
Керектүүң алгын деп,
Челегине толтуруп,
Берип өттүң аккан суу.
Бул дүнүйө жарыкта,
Толуп өттүң аккан суу.

## АККАН СУУ

*(Үчүнчү түрү)*

А, жаныбар, аккан суу,
Адамдын баарын баккан суу.
Дайра болуп ташкан суу,
Тар арыктан ашкан суу.
Агын дайра болгон суу.
Ар өзөнгө толгон суу.
Сурап, сурап отурса,
Кайда болот аккан суу?

Ылайыктуу кең өзөн,
Жайда болот аккан суу.
Аяк-башы туюк жар,
Сайда болот аккан суу.
Тескейи бийик, терең сай,
Коодо болот аккан суу.
Тегирменге байласаң,
Ноода болот аккан суу.
Ашса кетет талаага,
Аябай тиет парага,
Кара шибер, көк майдан
Саздуу болот аккан суу.
Кайрысаң келет арыкка,
Баштуу болот аккан суу.
Кемеринин баарысы,
Балык болот аккан суу.
Керектиги адамга
Анык болгон аккан суу.
Кетмен чаап байласа,
Арык толгон аккан суу.
Алты айчылык жолго аксаң,
Арасынан үзүлбөй,
Созуласың аккан суу.
Аягың келип бир жерден
Кошуласың аккан суу.
Ылдый карап жүргөн суу.
Ылайланып кирген суу.
Эңишти көздөй жүргөн суу,
Эрки менен кирген суу.
Ыйманы бар адамды,
Даргөйүндө билген суу.
Колуң менен бутуңа,
Даарат болгон аккан суу.
Кожо менен молдого,
Шаарат болгон аккан суу.
Кыртыш байлап бетине,
Жүн чыкпаган аккан суу.
Мусулмандыр, капырдыр,
Башын салса тур кетдеп,
Үн чыкпаган аккан суу.
Кара жерди жууруп,
Камыр кылган аккан суу.
Кас санаган душманды,
Каттама кылып нан берсе,
Тамыр кылган аккан суу.

Акпай турсаң бир жерде,
Чөл болосуң аккан суу.
Айлана тунук көк ирим,
Көл болосуң аккан суу.
Жайык жерге келгенде,
Алтын менен күмүшкө
Тең болосуң аккан суу.
Кериден кыян кошулса,
Ташыбайсың аккан суу.
Жалаң куйса идишке
Сасыбайсың аккан суу.
Эл жайлоого конгондо
Эгин маалы болгондо,
Эртерээк ичсем экен деп,
Эки агайын кишини
Ачы[1] кылган аккан суу.
Ирик менен чирикти
Таза кылган аккан суу.
Арамдын баарын тазалап,
Маза кылган аккан суу.
Арам менен адалды,
Бир койбогон аккан суу.
Ак көйнөктүн жеңине,
Кир койбогон аккан суу.
Күнү-түнү жылган суу.
Жуунбаган адамды
Жуунса, таза кылган суу.
Алдына шайтан жуутпай,
Куул турат аккан суу.
Ажалы жеткен адамды,
Ак кепиндеп, аруулап,
Жууп турат аккан суу.

## АЙТ, АЙТ ДЕСЕ

Айт, айт десе токтолбой,
Ашуудан шамал соккондой,
Аксы менен Таласты айт.
Көкчө менен Манасты айт,
Күн жүгүрүк канатты айт,
Күйгөн элде санатты айт.

Өтө кызыл манатты айт,
Өткөн элде санатты айт.

Ат үстүндө китепти айт,
Муну окуган молдону айт,
Кууганды айтпай, жыкканды айт.
Болуп өткөн тарыхты айт,
Жалганды айтпай аныкты айт.

Акындардын ырын айт,
Акылмандын сырын айт.
Кедейлердин муңун айт,
Балбандардын күчүн айт.
Арыстандын сүрүн айт,
Булбул торгой үнүн айт,
Чөбүн айтпай гүлүн айт,
Туулуп өскөн жериңди айт,
Куттуу кыргыз элиңди айт.

Тоскоолдун көлүн айт,
Суусамырдын төрүн айт,
Атан төөдөй эрди айт,
Аргымак тууган бээни айт.
Жүк көтөргөн төөнү айт.
Конодон чыккан күлүктү айт,
Карышкыр алган бүркүттү айт.
Алганды айтпай, бергенди айт,
Душманды жеңип келгенди айт.
Бурма темир, сом темир,
Бурбай соккон устаны айт.
Буркурап жааган булутту айт.
Кырга капкан салганды айт,
Кызыл түлкү алганды айт.
Жонго капкан салганды айт,
Жолборс атып алганды айт.
Көз мелжиген бийикти айт,
Анда жүргөн кийикти айт.
Керилип кетмен чапканды айт,
Адал дүйнө тапканды айт.
Таттуу болгон өмүрдү айт,
Өзгөрүлгөн көңүлдү айт.
Мергенчинин көзүн айт,
Карыянын сөзүн айт.
Күмүштү айтпай, алтынды айт.
Азамат тууган катынды айт.
Ашкебини[1] сөгүп айт,
Акын болсоң төгүп айт.
Ак караны ылгап айт,

Жүрөк менен жыргап айт.
Эмгекчини мактап айт,
Жатып ичер бузукту
Какшык сөзгө кактап айт.
Адилетти коргоп айт,
Арамзаны кордоп айт.
Ак болоттун бөркүн айт,
Ала-Тоонун көркүн айт.
Ач албарстын курчун айт,
Ата-бабаң журтун айт.

## ЖАЛГЫЗ ТАЛ

Жеңижокту 1875-жылы, 15 жаш кезегинде, ала болуп кеттиң, элге жолобо — деп, Ташкара бий Аксыга кубалаган. Ошондо качып бара жатып, Бакайыр деген жерде жалгыз талды көрүп, элин-жерин кыялбай жалгыз талды кошуп ырдаган:

Бакайырда жалгыз тал,
Баласы жок байкуш тал.
Жол боюнда жалгыз тал,
Жолдошу жок байкуш тал.

Кайрылып келип конгондой,
Каргага түнөк болгондой.
Канаты жок жалгыз тал,
Кайгысы көп байкуш тал.

Бурулуп келип конгондой,
Булбулга түнөк болгондой.
Бутагы жок жалгыз тал,
Муңдуу болгон байкуш тал.

Сен бу жерде жок элең,
Жериң кана жалгыз тал?
Аймактуу чогуу жамагат
Элиң гана жалгыз тал?

Көрүнбөйсүң ыраактан
Караң кана жалгыз тал?
Тегеренип ойногон
Балаң кана жалгыз тал?

Ичке тартып кетипсиң,
Денең кана жалгыз тал?
Көтөрүп жүрүп чоңойткон
Энең кана жалгыз тал?

Ала бакан болгондой,
Ачаң гана жалгыз тал?
Аркалап жүрүп чоңойткон
Атаң гана жалгыз тал?

Өзүң жалгыз турусуң,
Бириң гана жалгыз тал?
Өзүң менен бир тууган
Иниң кана жалгыз тал?

Карайган талдын бирисиң,
Калың топтон ажырап,
Кандай жалгыз жүрүсүң?

Эки талдын бирисиң,
Эл-журтуңан ажырап,
Эмине жалгыз жүрүсүң?

### *ЖЕҢИЖОККО ЖАЛГЫЗ ТАЛДЫН АЙТКАН ЖООБУ:*

Беш-алты ооз сөз кылып,
Аңгеме кылып курадың
Аңырып турган жалгыздын
Ал-абалын сурадың.

Тең тушуңа ээ кылып,
Терип-тепчип курадың.
Телмирип турган жалгыздын
Теги-жайын сурадың.

Кара жердин боорунда
Калганың бар шөкүлдү.
Кайгырасың жалгызга,
Арманың бар шөкүлдү.

Кызыл күнгөй кыштовуң,
Туштаның бар шөкүлдү.
Кызыл өңүң кер сары,
Бушманың бар шөкүлдү.

Башка чаап жаралап,
Пас болгонум ан үчүн
Тизилип чыккан бурагым,
Түндүкчү келип кести эле,
Түгөнөмүн ал үчүн.

Ача чыккан бутагым
Ала бакан калам деп,
Ашканага курам деп,
Ар ким келип кести эле
Ал себептен түгөндүм.

Менин ушул турганым,
Бендеге болсун убалым.
Аңырып жалгыз турганым,
Адамга болсун убалым.

ЖЕҢИЖОК:

Талда болсоң далайдан,
Тегин эмес экенсиң.
Бериштелүү адамдан
Бегине эмес экенсиң.

Төрт түлүктүү малымды,
Толгосуз билдиң алымды.
Ак таноо тору тайымды,
Айттырбай билдиң жайымды.

## БАЛАМ ЖОК

Ак сайдан аккан дарыя,
Арманым айтам жарыя.
Көк сайдан аккан дарыя,
Күйүтүм айтам жарыя.
Аргымак оозун бурайын,
Ай, айланып жыл келет,
Айтпай бир кантип турайын.

Кулуктүн оозун бурайын,
Күн айланып жыл келет,
Күйбөй бир кантип турайын.
Күмүшүн ырдын терейин,
Күйүтүм айтып берейин.

Алтынын ырдын терейин,
Арманым айтып берейин:

Сарыны кийдим тогунан,
Саргайдым бала жогунан.
Караны кийдим тогунан,
Кайгырдым бала жогунан.
Кымыздык терген кең колот,
Кырына барып эл конот.
Кымбатым, элим, келипсиң,
Кыйытып айтсам, не болот?!..

Балдыркан чыккан чоң колот,
Башына барып эл конот.
Башымда турган арманды,
Байкатып айтсам, не болот?!.

Алтынды жезге өткөрбөйт,
Айтпасам дартым бөксөрбөйт.
Күмүштү жезге өткөрбөйт,
Күйбөсөм дартым бөксөрбөйт.

Алтындын жайы гүлбакта,
Алган жарым Көксулуу,
Айтып турам бул чакта.,
Арманга батпа бул тапта!

Күмүштүн жайы гүлбакта,
Кошулган, жарым, Көксулуу,
Какшанып турам бул чакта,
Эми күйүткө түшпө бул тапта!..

Кошулган, жарым, Көксулуу,
Килемди согуп түр кылдың,
Кирген үйүң гүл кылдың.
Кажары согуп түр кылдың,
Кармаган үйүң гүл кылдың.

Сандык жыйдың жүгүңө,
Сарамжал кирди үйүңө.
Беш кеште жыйдың жүгүңө,
Береке кирди үйүңө.
Чырмап чийиң каладың,
Чырайлап үйүң кармадың.

Оролтуп чийиң каладың,
Окшотуп үйүң кармадың.
Алдын сылап жүк жыйдың,
Аркасын карап үй тиктиң.
Керегесин кынадың,
Керүүдөн туруп сынадың.
Кайтар куштан үлгү алдың,
Кайчылабай тон бычтың.
Учар куштан үлгү алдың,
Үлгүлөбөй тон бычтың.
Шакегиндин жүлгүсү,
Шаарга кетти үлгүсү.
Оймогундун жүлгүсү,
Ойротко кетти үлгүсү.

Казы элечек, кара көз,
Калкымдан чыккан бото көз.
Торко элечек, торгой көз,
Тобумдан чыккан бото көз.

Оймогуңа гүл тактың,
Он жубанга сын тактың.
Шакегиңе гүл тактың,
Сан жубанга сын тактың.
Аксыдан чыккан сулуубум,
Арманым айтып турумун:

— Тескейге каккан куу казык,
Текенин эти жол азык.
Теңтушумдан кем болдум,
Теңирим менде не жазык?..

Күнгөйгө каккан куу казык,
Кулжанын эти жол азык.
Курдашымдан кем болдум,
Кудайым, менде не жазык?..

Беш колумда муунум жок,
Бел кыла турган уулум жок.
Оң колумда муунум жок,
О дүйнө көздөй жол тартсам,
Ордумду басар уулум жок!!!

Түндүктүү дүкөн үйүмө,
Түркүк болор уулум жок.
Капшыттуу дүкөн үйүмө,
Карманып оокат кыларга,
Кадырлап баккан уулум жок!..

Эрте турсам шамал жок,
Эсимде турат амал жок.
Саар турсам шамал жок,
Санаамда турат амал жок.

Өзөндүү булак, Кара-Суу,
Өрөөнүң толсо калаа жок.
Өз журтумду ээлерге,
Өзүмдөн бүткөн бала жок!

Кайыңдуу булак, Кара-Суу,
Каптаса толгон калаа жок.
Кадимки журтум ээлерге,
Кадырлап баккан бала жок.

Аргымак жалы кайрылса,
Тармал эмей, эмине?
Өзүңдөн бала болбосо,
Арман эмей, эмине?
Тобурчак жалы кайрылса,
Тармал эмей, эмине?
Тутунар балаң болбосо,
Арман эмей, эмине?..

Кайрылышта мүрзөмдү,
Кайрылып барып ким көрөт,
Кайгырып жашын ким төгөт?

Бурулушта мүрзөмдү,
Бурулуп барып ким көрөт?
Буркурап жашын ким төгөт?..

Эгерде уулум болгондо:
Каттаганда кан жолум,
Кармаганда оң колум.
Сүйлөгөндө — таңдайым,
Сүйүнгөндө — маңдайым!
Ак шумкар кушун чуктамак,
Ак чатыр кирип уктамак.

Көк шумкар кушун чуктамак,
Көк чатыр кирип уктамак.

Жанына бычак бүлөмөк,
Жайында кушу түлөмөк.
Кынына бычак бүлөмөк,
Кышында кушу түлөмөк.
Аргымак минип ойнотмок,
Адырга тайган жойлотмок.
Ак дарыя бойломок,
Ак шумкар салып ойномок.
Көк дарыя бойломок,
Көк шумкар салып ойномок!..

Көл жакалай куш салса,
Көк ала моюн каз алмак.
Сайды бойлоп куш салса,
Сарала моюн каз алмак.
Суксурга кушун ыргытмак,
Сур жорго минип жылжытмак.
Кекиликке кушун ыргытмак,
Кер кашка минип жылжытмак.

Аргымак минип жетектеп,
Алтынды кумдай этектеп.
Күлүктү коштоп, жетектеп,
Күмүштү кумдай этектеп.
Секиртип күлүк мингизип,
Сүлөөсүн ичик кийгизип.
Сымбатын журтка билгизип.
Булкунтуп буудан мингизип,
Букары тонун кийгизип.
Аргымак берип дуулатып,
Адырдан коён уулатып.
Тобурчак берип жыргатып,
Токойдон коён уулатып.
Сар кашка атка мингизип,
Саймалуу калпак кийгизип.
Карагер атка мингизип,
Кайырма калпак кийгизип.
Чыгарбайт белем, жыйынга,
Мен курган жыт кылбайт белем мурунга!..

Сайратсам элдин кашында,
Санаам жок эле башында.

Кулпунтсам калктын кашында,
Кубаныч болмок башымда.
Өзүм бир келсем кырк бешке,
Балам келсе он бешке.
Балам кылса базарды,
Тартпайт элем азарды.
Балам кылса сооданы,
Билбейт элем кooганы.
Аттиң бир гана дүйнө арман күн!..

Ак куурайда муун жок,
Аркамда калган уул жок!
Көк куурайда муун жок,
Көтөрүп баккан уул жок!

Сүт куйган чарам толгон жок,
Сүйөргө балам болгон жок.
Аш куйган чарам толгон жок,
Аларга балам болгон жок.

Алтындан кемер байланып,
Айчылык келсем айланып.
Айчылык жолдон келгенде,
«Аталап» чыгар балам жок,
Арманды ичтен чыгарып!

Күмүштөн кемер байланып,
Күнчүлүк кетсем айланып,
Күнчүлүк жолдон келгенде,
Күлүп чыгар балам жок,
Күйүттү ичтен чыгарып!

Ак шумкар учат кыр менен,
Ак сарай бүтөт сыр менен.
Артымда калар уулум жок,
Армандуу болдум муң менен.

Көк шумкар учат кыр менен,
Көк сарай бүтөт сыр менен.
Көтөрүп баккан балам жок,
Көңүлүм өспөйт муң менен!

Алтыным барбы, бүчүмдө,
Ардактап уул сүйбөстөн,
Арманым кетти ичимде!

Күмүшүм барбы, бүчүмдө?
Көтөрүп бала көрбөстөн,
Күйүтүм кетти ичимде!..
Ай төбөдөн жаңырат,
Арманым качан арылат?
Күн төбөдөн жаңырат,
Күйүтүм качан арылат?
Ай төбөдөн түш болду,
Арманым кыйын күч болду!
Күн төбөдөн түш болду,
Күйүтүм жаман күч болду!..

Ай тегерек сабы жок,
Акынындын табы жок.
Күн тегерек сабы жок,
Күкүгүндүн табы жок.
Аралга бүткөн тал белем.
Аманат болгон жан белем.
Капталга бүткөн тал белем,

Капыстан болгон жан белем.
Алтынды жезге бургандай,
Арманым айтып отурсам,
Алдыма келип тургандай.
Күмүштү жезге бургандай,
Күйүтүм айтып отурсам,
Күлүп бир келип тургандай.

Таштак бир жерде жүрбөдүм,
Тайтайлап бала сүйбөдүм.
Кумдак бир жерде жүрбөдүм,
Кучактап бала сүйбөдүм.

Көк-Башат менен Бел-Башат,
Көркөмү жанды каратат.
Көтөрүп бала көрбөстөн,
Көп өмүр өтүп баратат!

Айтылбаган ыр калды,
Ачылбаган сыр калды.
Бек байлаган бел калды,
Медер бир кылган эл калды.
Үзөңгү тепкен бут калды,
Үмүт бир кылган журт калды!..

## НАСЫЯТ

Арча менен карагай,
Асман мелжийт Чаначта.
Арпа менен ак буудай,
Бүткөн жери Таласта.

Айдың көл бети тунукта,
Адамдын башын кайсаган,
Ашык өлүм улукта.
Айтарга тил жок дудукта.

Капталына жүк артпай,
Карaңгыда жол тартпай,
Каруусуз болот бечелде.
Кандай арга кылам деп,
Убайым болот кеселде.
Байкап турсаң калет жок
Жеңижок айткан казалда.
Алып-сатып бакылдап,
Соодасы болот базарда.
Ажал жетип күн бүтсө,
Улуу-кичүү жыйылып,
Уктап жатат мазарда.

Караңгыда чакырган,
Калмакча сүйлөп бакырган,
Кара жин болот бакшыда.
Каерге барсаң кел бери
Кадыр жүз болот жакшыда.

Күңгөйдүн бетин кар албайт,
Күндүз чырак жаналбайт.
Чоркок жыгач жаралбайт,
Чогууга жаман баралбайт.

Өйдөгө арык жүрө албайт,
Өксүгөн бенде күлө албайт.
Өлөөрүн адам биле албайт,
Өзү баш бала тил албайт.

Калкып жаткан дайрадан,
Кайык өтөт илинбей.

Каймактаган кара жер,
Канча жанды шимирди,
Кай кеткени билинбей.

Кеч кирбесе күн батпайт,
Кесенде адам тим жатпайт.
Таң атпаса күн чыкпайт,
Таз башына жүн чыкпайт.

Балык суудa тумчукпайт,
Манапка малай унчукпайт.
Тердебей баштан суу чыкпайт,
Бекер жерден чуу чыкпайт.

Кургак жерден суу чыкпайт,
Жоо көрүнбөй туу чыкпайт.
Иманы бүтүн пендеден
Жалган айтар куу чыкпайт.

Качырып кирип келгенде,
Каман мойнун буралбайт.
Карылуу киши тап берсе
Каруусуз начар канетсин
Каяша кылып туралбайт.

## НАКЫЛ КЕП

Алты атаң өткөн жергеден
Калган көңүл, чыккан жан
Кайрылып кайта келбеген.
Алака кылса ач көзгө
Алганын кайра бербеген.
Кулүктөр чуркайт төр менен,
Күкүктөр сайрайт үн менен.
Катындын көркү эр менен,
Дыйкандын көркү жер менен.

Алтындан комуз күү айтам,
Айчылык жерден ыр айтам.
Күмүштөн комуз күү айтам,
Күнчүлүк жерден сыр айтам.
Ашууга салсаң лөк таштайт
Арык бир аттын чобуру.
Асмандан учуп куркулдайт

Ала бир канат собуру.
Адамзаат пенденин
Ар кандай болот жоругу.
Чарбадарлар жайнаган
Көрүнгөн тоонун адырын.
Жаман адам билеби
Жакшы адамдын кадырын?
Бурчак-бурчак кар жааса,
Асыл жылкы баласы
Буюкпайт да уюкпайт.
Жакшы атанын баласы
Эрте-кечке кеп урса,
Эрикпейт да зерикпейт.
Ай кылайып жаңырса,
Ач белестен көрүнөт.
Адырдан шамал козголсо,
Асмандан булут сөгүлөт.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Алтын баш элден бөлүнөт!..

Күн жарыгы тийгендей
Күлгөнү кызык баланын.
Көйкөлүп өссө эгин, чөп,
Көркү экен эгин талаанын.
Сыйлашпай кетсең жат болот,
Сыр билги жакын адамың.
Умтулсаң жакшы жүрүүгө,
Узарат, жаштар, кадамың.
Кыялым толкуп ырдасам,
Кызыгын сөздүн табамын.
Кырдалың барда, жигиттер,
Кызыгып ишке жарагын.
Кырданып кесир сүйлөсөң,
Кыйыны ошол баланын.
Жабыркатып саргайтат,
Жакшысы болбойт жалаанын.
Күлүктөр чуркайт мүргүбөй,
Күн белең күндө келгидей.
Аргымак чуркайт мүргүбөй,
Ай белең айда тийгидей.
Эрдик кылсаң бир сонун,
Эл эскерип жүргүдөй!

Жакшы конок ток болот,
Жаман жүрөк жок болот.

Ойлоп-ойлоп олтурсаң,
Октон күлүк ой болот.
Шаттанып ырдап олтурсаң,
Шайырдын көркү той болот.
Суйкая басып керилген
Сулуунун көркү бой болот.
Байлыктын чоңу — ден соолук,
Баарынан кесел кор болот.
Жүрө-жүрө жакшы аттын
Жүрүшү чыгат жорголоп.
Көңүлүңдү көтөрөт
Көкбөрү тартсаң ойдолоп.

Бул дүйнөдө не карып?
Ар ким сатып албаса,
Ак алалуу бөз карып.
Замандашы болбосо,
Карыя болор тез карып.
Кадырың жеңе билбесе,
Бойго жеткен кыз карып
Эл жакалай конбосо,
Бетегелүү бел карып.
Каз-өрдөгү болбосо,
Айдың чалар көл карып.
Улук адил болбосо,
Убара болот эл карып.
Кайберен, кийик жатпаса,
Карайган аска, таш карып,
Ата-энесин ыйлатып,
Арманда кеткен жаш карып.
Айланып булут каптаса,
Агарып аткан таң карып.
Кыштын күнү талаада
Кароосуз жүргөн мал карып.
Кол арыктан суу ичпей,
Чөлдө өскөн тал карып.
Кемпиринен айрылган
Жетимиште чал карып.
Эл-журтунан ажырап
Ээн баш жүргөн жаш карып.
Айылдан кызды тандаса,
Мураадын таап албаса,
Ким да болсо ал карып.
Асманда жамгыр жаабаса,
Жазында чыккан гүл карып.

Ай, жылдызы көрүнбөй
Борошо урган түн карып.
Өлүп калса доосу жок,
Доого келген күн карып.

Кадырын таап минбесе,
Кара буудан ат карып.
Окуткан менен билбесе,
Убара болгон кат карып!..

Ааламдын көркү Күндө бар,
Адамдын көркү тилде бар.
Акындын көркү үндө бар,
Ашыктын жайы дилде бар.

Ай, жылдыз көркү түндө бар,
Жаз айдын көркү гүлдө бар.
Ак перидей сулууну
Амалың болсо үндөп ал!

Өрдөк, каз көркү көлдө бар,
Куландын көркү чөлдө бар.
Дайранын көркү селде бар,
Дыйкандын көркү жерде бар.

Жайлоонун көркү малда бар,
Жыгачтын көркү талда бар.
Сакалдын көркү чалда бар,
Сулуунун көркү калда бар.

Ашуунун көркү бийикте,
Мергендин көзү кийикте.
Башыңа мүшкүл иш түшсө,
Кападар болуп ийикпе!

Тоо сөөлөтү ташта бар,
Баканын көркү сазда бар.
Саамайдын көркү кызда бар,
Сайманын көркү узда бар.

Тамактын көркү тузда бар.
Чилденин көркү музда бар.
Бекерликке берилбей,
Дениң соодо иштеп ал!
Балпаң-булпаң ким баспайт,

Балык жаткан көл жазбайт.
Эл чендеген ач калбайт,
Эки ат минген кеч калбайт.

Аттууга жөө жеталбайт,
Экөөгө бирөө баталбайт.
Жүрөгү жок көр жаман
Талаага жалгыз жаталбайт.
Белинде пулуң болбосо,
Бекеринен көп сүйлөп
Мен дегениң бекер кеп.
Астында атың болбосо,
Аш менен тойго оолугуп
Дегдегениң бекер кеп.
Колунда кушуң болбосо,
Өөдөгө колуң көтөрүп,
«Пө» дегениң бекер кеп.

Оозуңда эмиң болбосо,
Мактанганың бекер кеп!
Бир пас аял кылбастан,
Бир миң кошун жыйбастан,
Кара аргымак минем деп,
Качырып жоого кирем деп,
Каптап кирген душманга
Билекте күчүң болбосо,
Чактанганың бекер кеп!..

Көп киришпе тыйынга,
Көп киришсең тыйынга
Жигиттер, учурайт башың кыйынга!
Арык койдой тырышпа,
Ар ким менен урушпа.

Караңгыда жол жүрсөң,
Карыпты арман кылбаңар.
Каалап бегиң бербесе,
Жардыкты арман кылбаңар.
Карынбайдай мал күтсө,
Кол кайыры жок болсо,
Бардыкты арман кылбаңар.

Угутуң даяр болбосо,
Уулуң тилиң албаса,
Катының каргап барбаса.
Бозону арман кылбаңар!..

Өлгөндүн аты не жаман?
Өксүткөн экен эр заман.
Кеткендин аты не жаман?
Кейитет экен ар заман.
Эрди учурат зар деген,
Кушту учурат пар деген.
Жалтаң-жултаң карасаң,
Жакшына болот жар деген.
Эгини бышса күз деген,
Эсептин башы жүз деген.
Өткөн өмүр билинбейт,
Өлгөндөр кайра тирилбейт.

## НАКЫЛ

Актан бүткөн амирди,
Эч бир пенде биле албайт.
Жетесизге кеп айтсаң,
Мойнун бурап тил албайт.
Саратан кетпей тоң болбойт,
Назардан калган чоң болбойт.
Эл менен эрсиң азамат,
Элсиз ишиң — оң болбойт.
Кушту учурган пар болот,
Эрди учурган зар болот.
Жүкчүл төө нар болот.
Боло турган жигитте,
Намыс менен ар болот.
Атадан каргыш алгандар,
Акыры барып кар болот.
Өрдөк учса — каз калбайт,
Жакшы адамдын белгиси,
Ортодон ушак сөз өтсө,
Билмексен болуп эске албайт.

Кеп сүйлөбө, ойлонбой,
Акыл чыкпайт толгонбой.
Акылман чыкса калкындан,
Алтындан чеп коргондой.
Өмүр өтөт, токтобойт,
Ар бир көргөн күндөрүң,
Бир-бирине окшобойт!.

Жаман кыздын сыягы:
Мокок болгон ороктой.

Баланча ишти кыл десең,
Буртуюп коёт тоготпой!..
Айылдап кетет талпактап,
Эптеп көйнөк тиге албай
Этек-жеңи салпактап.
Ойку-кайкы committed кептери,
Тартиби жок жалжактап.
Өөдөсүнүп, керейет,
Өзүн койбой салмактап.

Жакшы кыздын сыягы:
Алтындан соккон жамбыдай,
Адеп менен сүйлөсө,
Ар адам тилин алгыдай.
Келбет, тулку келишкен,
Көркүнө көзүң кангыдай.
Жаман болсо алганың,
Кутулбаган балаага,
Кудай салса калганың.
Жарасы бүтпөй жатканда,
Жаңырат жаңы жаңжалың.
«Булар эмне болгон» деп,
Беймаза болот балдарың.
Жарыбагыр, кургур деп,
Жадыңдан кетпейт арманың.
Эр кадырын бек тутат
Ыйманы бар ургаачы.
Айнектен артык таптаза
Кармаган казан, тулгасы.
Өйдөгө арык жүрө албайт,
Өксүгөн пенде күлө албайт.
Өлөөрүн адам биле албайт,
Өзү баш бала тил албайт.

## ҮЛГҮ ЫРЛАР

Аргымак аттын күлүгүн,
Айдап коёт алыстан.
Ар түркүн кылып кеп баштайт,
Акын адам даанышман!

Куптанда учуп оокат жейт,
Куруган байкуш жарганат.
Уурулардын адаты,—
Өлгөнүнчө карганат.

Жаман адам курусун,
Иштегенден арданат.
Катынын эптеп бага албай,
Көрүнгөн жерде сандалат.
Жолдошко жаман кеп урба,
Жигиттер жаның аманат!..

Арча менен карагай,
Асман мелжийт Чаначта.
Арпа менен буудайдын,
Бүткөн жери Таласта.
Ааламдан канча алп өткөн,
Ким жетиптир Манаска!..

Күн жарыгы тийгендей,
Күлгөнү кызык баланын.
Оргу-баргы кеп айтып,
Жүргөнү кызык баланын.

Астына душман чыкпаган,
Арбак дөөлөт залимде.
Жаман чыкса күйөөсү,
Убайма болот келинде!
Капталына жүк артпай,
Караңгыда жол тартпай,
Каруу-күч жок бечелде.
Кандай арга кылам деп,
Кайгысы болот кеселде.
Кара кылды как жарган,
Калыстык болот чечендe.
Карап турсаң калет жок,
Жеңижок айткан каселде!

Алды-сатты шаркырап,
Соода болот базарда.
Көөп кетет жамандар,
Бир балакет басарда.
Үстүнөн чыгат кокуйдун,
Шайтан алдап шашаарда.
Ажал жетип күн бүтсө,
Адамзаат пенденин,—
Орду болот мазарда!..

Адырдан качкан түлкүнү,
Асмандан бүркүт илбейби.

Алты жыл жерде жатса да,
Алтындын өңү кирдейби.
Алтынга сары жез окшош,
Асылдык жайы бирдейби?!.

Жыйылып келсе бардыгы,
Жылдыздын нуру Айдайбы?
Барктап күндө баксаң да,
Булбулуң гүлсүз сайрайбы!
Көөрүктүн күчү болбосо,
Көмүргө темир кайнайбы!

Эки сөздү калп айтыш,
Эр жигитке ар болот.
Кызгалдактар гүл ачкан,
Кызык мезгил жай болот.
Алтын жаак, жез таңдай,
Акындар ырга бай болот.

Карагер атты булкунткан,
Карчытта казы, май болот.
Кыз он сегиз жашында,
Кырандан чыккан Ай болот.
Ак ниеттүү адамдын,
Айткан сөзү шар болот.
Көпкө ыраазы болбогон,
Азга жетпей зар болот.

Аяздуу суук болбосо,
Арыкта суулар тоңбойбу.
Жибекти каттап кийсең да,
Жылуулук баркы тондойбу.

Жакшы адамдын белгиси,
Жашаган үйүн гүлдөтөт.
Жалкоолуктун «пайдасы»,
Жарыбай жүрүп күнү өтөт.

Ак мээнеттин пайдасы,
Акыры барып ирдентет.
Көрө албас, ичи тар адам,
Көңүлүңдү кирдетет.

Эрте туруп, иш кылсаң,
Элден ишиң бат бүтөт.

Эр жигиттин жакшысы,
Эгин эгип, мал күтөт.

Ээликтирсе бузуку,
Элинен адам жат болот.
Эгини бүтсө ыкшалып,
Эмгекчи көөнү шат болот.

Кара манат токчулук,
Катарга кошпойт жокчулук.
Кызыл манат токчулук,
Кыйын болот жокчулук.

Баш барда келет мейманың,
Башың өтсө дүйнөдөн,—
Балаңа калат жыйганың!
Көз барда келет мейманың,
Күмүштөй башың өткөн соң,—
Каралбай калат жыйганың!..

## ТУРБАЙБЫ

Күн-түн менен алмашып,
Кете берет турбайбы.
Өмүр таттуу көрүнүп,
Өтө берет турбайбы.

Аккан суулар кайрылбай,
Ага берет турбайбы.
Мезгил тынбай канатын,
Кага берет турбайбы.

Кылымдарды карыткан,
Аска болот турбайбы.
Түркүн элде түркүн салт,
Башка болот турбайбы.

Акак, бермет, каухарың,
Таштан чыгат турбайбы.
Не бир сонун акыл сөз,
Баштан чыгат турбайбы.
Эсин алган коёндун,
Камыш болот турбайбы.
Эр жигитти курчуткан,

Намыс болот турбайбы.
Кара кылды как жарган,
Калыс чыгат турбайбы.
Аргымактын кулуну,
Чалыш чыгат турбайбы.

Адамзатты кор кылбас,
Акыл болот турбайбы.
Жардамдашкан кыйында,
Жакын болот турбайбы.
Сөздү кыштай кынаган,
Акын болот турбайбы.
Күн жаабаса жер бети,
Такыр болот турбайбы.

Айбанаттан акылдуу,
Түлкү болот турбайбы.
Адамзатты жашарткан
Күлкү болот турбайбы.

Көптү көргөн ак сакал,
Кары болот турбайбы.
Кары сөзү жаштарга,
Дары болот турбайбы.

Тартип көргөн азамат,
Сылык болот турбайбы,
Кыз балдарда өзгөчө,
Кылык болот турбайбы.

Ким минеге* кызыкса,
Уста болот турбайбы.
Акылмандын айтканы,
Кыска болот турбайбы.
Айта салса тар жерде,
Нуска болот турбайбы.

Ташты жарып аккан суу,
Тунук болот турбайбы.
Эмгеги менен элине,
Улук болот турбайбы.

Жүдөтпөгөн бутуңду,
Чарык болот турбайбы.
Өткөндөрдүн бардыгы,
Тарых болот турбайбы.
Тарых болсо өткөн күн,
Анык болот турбайбы.

Бүт ааламга жалгыз күн,
Жарык болот турбайбы.
Кыңыр иш болсо, кырк жылда.
Анык болот турбайбы.
Коного чуркаар күлүктүн,
Табы болот турбайбы.
Жоого шилтер кылычтын,
Сабы болот турбайбы.
Колдо болгон алтындын,
Баркы болбойт турбайбы.
Эл ичинде баатырдын,
Даңкы болбойт турбайбы.

Чукугандай сөз тапкан,
Чечен болот турбайбы.
Элдин башын айланткан,
Эшен болот турбайбы.
Карып кылган адамды,
Кесел болот турбайбы.

Атасына баласы,
Өбөк болот турбайбы.
Баласына атасы,
Жөлөк болот турбайбы.
Он бир тууган болсо да,
Аягында үй-жайы,
Бөлөк болот турбайбы.

Өмүр менен өлүмдө,
Күрөш болот турбайбы.
Ар адамда ар башка,
Мүнөз болот турбайбы.
Жакшы кылган жигитти,
Жары болот турбайбы.
Эстүү жигит туш келсе,
Багы болот турбайбы.
Көз жоосун алган чөптөрдүн,
Гүлү болот турбайбы.
Тажатпаган булбулдун,
Үнү болот турбайбы.
Арыстандын көзүндө,
Сүрү болот турбайбы.
Азуулунун бир канча,
Түрү болот турбайбы.
Нар төөнүн өзүндөй
Жүгү болот турбайбы...

## САНАТ

Бар болбой малың чачылбайт,
Жок болбой жонуң ачылбайт,
Башыңа мүшкүл иш түшпөй,
Малың арзан сатылбайт.
Кеспей терек жыгылбайт.
Жетимдин арты жабылбайт.
Куусуз чакмак чагылбайт.
Ылайсыз дубал курулбайт.
Жаманга тандап кеп айтсаң,
Кабаган иттей ырылдайт.
Атылган мылтык сай болбойт,
Эсеп таппай, бай болбойт.
Куш кадырын биле албайт,
Өмүрүндө салбаган,
Пөпөлөсө жарашат
Туйгун таптап кармаган.
Алдейлесе жарашпайт
Алдына бала албаган.
Өлмөйүнчө кор болбойт
Жакшы адамды жандаган.
Ар жерге батпай ушакчы
Элден элди тандаган.
Сөз кадырын биле албайт
Өзүнөн акыл чыкпаган.
Кеп маанисин биле албайт
Башынан акыл жукпаган.
Жан кадырын биле албайт.
Айтса акылды укпаган.
Тон кадырын биле албайт
Торко тандап кийбеген.
Ашыктык жайын биле албайт
Албырып отко күйбөгөн.
Жар кадырын биле албайт
Жаш кезинде үйлөнгөн.
Жоо кадырын биле албайт
Алты сай бараң атпаган.
Жетелеп жүрүп байге албайт
Мурунтан буудан чаппаган.
Нар кадырын биле албайт
Жетелеп төө тартпаган.

Колуңдан дөөлөт тайганда
Агайын сенден жат болот.

Аласа кирбей колуңа
Алаган колуң мант болот.

Қатынды мээнет чырмаса,
Қаяша кылат эрине.
Кедейди мээнет чырмаса,
Үрөнү жетпейт жерине.
Жакшыны мээнет чырмаса,
Коңшусу менен кас болот.
Баланы мээнет чырмаса,
Сары карт түшүп таз болот.

Ак бөкөн келип жыгылат
Алдын казып ордосо.
Ак туйгун келип чалынат
Саятчы алдын торгосо.
Ийри жыгач түз болот
Теске салып оңдосо.
Душманына кор болот
Жигиттер өз тууганын оордосо.
Өзөнгө өскөн тыт болот.
Жаман тууган кырс болот.
Каарына алганда
Ак жайдын күнү жут болот!

Ашыкча доор келгенде
Аргымак минип дуулайсың
Алтынды үйгө чаптайсың.
Алышкан жоону таптайсың.
Ашыкча доор кеткенде
Айланып издеп таппайсың.
Күлүстөн доор кеткенде
Күлүктү минип таптайсың.
Күмүштү үйгө чаптайсың,
Күрөшкөн жоону каптайсың,
Күлүстөн доор кеткенде
Күн сайын издеп таппайсың.

Ашыкча доор келгенде
Аргымак минип дуулайсың
Айгай салган чуудайсың!
Ашыкча доор кеткенде
Акпай калган суудайсың!
Ашыкча доор келгенде
Ашуусу бийик белдейсиң.

Агыны катуу селдейсиң.
Ашыкча доор кеткенде
Аңгырап калган жердейсиң...

Кулүстөн доор келгенде
Күн нуру тийген белдейсиң.
Күкүктөп аккан селдейсиң!
Кулүстөн доор кеткенде
Көрүстөн болгон жердейсиң...

Ашыкча доор келгенде
Атылган жоого мылтыксың,
Алтындан мунар чырпыксың.
Ашыкча доор кеткенде
Ажалдуу болгон чымчыксың...

Кулүстөн доор келгенде
Көгөргөн чалкар көлдөйсүң,
Кийиги көп төрдөйсүң!
Кулүстөн доор кеткенде
Көмүлгөн кара көрдөйсүң...

Ашыкча доор келгенде
Агарып аткан таңдайсың,
Аякка куйган балдайсың!
Ашыкча доор кеткенде
Алынан кеткен чалдайсың.

Кулүстөн доор келгенде
Намыстуу жигит карманар.
Намысы жок бир жаман
Какшаган менен кур калар!..

## ТЕРМЕ

— Кыйла жашка барганың,
Кырктан ашып калганың.
Жанында болсо ар дайым,
Жактырып, сүйүп алганың.
Өзүндүн ордуң жоголбойт,
Өнүп өссө балдарың.
«Аталашып» ийилип,
Аяшпаса жардамын.
Өтө берет тирилик,
Кудай алсын калганын.

Күн артынан Күн чубап,
Өтө берет турбайбы.
Өткөн күн менен өмүрүң,
Кете берет турбайбы.
Каниет кылсаң баарына,
Жете берет турбайбы.

Ай артынан Ай жылып,
Айкалышат турбайбы.
Ысык-суук ошентип,
Байкалышат турбайбы.
Ай нуруна бүт Аалам,
Чайканышат турбайбы!..

Өмүрү бүтпөйт тирилик,
Өлгөндөр келбейт тирилип.
Жалкоолукту жолотпой,
Жабылып иште түрүнүп.
Кары-жашка карабай,
Кара Жер тартат сиңирип.

Жоргону минсең базарга,
Жолдо кумар жазарга.
Күлүктү минсең базарга,
Күндө кумар жазарга.

Токойго койду үйүргүн,
Токтусун базар кийиргин.
Чарбакка койду үйүргүн,
Чарысын базар кийиргин.

Кара киш бөркту ыргагын,
Капалык тартпай жыргагын.
Калк аралап жайлагын,
Кайнатып казы чайнагын.
Каршылашкан душманды,
Кайрып алыс айдагын!..

Түлкүдөн бөркту ыргагын,
Түйшүктү тартпай жыргагын.
Түрдүктүн* башын жайлагын,
Түнүндө казы чайнагын.
Түртүшө келген душманды,
Түрүлтүп алыс айдагын!

Тогузу болгун жылдыздын,
Туйгуну болгун кыргыздын.
Жетиси болгун жылдыздын,
Жетиги болгун кыргыздын.
Учу болгун кылычтын,
Уулу болгун кыргыздын.
Сабы болгун кылычтын,
Сазы болгун кыргыздын!..

Боору бүтүн, башы эсен
Болбойт экен пендеде.
Кеткен соң жаштык курагың
Келбейт го алтын теңгеге.

Суу келгенде сай толот,
Ооматы келген пенденин
Малы ташып, бай болот.
Түн карыткан ай болот.
Эгиздин бири пай болот.
Жабагы жүрүп — ат болот.
Он бир тууган болсоң да
Катташпасаң жат болот!

## АЙТСАМ СӨЗДҮН ЖӨН-ЖӨНҮН

Тоонун көркү таш болот,
Боло турган азамат
Он бешинде баш болот,
Эси кеткен бир жаман
Элүүндө жаш болот.
Баланы мээнет басса таз болот,
Жакшы жүрөт даң менен,
Жамандын өмүрү өтөт чаң менен,
Мергендин өмүрү өтөт аң менен.

Асыл жаның аманда
Ак калпак кийгин жаанга,
Ак шумкар салгын таанга,
Күлпөттүү башың аманда
Көк калпак кийгин жаанга,
Көк шумкар салгын таанга.

Түлкүнү минип ойносоң,
Кара-Суу менен Итагар

Куш агытып бойлосоң,
Кушуңдун жеми — турна-каз,
Конгон бир жериң — өлөң саз.
Арпанын ташын тергизгин,
Ар күнү жемин жегизгин.
Алчактап атың жүргөндө
Ал кимдики дегизгин!

Пияла гүлдүү тон кийгин,
Билинбес кара боз мингин.
Чайнек бир гүлдүү тон кийгин
Чайкама жорго боз мингин.
Айры-Бел көздөй көчкөндө,
Атанга килем жаап көч.
Көк-Башат карап көчкөндө.
Каймалга килем жаап көч.
Тоо башы көчсөң, токтой көч,
Тайлактарың жоктой көч.

Көрпө ичикти бөктөргүн,
Коно турган жериңе
Күндүзү барып журт көргүн.
Ак ичикти бөктөргүн,
Атайлап барып журт көргүн.

Буудайдын ташын тергизгин,
Булкунтуп минип бууданды,
Бул кимдики дегизгин.

Бирди тапсаң кийип өт,
Көргөндүн көзү тайгылсын.
Бирди тапсаң минип өт,
Тай өстүрүп ат кылсын.

Тишиң барда таш чайна,
Ар ишти кылгын күч барда,
Сага бекер оокат, аш кайда?
Жалкоолук түбү куурат,
Эмгектенсең, зор пайда.
Такасы болот жоргонун,
Таалим алып жашыңдан.
Пейилиңди оңдогун.
Өсүп чыгар баланын
Келечек түбүн ойлогун.
Жакшы чыгар жигиттин
Жолуна жолтоо болбогун.

Жигиттикке алданып,
Жүргөнүңдү билбейсиң.
Жигиттик колдон бир күнү
Кетээрин аны билбейсиң
Карылык кууп артыңдан
Жетээрин аны билбейсиң.

Карытпастан жаныңды
Аларын аны билбейсиң.
Катын балаң чуркурап,
Каларын аны билбейсиң.
Карындаш-урук малыңды
Талаарын анын билбейсиң.
Билген менен адамзат
Туура жолдо жүрбөйсүң.
Беш күнчүлүк дүйнөдө
Көңүлүңдү калтырып,
Бириңди-бириң тилдейсиң.

Жигиттикке толгондо
Жүгөнү жок аттайсың.
Жүгүрүп айыл кыдырып,
Түнүндө үйдө жатпайсың.
Бекер басып оолугуп,
Өйдө-төмөн каттайсың.
Кыздуу үйдүн эшигин
Кызыгып, кетпей таптайсың.
Кайран жаштык өткөндө.
Кербезденип баспайсың,
«Кеткен экен жаштык» деп
Көңүлүңдү ачпайсың.
Акыл ойлоп насыят
Айтсам сөздүн жөн-жөнүн:
Амал менен алдаса,
Арам ишке көнбөгүн,
Уурулук кыла көрбөгүн.
Ыймансыз болуп өлбөгүн,
Акылың болсо алып кал
Акындык иштин өрнөгүн.
Алтын башка өлүм ак
Аник го бир күн жөнөрүм.

Акыл айттым азыраак,
Аз да болсо тагыраак.
Адамдын болот адамы,

Арам иштен бол ыраак.
Акылмандан кеңеш ук,
Айланчыктап бол ынак.

Өткөн соң өмүр пайда жок,
Башыңды урба дубалга.
Арканда калат бир күнү,
Айдаган малга кубанба.
Пайдасын тийгиз байлыктын
Ага-ини тууганга!
Бозоргон дарак мөмөсүз,
Боздотот өлүм дабасыз.
Карайган дарак мөмөсүз,
Какшатат өлүм дабасыз.
Кызыл алма базарда,
Эненин көзү өткөн соң
Кыз да болот азарда.
Жашыл алма базарда,
Эненин көзү өткөн соң
Жаш бала болот азарда.

Босого бойлоп күн чыгат,
Мундуу бир үйдөн үн чыгат,
Керегe бойлоп күн чыгат,
Кейиштүү үйдөн үн чыгат.

Кызылдан болсун чарбагың,
Кыйналбасын балдарың.
Карадан болсун чарбагың,
Кайгырбасын балдарың.
Өлүм бир деген өрт экен,
Өзөккө түшкөн дарт экен.
Кайгы деген катуу иш,
Бул өлүмдүн кайгысы —
Башка түшсө мүшкүл иш.
Көп өксүбө өлүмгө,
Жан болгон жерде өлүм бар,
Баары болот өмүрдө!

## ҮЙ-БҮЛӨ

Алганың жакшы болгон соң,
Кирсең үйүң ордодой,
Көңүлүңдү куш кылат,
Кымбат баа жоргодой

Таза болот сымбаты,
Алганынын бир башы,
Айнектен артык таптаза,
Кармаган казан, тулгасы
Ачык болот кабагы
Барды, жокту байкатбайт,
Берекелүү берген тамагы.
Ал өңдөнгөн ургаачы,
Жаннатты болбой калабы?
Алганың жаман болгон соң,
Кирсең үйүң кепедей,
Тапканыңдын бардыгы,
Быркырап сынат көзөдөй.
Айыл десе кам урат,
Илекисин пар кылат.
Тарсылдатып элегин,
Башы-көзүн чаң кылат.
Уулуң жакшы болгон соң,
Кымбат баа жакут таш,
Кызыган базар коргондой.
Ар жыйында кеп урса,
Анын айткан сөзүнө,
Ар кандай пенде көнгөндөй,
Көңүлү ачык жаркырап,
Дабала жаркын мергендей.
Атасы менен энеси
Алладан жардык көргөндөй.
Уулуң жаман болгон соң,
Ачуусу тез арактай,
Ата безер ит болот,
Үйлөп койгон чаначтай.
Кишиге өзүн теңебейт,
Өзү үлкөн манаптай.
Уулум бар деп ойлонбо,
Мөмөсү жок дарактай.
Атадан артык туулган,
Андай перзент кай жактай.
Иниң жакшы болгон соң,
Кымбат баа жакут таш,
Кызыган шаар базардай.
Ар жерге барып кеп урса,
Айткан сөзү казалдай.
Жара сүйлөп жалындап,
Тараза жайы базандай.
Мындай иниң бар кезде,

Тартынбайсың ар кандай.
Жорго минип жылжытып,
Бейишке өзүң баргандай,
Жакшылыкты кудайым,
Башына өзү салгандай,
Жамааттын баарысы,
Жаркырап жайнап калгандай.
Жаркын тийип жаамыга
Жалгасын өзүн ар кандай.
Иниң жаман болгон соң,
Бак конбогон мазардай,
Кырмандан данын айырган,
Боолугу бош бакалдай.
Жан сактоосун кыла албайт,
Жамачылуу чапандай.
Иним бар деп ойлонбо,
Жата бер жалгыз жапандай.
Агаң жакшы болгон соң,
Аппак тиккен өргөөдөй,
Күндө кызык, күндө той,
Айлыңдан кетпейт топ жыйын.
Кандардын курган ордодой.
Бактыңа болгон ага-ини,
Коёбу теги, колдобой.
Агаң жаман болгон соң,
Туурасы чыгат өгүздөй.
Тирүү эмес өлүктөй,
Ичинен маслаат кеп чыкпайт.
Муктажына жеткирбей,
Бергенин алат кемитпей.
Жакшы менен жаманды,
Жараткан тура эрикпей.
Үй-бүлөң жаман болгон соң,
Он сегиз болсо пайда жок.
Чуркураган көп иттей,
Жа-жалактап туш-туштан,
Талап кирет кемиктей.
Мындайлардын так өзүн
Дагы айтамын мен өзүм
Жараткан теңир эрикпей.

## ЖАМАН УУЛ, ЖАКШЫ УУЛ

Жакшы болор уулуң
Он төртүндө октолот,
Он бешинде токтолот.
Жыйырмага чыкканда
Эшигинин алдына
Калдайган жыйын топ болот.

Жаман болор уулуң
Он төртүндө октолбойт,
Он бешинде токтолбойт,
Эшигинин алдында
Калдайган жыйын топ болбойт.

Боз карчыга боодо ойнойт,
Борумдуу жигит жоодо ойнойт.
Болуму жок көр жаман,
Энеси менен аш талашып төрдө ойнойт.

Он эки жашка барганда
Баланды жолго саларсың,
Баш ийдирип аларсың.
Он эки жаштан өткөндө,
Эрезеге жеткенде,
Тартип берип койбосоң
Өкүнгөн бойдон каларсың.
Балдар, илгеркиден кеп калган:
«Ата-энесин кордогон
Өз уулунан кордук көрөт» деп калган!..

## ЖЕР СООРУСУ АКСЫ ЭКЕН

Саруу, кытай элим бар,
Самашкан жерде сайраган
Сары алтын кымбат кебим бар.
Санаадан чыккан ырымды
Санаты менен ким айтат?
Сар-санаа болгон жөнүм бар!

Көп кытай, саруу элим бар,
Көксөп келсе айтууга
Көмөкөйдө кеним бар.
Көңүлдөн чыккан кебимди,

Көөдөнгө сактап ким айтат?
Көп санаа болгон жөнүм бар.

Аргымак атта барк болбойт,
Алыстан чуркап чыкпаса.
Эр жигитке даңк конбойт,
Эшикке келген душмандан,
Элеңдеп коркуп ыктаса.
Эр жигит бүлө бага албайт,
Эринчээк болуп уктаса.
Алтын казык Аксымды,
Азыраак айтып берейин,
Айтканым эстен чыкпаса!
— Балтыркан деген кандай жер?
Башынан бери кыдыртып,
Байкатып, Өтө, айтып бер.
Байтереги шуулдап,
Барендеси чуулдап.
Баш жагы жайлоо салкын төр.
Байлыгы суудай ташыган,
Байлуу менен үкүсү,
Байырлап кетпейт ташынан.
Байкаштырып барып көр,
Башаттан булак шаркырап,
Бал татыган тунук мөл.

Күнгөйү толгон карагат,
Күнчүлүк жол арасы,
Күнүгө келсең аралап.
Күрпүлдөйт сайда суулары,
Күмүштөнүп шар агат.
Кочуштап ичсең бал татып,
Көңүлүң кубат ала алат.
Куйүшөр жарын таба албай,
Күкүгү жүрөт сабалап.
Күрөң аюу капталда,
Күржүйүп кетпей пааналап.
Күчүнөн тайып келгенди,
Күчтөнтүп коёт дабалап.

Ышкындан калың бадалы,
Ыргай, шилби, кара март,
Ырда деп турат а дагы.
Ышкыбоз элим турганда,
Ыргагын бузбай табалы.

Ырдап көнгөн Өтөндүн,
Ылайык түркүн жамагы!..

Жолоочу киши токойдон,
Жолун араң таба алат.
Жолтоо болгон жаңгактан,
Жоготуп үйүн чамалап.
Жүдөп баспай ат келсе,
Жети эле күндө жал алат.
Жүзүм, алма, алмурут,
Жемиши жүздөп саналат.
Жер соорусу Аксы деп,
Жердеген кылат канагат!..

Алма-Коңуш, Кыз-Коргон,
Ак калпак кыргыз элиме,
Абалтан бери туш болгон.
Ак мөңгү кетпей кышын-жай,
Абыдан суук кыш болгон.
Аскасы күнгө чагылып,
Айланасы муз тоңгон.
Аруу кыз сайма сайгандай,
Атайлап уста койгондой,
Айтасың уста түз койгон!

Кыр тоосу — кайын, бүт арча,
Кыдыртып карап отурса.
Кызыл алма, сары алча.
Куушуп ойнойт илбээсин,
Курунда барчын таранса.
Күңгүрөп сүйлөйт үңкүрү,
Кишини коштоп адамча.
Көрпө тебетей суугa агат,
Көз кырың зоого кадалса.
Көркү эле болмок жеримдин,
Көп жерлер мындай жаралса!..

— Кууганды, Бачки биздин жер,
Кыраңдан соккон муздак жел.
Кымыздык, чүкүр, ышкынын,
Кызыгып жесең мында кел!
Кубантып көргөн адамды,
Кулпуруп турат артуу бел.
Көбөйткөн малды жазында,
Кой менен эчки берген төл.

Кыз-келин казып эндигин,
Кызыгып мындан терген жер.
Кызыктуу Ак-Жар, Шүдүгөр,
Кыйла жер болсо буга тел*.

Жерим деп билем Аксыны,
Желкенде турат жарашып,
Жетиген, Алтын казыгы.
Жеринде бышкан мөмөсү,
Жергелүү журттун азыгы.
Жети күн айтса түгөнбөйт,
Жеткилең Өтө басыгы.
Жеринен, элден айырган,
Жеңижок акын абаңдын,
Жез таңдай тили, жазыгы!..
Коңур-Дөбө, Боогачы,
Корумду, Чатыр жергесин,
Комузум коштоп ырдасын.

Конуштап жердейт биздин эл,
Коктусу менен жылгасын.
Кошуп айтып кетейин,
Кожогат өскөн Жар-Ташын.
Көзүмө ысык көрүнгөн,
Кеп кошпой айтсам ырасын.
Көтөрүп баккан энемдей,
Көңүлдү бөлүп турасың.
Курбудан улар ышкырса,
Кулагың салып угасың.
Канаты — шамал шуулдайт,
Качырса көктөн ылаачын!..

Көпчүлүк укса ырымды,
Көбөйтөм анык талбасым.
Кийизден уя илишип,
Куркулдай ээлейт шак башын.
Күүгүмдө чыгып жарганат,
Кыдырып учат жар башын.

Көпчүлүк, ырым уга бер,
Күкүгүң акын Жеңижок,
Күчүңө келип тура бер.
Капканы чапса өлүмдүн,
Кармаса болбойт кара Жер!
Кара жаак акын болупмун,

Какшансам ырым — жамгыр сел!..
Керемет Аксы аймагы,
Көрөмүн десең келе бер.
Айтып көр, тилим, сен байкап,
Асылы жердин бааласак.
Ашуу-Төр менен Ак-Тайлак,
Агызып айран, кымызын,
Ак жайдын күнү эл жайлап.
Алты жүз боз үй тигилип,
Аш, тою болсо мен сайрап.
Адыры, түзү бетеге,
Акырын айдап, бээ байлап.
Адамдын ачат көңүлүн,
Атырдай жели бетти аймат!..

Ой-Алма деген биздин жер,
Оюна жайлайт калың эл.
Көзүңдүн канбайт кумары,
Көчкөн эл менен көрүп кел.

Ак чечекке барышып,
Аргамжы тандап алышып.
Селкинчекти салышып,
Сейил куруп алышып.
Ак чечекке селкинчек,
Алалы деп эркиндеп.
Чакыр-Ташка койчулар,
Чакырталы келсин деп.
«Ой-Алманын» түзүнөн,
Ойнубузду көрсүн деп.
Түнкүсүн ойноп дүмпүлдөк,
Түрүнө чуркап ак чөлмөк,
Жоолугун таштап бекитип,
Жонуна чапса дүңкүлдөп.
Келин-кыз күлсө шарактап,
Кемпир-чал үйдөн күңкүлдөп!

Жаралгандай атайлап,
Жаштары ойноп жүрсүн деп.
Жаңшанып айткан себебим:
Жаз гүлүндөй гүл өмүр,
Жарашыгын билсин деп!..

Өзгөчө көрктүү Ой-Алма,
Озүңдү жакшы көрөм бек.

Өткүндөй жазгы нөшөрлөп,
Өтө ырчы болсоң — ырың төк!..

Кукулуктаса улары,
Кулактын канбайт кумары.
Кыр ташта ойнойт сүзүшүп,
Кийиктин эгиз улагы.
Кыздардын туурайт күлкүсүн,
Кыядан аккан булагы.
Көңүлдү көккө эргитет,
Көк ала майсаң туланы.
Кыйла эле жерден артыкча,
Кыргыздын жери бу дагы.
Кызыктуу өмүр жаш кезде,
Кызыгып Өтө ырдады.
Кымызын ичип, шерне жеп,
Кыюусу келсе жыргады.
Кыргыек канат жаштык кез,
Коё тур десем болбостон,
Кыр ашып кеткен — турабы!?.

Айтканым болор тараза,
Алаң-Башат, Баба-Ата.
Айылдаш кондук жанаша,
Алтындай жаштык бар кезде,
Айлуу түндө ойнодук,
Ак чөлмөгүн талаша.
Аксыга келип токтолгон,
А дагы бакка жараша.

Жетим келип тоюндум,
Жергемде ырдап кат таанып,
Жеңижок атка коюлдум.
Таркады тагы бул кезде,
Таластан жеген союлдун.
Элден бөлгөн Ташкара,
Эки эле көзүң оюлсун!..

Ала ооры элем оңолдум,
Айлансам аздыр Аксыга,
Араңда өсүп торолдум.
Кагынгам элем оңолдум,
Кагылбай калкым, не кылам,
Катарында торолдум!..

Жайлоосу бирге жанаша,
Талас менен Аксынын.
Эки элге аты дапдайын,
Элден чыккан жакшынын!
Жайлоого малын жайлатып,
Жакага айдайт аштыгын.
Акын болчу балдарым,
Айтып көн сөздүн бар чынын!..

Бозбунун тоосун карачы,
Борумун карап отурсаң,
Боз үйгө окшош карасы.
Боз салкын түшүп күзүндө,
Бозорот адыр, талаасы.
Баа берип келген убакта,
Байкалбайт эч бир чаласы.
Борошо уруп, кар турбайт,
Боз шыбакта торгойдун,
Болгонсуп оюу, санаасы!..

Кара-Токо, Кулданбес,
Кабарын айтып кетейин,
Каттоосу жакын бир белес.
Көбүргөнүн салынып,
Көк асманын жамынып,
Кайтарып коюң ой, кырда,
Какшанып өткөн жаштык кез.

Артыш, Жыртыш, Боз-Тектир,
Ал жерлер эстен кетпейт эч.
Упалуу-Үңкүр, Ак-Чечек,
Убайым тартып жүргөндө,
Убакыт өттү желдей тез!..

Шаңшыса көктөн бүркүтү,
Шаштысы кетип жашынат,
Шардана* жорткон түлкүсү.
Агарат тоонун баштары,
Ай чыкса тоодон түнкүсү.

Саксынган менен улары,
Сайылып тепсе ителги,
Анык иш кардын чубары...
Көкөлөп учкан түгөнгүр,
Көркү экен тоонун бу дагы!..

Жайылган зоодон текени,
Жайынча айтып кетели.
Жалама аска, зоо болот,
Жайдыр-кыштыр мекени.
Жүрөктүү киши барбаса,
Жөн киши ага жетеби?
Чагарак куйрук илбирси,
Чап салса анык жетери.

Айтылсын ойдун тереңи,
Ак таңдай акын болбосом,
Арзып элим келеби?
Алтын башым шылк этсе,
Алган кудай берeби?
Ар дубанга чабылган,
Ак таңдай Өтө өнөрү.
Ар адам билбейт жазмышын,
Ар нерсени көрөрү.
Акын Өтө маш болгон,
Айтышса түшсө ар элде,
Анык эле жеңери.
Ак калпак кыргыз элимде,
Акындын болом чебери.
Арзычу, балдар, алып кал,
Араңда болсо бирери.
Арманым ушул жалганда,
Артымда калган туяк жок,
Атымды алып жүрөрү.
Арбагым козгоп кеп салсын,
Акындык жолго түшөрү.
Алган жарым Көксулуу,
Астына алып сооротуп,
Алдейлеп бала сүйбөдү.
Аттиң ай!.. мынча жараткан,
Армандуу кылдың дүйнөнү!..

Көк-Жаңак, Туюк, Дарбаза,
Катиренки*, мисте өсөт.
Алма, жийде, бадамы,
Айыл ичи түздө өсөт.
Акылы бар азамат,
Ар кылбастан иштешет.
Акылы жок угандар,
Аңги аттардай тиштешет.
Алтындай жаштык өмүрүң,

Айланып келбейт турбайбы,
Агып өтсө бир кезек!..

Аксымды айтам кубанып,
Ак мөңгү жатат төрүндө,
Ак тайлак болуп суналып.
Адырдан чууруйт кой-эчки,
Ала аркан болуп чубалып.
Ак булак чертет комузун,
Аземдүү күүсүн чыгарып.
Ак көйнөк кийген жаш келин,
Акырын кайтат суу алып.
Ак куудай көлдө көрүнөт,
Ай беттүү жүзүн нур чайып.
Муңканган шакта булбулу,
Ырчысы болуп жар салып.
Ырына көөшүп калгандай,
Айлана турат тынч алып!..

Капчыгай ичин карасаң:
Кашкайып тунук дайрасы,
Кадимден бийик даңазаң,
Катарлаш өсүп алма өрүк,
Калкыма тийген пайдасы.
Какшанып тилим булбулдай,
Калтырбай баарын сайрачы.
Күрпүлдөп дайра киргенде,
Көпүрө издеп айланып,
Көп кеткен адам айласы.

Көк сайып көктү тиреген,
Көк мунарык чокусу.
Кишидей болуп сүйлөгөн,
Көркөмдүү кооз тотусу.
Карайган тиги аскага,
Карчыга ээлеп конуучу.
Көгүчкөн учуп өткөндө,
Көкөлөп келип бийиктен,
Көңтөрө тээп коюучу!

Коктусу сайын кекилик,
Көк кушту көктөн көргөндө,
Кобулга качат бекинип.
Көк ирим дайра көлүнөн,
Козудай болгон балыгы,

Көрүнөт көзгө секирип.
Карагай, арча, тогорок,
Кылымдап өсүп жетилип.
Караган, тикен ичинде,
Камышы желге желпинип.
Кишини тиктеп, таңыркап,
Кайыбы качпай шекинип.
Коктудан аккан булактан,
Комуздун күүсү чертилип.
Кыймылдайт кайың бутагы,
Көк кашка суугa серпилип!

Карачы, толгон карагай,
Капталдан төмөн шаркырап,
Кашкаят суусу аралай.
Камышы желге ыргалат,
Катарлаш өскөн салаадай.
Кайгыны билбейт булагы,
Каткырып күлөт баладай.
Күкүгү сайрайт таң менен,
Күн чыгып келсе чарадай.
Көк саят зоонун учтары,
Көк болот тиштүү арадай.

Таз кара, кара жоорулар,
Так чокуда айланып.
Сагызган менен чулдугу,
Сай бойлоп кетпей жайланып.
Абайлап учуп чардагы,
Ак чабакка байланып.
Чабалакей, карлыгач,
Чамдап учат шайланып.

Кызыктырат көргөндү,
Кыналып өскөн кайыңы.
Күз болгондо атайлап,
Керене гүлдүү сарала,
Кийгендей көйнөк шайыны.
Кылгырып турат бирөөсү,
Кыз болуп калбай айыбы.
Көз жоосун алып жайында,
Көбөйгөн мында кайыбы.
Кыз пери жүрчү кетпестен,
Керемет жомок жайы бу!..

Аккан дайра Итагар,
Аңыры учуп аңкылдап.
Акырын салып көз кырын,
Ак шумкар көктө шаңкылдап.
Суу бүркүтү баркылдап,
Суу жээктейт салпылдап.
Эчки маарек, ызгыты,
Эсепсиз жүрөт жаркылдап.
Карап коюп, жайылган,
Кара боор таркылдак!

Куулары көлбүп көлүндө,
Кароолчу чымчык жай алган,
Караган шактын өзүндө.
Кузгундары куркулдайт,
Кундузу кумда бултулдайт.
Кара карга какылдайт,
Кабар берип алыстан,
Куу сагызган шакылдайт!

Суусары суусун бойлогон,
Суудан издеп өз жемин,
Суучул кара ойногон.
Сүлөөсүнү ташында,
Сугу түшүп жойлогон.
Камандары киргенде,
Качыра берип аюуну,
Калдандатып койбогон.
Карышкыры топтолуп,
Каптап келип кышында,
Кароосуз малды мойсогон!..
Боз куш менен таранчы,
Бактек менен борбашы.
Кара кунас, көк кытан,
Кучкач жүрөт, карачы.
Канча жанга жай болгон,
Капчыгайдын арасы.

Өрдөк, чүрөк, куусу бар,
Өргүгөн нечен паренде,
Өзөн толо чуусу бар.
Каркылдашып каздары,
Көктө таңшып торгою,
Көрүнүшү жаздагы.

Булуңунда көл болгон,
Булут кетпес тоолору,
Бугу жүрчү төр болгон.
Абалтадан бер жака,
Арстан, жолборс, шер болгон.
Аркар менен кийиги,
Алдынан чыкса жем болгон.
Атыша берип мергендер,
Азайып азыр кем болгон!..

Антсе дагы айталы,
Ашууда жайлайт аркары.
Айланып суудан кетпеген,
Ак каз менен тартары.
Адамга жүрөт көрүнбөй,
Абайлап басып калтары.
Айланып мында келгендин,
Анык го мактап айтары.
Куш салып чыкса кышында,
Кумары анык таркары!..
Капчыгайдан чыгайын,
Кабактын — Дөңүн, жайыгын,
Калтырбай бир аз ырдайын.
Кайрылып эми келейин,
Калтырбай айтып берейин:
Ат менен жүргөн кишиге,
Айланып жүрүп олтурса,
Алты күндүк арасы.
Жайылып жатат саргайып,
Кабактын — Дөңү, талаасы.
Таруу, буудай эккендин,
Тынгандай чыны санаасы.

Тоодактары томпоңдойт,
Коёну качып койкондойт.
Ташбакасы тарбаңдайт,
Чакчарылып чаяны,
Кырк аягы арбаңдайт.
Сөксөөлү саксаңдайт,
Камгактары калдаңдайт.
Чиркейлери бармактай,
Чымындары жаңактай.
Куушуп ойнойт куланы,
Баш көтөрүп ышкырат,
Аргамжыдай жыланы!..

Күз мезгили бул Дөңдө,
Кыйкырып улак чабышат,
Күчтүүлөрү алсын деп,
Торпокту союп салышат.
Кыжылдаган жыйынга,
Аттардын аты барышат.
Күүсүнө келип күлүктөр,
Күжүлдөп учуп жарышат.
Ат чабуучу баланын,
Чыйрагынан табышат,
Ээликсе күлүк баш бербей,
Атты чапкан баланын,
Тизгинде колу карышат!..

Башталса оюн «Кыз куумай»,
Мулуңдайт чалдар, жаш тургай.
Кыйкырып чууну салышат,
Калба деп бекер уттурбай.
Кыргыздын укмуш оюну,
Кызыктуу болот укмуш ай!
Кайкыдан туруп карасаң:
Кара-Бото кандай жер?
Тулупка, Кара-Ботого,
Түштөнүп өтөт биздин эл.
Түнөрөт күндү көргөзбөй,
Карагай, арча, кайың, чер.
Кашка суу сайда күрпүлдөп,
Карасам таппайм андай жер!..

Жар-Башы менен Көкүрөк,
Жайкалып чөбү жетилет.
Обут менен Товарда,
Оргонго жарайт экилеп.
Эңиштеп атчан бастырсаң,
Элиги качып бекинет.
Капыстан чыгып жолуңдан,
Каманы шашты кетирет.
Баба-Ата деген мазары,
Итагардын башында.
Мечит менен Жайлакты,
Көп көрдүм эле жашымда.
Булуңунда бугу оттоп,
Кийиги жүрчү ташында.
Андан кийин баргамын,
Ажыкемдин ашында.

Ар санаттан айткамын,
Ал жыйындын кашында.

Байкап туруп кайткамын,
Жер соорусу Аксы экен,
Жетилип өсүп байкадым.
Авлетим менен Итагар,
Коңур салкын күзү бар.
Короосунда алма, өрүк,
Кол менен мөмө үзүп ал.
Жүз жылдап өсүп көбөйгөн,
Жүзүмү менен өрүкзар.
Быткылы сайын кекилик,
Бир түнөбөйт жааган кар!

Каргасын менен Тегерек,
Кайсы жер буга тең келет?
Кур таштуу бийик аскасын,
Кургандай уста чегелеп.
Аяктай булут топтолсо,
Асмандан жамгыр себелеп.
Жан-жаныбар, тоо-ташың,
Жаралган кандай керемет.
Жүгүрүп чуркап баландай,
Жүрөбүз сени тебелеп!..
Абышкалар кеп салат:
Алтымыш кулач ажыдаар,
Жүргөн дешет муну ээлеп.
Кожожаштай бир мерген,
Көзгө аткан дешет түз мээлеп.

Өмүрүм сага байланган,
Өскөн жерим айланам.
Сыпаттай берсем түгөнбөйт,
Сыныңды айтып кайрадан.
Түрдүү-түркүн жаныбар,
Түнөктөгөн жер ушул.
Абалтан жердеп жашаган,
Айтылуу Саруу эли ушул.
Торгойдой таңшып үн катып,
Тамаша менен таң атып,
Булбулдай буруп тил менен,
Муютуп элди жыргатып,
Муну, булбулуң Өтө сайраган!..

## ӨСКӨН ЖЕР

Алмасы аттын башындай,
Жаңгагы сайдын ташындай
Алчасы койдун этиндей,
Алтымыш түрлүү мөмөсү
Бышып турат эзилип,
Сулуу кыздын бетиндей.
Ар бутагы билектей,
Алмуруту жүрөктөй,
Көтөрө албайт сабагын.
Ийилип турат жаныбар.
Бышып турса кол салып,
Издеген мөмөң табылар
Токоюнда сайраган,
Тоту куштун үнү бар,
Толукшуп аңкып буралган,
Атыр жыттуу гүлү бар.
Аркыт өзү кандай жер.
Көтөрмө ашуу белиң бар,
Баш аягы бир күндүк,
Ат чабым жерде көлүң бар.
Токоюнда булбул бар
Көлүндө жүрөт кишинеп,
Кара кашка дулдул бар.
Көлүндө ойнойт дулдулу.
Багында сайрайт булбулу
Тоскоол ата көлүндүн,
Толгонун айтам элимдин.
Сар-Камыш, Кыла-Көлүндүн,
Санатын айтам элимдин.
Кыздары күлгүн кийген эл,
Күндө байге, күндө той
Калың доорон сүргөн эл.
Келини кере баскан жер,
Кыздары эндик казган жер.
Мындай сонун өскөн жер.
Асманга чыкпай аманат
Турган жери турбайбы?
Ыман-Ата, Карагыз,
Аркамда калган балам жок,
Арманда кетип барабыз.
Наманган, Чарбак, Кызыл-Жар,
Санасам ичим тызылдар,
Кара-шыбаа, чабым ай,

Ичиң толгон алтын зар
Маңдайың кайкы Үч-Коргон

Аркамда калган балам жок,
Арманда кетет экенмин.
Мал калдысы, Бурана,
Мааниңди айтып турам аа,
Ак-Жол, Бөктөр, Тегене,
Аман бол журтум теги эле.
Айтып турган жайыңда,
Акының Өтө мен эле.
Карасуу, Түрдүк, Каркжолду,
Карыпка кандай сыр болду.
Мен куруган шум Өтө,
Ичим толгон муң болду.

## ДАН КАЙДА ДА, МАЛ КАЙДА?

Жазга маал болгондо
Карайтып жерди айдабай,
Карматып кошун чыгарбай,
Алтындан абзел сүйрөтпөй,
Азоосун кошо үйрөтпөй,
Күмүштөн абзел сүйрөтпөй,
Күлүгүн кошо үйрөтпөй,
Беш-бештен кетмен бештетпей,
Белсенип чеке тердетпей,
Этектей кетмен бештетпей,
Эрдемсип маңдай тердетпей,
Жай айланып күз болсо,
Арпасы бышып коолабай,
Алты орокчу боолабай,
Буудайы бышып коолабай,
Беш орокчу боолабай,

«Оп майдалап» бастырбай,
Кампанын оозун ачтырбай,
Агала бөйрөк буудайын
Адамдарга чачтырбай,
Кызыл бөйрөк буудайын
Кылым элге чачтырбай,
Калбырын алган адамдар,
«Каниги, дыйкан» дебестен,
Барагын алган адамдар,

«Бали, дыйкан» дебестен.
Үйрөнбөстөн бул ишти,
Дыйкансынган жигитке,
Кампа толгон дан кайда?!.

Кырга коюн токтотпой,
Кыштоонун чөбүн оттотпой,
Жарга коюн токтотпой,
Жайлоонун чөбүн оттотпой,
Четке коюн ашырбай,
Чепкенге боюн жашырбай,
Кырдан коюн ашырбай,
Кымкапка боюн жашырбай,

Кыр-ойдун чөбүн чалдырбай,
Карышкырга алдырбай,
Керилип жайда чөп чаппай,
Кыштын камын жеп чаппай,
Суугуна тоңбостон,
Ысыгына күйбөстөн,
Чарбасынган жигитке,
Короо толгон мал кайда?!

## ЗАМАНА

Айтайын санат термеден,
Жети атаң өткөн жергеден,
Калган көңүл, чыккан жан
Кайрылып кайра келбеген.
Ажалдын ити жылдырбай
Кууп жетет дембе-дем.
Ажыдаар жыландай,
Арбап барат замана.
Бары-жокту калтырбай,
Жалмап барат замана.
Жалаңгычты колуна,
Кармап барат замана.
Бурганактап, бороондоп,
Карлап барат замана!..

Адырдан качкан бөкөндөй,
Чурап барат замана.
Адал менен арамды,
Ылгап барат замана.

Жакшы менен жаманды,
Сынап барат замана!..

Ак боз аттай алчаңдап.
Жүрүп барат замана.
Азезил шайтан көбөйтүп,
Минип барат замана.
Абайлатып токтотпой,
Куул барат замана.
Жылдан-жылга бузулуп,
Сууп барат замана.

Калың элди тынчтыкка,
Койбой барат замана.
Кутурган ит сыяктуу,
Жойлой барат замана.
Канга тойбос жыландай,
Сойлой барат замана!..

Бийлиги бар манапка,
Кул сураттың, замана.
Колунда жок кедейге,
Пул сураттың, замана.
Карышкырды койлорго,
Ыркыраттың, замана.
Туш тарапка бөлүнтүп,
Дыркыраттың, замана!
Алдууларга алсызды,
Чыркыраттың, замана!..

Бирөөгө кең, бирөөгө
Тар экенсиң, замана.
Бирөөгө жок, бирөөгө —
Бар экенсиң замана.
Бирин кордоп, бирөөбүн —
Мактап келдиң, замана.
Бирин атып, бирөөбүн,—
Сактап келдиң, замана.
Бирин ысык-суукка,
Кактап келдиң, замана.

Атанын уулун ачкадан,
Карыштырдың замана.
Ар жерге айтып жүрүүдөн,
Намыс кылдым замана.

Акыйкат менен чындыкты,
Алыс кылдың, замана!..

Жылкы тийип, эр өлүп,
Кун сураттың, замана.
Жокчулукка маң кылып,
Тунжураттың, замана.

Ачылбаган караңгы,
Түндөй болдуң, замана.
Айыкпаган сары оору,
Зилдей болдуң, замана.
Замананы ойлонуп,
Зарыгамын толгонуп.

## АКЫН БОЛСОҢ...

Жоо келгенде сүйүнгөн,
Жоо жарагын кийинген,
Кылычын кыя байланган,
Кыргындарга шайланган.
Түпөктүү найза карманган,
Түгөйү менен жамдаган,
Көк болот найза карманган,
Көк тулпар минип чамдаган.
Чарайна тондун териси,
Жанчышкан жоонун бөрүсү,
Туулга тондун териси,
Тытышкан жоонун бөрүсү,
Таш акурдан жем жеген,
Тамаша десе дегдеген,
Чоң акурдан жем жеген,
Чууну укканда дегдеген,
Ак олпогун жамынса,
Кийгенине жарашкан
Астындагы Аккула
Мингенине жарашкан,
Айкөл Манас баш болгон
Арыстандай баатырды айт!
Казанда ашы кайнаган,
Кабагы күлүп жайнаган,
Куйруктуудан кой сойгон,
Курама журту тең тойгон.
Ай туяктан тай сойгон,

Айылдашы тең тойгон,
Алты пакса* дубалдан
Ашырып улак таштаган,
Жети пакса дубалдан
Жеткирип барып таштаган
Атайлап соккон дубалдан
Айлана басып кетпеген,
Алты челек арпасы
Ат жемине жетпеген,
Жети пакса коргондон
Желбегей басып жетпеген,
Жети челек арпасы
Жети күнгө жетпеген.
Элинин алган намысын,
Эр көкүрөк балбанды айт!..

Кийизин аппак бордоткон,
Кылымын артык оңдоткон,
Үзүгүн аппак бордоткон,
Этегин чачы тордоткон,
Боёгун жакшы кандырган,
Боосун терме салдырган,
Адамдын көзүн талдырган,
Акылын айран калтырган,
Кара кундуз кармаган,
«Катын да болсом кылганым,
Калсын» — деп нуска арнаган,
Искегин ие байланган.
Иш дегенде шайланган,
Оймогун оё байланган,
Оюу десе шайланган,
Алтын буйла ак тайлак
Айды бир карай чөгөргөн.
Алтындан казан көмөргөн,
Алыска болжоп жол тартса,
Арчадан бешик өңөргөн.
Күмүш буйла ак тайлак
Күндү карай чөгөргөн.
Күмүштөн казан көмөргөн,
Күнчүлүк жерге жол чыкса,
Күмүштөн бешик өңөргөн,
Ак-Талдан көчүн эңкейткен,
Ак куржунун деңкейткен,
Көк-Талдан көчүн эңкейткен,
Көк куржунун деңкейткен,

Акын болсоң келинди айт!..
Оромол салып кыз кылган
Оймокчу салып уз кылган,
Шакекти салып кыз кылган,
Шааниси менен уз кылган,
Көк болот ийне саптаган,
Көк тубар көрпө каптаган,
Ак болот ийне саптаган,
Ак макмал көрпө каптаган,
Кайчысы колго батпаган,
Каалаган иштен кайтпаган,
Оймогу колго батпаган,
Ойлогон иштен кайтпаган,
Каз элечек үрпөгөн,
Катарга башын чиркеген,
Торко элечек үрпөгөн,
Туйгундарды чиркеген,
Айткан кептен кайтпаган,
Ак куштай боюн таптаган,
Көркөмдүү төшөк каптаган,
Көк куштай боюн таптаган,
Сандыкка чырак койгондон,
Саамалы булак болгондон,
Капшытка чырак койгондон,
Казаны булак болгондон,

Ай алдынан өткөндөн,
Алтындан буйла чечкенден,
Күн алдынан көчкөндөн,
Күмүштөн буйла чечкенден,
Сыр аякка куйгандан,
Сыланып кымыз сунгандан,
Кер аякка куйгандан,
Келинге кымыз сунгандан,
Уулду тууса март тууган,
Кеңешмеге пай тууган,
Кызды бир тууса зар тууган,
Айымдарга пай тууган,
Беши жубан, беши кыз
Мелдешип ийне сайышкан,
Беш жубандын ичинде
Беш манжасы майышкан,
Белдемчи таккан белине,
Пейили жаккан элине,
Акын болсоң кемпирди айт!..

Үзүгүнүн жээгине
Үч эли кундуз койдурган,
Жабыгын ачык ойдурган,
Жабыгынын жээгине
Жалпы кундуз койдурган,

Жаңы жол салбай суу кечкен,
Жабагы тайлар бош кеткен,
Айдаса көчү жылдыздай,
Арс ичиги кундуздай,
Көпүрө салбай суу ичкен,
Көзөмөл тайлак бош кеткен,
Көчкөндө көчү жылдыздай,
Көрпө ичиги кундуздай,
Көөкөрүм кооз болсун деп
Көп жубанга бычтырган,
Көк жибек менен тиктирген,
Токту берип ыштаткан,
Торко менен тыштаткан,
Көөкөрүнө кут түшкөн,
Көк кашка кулун жуп түшкөн,
Сабаам бир кооз болсун деп
Сан жубанга бычтырган,
Сар жибек менен тиктирген,
Кымыздык менен ыштаткан,
Кырмызы менен тыштаткан.
Сабаасына кут түшкөн,
Сар кашка кулун жуп түшкөн.
Сары атанга арттырган,
Салтанатын карк кылган,
Ак атанга арттырган,
Асемдигин карк кылган,
Каз элечек бош таштап,
Катарлап төө көч баштап,
Как-Жайлоо көчкө жарашкан,
Торко элечек бош таштап,
Тогуздап төө көч баштап,
Тоскоолго* көчсө жарашкан.
Кербенчинин бөзүн айт,
Келишкен кыргыз көчүн айт!..

Жез билерик салынса,
Желбегей напти жамынса,
Кош билерик салынса,
Кокондук чепкен жамынса,

Эрезеге жеткенде,
Эл жайлоого көчкөндө,
Ачыгын кантип айтканда,
Эл жайлоодон кайтканда.
Ак маралдай керилген,
Көчтүн көркү кыз экен!
Акын болсоң кыздарды айт!..

Ак-Зоонун башы мунарык,
Асемдеп айтсак ылайык.
Көк-Зоонун башы мунарык,
Көркөмдөн айтсак ылайык...

## ЖЕҢИЖОКТУН ЖЫЛАН ЧАККАНДАГЫ ЫРЫ

Кара-Суу, Түндүк, Кыр-Жолду
Мендей карыпка кандай сыр болду.
Ырдаганым ыр болду,
Ичим толгон муң болду.
Каныш энем Айыке,
Эне болгон сен элең
Кайрылып капкан баспаган
Адырда кызыл түлкү элең,
Ак үйүндүн мүлкү элең,
Ажал жетип күн бүтсө
Алакан жайып бата кыл!

Ак ылаачын көлдө жок,
Ак шумкарың төрдө жок.
Армандуу болбой өтүүгө
Алганым,
Алты айлык күмөн сенде жок.
Көк ылаачын көлдө жок
Көк шумкарың төрдө жок.
Күйүттүү болбой өтүүгө
Күйөрүм,
Төрт айлык күмөн сенде жок.
Ажал жетип күн бүтсө
Алакан жайып бата кыл!
Оо, мен куруган шум Өтө
Солкулдаган тал белем!

Шорго туулган жан белем.
Алты ай жерде жатпаган

Мен, өмүрү келте кар белем.
Балта тийбей жыгылган
Балапан кырчын тал белем?
Астын-үстүн кыйраган
Ашуда кыйгач жар белем?

Ак кыяны сел бузуп,
Адам өтпөс жол беле?
Ак таңдай ырчы аталып,
Тартаарым мээнет шор беле?
Көк кыяны сел бузуп,
Көч өтпөгөн жол беле?
Кара чаар уу жылан,
Мага көрүнөө бүткөн шор беле?

Өзөндүү жерде тал барбы?
Өрөөндүү жерде мал барбы?
Өз алган жарым туубаса,
Өкүнбөскө ал барбы?

Кыялуу жерде тал барбы?
Күнөөстүү жерде мал барбы?
Кыз алган жарым туубаса,
Кейибеске ал барбы?
Ак жибектен тор тиксем,
Куш эргибей үзүлгөн.
«Аа» деп оозум ачканда,
Ыр бермети тизилген.
Күйүтүм күчтүү арман күн,
Кайнап чыккан ырымдан,
Карманган жан жок үлгүмдөн.
Кең жайлоого барганда,
Байлар малын түгөлдөйт.
Көкүрөктөгү ырымды,—
Тогуз жыл айтсам түгөнбөйт.

Көлөкө бербей куураган,
Бутагы чирик тал белем?
Бөлүнүп журттан кеткендей,
Бөтөнчө бүткөн жан белем?
Жергелүү журттун карысы,
Белгилүү табып Далычы,
Айыктырган жараттан.
Ниетиндин калысы.
Калып жатат сен менен,
Жүрөгүмдүн жармысы.

Ажал жетип күн бүтсө
Алакан жайып бата кыл!

Жайчыбек менен Султаным,
Силерди эстеп суусадым.
Көрүгүң — көк букадай өкүргөн,
Балкаң — тоо текедей секирген,
Бу да Алыкемдин балдары.

Бексултандын тегирмен.
Келген жүгүн кемирген.
Келген мейман иши жок
Кетмендей болуп семирген.
Бул да Алыкемдин балдары
Алакан жайып бата кыл!

Осмонбектин Айтмырза,
Кечиктиң го айттырса.
Алакан жайып бата кыл,
Оорудан өмүр кайт кылса.
Арыстаны Бекмурат,
Ар жерди сурап жеп турат,
Акының сени кеп кылат.
Аркамда калган бала жок.
Алакан жайып бата кыл!
Кичи-Ак-Жол, Бектөр, Тегене,
Аман бол журтум деги эле.
Ажымат ата эшеним
Катуу кысат кеселим,
Кереметиң көрсөтүп,
Колдочу болсоң колдогун!

Үч-Коргон, Шумкар талаасы,
Учту шумкар баласы.
Наманген, Чартак, Кызыл-Жар,
Санасам ичим тызылдаар.

Сулайманкул даткам ай,
Сымбатың журттан башкам ай,
Карачы бакма энем ай.
Капа менен келгем ай.
Арманым көп бир далай.
Ажал жетип күн бүтсө
Алакан жайып бата кыл!
. . . . . . . . . . . .

## КИМ АЙТАТ МЕНИН ЫРЫМДЫ?..

Ким билет менин сырымды,
Ким айтат менин ырымды?
Он сегиз миң Ааламды
Оодарып айткан кунумду.
Калдайган топто сайрачу,
Ким басат менин туурумду?

Аксы, Талас жерим ай,
Ак калпак кыргыз элим ай.
Кызыл дилде зарым ай,
Кыйноодо жаткан жаным ай!
Кара дилде зарым ай,
Камоодо жаткан жаным ай!
Алтын кылыч белде жок.
Азаптуу оору айынан
Азыр акының Өтө элде жок!

Күмүш кылыч белде жок,
Күйүттүү оору дартынан,
Күкүгүң Өтө элде жок!
Алыска кетпес санаа жок,
Арманым айтпай коюуга
Менин артымда калган балам жок!

Ордунда турчу санаа жок,
Ойлонбостон коюуга,
Менин ордумду басчу бала жок!

Алтындын кени жерде эле,
Алтымыш күнү төксөм да,
Алтын ыр кени менде эле!
Жездин кени жерде эле,
Жетимиш күнү айтсам да
Жетик ыр кени менде эле!

Арманга толгон муң калды,
Аз кыргызым окуурга,
Ак куржун толгон ыр калды.
Арманым айтсам, жаманбы,—
Аз кыргызым — кат билбейт,
Кантейин, аңкоо кылган заманды?!.

Көкүрөк толгон муң калды,
Көп кыргызым окуурга,

Көк куржун толгон ыр калды.
Көйгөйүм айтсам жаманбы,
Көп кыргызым, Кат билбейт,
Кантейин көркоо кылган заманды?.!

Суудан аккан дөңгөлөк,
Ныязаалы жөргөлөк.
Калган ырды термелеп,
Кызып чертип отурса,
Кыйыткан кеби бир бөлөк.
Жеңижок менен бир жүрүп,
Жергелүү элди күлдүрүп.
Токтогул менен бир жүрүп.
Топтолгон элди күлдүрүп.
«Чоң Ормонду» чоң чертип,
Чоочуп койбой оң чертип.
«Сары барпы» күү чертип,
Санап койбой тим чертип.
«Кер өзөндү» келтирген,
«Кара өзгөйдү» өстүргөн.
Кандай күүнү чертсе да,
Кыябына жеткирген.
Болгон-Тоо, Бозбу арасы,
Болор-болбос иш менен,
Мындан болуштун кетпейт жалаасы.
Бороштун Ныязаалысы,
Буда айталбайт ырымды!..
Мамаярда бир ырчы,
Мааниси жок бул ырчы.
Өгүздөн жоон көөдөсү,
Өзгөчө чоң келдеси.
Кышын-жайы түшүрбөйт,
Казанбактай селдеси.
Салаасы чоттун сабындай,
Мурду — устаранын кабындай,
Аарчыган пыяз беттенген,
Ургаачы аюу кептенген,
Буура киндик Калбото,
Буда айталбайт ырымды!..

Казыктан жоон салаасы,
Кай пенденин баласы.
Көзү-башы көнөктөй,
Картайып калган дөбөттөй,
Кара Жолдош дейт экен,
Буда айталбайт ырымды!..

Жерге-Талды жердеген,
Жамбашы нымшып тердеген,
Сийгек бала кейптенген,
Сиркеси чыккан чепкенден,
Мүзүраалы акын дейт экен,
А да айталбайт ырымды!..

Кожо-Атанын чатында,
Кочкорбайдын жанында.
Аты — Жуман, өзү аюу,
Балдырата күү кайрып,
Энеси бүбү өзү ырчы,
Ноктолуу аюу көздөнгөн,
Оболу суук сөздөнгөн,
Балык кулак чакмак таш,
Баркырата куу туткан.
Баштаганда жомогун,
Бардык кыргыз журту уккан.
Кулунду — багып тай кылган,
Ушул — Кара-Сууну жай кылган.
Кара-Суу, Бозбу арасы,
Өзү Кайназар мерген баласы.
Калың журтту эриткен,
Кошой, Алмамбет, Сыргак, Манасы.
Кыдыраалы жомокчу,
Буда айталбайт ырымды!..

Аксууда бар бир ырчы,
Нурмолдонун жээни.
Оңду, Солду кыдырып,
Мунун оңолбоду ээри.
Сөөлөт күтөт чалкалап,
Сөзүндө бар кээри.
Султанакун дейт экен,
А да айталбайт ырымды!..

Сасык-Сайда Орозмат,
Артында тери шымы бар.
Дурустап жакшы кийинбейт,
Дубана болгон сыны бар.
Калыбына келтирбейт,
Өңдүү, дөңдүү ыры бар,
Буда айталбайт ырымды!..

Жаткан иттей кашы бар,
Жан казандай башы бар.

Абалына карабай,
Аш тандап ичер назы бар.
Элдир-селдир ыры бар,
Ырында толгон чыры бар,
Байсалы акын дейт экен,
Буда айталбайт ырымды!..
Кара-Суудан Эшенкул,
Кара жаак бул кургур.
Семетей айтат күнү-түн,
Сереп салып отурсам,
Чоң эле мындан үмүтүм,
Буда айталбайт ырымды!..

Анжыянда бир ырчы,
Атын минип, камчы алып,
Аш, той десе дүрбөгөн.
Ар жыйынга барганда,
Айтыша албай жүрбөгөн.
Чалды-куйду сүйлөгөн,
Чалынарын билбеген.
Баш-аламан сүйлөгөн,
Байланарын билбеген.
Курман ырчы дейт экен,
Буда айталбайт ырымды!..

Үч-Теректен жаш ырчы,
Чакан ырга маш ырчы,
Ыштаны жок чоңойгон,
Ылжыраган таз ырчы,
Жетим болуп, басынган,
Куудулдугу ашынган.
Бир жерге бир жыл турбаган,
Айбанатты туураган.
Буда айталбайт ырымды!..

Исбескенде бир ырчы,
Калк аралап келгенде:
Караны көзгө илбеген.
Эл аралап келгенде,
Эч кимди көзгө илбеген.
Сыйлашканды билбеген,
Сылык болуп жүрбөгөн.
Карамырза акын дейт экен,
Карап туруп, байкасам,
Буда айталбайт ырымды!..

Жалал-Абадда Чөп ырчы,
Жалпысынан алганда,
Жергемден чыккан көп ырчы.
Тегин жерден ырдабайт,
Терең ойлуу жөн ырчы.
Сабиздей өңү сапсары,
Санат ыры бир далай,
Жакшы айтпайт чөптөн башканы,
Бу да айталбайт ырымды!..

Ак-Төбө менен Жошону,
Кышын-жайын барабар,
Салдырып ичкен бозону,
Чайнап ичкен тамшанып,
Адамдан көрдүм ошону.
Ак кирип кашы акталган,
Отурса элдин ичинде,
Ак баш жору баштанган,
Байтиктин уулу Беккулу,
Бу да айталбайт ырымды!..

Камшакка үч жыл кыштаган,
Катуу котур кыстаган,
Ал котурдун айынан,
Өлүп кала таштаган.
Өңгү-дөңгү сүйлөгөн,
Там салам деп жаз келсе,
Устундарын сүйрөгөн.
Нурмолдо менен айтышып,
Аксыга салган дүрбөлөң,
Ажыбек ырчы дейт экен,
А да айталбайт ырымды!..

Чочокой-Ташта Чоно бар,
Кара-Ташта Кабай бар.
Кез-Арттагы Азилбек,
Чоң-Обутта Тагай бар.
Асыранкул кыякчы,
Жалгыз аттуу Жанай бар,
Субанаалы комузчу,
Чаар аттуу Жабай бар.
Билеалбайт булар сырымды,
Айта алышпайт ырымды!..

Жаңыбайым — жомокчу,
Эшмамбетим зор ырчы.

Булар — жанымда көпкө болгон жок!
Жолой деген жол ырчы,
Көңүлүмө толгон жок.
Көр Жолдош, Калык жаңы ырчы,
Барпы болсо бала ырчы,
Бир тогузу биригип,
Биле албайт булар сырымды,
Булар — айта алышпайт ырымды!..

Толгонуп колу байланган,
Топтон Шыбыр айдалган.
Аркага колу байланган,
Алыска Шыбыр айдалган.
Түрмөдө жатып кутулган,
Соолуда мойну жыртылган.
Кыдырып барып, жер көргөн,
Кайтып келип, эл көргөн,
Жер тамда жатып ачынган,
Көзүнөн жашы чачылган.
О десем — добушу козголгон,
О дүйнөлүк дос болгон.
Бир билсе: Токтогул билет сырымды,
Көп болбосо азыраак,—
Током — сен айтып кой ырымды!..

## АК КУРЖУН ТОЛГОН ЫР КАЛДЫ

Кештелүү беле өңүрүм,
Кейиштүү бүттү өмүрүм.
Саймалуу беле өңүрүм,
Санаалуу болду көңүлүм.
Алтындан беле билегим,
Армандан беле тилегим.
Күмүштөн беле тилегим,
Күйүттөн беле тилегим.

Күкүгүң — шактан кеттиби,
Күйүттүү кайгы чектиби?
Булбулуң шактан кеттиби,
Муңайып арман чектиби?

Алтын менен чайкаган,
Кутуң калды, Жеңижок.
Айда барып кеп айткан,
Журтуң калды, Жеңижок!

Күмүш менен чайкаган,
Кутуң калды, Жеңижок.
Күндө барып ырдаган,
Журтуң калды, Жеңижок!

Ак куржун толо ыр калды,
Алган жарым тул калды.
Көк куржун толо ыр калды,
Кошулган жарым тул калды!..

Кызыл ат жорго желдирбей,
Кылым кыргыз чогулса,
Кимдин уулу дедирбей.
Кыямат өтүп барамын,
Кучактап бала мен сүйбөй!..
Карадан жорго желдирбей,
Казак-кыргыз чогулса,
Кайсы бала дедирбей,
Кайгырып кетип барамын,
Карманып бала мен сүйбөй!..

Анжияндын алтын баш,
Ээриң калды, Жеңижок.
Акынынан ажырап,
Элиң калды, Жеңижок.
Азилдешип бир жүргөн,
Теңиң калды, Жеңижок!

Кең Аксынын күмүш баш,
Ээриң калды, Жеңижок.
Күкүгүнөн ажырап,
Элиң калды, Жеңижок!
Тамашалап кеп айткан,
Теңиң калды, Жеңижок!

Телкүрөндөй күлүктү,
Темине чапса тер чыгар.
Теңтуштарым келгенде,
Теңир урган бул үйдөн,
Теңселип ырдап, ким чыгар?..

Кой-Күрөндөй күлүктү,
Кыялай чапса тер чыгар.
Курдаштарым келгенде,
Кудай урган бул үйдөн,
Кубанып ырдап, ким чыгар?..

Ак өрдөк учса, көл мында,
Аралап ырдап жүрөргө,
Ак калпак кыргыз эл мында.
Алам деп келген ажалдан,
Аман калар жолум жок,
Амалсыздан көндүм да!..

Көк өрдөк учса, көл мында,
Күкүктөй сайрап жүрөргө,
Күлүстөн кыргыз эл мында.
Көрүнөө келген ажалдан,
Көнбөй коёр жөнүм жок,
Күтүүсүздөн көндүм да!..

Алты канат ак өргөң,
Алты айланып мал баскан.
Акындын жайы кандай? деп,
Амандашып келүүдө,
Ага-тууган калбастан!..

Жети канат ак өргөң,
Жети айланып мал баскан.
Жеңижок, алың кандай деп,
Жергелүү журтум көрүүдө,
Жетине албай калбастан!..

Аргымак тандап ат минбей,
Ак кыжым салып салт жүрбөй,
Алтындан жүгөн ойдурбай,
Аргымак оозун чойдурбай,
Арманда кетип барамын!..
Күмүштөн жүгөн ойдурбай,
Күлүктүн оозун чойдурбай.
Күлүктөн тандап ат минбей,
Көк кыжым салып салт жүрбөй,
Күйүттө кетип барамын!..

Кара манат майлыгың,
Казакка кеткен дайыным.
Кызыл манат майлыгың,
Кыргызга кеткен дайыным!

Жабагысы — тай болбой,
Жардыларым — бай болбой.

Кулундарым — тай болбой,
Курама журтум — бай болбой.
Тескейден сууну бурдурбай,
Темирден коргон урдурбай.
Күңгөйдөн сууну бурдурбай,
Күмүштөн коргон урдурбай.
Эркечим койду баштабай,
Ээрчише конгон жардыга,
Эчкиден бөлүп таштабай.
Кочкорум койду баштабай,
Коңшудан конгон кедейге,
Койдон бөлүп таштабай.
Сайдан түтүн булатпай,
Сарала жылкы чубатпай.
Көк-Ойдон түтүн булатпай,
Көк-ала жылкы чубатпай.
Айылдап келген тууганга,
Ак ичик бербей кийитке,
Ак шумкар бербей тартууга.
Көргөнү келген тууганга,
Көк ичик бербей кийитке,
Көк шумкар бербей тартууга.

Сайга желе express
Сайдан өткөн кишини,
Саамалына чакырбай.
Кырга желе кактырбай,
Кырдан өткөн кишини,
Кымызына чакырбай,

Жыртылгыс тонду кийбедим,
Жылжыма жорго минбедим,
Жыргап бир доор сүрбөдүм!
Айдама жорго минбедим,
Атаңдын көрү, куу дүйнө,
Армансыз өмүр сүрбөдүм.

Түлкүнү кийбей башыма,
Түрлөнүп өспөй жашыман.
Суусарды кийбей башыма,
Сыланып өспөй жашыман.
Кордукту тарттым башынан!

Алты аркар чыккан жылдыздан,
Акын болуп, аттанып,
Атактуу чыктым, кыргыздан!

Жети аркар чыккан жылдыздан,
Жеңижок ырчы атыгып,
Жез таңдай чыктым кыргыздан!

Караган десем — барк* окшойт,
Кайрылып мени алмакка,
Кадалып тийген дарт окшойт!
Чырмоок десем — барк окшойт,
Чыңыртып алып кетмекке,
Чындап бир келген дарт окшойт.

Кыймалуу калпак, кара шым,
Кие турсам не болмок.
Кыркма сакал болгуча,
Жүрө турсам не болмок?

Саймалуу калпак, сары шым,
Кие турсам не болмок.
Сары сакал болгуча,
Жүрө турсам не болмок?!..

## ЖЕҢИЖОКТУН ЭСЕНАМАНДЫ ЭСКЕРИП ЫРДАГАНЫ

Эсеке, сен да дайра, мен да дайра,
Дүйнөгө келбейбиз го эми кайра,
Дайра агат, ал түгөнбөйт агат кайра,
Кайран ырлар калат го өзөн сайда,
Аксы менен Таласты араладык
Жакшы сөздөн башкасы, кайдан пайда.
Мүрзөңө ызат кылып бара албадым
Жер алыс, ат жете албас айлың кайда,
Эсеке, топурагың торко болсун
Акыры мен да барам ошол жайга.
Топурак калдым сала албай,
Добон ашып бара албай,
Калган кезек турбайбы
Бирин-бири таба албай.
Укканда жаман кейидим,
Түз болчу менин пейилим,
Кош Эсеке, кош болгун,
Чүйдө калып жок болдуң.
Жангарачка байландың,
Жарганаттай айландың,

Байтикка барып байландың,
Балапан куштай айландың.
Жеңең жакшы киши эле,
Айта жүрчү иш экен
Уулуңду жетелеп,
Улуу жолго төтөлөп
Таласка алып келди — дейт,
Катын алып берди дейт,
Үмөтаалы жеңеңди
Өз колу менен көмдү дейт.

## А ДҮЙНӨ КЕТСЕМ, КАЙЫР КОШ!

Жайыгың кербен талаасы,
Көкбөрү тартып, ат чапкан
Кымбатым кыргыз баласы.
Тотукуштай булбулуң,
Тооруган ажал айынан,
Тобуңдан кеттим карачы.
Тозоку ажал келгенде,
Тосо албаган арачы.
Туурумду басар уулум жок,
Тынбады Өтө санаасы!

Кыйкырып ырдап отурсам,
Кыргыз, казак жактырган.
Кара-Сууда булуңду,
Кыдырата бак кылгам.
Жергеңдеги Жети-Уруу,
Элиң калды Жеңижок.

Жүзүм-Жан, Кез-Арт, Чомполдой,
Жериң калды Жеңижок.
Атагы бийик кырк уул,
Элиң калды, Жеңижок.
Аксы, Талас, атактуу,
Жериң калды, Жеңижок.
Ала-Тоодой таянар,
Белиң калды, Жеңижок.
Жогор жагы Баба-Ата,
Мазарың калды, Жеңижок.
Батышы Кербен созулган
Базарың калды, Жеңижок.

Өз алдынча жүгүргөн,
Субай элең, Жеңижок.
Уругуң сол, Таласта,
Кытай элең, Жеңижок.

Ата ордуна тутунган,
Садырың калды, Жеңижок.
Ак калпак элде дайындуу,
Кадырың калды, Жеңижок.
Жардам берген башынан,
Баялың калды, Жеңижок.
Алган жарың Көксулуу,
Аялың калды, Жеңижок.
Этегин тоскон Осмонбек,
Жолдошуң калды, Жеңижок.
Кыяматты тиктеген,
Жолборсуң калды, Жеңижок.
Тегирменчи Рыскулбек,
Коңшуң калды, Жеңижок.

Топ аралап бир барган,
Топ жыйынга үн салган.
Кыяматтык дос болгон,
Сарттардан чыккан Токтогул
Досуң калды, Жеңижок!
Минип жүргөн сарала,
Жоргоң калды, Жеңижок,
Эрмек кылып жатчу элем,
Эриксем кумар жазчу элем.
Талас менен Кең Аксы,
Ордоң калды, Жеңижок!..
Мингеним аттын дулду,
Кийгеним тондун күлгүнү.
Адашып элден баратам,
Армангa батып бул күнү.

Жакшы адамды жараткан,
Жай-жайына койсочу.
Көбүргөндүү Көк-Дөбө,
Көп мал келсе конуш жок.
Күмүштөй баштан жан кетсе,
Көксөгөн менен келиш жок!

Сарымсактуу Сары-Тектир,
Сан жылкы келсе конуш жок,

Сары алтын баштан жан кетсе,
Самаган элге келиш жок.

Жаш булбул доошун уксам деп,
Жашыл гүл кылат тилекти.
Жабырдуу өлүм курусун,
Жалын чок кылат жүрөктү!..

Дөөлөткө бетим кызарбай,
Перзентке колум узарбай.
Казандан китеп бастырбай,
Капалыгым жазылбай.

Күлпөтүм элге жарашкан,
Жоргом бир жолду талашкан,
Жобурап айтып отурсам,
Жомогум калкка жарашкан,
Кереген талдынноодасы,
Келин алып, кыз бербей,
Кейиштүү тагдыр соодасы,
Уугум талдын ноодасы,
Уул үйлөп, кыз бербей,
Убайым ооpy соодасы.
Кыялай тарткан көч экен,
Кырсыктуу өлүм өч экен.
Капталдай баскан көч экен,
Капилет өлүм өч экен.

Жаркыраган дүйнөгө,
Жаралып эки келбеймин,
Жараткандын боору таш,
Жалпынды эми көрбөймүн!..
Бул дүнүйө ааламдан
Өлбөй тирүү ким калган?
Артымда калган туяк жок,

Ушул мага миң арман.
Жаркыраган дүйнөгө,
Кайтып келер болсочу,
О дүйнөнүн жалганын,
Айтып келер болсочу.
Кызыл тилин сайратып,
Чечендер өткөн дүйнөдөн,
Эсеп жеткиз ойлосоң,
Эчендер өткөн дүйнөдөн!..

Бул дүйнөдөн ким өткөн,
Ордо салып, чүкө атып,
Балдар өткөн дүйнөдөн.
Сан кылымды оодарып,
Саймедиреп кеп салып.
Санжырачыл, уламыш,
Чалдар өткөн дүйнөдөн.
Ат үстүнө оодарып,
Эңишкен өткөн дүйнөдөн.
Далысы жерге тийбестен,
Жеңишкен өткөн дүйнөдөн.

Багелектен алышып,
Бак-таалайга салышып.
Бар кумардан канышып,
Балбандар өткөн дүйнөдөн.
Ааламдын баарын багынтып,
Адамдын канын агылтып,
Тизеден канга малынтып,
Жек көрүнүп канчага,
Албандар өткөн дүйнөдөн,

Кум агызып сел болуп,
Сайлар өткөн дүйнөдөн.
Кул иштетип кумсарып,
Байлар өткөн дүйнөдөн.
Бир көргөнүн сынаган,
Сынчылар өткөн дүйнөдөн.
Ааламдын баарын ыр кылган,
Биздей ырчылар өткөн дүйнөдөн!..

Аргымак минсем бели бош,
А дүйнө кетсем, кайыр кош.
Бууданды минсем бели бош,
Эми бурулбай кетсем, кайыр кош!..

## БИР АЛЛА

Жети кабат асманга,
Күн жараттың бир Алла.
Жылдызы чеге ай менен
Түн жараттың бир Алла
Түрдүү-түрдүү ааламга,
Түр жараттың бир Алла

Ичи толгон бейишке,
Ур жараттың бир Алла
Адам — ата, Ава — эне,
Җуп жараттың бир Алла.
Булбул кие, чымчыкты,
Бакта кылдың бир Алла.
Бухардагы падышаны
Такта кылдың бир Алла.
Бугу, марал, кийикти,
Ташта кылдың бир Алла.
Җетип алар ажалды
Башта кылдың бир Алла.
Қурт-кумурска, бөй-чаян,
Чөлдө кылдың бир Алла.
Өлгөндөрдүн баарысын,
Көрдө кылдың бир Алла.
Қаз, өрдөктүн баарысын,
Көлдө кылдың бир Алла.

## «МАНАС» ЭПОСУНАН.
## СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА ЖӨНӨШҮ

Кара таздан кеп уктум,
Калкың кыргыз деп уктум.
Желке таздан кеп уктум,
Жериң Талас деп уктум.
Эки таздан кеп уктум,
Элиң кыргыз деп уктум.
Барышым — Бар-Көл деп уктум,
Өрүшүң — Кең-Кол деп уктум.
Душмандын ишин көп уктум.
Тентиреткен элимден,
Абыке, Көбөш деп уктум.
Экөбү, айбандык кылган деп уктум.
Атамдан калган алтын так,
Байланды беле биздин бак.
Анда апакеси Каныкей,
Анда туруп муну айтат:
— Кара оозуңа кан толгур,
Кандай неме айтты экен.
Бүт оозуңа жин толгур,
Жинди неме айттыбы?..
Айбалка сабы жез эмес,
Айланайын кулунум,
Сен аттанып чыгар кез эмес.
Балканын сабы жез эмес,
Балам, жетилбей барар кез эмес.
Сумбула тууп, жут болот,
Быйыл жаман кыш болот.
Алты бөрү бир койду,
Таласа жанды коёбу,
Жаласа канга тоёбу?
Абыке, Көбөш эки арам,
Атасы менен алты арам.
Алар асылса жаның коёбу?
Булчуң этиң толо элек,

Абыке, Көбөш кул менен,
Булкушар кезиң боло элек.
Жүлүн этиң толо элек,
Жулкушар маалың боло элек.
Билегиң күчкө толо элек,
Сен, белсенер убак боло элек.
Балапан жүнүң түшө элек,
Балтыр этиң толо элек.
Сен басташар мезгил боло элек,
Көнөк этиң толо элек.
Кармашар маалың боло элек,
Анда Семетей туруп муну айтат:
— Кара тоонун карагай,
Какка сайса өнөбү?
Каргалар менен тебишип,
Кара кандын шаарында.
Сен ушинтип айтканда,
Мен карыптыкка көнөмбү?
Көк жал Манас атамдын,
Абыке, Көбөш эки арам,
Арбагын жерге көмөбү?
Кара Кандын шаарында,
Качып жүрүп не пайда?
Долононун бутагын,
Топко сайса өнөбү?
Тоо туйгундун баласы.
Торгойлор менен тебишип,
Темир кандын шаарында,
Сен ушинтип жатканда,
Бул тозокко көнөмбү?
Туйгун Манас атамдын,
Абыке, Көбөш эки арам,
Арбагын жерге көмөбү?
Кара кандын шаарында,
Качып жүрүп не пайда,
Кармашарга жоо кайда?
Темир кандын шаарында,
Тентип жүрүп не пайда,
Тебишерге жоо кайда?
Аргын кыргыз эл кайда,
Ала-Тоо менен жер кайда.
Анда долу Каныкей,
Айтпай ыйлап болбоду,
Айтпаска өзүн зордоду.
Анда Семең болбоду,

Карчыга деген кара куш,
Кайрылып учат жем үчүн.
Мен калмакка барам эл үчүн.
Кыргиек деген кыйын куш,
Кылчайып конот жем үчүн.
Мен кытайга барам эл үчүн.
Абыке, Көбөш эки кул,
Алыптыр талап көчүмдү.
Айланайын апаке,
Алып берем өчүндү.
Азыр жөнөтүп жонүн айтпасаң,
Карабайм сенин бетинди!..
Анда катын Каныкей,
Темиркандын ак тулпар,
Алып келип токуду,
Көңүлүңө түйгүн деп,
Булбул болуп окуду:
Өткөн иштен баштады,
Жалгызынын алдына,
Баарын айтып таштады:
— Айланайын жалгызым,
Атаң Манас эр эле,
Болжолу жок шер эле,
Кайдан эр буга тең эле.
Атаң — дубана келсе турбаган,
Туруп салам кылбаган.
Эшен келсе турбаган,
Эңкейип салам кылбаган.
Маңдайы тайкы мен белем,
Атаң басташкан жоодон ок жеген.
Көк жалдан бөлүнүп калган мен элем.
Кайран атаң өткөн соң,
Тал-талынан бөлүнүп.
Менин такым этим көрүнүп.
Кой кайтарган болчумун.
Абыке, Көбөш арамдын,
Өткөн болчу кордугу,
Жеткен болчу зордугу.
Тамак болгон жол ката,
Бакайдын союп берген боругу.
Аткарып атаң керээзин.
Чыйырдыны ээрчитип,
Таятаңды аркалап,
Тентип келген мен элем.
Талас деген жериндин,

Бетегеси бураган,
Тоосунан булак кулаган,
Тереги көктү тиреген,
Текеси чөбүн жиреген.
Алмаларын алып жейт,
Бычак менен жарып жейт,
Күрүчүн күздүк айдатат,
Күлүгүн жемге байлатат.
Күнчүлүк жерге шайлатат,
Арпасын күздүк айдатат,
Аттарын жемге байлатат,
Айчылык жерге шайлатат.
Жармасынан чайы көп,
Жардысынан байы көп,
Кара малдан төө көп,
Карды салык бээ көп.
Калайынан күмүш көп,
Кара эгинден күрүч көп.
Өрдөгүнөн казы көп,
Өлөңүнөн сазы көп.
Барганыңда көрөрсүң,
Кулун, тайы кунандай,
Кыз-келини жубандай.
Учуп чыккан чымчыгы,
Тоодон учкан улардай.
Чымчыгынын үнүнө,
Чыдап пенде туралбай.
Барганыңда көрөрсүң.
Адыр-адыр жеринде,
Аркары жатат куюлуп.
Аркары адам таанығыс.
Таласта азаптуу пенде наалыгыс.
Будур-будур жеринде,
Бугусу келет куюлуп.
Бугусу пенде таанығыс,
Таласта — азаптуу пенде наалыгыс.
Ала-Тоо мекен жери бар.
Ак калпак кыргыз эли бар.
Өткөн арбак конгон жер,
Өрүшү малга толгон жер.
Жаткан арбак конгон жер,
Жайыты малга толгон жер.
Келини кере баскан жер,
Кыздары эндик казган жер.
Жибек кемсел кийинип,

Жигити сулуу болчу эле.
Кызыл жибек кийинип,
Кыздары сулуу болчу эле.
Келеңкер чачпак салынып,
Келини сулуу болчу эле.
Кыздарына кызыгып.
Келинине кеп айтып,
Келбей шорум курутпа,
Апаңдын айткан кебин унутпа!
Барганыңда көрөрсүң,
Кең Таластай жер кайда?..
Барганыңда көрөрсүң,
Кайран атаң Манас багында,
Кең-Колдун куйган чатында.
Турпагын Алайдан барып алдырып,
Алты жүз төөгө жүктөтүп,
Күлботосун кең Чаткалдан тарттырып.
Алты миң эркеч майына,
Кыш бышырып бек салгам.
Атаңдын ошол күмбөзүн,
Алты кылым өткөнчө,
Ушу турган Таласка,
Турар бекен деп салгам!
Кең-Колдун куйган чатына,
Жети миң эркеч майына,
Кыш бышырып бек салгам.
Атаңдын турган күмбөзүн,
Жети кылым өткөнчө,
Жарашыктуу Таласка,
Турар бекен деп салгам!
Таласка барсаң барып кел,
Абыке, Көбөш эки арам,
Башына түйшүк салып кел,
Атаңдан калган сегиз мүлк,
Телегейи тегиз мүлк,
Калтырбастан алып кел!..
Кагылайын жалгызым,
Эми сырым айтайын,
Түшүндүрүп кайтайын
Кең Кашкардын ар жаны,
Кебез-Тоонун бер жагы.
Алтымыш калмак бир тилмеч,
Жерди ченеп келгенде,
Карактап алган Ак келте.
Атакеңе чак келте.

Асып атсаң — ай чакыр,
Жатып атсаң — жазайыл.
Отуруп атсаң — ой чакыр.
Басып койсоң барденке,
Алыска атсаң — ак келте.
Тартып койсоң — Тапанча.
Боору муздай көгөргөн.
Сыртын Көк Жал өгөгөн.
Баарын түзөп теңеген.
Түбүнө койдой алтын чөгөргөн.
Оозуна окту ашаткан,
Түбүн замбирекке жасаткан.
Оозунда бар он атар,
Белинде бар беш атар.
Ат башындай коргошун,
Күлдүрөтө салчу эле.
Болоттон кылган чоң сүмбө,
Такылдатып урчу эле.
Чаначтап дары куюучу,
Кош Сүмбө менен уруучу.
Чиркейдин тумшугундай куу баткан,
Жолборстун сийдигиндей суу баткан.
Балык кулак чакмак таш,
Баркырата чачуучу,
Чиркейдин тумшугундай кууна,
От байланып калуучу.
Душманды көздөй бурчу эле.
Жер солкулдап атканда,
Алааматты кылчу эле.
Атаң Манас канкорум,
Ошентип жоону алуучу.
Асса — бараң, атса — түз,
Асыл жандын эрмеги.
Асылып адам көрмөгү.
Көр Көбөштүн колунда,
Алуучу болсоң мүлк ошол!
Балам берүүчү болсо ошону ал,
Бербесе сага кулунум,
Жамандашпай кайтып кел!
Атаңдан калган сыр найза,
Душманыңа чыр найза,
Тууганыңа туу найза,
Учу толгон уу найза.
Кара-Коюн, Беш-Таштын.
Карагайын кыйдырган,

Саратанда кестирген,
Салкын жерге жыйдырган.
Тутам жерин каптаткан,
Тутам жерин саптаткан.
Колдон тайма болот деп,
Кол кармачу жерине,
Колодон сымдап чырматкан.
Учуна — коргошун уусун чылаткан.
Тийген жерин ырбаткан,
Сайган жерин кулаткан,
Жанып тийсе ыйлаткан.
Он эки кулач Сыр найза,
Душманыңа чыр найза.
Көр Көбөштүн колунда,
Берүүчү болсо ошону ал,
Бербей койсо кулунум,
Жамандашпай кайтып кел!..
Көмүрүнө чыдабай,
Көп токойлор кыйраган,
Көрүгүнө чыдабай,
Көп өгүздөр союлган.
Сугатына чыдабай,
Суук булак соолгон.
Кылганына чыдабай,
Кырк усталар кыйналган.
Уй майына сугарган,
Уйдун баарын кырды деп,
Далай катын ыйлаган.
Көлүгүнө чыдабай,
Кыйла балбан жыйылган.
Кара уста менен Сары уста,
Саргайып соккон Ачалбарс,
Караңгыда кызарган,
Кырды карай шилтесе,
Кырк кулачка узарган.
Чөпкө койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен!!
Көр Көбөштүн колунда,
Берүүчү болсо ошону ал,
Бербей койсо кулунум,
Жамандашпай кайтып кел!..
Төгөрөгүн төгөгөн,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Он жети ай жатып өгөгөн.
Төбөсүнө муштумдай алтын чөгөргөн

Атаңдан калган Ай балта,
Эшик эндей сом балта,
Сабы карагайдай чоң балта,
Абыке кулдун колунда,
Берүүчү болсо ошону ал,
Бербей койсо кулунум,
Жамандашпай кайтып кел!..
Пил терисин каптаган,
Желим менен чаптаган.
Арчасын ар жыттан тандап кестирген
Керектүү жерин тештирген.
Кээ бир жерин муунаган,
Кээ бир жерин туураган.
Арча отуна кактаган,
Кылымда мындай болбойт деп,
Көргөн кары мактаган.
Алтындан мыгын кактырган,
Аны кылган устаны,
Анжыяндан таптырган.
Күмүштөн мыгын кактырган,
Көргөн киши жактырган.
Добушу күнчүлүк жерге угулган
Аттан түшпөй урушса,
Душманга салган чуулган.
Даңазасын караңар,
Алтынга баасы барабар.
Камчы менен бир чапсаң,
Кой чагырдай «тарс» эткен.
Чымын консо — «чыңк» эткен.
Чертип койсо — «дыңк» эткен,
Жылкы тийип, куш салсаң —
Кереги тийчү добулбас.
Чоң Жакып колунда,
Алуучу болсоң мүлк ошол!
Атаңдан калган Аколпок,
Тармал койду кырктырган,
Такыр жерге жыктырган.
Келинге кере бастырган,
Келишимин арттырган.
Кыздарга кылын тердирген,
Кызматын артык бердирген.
Букардын ак буласын алдырып,
Арасына болоттон төгүп салдырып,
Аркагын алтын зымдан жандырып,
Эришин күмүш зымга кандырып.

Чекесин кыялдатып ойдуруп,
Алтымыш келин, отуз кыз,
Оймокторун жойдуруп.
Келиндин баарын ыйлатып,
Кыздын баарын кыйнатып,
Барандын огу өтпөгөн,
Найзанын учу тешпеген.
Атаңдан калган Аколпок,
Көр Көбөштүн колунда,
Алуучу болсоң мүлк ошол.
Бербей койсо кулунум.
Жамандашпай кайтып кел!
Отуз теке терисин,
Ашаткысын келтирген,
Алтымыш эки балбанга,
Тарттырып ийин тептирген.
Кан Бакайдын келини,
Коно жатып иштеген.
Алманбеттин Аруукe
Алты ай бою тиштеген.
Энеңдин сайган жери билинбейт.
Жеңеңдин кайыган жери билинбейт,
Карап көздөр оюлган,
Кашка тиштер жоюлган.
Багелектен тартканда,
Аркан бою чоюлган.
Темиркандын Каныкей,
Бир жыл бою иштеген.
Кылычтын мизи кеспеген,
Барандын огу тешпеген,
Жылаан боор бүктүргөн,
Жымылдатып тиктирген.
Катканынан бүктөткөн.
Көчкөндө кара нарга жүктөткөн,
Чоң атаң Жакып үйүндө.
Ак куржунга салынуу,
Алабаканда илинүү.
Энеңдин кылган иши билинүү.
Кандагай деп аталган,
Муну кылган Каныкей.
Кан Кошойдон бата алган!.
Чылбырың куру кетет деп,
Акылы артык кыз Сайкал,
Тартууга берген Тайбуурул
Тайбуурул жөнүн сурасаң.

Энеси күлүк марал баш,
Күлүктүгү жанда жок.
Жылкыдан мындай жаралбас!
Атасы жапайы тулпар куландан,
Сынын көргөн Буурулдун,
Баардык баатыр суранган,
Көргөн душман күйүнгөн.
Минген киши сүйүнгөн,
Алты айчылык узак жол,
Алты күндө жүгүргөн.
Аркардай бели түйүлгөн,
Жети айчылык алыс жол.
Жети күндө жүгүргөн,
Жейрендей бели түйүлгөн,
Кууганың качып кетпеген.
Куугандар арттан жетпеген,
Кашка тиши күрөктөй,
Жарашыктуу карасаң,
Жал, куйругу жибектей.
Азуусу болот каккандай,
Жаныбарым Буурулдун,
Жөн желгени чапкандай,
Булчуң эти токтудай,
Кош таноосу коктудай.
Эки көзү чырактай.
Аккан терин карасаң,
Ак-Сайдан аккан булактай,
Оң көзүндө калы бар.
Караңгыда жол жүрсө,
Кулагынын түбүндө,
Жарык кылчу шамы бар.
Омуроосу адырдай,
Астыңкы кол мунардай,
Арткы буту чынардай,
Чаткы аягы Чаткалдай,
Карчытынын үстүнө,
Төшөк салып жаткандай,
Кабыргасы болоттой,
Тамашасы кызык той!
Кең соорусу Жайыктай,
Үстү тынчы кайыктай,
Балчыктуу жерге жатпаган,
Кош андан катар аттаган,
Бугудай мойнун бураган,
Буйдалбастан чураган,

Семиргени сүмбөдөй,
Секиргени бүргөдөй,
Кыйкырык укса элирген.
Оoздук чайнап кемирген,
Тизгинде колуң карышкан,
Учкан куш менен жарышкан,
Шамалдан өзү бүткөндөй.
Калбыр өпкө Буурулга,
Жер кеңдигинен түткөндөй,
Атаң кан Манастын Буурул ат.
Абыке, Көбөш колунда.
Буурул ат тийсе колуңа
Балам душманың көөнү куурулат!
Чунак, болжогон жерге жетерсиң,
Эки-Аралдан өтөрсүң.
Улуу-Суугa жетерсиң,
Уят кылбай өтөрсүң.
Андан нары сен барсаң,
Таластын суусу ташкандыр,
Тал башынан ашкандыр,
Эки чети шар агып,
Орто жерин карасаң;
Билектей кара кан агып,
Жаман кирип алгандыр,
Атың менен арбайып,
Кийимиң менен калдайып,
Жалгызым, агып жүрүп кетерсиң.
Кан Манастын арбагы,
Чолок чаар жолборсун,
Оң жагынан чамынтып,
Кара чаар ажыдаар.
Арт жагынан камынтып,
Ак буласын бастырып,
Алманбетти шаштырып,
Оң колтуктан аларга,
Уй куймулчак Сарала ат.
Уюлгуткан Алманбет.
Аяш атаң болучу,
Сол колтуктан аларга,
Наркы өйүзгө өткөрүп.
Көзүңдөн кайым болор го,
Ошондо сол бөйрөгүң таянып,
Солтонум атам деп ыйла.
Оң бөйрөгүң таянып,
Оёнум атам деп ыйла!

Күмбөзүнө зыянат кылып аларсың.
Андан нары бараарсың,
Агала тоонун бооруна,
Ак жоору тууп таштаган,
Айкөл Манас бар чакта,
Ар жорукту баштаган.
Көк ала зоонун бооруна,
Көк жоору тууп таштаган.
Көк жал атаң бар кезде,
Көп жорукту баштаган.
Айылга келген катынды,
Ал, Ак тайган капчу эмес.
Абыке, Көбөш эки арам,
Ал тайганды жакшы бакчу эмес.
Жыгыла жаздап тыржындап,
Чычкан терип кылжыңдап,
Келериңди билгендир.
Жолуңду тосуп жүргөндүр,
«Маралчы» деп бакыргын,
«Кийикчи» деп чакырган.
Этегиң менен эт бергин,
Колуң менен май бергин.
Аны ээрчитип аларсың,
Бакалуу көлдүн боюнда.
Келериңди билгендир,
Жолуңду тосуп жүргөндүр.
Чөп баскан жердин оюнда.
Көрбөгөнү көр болуп,
Көзүнүн жашы сел болуп.
Ага Абыке, Көбөш зор болуп,
Тартканы мээнет шор болуп,
Төө кайтарып кор болуп,
Боз жоргосун чайпалтып,
Ак сакалын жайкалтып,
Келериңди билгендир.
Жолуңду тосуп акмалап,
Төө кайтарып жүргөндүр.
Балам, жолугарсың Бакайга.
Бакай сени эр кылат,
Эр уулу менен тең кылат.
Көп кечигип курутпа,
Апаңдын айткан кебин унутпа!..
Ага чунак болобу,
Айткан менен коёбу.
Кең багалек балкылдап.

Кемер кур белде жаркылдап,
Көк жеке бутта чойкоюп,
Найзасы колдо койкоюп,
Токтогон жерде караса,
Түптүү кара чынардай.
Жүрүп кетти Семетей,
Ак тулпар минип туралбай!..
Кеткен жагы билинбейт,
Карааны көзгө илинбейт.
Элден чыгып кеткенде,
Кыйла жерге жеткенде.
Отура калып караса,
Орноп калган чынардай.
Тура калып караса,
Закымдап учкан Мунардай.
Кай кеткени билинбей,
Карааны көзгө илинбей,
Ошондой кайран элең Каныкей,
Чыйырдыга келди дейт,
Чыңырып кабар берди дейт:
— Төбөмдө чолпон жылдызым,
Жакамдагы кундузум,
Маңдайга бүткөн ырысым.
Семетей балам жок болсо,
Бул дүйнөдө жок эле,
Эч бир менин жумушум.
Бир атадан так эле,
Жумурткадан ак эле.
Элкин тууган байкушум,
Темир канат телчигип,
Катарга башы кошулуп,
Жетим болуп жетилип.
Али жетиле элек менсинип.
Азыр ат жалын тартып ат минип.
Ат мингенде бат минип.
Таласка кетти кулунуң.
Жетиле элек жаш эле.
Азабын тартып курудум.
Жатыны алтын энеке,
Жалгызың кетти элине,
Туугандан жалгыз энеке,
Туйгунуң кетти элине!
Алда айланайын жалгызым,
Же алдыңда жүргөн өбөк жок,
Же аркаңдан барар жөлөк жок

Ай караңгы түн болор?
Эми алда кандай күн болор?
Кетеринди билгенде,
Өлбөйт белем колуңа,
Менда түшпөйт белем жолума!?.
Анда байкуш Чыйырды,
Жүгүрүп тышка чыгам деп,
Мүдүрүлүп жыгылды.
Көрдү минтип кыйынды!
Анан минтип кеп салат:
Башыңа жара чыкпаса,
Башынан айтпай не болдуң?
Эсиңе жара чыкпаса,
Эртелеп айтпай не болдуң?
Ал аңгыча болбоду,
Алтындан кылган тактага,
Алты сабам пахтага,
Бөк түшүп жатып калыптыр.
А Каныкей жаман жорук баштаба!
Картайганда энеңди,
Кайгыртып бөөдө таштаба!
Сенин балаң жаш эмес,
Он эки жаш аз эмес,
Менин балам Эр Манас,
Бир жашында билинген.
Эки жашта эргиген.
Үч жашында үлгү алып,
Төрт жашында төлгө алып,
Беш жашында белсенген.
Алты жашта атыккан,
Ат үстүнө катыккан,
Жети жашта сергиген,
Бала куштай эргиген.
Сегиз жашка чыкканда,
Ойротко ойрон салчу эле,
Он сан жылкы алчу эле,
Кытайга кыргын салчу эле.
Кырктан жылкы алчу эле.
Тогуз жашка келгенде,
Токтолбой жоого аттанган.
Топтуу журтту башкарган.
Он жашына келгенде,
Ордо бузуп жоо чапкан.
Он бир жашка келгенде,
Ойроттун жармын караткан,

Өөн Манас атыккан.
Он эки жашка келгенде,
Эл башкарып кан болгон.
Атагы журтка даң болгон.
Балам, сен буга кейибе.
Атасын тарткан шер болсо,
Элин сүйгөн эр болсо,
Арбагы бийик улуу журт,
Алпарат кыргыз элиме.
Көркөмү эстен кетпеген,
Кондурат Талас жериме!..
Кейибейт элек мынчалык,
Эми сен буга кейибе!
Жакшы болсо жаманың,
Эрте барып бат келет,
Анда калган алты арам.
Бардыгына сес берет,
Жаман чыкса жаманың,
Тентип жүрүп жок болот.
Ал эки энеден жат болот,
Канча күндө келер деп,
Жол карап күтүп туралык,
Аман келсе жалгызым,
Акылды мыктап кылалык.
Кайырдашып эл менен,
Таласты көздөй жылалык,
Келбей калса кокустан,
Көздүн жашын тыялык.
Бөлөк элде жүргөнчө,
Бөлөк жерде күлгөнчө,
Биз дагы өлүп тыналык!..
Төрөбала Семетей,
Кичи-Суудан өттү дейт.
Чоң-Суусуна жетти дейт.
Таластын суусу күкүктөп,
Кирип турган кези экен,
Туурадан мөңгү бузулуп,
Туш-тушунан аккан суу,
Туурасынан кошулуп,
Токтолуп аккан жерине,
Тоо туруштук бере албай.
Тоорулуп адам келе албайт,
Кайрылып аккан жеринен,
Кар турyштук бере албайт,
Каарына адам келе албайт,

Окторулуп шар агат,
Кереге бою жар агат,
Орто жерин карасаң,
Билектей кызыл кан агат!
Аркырап аккан жерине,
Алты аркан салса бойлобойт.
Адырга түлкү жойлобойт,
Адамзаат баласы,
Бу суудан өтөмүн деп ойлобойт.
Ушуну ойлоп эр Семең,
Эки жагын караса,
Өз атасы эр Манас,
Турган экен кашында!
Кырк чоросу башында,
Алманбет бар кашында,
Аккуласы алдында,
Алдында сууну бойлобой,
Өлөмүн деп ойлобой,
Ак боз бээ сойбосом.
Өз энем Каныкейди мен,
Алып берип койбосом!
Деп оюн бузуп ошондо,
Аты менен арбайып,
Кийими менен калдайып,
Семең агып бара жатыры,
Суу үстүндө далдайып.
Алманбетти жемелеп,
Аккуласын кемелеп.
Алманбеттин Сарала,
Алдын торой салыптыр.
Эр Манастын Аккула,
Артын тосуп калыптыр.
Атасынын арбагы,
Сур жылан болуп суналып,
Семенди тышка сүйрөп салды эми,
Ээрдин башын каккылап,
Таппай калды эр Семең.
Өйдө-төмөн чапкылап,
Көрдүм эле эми эле,
Эсил атам кайда деп,
Семең өкүрүктү салды эми,
Андан нары өткөндө.
Атасынын он күмбөз,
Төбөсү дагы көрүндү.
Оң бөйрөгүн таянып,

Оёнум атам деп ыйлап,
Сол бөйрөгүн таянып,
Султаным атам деп ыйлап,
Бала барып түшкөндө,
Күнгүрөнүп унчугуп.
Күмбөзүнөн үн чыгып.
Арбактар сүйлөп калды эми,
Шашпай окуп куранды,
Жакшылап бата кылды эми,
Андан нары өткөндө,
Кызыл-Ташка жеткенде,
Ак сакалын жайкалтып,
Ак жоргосун чайпалтып,
Ак туйгун алып колуна,
Ак тайган алып соңуна.
Киши келе жатыры,
Атынын башын бурду эми.
Ар деме ойлоп турду эми,
Каныкей айткан Бакай деп,
Бакай болсо ушу деп,
Семең ойлоп турду эми,
Бакай келди бастырып,
Салам айтты Семетей,
Алекиме салам деп,
Бакай алик алды эми,
Анда Бакай туруп муну айтат:
А, балам сөлөкөтүң-сөлпүтүң,
Бир туруп окшоштуруп турам деп,
Анда Төрө бала Семетей,
Шашпай туруп муну айтат:
— Баягы зооттон калган кыягың,
Балбандан калган туягың,
Жетим болуп жетилдим,
Элге жаңы кошулдум,
Катыкпай жүрүп катыктым,
Катарга жаңы кошулдум.
Ат жалын тартып ат миндим.
Элимди издеп бат миндим.
Аттар калды жайында,
Кучакташып көрүштү.
Алкымдан жыттап өбүштү.
Семетей айтат Бакайга;
— Жакып канга барыңыз,
Жакшылап кабар алыңыз.
Жайын мыктап билиңиз,

Арам ою жок бекен.
Ойго ушуну илиңиз,
Ат берсе атын миниңиз.
Тон берсе тонун кийиңиз,
Анан бизге келиңиз,
Анда Бакай туруп муну айтат:
— Балам, сен барсаң да, мен барбайм.
Чоң атаң ачуулуу жаман киши эле.
Менин башымды айра чабат деп,
Анда төрөбала Семетей,
Анда туруп муну айтат:
— Башында жалгыз бир Бакай болучу,
Эми жанында деги балаң бар,
Эминеден санааң бар?
Кошулуп бирге жүрө бер.
Башында кууратан Бакай болучу,
Эми кулунуң жанда дагы бар.
Абаке эмнеден коркосуң?
Атыңды санга чаба бер,
Небереӊ Жакып келди деп,
Сүйүнчүлөп бара бер.
Сүйүнчү берсе ала бер!
Атын саңга бир чаап,
Жүрүп кетти ошондо,
Жакып канга барды эле,
Ассолоому алейкум.
Жакып кан жатасыңбы жериңде,
Чалкыган Ногой элинде?
Анда Жакыпкан туруп кеп айтат:
— А, Балам, бирдеме таап алгансып,
Сүйүнүп мынча калгансың,
Жөнүңдү айтчы деп айтат:
Анда Бакай муну айтат:
— Зооттон калган кыягың,
Манастан калган туягың,
Жетим болуп жетилип,
Жерге жаңы кошулуп,
Катыкпай жүрүп катылып,
Катарга жаңы кошулуп.
Ат жалын тартып бат минип,
Келди Талас жериңе,
Азыр амандашып кошулат,
Аргын кыргыз элиме,
Анда Жакып турду бөкчөңдөп,
Атаңдын оозуга урайын,

Бешиктеги баланы,
Элди бийлеп калгансып,
Абыке, Көбөш, уулумдан,
Бийлигин колдон алгансып,
Эсебин кулдун табайын,
Өлтүрүп азыр салайын.
Бакандап башын жарайын.
Бөкчөңдөгөн Жакып кан,
Баканды колго алыптыр,
Байкаттырбай Бакайдын,
Башын жара чааптыр.
Агызып канын башынан,
Бакай айтып туруптур:
— Арам өлгөн көк мээ чал,
Семетейдин өңүн көрсөң быткылдай,
Көрүнгөндү жуткандай,
Карадан кылган бөркү бар,
Казак менен кыргызды,
Бийлеймин деген эрки бар.
Кызылдан кылган бөркү бар.
Кыргыз-кыпчак уруусун,
Бийлеймин деген эрки бар.
Кайра кошомат кылып Жакып кан,
Бакайга моюн сунуптур,
Башындагы кандарын,
Суу куюп өзү жууптур:
— Айланайын Бакай кан,
Жалгызымды алып келчи көрөйүн,
Өрүш толгон уюмду ал,
Жайык толгон төөмдү ал,
Короо толгон коюмду ал,
Ак сандык толгон пулумду ал,
Алтын жака күмүш тон,
Муну да сага берейин.
Жалгызымды алып келчи көрөйүн.
Бакай аялдап мындай чыкты эле,
Жакып кан тонго кирип кетти эле,
Чунак чал эмне деп айтат деп,
Керегенин тушунан,
Тыңшап тура калды эле,
Анда Жакып кан туруп муну айтат:
— О, байбичем тура калгын ордуңдан,
Бир аякка уу чайка,
Бир аякка бал чайка,
Балды Бакай канга суналык,

Ууну Семетейге суналык,
Семетейди тукум курут кылалык,
Куунап жаткан эки бек,
Курутуп салат Семетей,
Жыргап жаткан эки бек,
Жылас кылат Семетей,
Эмесе, азыр жылас кылалык!..
Анда байбичеси туруп муну айтат:
— Уу куйбаймын аякка
Убал болот жаш башка,
Бал куйбаймын аякка,
Жаман болот жаш башка.
Атасынын атын бер,
Атасынын малын бер,
Атасынын мүлкүн бер,
Элин баштап жүрөлү,
Журтун баштап жүрөлү.
Элин баштап жүрбөсө,
Атасынын соңунан,
Бара берсин токтолбой,
Жаманды андан кийин өлтүргүн!
Айтканга чал болбоду,
Болбой мойнун толгоду,
Бир аякка уу чайкап,
Бир аякка бал чайкап.
Тактанын астына койду бөкчөңдөп,
Бакай аны угуп алды да,
Атын санга бир чапты.
Капталдай салып кетиптир,
Семетейге жетиптир,
Кейип айтып туруптур:
— Балам, барбайбыз десем болбойсуң!
Менин башымда каным көрдүңбү?
Анысы аз келгенсип,
Чоң атаң ачуулуу жаман киши экен,
Түбүңө сенин жетем дейт,
Бир аякка бал куюп,
Бир аякка уу куюп,
Балды берип Бакайга,
Ууну Семетейге сунам дейт,
Семетейди тукум курут кылам дейт!
Куунап жаткан эки бек,
Курутуп коёт Семетей,
Жыргап жаткан эки бек,
Жылас кылат Семетей.

Байбичеси ууну куйбай койду эле,
Өзү турду бөкчөңдөп,
Бир аякка уу чайкап,
Бир аякка бал чайкап,
Тактанын алдына койду бөкчөңдөп.
Балам, мага берсе ичейин,
Сага берсе ичпегин,
Карпытынды* ичем деп,
Өзүнө кайрып сунгунуң.
Суранып бекем тургунуң.
Эгерде ооз тийип бербесе,
Айтканыңа көнбөсө,
Ордуңдан өйдө тургунуң,
Басып келип эшикке,
Даңгытына куйгунуң,
Эми Семетей келди бастырып,
Кан Бакайды шаштырып,
Жакып кан тосуп бөкчөңдөп.
Ошондо айтып турган кеп:
— Төбөмдө Чолпон-Ата жылдызым,
Жакамдагы кундузум,
Бир атадан так элең,
Жумурткадан ак элең,
Кашымды менин тургузбай,
Жана Каныкей менен Чыйырды,
Алып кетип Букарга,
Балам башыңа салды кыйынды,
Бетинен өптү баланын,
Чыгарды деп муңумду.
Айланып таптың арман жок,
Балам ак калпак кыргыз туурунду!
Семетей менен Бакайга,
Эшикти ачып киргизди.
Дасторконун жайнатып,
Баркердигин билгизди,
Аңгыча байбичем өйдө тур деди.
Кайниң Бакай келиптир,
Кымыздан жакшы куй деди,
Мен өлсөм Бакай сени алат.
Кызматың жакшы кыл деди.
Байбичеси туруптур,
Бакайга кымыз сунуптур,
Ууну Семетейге сунуптур,
Семетей Жакыпка кымыз сунуптур.
Атамдан мурун ичпейм деп,

Ата каркыт кылып бергин деп,
Алдына келип туруптур,
Жакыптын көзү чекчейип,
Бели кетип мекчейип,
Эми кудай уруптур,
Амалданып Жакып кан,
Балам, ичип жүргөм мен өзүм.
Иче көргүн сен өзүң.
Тиктеп турсун менин бул көзүм!
Атам ичпес кымызды,
Өзүм кантип ичем деп,
Чоң атам турса жанымда,
Өзүмдү кантип билем деп.
Ордунан өйдө туруптур.
Даңгыт менен Маңгыттын,
Ит аягына куюптур,
Эки даңгыт жалаптыр,
Жалаганда мүрт кетип,
Төрт буту көктү караптыр.
Семендин мурду кетти кырданып,
Бети кетти сурданып,
Көзүн көрсөң кузгундай,
Көрүнгөндү жуткудай.
Атына ыргып миниптир,
Артынан Бакай жүрүптүр.
Турган Жакып барбайып,
Арам ою билинип.
Туруп калды шалдайып!
Астында аттар желиптир,
Бакай менен Семетей,
Абыке, Көбөш эки арам,
Эми ушуларга келиптир,
Абыке, Көбөш эки арам,
Аракты абдан ичиптир,
Аманат жандан кечиптир,
Семетей менен кан Бакай,
Салам айтып эшиктен,
Экөөбү тең кириптир,
Семетей туруп кеп айтат:
— Агалар жатасыңбы жеринде.
Алты сан кыргыз элинде,
Жалгыз чунак мен келдим,
Атамдан калган көп малды,
Каратпай багып жүрдүңбү?
Көбөш туруп муну айтат:

— Атандан кайсы мал калды?
Атандан кайсы жай калды?
Анда Семең муну айтат:
— Атамдан короо толо мал калган,
Ак сандыкта пул калган.
Абыке, Көбөш эки арам
Аты уйкаш кул калган.
Атамдан калган Ак олпок.
Аманат жанга чак олпок,
Атамдан калган ай балта.
Аны да кошо бергинин,
Азыр аны бербесең,
Атышар жерге келгинин!..
Абыке, Көбөш эки арам,
Айткан кепке көнүптүр.
Атасынын буюмун,
Семетейге бериптир!..
Буурулду минип булкунтуп,
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Чыйырды менен Каныкей,
Таласка алып келмекке,
Жөнөп калды Букарга!..

Семетей кырк күнгө жетпей Таласка көчүп келди. *(Жеңижок баардыгын ыр менен айтчу)*. Кыскача кара сөз менен айтса мындай эле: Кең-Колдун оозуна ордону тигип Семетей жатып алат. Абыке, Көбөш мага душман келди деп, аскери менен Семетейдин ордосуна кол салат. Семетей кырк жигитти кырып, Абыке, Көбөштү кармап, артына эки колун байлап сайга, андан кийин Жакып канды кармап сайга таштайт. Ушуну менен Семетей менин туугандарымдын баары кырылып бүттү. Эми, мен кимди сурайм да, кимди эл кылам деп кейип келатса эки жолдун айрылышында чарайнага чулганып эки жаш бала жатыры. Аттан ыргып түшүп экөөбүн эки койнуна катып Каныкейге алып келет. Анда Каныкей: «Ээ, балам, бул эмне?» Анда Семетей: «Ногойлук *(уруу)* токойго тууп таштап кетиптир, ушул экөөн эки эмчегиңди эмизип туруп мага ини кылып бер, атадан жалгызмын» деди. Анда Каныкей: «Ээ, балам, муногу мурун түшкөн кан кармап түшүптүр, бирөөгө бер, багып алсын, же болбосо, ушу баштан өлтүрүп сал. Акыры түбүңө ушул жетет деди. Муногул кийин түшүптүр, балам, колуна гүл кармап түшүптүр, канчалык жамандык кылсаң да сага жамандык кылбайт» деди. Анда Семетей:

«Андай эмес апа, булар чоңоюп колунан жамандык келгенче ким бар, ким жок! Мага бер» деди. Анда Каныкей: «Мына бул гүл кармап түшкөн бала кытайдан келген Алманбеттин баласы Күлчоро болсун, муногу кан кармап түшкөнү казактан келген кара ниет жаман киши эле Камбардын баласы Канчоро» деп атап коёт. Көп өтпөй Семетей калмак каны Темир кандын кызы Чачыкейге үйлөнөт. Чачыкей башында Чынкожонун кудалап койгон колуктусу экен. Аны Семетей билбейт. Колуктусу Чачыкейди Семетейге тарттырып жиберип, ызаланган Чынкожо катыныма катын, мен Айчүрөктү аламын деп Толтой баш болуп, Акун кандын шаары Үргөнчтү камайт. Айласы кеткен Айчүрөк ак куу кебин кийип асман менен кыдырып учуп, Таласка келип, Семетейдин ак шумкарын алып кетет. Ак шумкардын артына кууп барып Чынкожо, Толтойду жеңип, Айчүрөктү алып кетет. Көп узабай көп сандаган колдор менен барып, Коңурбайды жеңип келгени узакка айтылат. Кийин Чынкожо, Толтойдон Кыяз, Ныязбек деген эки бала калган экен. Ошол экөөбү аталарынын кегин кууп келгенде экөөбүн Күлчоро өлтүрөт. Акырында Канчоро Семетейди өлтүрүп, Айчүрөктү алат. Сейтек жетилгенде Күлчоро экөөлөп Капканын төмөн жагындагы Коён-Токой деген жерде Канчорону атып таштайт. Сейтек элге кан болуп калат.

## АКЫРКЫ ЫРЫ

Тобурчактуу торала ат,
Токуп койсом тер алды.
Топ жыйында сайраган,
Тоту кушту жер алды!..

Кайчы кулак карала ат,
Каңтарып койсом тер алды.
Күнү-түнү сайраган,
Күкүгүңдү жер алды!

Алтын белем, аккыдай,
Ай белем, чыгып баткыдай.
Армандуу болуп калыпмын.
Аз гана жашап кайткыдай!

Күмүш белем, аккыдай,
Күн белем, чыгып баткыдай.
Күйүттүү болуп калыпмын,
Күн көрбөй эрте кайткыдай!..

Боздогон элим, сен болдуң,
Бозоргон бейит мен болдум.
Какшаган элим сен болдуң,
Карайган бейит мен болдум!

Жаңгактай сөздү жара айткан,
Жаагы жок акын мен элем.
Теңгедей сөздү тең айткан,
Теңдешсиз акын мен элем.

Ак шумкар кушту үндөгөм,
Айтышам деген акындар,
Алдыма келбей сүрдөгөн,
Алты ооз ыр таппай жүдөгөн!..

Көк шумкар кушту үндөгөм,
Көрүнөө келген чечендер,
Көрүшкөндө сүрдөгөн,
Кармашпай жатып сүрдөгөн.

Кештелүү жака, керме каш,
Келиним ыйлап отурса,
Кейийт белем, мен мынча!
Кырмызы көйнөк, кыйгач каш,
Кыздарым ыйлап отурса,
Кыйналат белем, мен мынча!..

Көк болоттой шыңк этип,
Сынарымды билбедим.
Көк кептердей шып этип,
Учарымды билбедим!..

Ак болоттой шыңк этип,
Сынарымды билбедим.
Ак кептердей шып этип,
Учарымды билбедим.

Чырпыгы элем чынардын,
Чырагы элем туугандын.

Камчысы элем буудандын,
Кайраты элем туугандын.
Эшигим алды кан арык,
Суум элең, кыргыз эл.
Эгиз тоодой сүйөнгөн,
Туум элең, кыргыз эл!

Капшытымда кан арык,
Суум элең, кыргыз эл.
Кара-Тоодой бел кылган,
Туум элең, кыргыз эл!..

Жети сайдан суу ичкен,
Жериң калды, Жеңижок.
Жети-Уруу деп аталган,
Элиң калды, Жеңижок!

Алты сайдан суу ичкен,
Жериң калды, Жеңижок.
Саруу, багыш, көп кытай,
Элиң калды, Жеңижок!

Аргымак минген чечендер,
Арманга батып не керек,
А дүйнө кеткен нечендер.

Күлүктү минген нечендер,
Күйүткө батып не керек,
Кайрылгыз кеткен нечендер!..

А дүйнө кетсем, мейличи,
Аман-эсен эл калсын.
А дүйнө көчкөн Жеңижок,
Акын өткөн деп калсын...
Акындык жолго түшкөндөр,
Аралап барып, кеп салсын!

Туура чыккан терегим,
Турумтай куштай айланып,
Тууганга тийген керегим.
Туюндуруп эми айтам;
Тушумда турган карегим,
Туурумдан учуп баратам,

Тууганым издеп таба албас,
Эми, туюктан чыкпас дарегим!..

Катар чыккан терегим,
Карчыга куштай чабыттап,
Калкыма тийген керегим.
Кабарымды эми айтам:
Кашымда турган карегим,
Калкымдан кетип баратам,
Каалаcа калкым таба албас,
Эми, кабырдан чыкпас дарегим!!!

## ЖЕҢИЖОК МЕНЕН АРСТАНБЕКТИН УЧУРАШКАНЫ[1]

Жеңижок Арстанбектин даңкын угуп, бир көрүүгө ынтызар болуп эңсеп жүрүп, Каркырага издеп барып жолугушкан экен.

Анда Жеңижоктун Нурмолдо ырчыны, Ысык-Көл, Талас, Олуя-Ата, Меркиге кеңири белгилүү чоң акын Эсенаман, Наркүлдү жеңип, элге таанылып калган кези болот.

Ал барганда жай мезгили экен, Арстанбектин айылы Каркырада жатыптыр. Акындын өргөөсү обочо жердеги дөбөчөгө тигилиптир. Жеңижок аттан түшүп, жанындагы жигити менен салам айтып, үйгө кирет. Аттарын алып, эшик ачкан киши да болбойт. Үй ичинде Арстанбек кара көрпө көлдөлөңдүн үстүндө ичик жамынып, жамбаштап жатыптыр. Киргендерге анчалык назар бөлбөй, ооз учунан алик алат. Буга Жеңижок тырчый түшүп, «Ээ, кетеличи» деп жанындагы жигитке караганда жолдошу: Ырда, анан көрө жатарбыз! дегендей белги берип токтотот. Ошондо Жеңижок комузун алып:

Аманбы, абам, Арстанбек,
Ааламга айттың далай кеп.
Эсенби, абам, Арстанбек,
Элге айттың далай кеп.
Нукура ырчы Арстандын,
Нуска сөзүн уксам деп.
Буйлоштун уулу Арстанбек,
Бүткүл кыргыз чогулса,
Булбул болуп сайрадың,
Бурап тилиң кайрадың.
Бурадар ишке барбадың.

---

[1] Ушул айтыш Б. Кебекованын «Арстанбек» (Бишкек «Илим», 1994-ж. 58—71-б.) аттуу китебинен алынды.

Боомдон урган шамалдай,
Бурулбай сөзүң айдадың.
Карала сакал болупсуң,
Каралап келдим өзүңө,
Кадоо салгын сөзүмө.
Ырчылыгым жок болсо,
Жаш экен деп санабай,
Көңүлүмө карабай,
Тике айткын көзүмө,
Жерим менин кең Талас,
Жердеп өткөн эр Манас.
Түп тегимди сурасаң,—
Калың кытай ичинде,
Уругум сол Каратал.
Жашымда жетим калгамын.
Жабыгып өскөн баламын.
Жалбарсам да эгедер,
Жетимдин тонун кийгизген,
Жетилтпей ичим күйгүзгөн.
Козу баккам коктуда,
Кой кайтаргам чокуда.
Кокуйлап нечен ыйлагам,
Койго жетпей кубалап,
Калың токой аралап,
Бутумду тикен жаралап.
Жараттан чыккан кочкул кан,
Агып кетчү салаалап.
Алланын берген дартынан,
Жетимдиктин зарпынан.
Айыл ичин аралап.
Эркин басып жүрө албай,
Далай көргөм кордукту,
Бай балдары басмырлап,
Башыма камчы тийгизген.
Жетимдигим билгизген.
Көзүмдөн жашым тамчылап,
Кийген киймим самтырап.
Коного кылгам ар жерди,
Мага окшогон алсыздын,
Кыйналганын ким билди!
Бир жылы чоң той болду,
Төрт дубан элди чогултуп,
Калк башчысы кадырлуу,
Катарлап ак үй тиктирип.
Казылуу нечен бээ сойду.

Кемегенин башында,
Эт бышырган жигиттер,
Шымаланып кашымда.
Отурат элем сексейип,
Сары үкүдөй чекчейип.
Той башкарган эмеси,
Мени көрүп зекиди.
Ала киши айылда,
Залалы тиет баарына.
От башынан куугула,
Жетим өлсө бир соолук,
Желкеден алып сойгула!
Жан соогалап жалбардым,
Ажалымдын жогунан,
Качып чыктым тобунан.
Таяке-тайым табам деп,
Аксыга кеткем тентиреп.
Асырап алар жетимди,
Агайиндин жогунан,
Аксыга барып жай таптым,
Алтын боолуу куш таптым.
Аркырап аккан суу таптым.
Аземи артык журт таптым,
Агайин, тууган дос таптым.
Көркөмү артык тоо таптым,
Көңүлү куунак эл таптым.
Шалысы бар жер таптым,
Шааниси бар эл таптым.
Адыр-адыр тоо бастым,
Кадырымды билүүчү,
Ажарлуу ак периште,
Айнектей асыл жар таптым.
Тектир-тектир жер бастым,
Тегимди тербес эл таптым.
Курбу-курбу тоо бастым,
Куюктурбас эл таптым.
Дары таптым дартыма,
Аброй алдым артыла.
Эл аралап ырдадым,
Эссиздин сөзүн сындадым,
Эстүүнү ээрчип сыйладым.
Ырчылыгым жактырган,
Күрүч берип бактырган.
Алдыма тулпар мингизген.
Арзыган жарым Көксулуу,—

Бир колума тийгизген.
Ажынын уулу Сулайман,
Абийир алган кудайдан,
Ыйман берсин ал жайдан!
Жетимдин тонун кийгизбей,
Жетимдигим билгизбей.
Желкеме камчы тийгизбей,
Ак ала чапан кийгизбей.
Алсыздыгым билгизбей,
Аркама камчы тийгизбей.
Аргымак тандап мингизип,
Ак парча кемсел кийгизип.
Алып жүргөн жанына,
Дайын кылган баарына.
Эрезеге жеткенде,
Нурмолдо менен айтышып,
Шарият сөздөн тартышып.
Атыккан ырчы аталып,
Атагым тарап кеткенде,
Кайрылып келдим Таласка,
Арбагы артык Манаска.
Атаганат арман күн,
Туулган жерди көргөндө,
Көңүлүм жаман бөлүндү,
Көзүмдөн жашым төгүлдү.
Ата-энемдин арбагы,
Алдымдан тосуп жол берди.
Агайин-тууган эмеспи,
Алыс, жакын чогулуп,
Аксыда алыс жүрсөм да,
Адашып журттан күйсөм да,
Амандашып кол берди.
Калк чогулган жыйында,
Эсенаман карыя,
Атагы элге жарыя.
Алдыман тосту ыр баштап,
Өткөн иштен чыр баштап.
Сары-Өзөндү сагалап,
Жангарачты пааналап.
Жакшылар менен жанашып.
Ырчылык жолун талашып.
Казак, кыргыз аралап,
Акындыгын дааналап.
Атагы арткан кексе чал,
Алдымдан кыйын тороду.

Мени элсиз деп айтып эңшерди,
Калксыз деп айтып каңтарды.
Тексиз деп айтып теңселтти.
Көпкө ойлонуп буйдалдым,
Ич отумду билгизбей,
Бутумду сунуп суйсалдым.
Алла-Таала кудурет,
Абийир бер деп жалындым.
Табият берген тартуулап,
Өнөрүнө багындым.
Барбардигер кудурет,
Паана болуп өзүмө,
Эсенаман ырчыны,
Эңшерип тойдо жеңгемин!..
Кадимин колго бергемин!
Той тараган эртеси,
Кара бет катын Наркүлдүн,—
Кылыгын айтып берейин:
Айыл башы тукуруп,—
Сук* катындай кара бет,
Албарстыдай апсайып.
Алды, артына карабай,
Акындыгым баалабай,
Айтышамын деп келди.
Аркы-терки сөз айтып,
Абийирин жеген ит катын,
Айламды катуу кетирди.
Аңги жалап эсирди.
Калың топтун ичинде,
Карабет катын калтаарбай,
Кадими журттан жалтанбай.
Сөзү кандуу ок экен,
Күйгүзүп ийчү чок экен.
Шыпырып таштап уятты,
Жан жерин жаңсап сөзгө алып,
Ары-бери калчады.
Каткырып баары күлүштү.
Албын* сөздү укканда,
Жыйылып боюм бүрүштү.
Баам алдым саамда,
Бетме-бет каршы кеп айтсам,
Кайра тартар түрү жок.
Бет ачылар окшоду.
Бети курган бул бетпак,
Бейжай сөздөн козгоду,

Катарлашып олтуруп,
Жалмандатып катынын,
Жалкы сөздөн айттырып,
Жалпы баары жактырып.
Жаш, карысы каткырып.
Ошондо кыт-кыт күлгөн карыга,
Ташкара, Эшен (Эшенкул) баарына,
Наркүлдүн сөзүн кайырып,
Устукан тарттым учалап.
Жото жилик ортолоп.
Табак койдум алдына,
Нарын кылып үймөлөп.
Чучук кесип үстүнө,
Күлүп жаткан көпчүлүк,
Кан буугандай токтоду.
Айтышка шыкак бергендер,
Бирден жылып жоголду.
Ошентип ишим оңолду!
Калк ырчысы Арстанбек,
Кабарыңды көп уктум.
Анжиян, Кокон аралап,
Алымбекти пааналап.
Ырдап кеткен деп уктум.
Кокон хандын ордодо,
Коно жүрүп бир жылча,
Ордо толо ырчыны,
Сындап кеткен деп уктум.
Омурткасын омкоруп,
Озуп кеткен деп уктум.
Карыядан кеп уктум,
Кадими ырчы деп уктум.
Аксакалдан көп уктум.
Артык ырчы деп уктум.
Өзгөлөрдөн кеп уктум,
Өзгөчө ырчы деп уктум.
Ошондон улам келгемин,
Аксы деген жерденмин.
Айтып бүттүм болгонун,
Атактын кантип конгонун.
Калганын өзүң талдап бер,
Жаман, жакшы болгонун?..

АРСТАНБЕК:

— Аманбы, балам, Жеңижок,
Айтканыңдын кеми жок.

Алкынып турчу ээ бербей,
Оо, балам, алтындай жаштын бири жок!
Эсенби, балам, Жеңижок,
Эчен кеп айттың кеми жок.
Элирип турчу ээ бербей,
Оо, балам, күлгүн жаштын бири жок!
О, тирикарак чырагым,
Термедей сөздү курадың.
Темир тоо жылып көчсө да,
Сен термелбей турган курагың.
Оо, анык бир буудан чырагым.
Сен кестедей сөздү курадың.
Көмүр тоо жылып көчсө да,
Сен кебелбей турган убагың!
Байкоо салдым сөзүңө,
Баалап турам өзүңдү.
Сыноо салдым өзүңө,
Толтурдум сынга өзүңдү!
Сын-сыпатың байкасам,—
Бучкагыңа теңебей,
Бороон урса кенебей.
Борумдуу басып, бой салып,
Жыйырмада жашың бар.
Жаш жолборстой башың бар!
Келбетиңди байкасам;
Жан бүткөндү теңебей,
Жамгыр төксө кенебей,
Keриле басып бой салып,
Как жыйырмада жашың бар,
Кабылан сүрдүү башың бар!..
Менин жайым сурасаң,—
Кара сакал болсом да,
Кадими үнүм өчө элек.
Кадырым журттан кете элек.
Агала сакал болсом да,
Аргендей үнүм өчө элек!
Аброюм журттан кете элек.
Эр ортодон өтсөм да,
Али комуз күүм топ эле.
Ырлар ырым мол эле.
Азар салсаң байкарсың,
Ааламга жайым айтарсың.
Азыр ак саргыл өңүм азыңкы,
Алибеттүү денем басыңкы.
Балам, алдага айтар арзым бар!

Алда качан башталган,
Арылбай жүргөн дартым бар.
Ажалдан алыс качсам да,
Азирейил жалаңкыч,—
Алды, артымдан аймалап,
Айламды жаман кетирди.
Айласыз эсер эсирди.
Урмат менен тоспойт деп,
Таарынба, балам, Жеңижок!
Калк алдында шаңшыган,
Кар суусундай ташыган.
Тоо суусундай ташыган.
Абаңдын булкунуп турчу күчү жок!
Арстандай сүрү жок,
Ак маралдай түрү жок.
Ак ботодой жүнү жок,
Аркырап акчу күнү жок.
Таң алдында сайраган,
Таңшып үнүн кайрыган.
Булбул өңдүү доошу жок,
Алсырап барам күндөн-күн,
Абаңдын аман болор түрү жок.
Айтканыңдын баары чын,
Туура он алты жашымда,
Алымбектин кашында,
Аралап Аксы көргөмүн,
Жер соорусу жарыктык,
Авлетим тоосуна,
Кожожаш учкан зоосуна.
Абайлап көңүл бөлгөмүн.
Пача-Ата суусу жарыктык,
Бутуңду салсаң муз болот.
Суусунун кана жутканда,
Ичиң муздап, кыш болот.
Арчалары түз болот,
Көлөкөлөп уктасаң,—
Ак жайдын күнү күз болот.
Кызыл-тазыл кийинип,
Кечке маал болгондо,
Шынаарлашып кыз-келин,
Жеңелерин жетелеп,
Бирине-бири эркелеп,
Токойдун ичи жыш болот.
Кара чачтуу моймол кыз,—
Кашын серпип койгондо,

Калдактап ичиң тыз болот.
Кайкалап басып кеткенде,
Кара жаның чок болот.
Ал айтканың дагы чын.
Шайыры көп эл болот.
Шакылыктап бүт күлүп,
Айткан сөзү кер болот.
Кодура талдай жанашып,
Биринен-бири талашып.
Ырчымын деген көп болот.
Жазгы кара жамгырдай,
Нөшөрлөтүп сабаган,
Ашкере ырчы жок болот.
Ак ала сакал болгондо,
Калпты кантип айтайын.
Жаз күнүндөй бүрү жок,
Күз күнүндөй мөмө жок.
Күн-түндөп айтар нуру жок.
Манасчысы пас болот.
Эсенаман ырчыны,
Аксыдан келген бир бала,
Жеңип кетти деп уккам,
Эншерип аттан оодарып,
Эңип кетти деп уккам.
Эсенаман эски ырчы,
Элге жаккан кески ырчы.
Жомоктун болчу молдосу,
Айтыштын болчу жоргосу.
Нуска сөзгө нар эле,
Айтканындай бар эле.
Кызыл тили курч эле,
Ырчылардын мурчу эле.
Оң, Сол кыргыз чогулса,
Какшап бир ырдап турчу эле.
Казак, кыргыз аралап,
Кыргыздыгы билинбей.
Эки тилде бипбирдей,
Элирип ырдап жүрчү эле,
Эсекемди жеңгениң,—
Элде калчу сөз болгон.
Эгем сүйүп, жар болгон,
Атагың чыгыр шар болгон.
Катындан ырчы кыямат,—
Айткан сөзү алаамат,
Таластагы бир тойдо,

Наркүлдү мен да көргөмүн,
Нурмолдо баштап бир тобу,—
Жалаңдаган ырчылар,
Шатыра-шатман каткырып,
Акынмын деп наз кылып.
Айтышам деп шаштырып.
Артынан калбай ээрчиген.
Байкап көрсөм сөздөрүн,—
Ырчылыгы бар экен.
Кажаң кара сөздөрдү,
Камырдай жууруп жиберген,
Калпыс жери бар экен.
Каарына алса каапырың,
Кар, борошо урса да,
Катарлап адам турса да,
Кара өзгөй сөздү айткандан,
Кайра тартпас жан экен.
Айтканынча бар экен.
Атагы бар чоң ырчы,
Айтышпай турган жан экен.
Адигине Нурмолдо,
Аят сөзү бир жорго.
Дагы бир тойдо көргөмүн.
Атайлап көңүл бөлгөмүн.
Молдолугу бар экен,
Нур бетинен төгүлгөн,
Сымбаты ашкан жан экен.
Шарияттан шар экен.
Сөз өктөмүн кетирбес,
Сүйлөгөнү курч экен,
Пайгамбарлар тарыхын,
Балкып ырдап турганда,
Кол жетпеген мүлк экен.
Ырчы балам, Жеңижок,
Сенде ырчылыктын кеми жок!
Ырдасаң сөзүң нар экен,
Түбү терең ор экен.
Сени менен беттешкен,
Ырчылардын шору экен.
Айт дедиң айтып калайын,
Комуз күүсүн черткенде,
Так келтире албаган,
Тайкылыгың бар экен.
Термелтип колду бош таштап,
Жандырып ийип күүндү,—

Жаздырган жайың бар экен.
Санат сөзүң сан экен,
Сайраган жайың бар экен.
Санжырага келгенде,
Уруулардын тарыхын,—
Оң, Сол кыргыз канатын,
Ундай элеп айтпаган,
Сылтыган жериң бар экен.
Аттиң, балам, Жеңижок,
Пейлимден чыккан сөз эмес.
Периштелер айт деди.
Эгемдин берген белгисин.
Айтпай коёр эрким жок.
Көксулууну алам деп,
Каргышка калып калыпсың.
Артыңан бала ээрчибей,
Көңүлүң толкуп телчибей,
Бир ташы кем шум дүйнө,
Арман толор ичиң чок,
Кабатыр болбо сөзүмө,
Тоодой мүшкүл түшсө да,
Томуктай кылып көтөрөт.
Таң калам адам күчүнө!
Шаймерден сени колдосун,
Барбардигер кудурет,
Пааналап ишиң оңдосун.
Камбаркан Баба кол берсин,
Кыдыр даарып, жол берсин!
Оо, балам, ырчылык жайын айтайын:
Ырчы болсоң — сынчы бол!
Зөөкүрдү чабар камчы бол.
Кургак жерге тамчы бол.
Дүлөйлөргө кулак бол,
Чөлдүү жерге булак бол.
Аргымак минген баатыр бол,
Алсыздарга жакын бол.
Күлүк минген күчтүү бол,
Күйдүргөнгө миздүү бол.
Жесирлерге жөлөк бол,
Жетимдерге көмөк бол.
Канкорлорго касап бол,
Калп айтканга мазак бол.
Ууруларга айгак бол,
Бечарага калка бол.
Беделсизге арка бол,

Ашта, тойдо мырза бол.
Аптыгып алкым агытпай,
Акындарга нуска бол.
Кара өзгөй болбой, калыс бол,
Кошоматтан алыс бол.
Усталарга балка бол,
Баатырларга калка бол.
Коркокторго уруш бол,
Кош сөздүүгө буруш бол!
Карыяга кайрым бол,
Алы жокко айбар бол.
Ашы жокко айран бол.
Эрегиш чыкса элчи бол,
Эл, журтундун кенчи бол!
Тону жоктун бөркү бол,
Той менен аштын көркү бол!
Желек кармар жетик бол,
Жардыларга кешик бол.
Жармачтарга эшик бол.
Жери жокко конуш бол,
Эти жокко союш бол,
Пейилдүүгө бейпил бол,
Ысаптууга байыр бол.
Мүлдө журтка шайыр бол!
Таразанын ташы бол,
Ырчылардын башы бол!
Калктын зарын зардап өт,
Качанкы ырын ырдап өт.
Калк көңүлүн чалкытып,
Каниет алып жыргап өт.
Элдин зарын зардап өт,
Эзелки ырын ырдап өт!
Эл көңүлүн чалкытып,
Эргүү алып, жыргап өт!
Уламаны улагын,
Улардай таңшып убагың!
Баяда минтип куугун деп,
Кек сактап, сөздү куубагын!
Санат сөздө сабагың,
Сабап айтар убагың.
Санаа тартпай жыргап өт,
Сакадай болгон чырагым.
Күлүк минип гүлдөп өт,
Күмүрөй журтка сүйлөп өт.
Жорго минип, жөлдо өт,

Жамы журтка ырдап өт!
Ырың журттун ынагы,
Өзүң болгун чырагы.
Балам, сынчылардын сынын ук,
Ырчылардын ырын ук!
Жомокчуну издеп ук,
Ушакчыны уктап ук.
Акылманды андап ук,
Дудуктарды жандап ук.
Чечендердин сөзүн ук,
Көсөмдөрдүн көчүн ук.
Комузчунун күүсүн ук,
Кыякчыны кылдат ук.
Добулбастын доошун ук,
Чоорчуну чордоп ук.
Темир комуз күүсүн ук,
Термелтип жанды жыргатат,
Назар салып, таасын ук!
Жолоочуну жолдон ук!
Добогердин доосун ук,
Манасчыны түнөп ук,
Кошокчуну кошуп ук.
Боз балдардын ырын ук,
Булбулдун мукам үнүн ук.
Кыз баланын сырын ук.
Боздогонду бозуп ук,
Бекбекейди безип ук.
Борумдууну тосуп ук,
Замананын зарын ук.
Каапырлардын каарын ук!
Мусулмандын жайын ук.
Кыргыздардын жоосун ук,
Кытай, калмак доосун ук.
Дубананын зарын ук,
Мүлдө журттун баарын ук!
Балам, нуска сөзүң кап болсун.
Санат ырың сан болсун!
Санжыра сөзүң саз болсун.
Калың кыргыз элиңе,—
Кадырың артып, бак консун!
Балам, жугумдуу сөздү сүйлөгүн,
Жулунган ырчы көп болот,
Журт ичинде сөз болот.
Ыр кадырын билбеген,
Өйдө, төмөн сүйлөгөн.

Жуксузга көңүл бөлбөгүн!
Журт алдында айтышып,
Жолбун жаман сөз угуп,
Асти бир жолой көрбөгүн,
Балам, каадалуу сөздү сүйлөгүн!
Калкыган ырчы көп болот.
Калк ичинде сөз болот.
Сөз кадырын билбеген,
Өйдө, төмөн сүйлөгөн.
Кадими жок ырчыга,
Кайрылып көңүл бөлбөгүн.
Калк алдында айтышып,
Кадырың калчу сөз угуп,
Тегинде бир жолдой көрбөгүн.
Баркыңды төмөн түшүрбө,
Бар атыңды өчүрбө!
Кадырыңды түшүрбө,
Кадими атың өчүрбө!
Адеби жок ырчынын,
Артында жаман сөз калат.
Анык нуска ырчыдан,
Ааламга кетчү сөз калат.
Балам, кайрылып сени көрбөсөм,
Нуска сөзүм айта жүр.
Арстанбекти көргөм деп,
Арткыларга айта жүр?!.

Жеңижок Каркырада бир топ болуп, Кегенге чейин барып, Көл кыргыздарын аралап, ырдап жүрүп кеткен экен. Кетеринде Арстанбектин алдына келип, коштошуп, узак ырдаган дешет. Арстанбек да комуз күүсүн өзгөчө муңкантып чертип, ырдап узаткан экен.

## ЖЕҢИЖОК МЕНЕН ЭСЕНАМАНДЫН АЙТЫШЫ

Таласта төрт дубан эл чакырылган чоң той болот, тойдун ээси — Ташкара болуш. Ушул жерде, бир аз чегинүү жасоого туура келип атыры. Анда тестиер Өтө-Жеңижок ушул Ташкаранын жакын тууганы, ата-энесинен эрте ажырап, томолой жетим калып, көрүнгөндүн эшигинде тентиреп жүрүп калат. Күз айынын бир күнүндө Ташкара чакан той берет. Кара курсактын камын жеп, тестиер Өтө да кемегенин жанында от жаккандарга аралашып жүргөнүн Ташкара байкап, бир жигитин чакырып: «Тээтиги, Өтөнү, эмне кемегенин жанына жолотосуңар? «Ала» менен оорул кетиптир го! Оорусу элге жугат, бир көк жетим менен таластык көбөйбөйт да азайбайт, алып барып, мойнуна таш байлап, Кара-Бууранын суусуна салып ийгиле! Жообун мен берем!» дейт. Эки жигит тестиер Өтөнү Кара-Бууранын жээгине алып келип, эми «жайлаганы» калышканда Өтө: «Жанымды аман койгула, акелер, Аксыдагы таякелериме качып кетейин»,—деп жалынып жиберет. Эки жигит макул болуп: «Экинчи көзгө көрүнбөгүн!» деп, Аксыга барчу жолду көрсөтүп, качырып ийип, Кара-Бууранын суусуна салып жибердик! деп Ташкарага жооп берип коюшат. Ташкара ишенип, ошол бойдон унутуп да калат.

Арадан жылдар өтүп, Жеңижоктун ырчылык атагы Таласка да угула баштайт. Ошентип, жогоруда айтылган, боло турган чоң тойго, Ташкара камынып, төрт дубан элге тойго чакырык кат жиберип, чабарман — кабарчыларды чаптырат. Аксыдан болсо Аксынын белгилүү манаптарын, бийлерин: «Сулайманкул датканы, Осмонбек, Бекмурат болуштарды, Баялы, Осмон, Субан бийлерди, Алишер казыны айтып, анан Жеңижок деген ырчыңарды ала келгиле!» дейт экен. Белгиленген күнү Аксыдан Таласка жогорудагы аты аталган адамдарга кошо далысы жерге тийбеген балбандар, эр сайышка

түшчүлөр, эр эңишчилер, дубан жарган күлүк, жорголору менен жөнөшөт. Ашуу ашып, Ташкара болуштун айылына жакын калганда Сулайманкул датка: «Жеңижок, балам, туулган жериңе, тууган элиңе келдиң! Ырыңды башта!» дейт. Ошондо Жеңижок ырын баштайт экен:

ЖЕҢИЖОК:

Айтпай кантип коёюн,
Туулган жерим Таласты.
Бадышанын улугу,—
Атабыз айкөл Манасты!
Куу турмуш сенин айыңдан,
Алтын баш элден адашты.
Бадыша Манас жүргөн жер,
Барк алып эли күткөн жер.
Акылман Бакай жүргөн жер,
Айкырып жоону сүргөн жер.
Каныкей энем келген жер,
Калкыма шилен берген жер.
Семетей жары — Айчүрөк,
Ак куу кебин кийинип,
Ак чынарга конгон жер.
Арзып жүргөн экөөнүн,
Ак тилеги болгон жер.

Жоргонун-Белин карачы,
Кыргыздын кымбат жери бу.
Айдың-Көл, Беш-Таш, Ор-Казган.
Табылгыты көлү, бу.
Кушчу, Саруу, көп кытай,
Жайлап көнгөн жери бу.
Үч-Кошой, Ак-Таш келишкен,
Жайкысын жайлаар төрү бу.
Агын суусу көк кашка,
Атпай жерден бир башка.
Көк ирим суусу бир башка,
Көп эле жерден бир башка.
Ою бүткөн бетеге,
Оттосо малы жетеби.
Кагылайын Таласым,
Оюмдан чыны кетеби?

Кыры кызыл бетеге,
Кызыккан малы жетеби.

Атабыз Манас жүргөн жер,
Кызыгы эстен кетеби?

Ак тереги шанданган,
Ар кайыбы камданган.
Кайыңдары шанданган,
Кайберени камданган.
Шаа тереги гүлдөгөн,
Шагында булбул үндөгөн.
Ор коёну ойногон,

Кабыланы камышта,
Калтары кумда сойлогон.
Кызыл чаар жолборсу,
Качырганын койбогон.

Этегинен бөлүнгөн.
Элигинин кулагы,
Эрменинен көрүнгөн.
Кыргоолдун корозу,
Тагынгандай мойнуна,
Кызылдан бермет шуруну.
Камыш ичин жайлаган,
Кышын-жайын туругу.
Кылтак коюп кыргандан,
Калбай барат уругу.
Кекилиги сайраган,
Керүүдө гүлү жайнаган.
Кирген суусу кем эмес,
Күркүрөгөн дайрадан.
Күкүктөрү таңшыган,
Гүлү кооз аңкыган.
Кышында суук тийбеген,
Жайында салкын күйбөгөн.
Кырында марал оттогон,
Курбуда теке токтогон,
Оюнда бугу оттогон,
Ой, кырда кийик токтогон.
Жаныбар, булагын ичсең — бал татыйт.
Алты миң түркүн гүлүнөн,
Адамдын көөнүн көтөрүп,
Атырдын нагыз жыты аңкыйт.
Аяк-башы керилген,
Таластын кеңдигинен көз кайкыйт!..

Жети атам өткөн жер эле,
Жердеген кыргыз эли эле.
Жетим калып жашымдан,
Кысымынан манаптын,
Таштап кеткен болучум.
Карагаттай көзүмдү,
Жаштап кеткен болучум.
Болотойду ээрчитип,
Карындашым Каракыз,
Баштап кеткен болучум.
Катар ашуу белдерди,
Ашып кеткен болучум.
Өз жеримден аргасыз,
Качып кеткен болучум.

Кагылайын, кең Талас,
Туулган жерим — сен элең,
Туу кылып, сени чоңойгон,
Тутунган жетим — мен элем!
Туурунан адашкан,
Тууганда тузум — кем белем!..

Эми, баштап келдим элиме,
Туулуп өскөн жериме,
Таяке, журт-тагамды.
Дүйнөнү түрө кыдырсам,
Дүйнөдөн сендей табамбы?
Тагдырдын жолу болбосо,
Тууганда качып барамбы?
Кагылайын, тууган эл.
Караңды көрүп турамын,
Кабыл алгын, саламды!
Калкынан кеткен бөлүнүп,
Таанып ал, Жеңижок-Өтө балаңды?!..

Киндигимди кескен жер,
Кичинемде өскөн жер.
Ай менен Күндү көргөн жер,
Айланып көңүл бөлгөн жер.
Тай, кунанды минген жер,
Талашып, ойноп күлгөн жер.
Торпокту кармап минген жер,
Тойпондоп ойноп күлгөн жер,
Жериме келип турамын!..

Жеңижоктун ырынын кызыгы менен убакыттын кандай өткөнү билинбей, Ташкара болуштун айылына кирип келишет. Жеңижок аттан түшпөй дагы чай кайнамдай ыр төгөт экен!

Ташкара өзү Жеңижокту аттан колтуктап түшүрүп, коноктор менен бирге ак өргөөгө кийирип, даткалар менен амандашып, жөн-жай сурашып, болгондон кийин, Жеңижокко карап: «Бу, сен, өзүң аксылык Жеңижок болсоң, анан «элиме келдим, жериме келдим» деп ырдаганыңдын жөнү кандай, айтчы? дейт. Жеңижок: «Мен өзүм ушул таластыкмын, Сиздин тууганыңыз Көкө абаңыздын Өтө деген уулу боломун. Илгери ооруп калганымда Сиздин тоюңузда жүрсөм, бир жигит келип, «ооруң жугуштуу экен» деп, Аксыга качырып ийген болучу деп, нар жагын ачык айтпай, туюгунан жооп берет экен. Ошондо Ташкара болуштун башы шылк эте түшүп, «баягы жосунсуз буйругу эсине түшүп, ичинен бармагын тиштеп, өкүнүп, башын чайкап, бирок сыр бербей: «Эми, балам, Жеңижок, аз айып, көп күнөөм болсо кечирип кой! Мына, бүгүн той башталды. Азыртан баштап, сен ушул тойдун жарчысысың!» деп астына аргымак ат тартып, үстүнө тон жаап, келген элге жар чакыртып жиберет экен! Жеңижок ырын дагы баштайт.

Ушул тапта коңшу ак өргөөдө атактуу жерлик акын Эсенаман менен казактан келген Майкөт акын сыйда олтурушкан экен, «Тойдун жарчылыгын биз ээлейбиз» дешип. Жеңижоктун тойго жарчы болуп, ырдап жүргөнүн уккан Эсенаман нааразы боло кейийт: «Бу Ташкаранын эмне кылганы — казактан чоң акын Майкөттү, мени атайын тойго чакыртып, анан кайдагы тентип жүргөн Жеңижокту тойго жарчы кылганы эмнеси?» деп. Ушул сөз бир жигит аркылуу ырдап жаткан Жеңижокко жетет. Жеңижок ырын токтотуп, жарчылыкты суранбаганын, ага, Ташкаранын өзү дайындаганын айтып, «мени Эсенамандар олтурган өргөөгө баштап бар, бул жарчылыктын башын ачып алалы!» деп, аттан түшүп, бирөөгө кармата коюп, жигитти ээрчий Эсенамандар олтурган ак өргөөгө жөнөп калат. Бирөө-жарымы айтканбы, же өзү байкап турганбы, айтор, Ташкара болуш Жеңижоктон мурун ак өргөөгө жетип, өргөөнүн эшигин өзү ачып, Жеңижокту биринчи кийирип, артынан өзү кирет экен. Жеңижок салам айтып, төр талаша Эсенаман менен Майкөттүн ортосунан орун алат. Айтыш болорун сезген эл ак өргөөнү ороп калышат. Аксылыктар да өргөөнүн ичине жайланышат. Майкөт акын шектенгендей, Ташка-

ра болушту карап: «Ой бай, Таскара, мынау балаң эсиктен кирип, өр таласты, өрдөн соң төр таласты сумдук кой, жайын айтшы?» деп калат.

Ташкара: «Өзүңүздөр уккан Жеңижок иниңиз ушул!» дейт. Анда Майкөт: «Баса, десең Жеңижок, карагым, сөзүң болсо такалмай сөйлөй отыр, шамаң жетсе Эсенаман экөмизди кабаты менен жөйлөй отыр» деп компоёт. Анда Жеңижок: «Жакшы болот, адамдын билгенинен билбегени көп, көргөнүнөн көрбөгөнү көп» деген алымча айтып көрөйүн, катасы болсо кечирип койгула, улуулук кылып деп, комузун күүлөп киргенде, бир кылы чырт үзүлүп кетет. Жан чөнтөгүнөн жаңы кыл алып, таккычакты араң олтурган Эсенаман акын: «Майкөттүн жемесинен кутулайын» деген ой менен өз тарабын көтөрө чалып, Жеңижок тарапты кордогондой ырдайт. Өзгөчө, Майкөттүн сыймыгын урматтап, Жеңижокту экинчи ооз ачып ырдагыс кылайын деп каптап кирет.

ЭСЕНАМАН:

— Аманбы, балам, Жеңижок?
Абаңдын сенден кеми жок.
Ак калпактуу кыргыздан,
Айтышарга теңи жок.
Айлымда ырчы көп жүрөт,
Балам, айтканынын эби жок!..

Эсенби, балам, Жеңижок?
Эсеңдин сенден кеми жок.
Эки жаактуу пендеден,
Эрегишер теңи жок.
Элимде ырчы көп жүрөт,
Балам, эки ооз кепке эби жок!..

Кандайсың, балам, Жеңижок,
Картаңдын сенден кеми жок.
Кара жаак пендеден,
Каяша кылар теңи жок.
Калкымда ырчы көп жүрөт,
Калжырай берген эби жок!..

Өзгө сөзгө токтобой,
Өзүмдөн кабар берейин.
Өкүнчүң болор, карагым,
Өзүң тапкын дебейин.

Жалпы сөзгө токтобой,
Жайымдан кабар берейин.
Таарынчың болор, карагым,
Таап алгын дебейин!

Үч-Кошой менен кең Талас,
Жерим ошол, Жеңижок.
Калың кытай уругу,
Элим ошол, Жеңижок.
Киндигим кесип бууган жер,
Киримди чайкап жууган жер.
Абалтан бери жай кылып,
Ата-бабам турган жер.

Улуулардан кеп уктум,
Уламалап көп уктум.
Ушул жерде туулган,
Сенин да уругуң кытай деп уктум!

Карылардан кеп уктум,
Кабарыңды көп уктум.
Калың кытай элинен,
Качып кеткен деп уктум!
Тегин таштап тентиреп,
Тентип кете берген дейт.
Уругу Сол, Каратал,
Ушул жердик элден дейт.

Беш уруу Солдон адашып,
Кайда бардың, Жеңижок?
Берими жок, жат өскөн,
Жайга бардың, Жеңижок.
Берекелүү эл болот,
Биздин байга баргын, Жеңижок!

Алты уруу Солду унутуп,
Кайда жүрдүң, Жеңижок?
Алымы жок, жат өскөн,
Жайда жүрдүң, Жеңижок.
Айдап тогуз мал берген,
Биздин байга жүргүн, Жеңижок.
Бул жерден кардың тойбосо,
Кайра баргын, Жеңижок?..

Убайым тартсаң алыңды,
Сурарың айтчы, Жеңижок?

Асирет, арман, арзынды,
Угарың айтчы, Жеңижок?

Алты атаң Сол, Каратал,
Арбагын айтчы, Жеңижок?
Аксыга качып Таластан,
Барганың айтчы, Жеңижок?
Андагы тарткан көп кордук,
Тартканың айтчы, Жеңижок?

Аксылыкты билемин,
Ала көөдөк эл болот.
Баарысын байкап көргөмүн,
Марттыгы бизден кем болот!

Алты күнү ырдасаң,
Алеки чапан кийгизет,
А деген жерде биздин эл,
Аргымак тандап мингизет!

Жети күнү ырдасаң,
Желеки чапан кийгизет.
Жеткен жерде биздин эл,
Жээрдени тандап мингизет!

Айылга келип ырдасаң,
Алтының ашып карк болот.
Ат мингизип чыгармак,
Бизде абалтан берки нарк болот!

Эсенаман эскимин,
Эл куруткан кескимин.
Элдир-селдир ырчынын,
Элдешпей тилин кесчимин!..

Чоң ырчы менен айтышкам,
Чоң атасын тааныткам.
Көп ырчы менен айтышкам,
Көптө байге бербеген,
Көкжалдыгым тааныткам!..

Сайратсам кызыл тилим бар,
Салпайбай, балам, тилимди ал.
Санда жок сендей ырчыны,
Сандалтып кубар жөнүм бар!..

Мындан мурун аныктап,
Көрдүң бекен, көзүмдү?
Уламалап, иликтеп,
Уктуң бекен, сөзүмдү?
Уга элек болсоң, карагым,
Убара кылып издетпей,
Учуратты кезиңди!..

Таасындап айтып мен сага,
Таанытайын өзүмдү.
Кереметим көрүп ал,
Келтирди, балам, кезиңди!..
Эсенаман эски атым,
Эл кыдырган кески атым.
Күкүктөй күндө күүлөнткөн,
Күндүр-түндүр сүйлөткөн,
Кош көмөкөй тил катым!

Акын болсоң жооп бер,
Айтам сөздүн кыйбатын.
Акындыгың жок болсо,
А да болсо зыйнатың!..

Үч-Кошой менен кең Талас,
Өз атаң жердеп өлгөн жер.
Өөктөп жатып чогулуп,
Өкүрүп тууган көмгөн жер.
Өзөнүн бойлоп башынан,
Өмүрүң өсүп, өнгөн жер.
Өзгө жерде өкүнбөй,
Өз элиңе көчүп кел!..

Чоң атаң жердеп өлгөн жер,
Чогулуп тууган көмгөн жер.
Чоочун жерде өкүнбөй,
Чоюлган журтка көчүп кел?

Калкың менен болбосоң,
Кайрат айтып не кылам.
Сөөлүм бар тилимде,
Сөздөн кантип жаңылам!..

Кабыл алсаң айтканды,
Кайта келгин Таласка.
Өлсөң ыйлап көмүүчү,

Өз элинден адашпа.
Жалдырап барып көзүңдү,
Жат элдин көзүн каратпа!..

Бирөөнүн жери жер болбойт,
Бирөөнүн эли эл болбойт.
Туурасын айтсам, мен сага,
Тууганду адам кем болбойт.

Башканын жери жер болбойт,
Башканын эли эл болбойт.
Артын ойлоп карагын,
Айылдуу адам кем болбойт.

Эсинди жыйып, элиң тап,
Эзелки Талас жериң тап!
Акылың жыйып, эсиң тап,
Абалкы Талас жериң тап!..

Карап тургун, карагым,
Калыстык кептен сүйлөйлү.
Калкынан азып жүргөн бар,
Кайгырышып жүрбөйбү.
Калкыңа эми келбесең,
«Калкынан качкан акмак» деп,
Кайдигер тили тийбейби!
Кайрылып келсең кадырлап,
Балам, калдайган журтуң сүйбөйбү!..

Капилет жерден доо болсо,
Кара өзгөй, жалаа, доо болсо.
«Каңгырап жүргөн акмак» деп,
Катаалдын тили тийбейби.
Каралашар тууган жок,
Кармап минер буудан жок,
Кайгырып ичиң күйбөйбү.
Кайрылып элге кошулсаң,
Балам, каалап калкың сүйбөйбү!..

Тендигиң айтар тууган жок,
Теминип минер буудан жок.
Телмирип ичиң күйбөйбү.
Тентибей элге кошулсаң,
Балам, теңтуштар сени сүйбөйбү!..

Өзүңө айтам, карагым,
Өрнөктүү сөздөн сүйлөйлү.
Өзгө жерден келген көп,
Өкүнүшүп жүрбөйбү.
Өзү башка калктан деп,
Сага бир өжөрдүн тили тийбейби.
Өбөк кылар тууган жок,
Өмөчтөп минер буудан жок,
Өрттөнүп ичиң күйбөйбү.
Өз элиңе кошулсаң,
Балам, өнтөлөп элиң сүйбөйбү!..

Карысы жаштай жыргаган,
Жаштары жаагын жаный ырдаган.
Калың кытай биздин эл,
Кара башың маң кылбай,
Кайрылып балам, мында кел!..

Баргандардан кеп уктум,
Баарысын байкап мен уктум.
Бакылдаган көйрөң эл,
Сенин баркыңды билбейт деп уктум!..

Каттагандан кеп уктум,
Кабарыңды мен уктум.
Кажылдаган калдас эл,
Сенин кадырың билбейт деп уктум!..

Өчүгүп калган жоо болсо,
Өзүңө жалаа, доо болсо,
Өмгөгүн салар жаныңда,
Жакшың жок дейт, Жеңижок!
Өзөгүңдү дарт чалса,
Өпкө чабар жаныңда,
Бакшың жок дейт, Жеңижок!..

Каршыгып калган жоо болсо,
Каймана жалган доо болсо,
Жакшың жок дейт, Жеңижок.
Кабыргаңды дарт чалса,
Кара болор жаныңда,
Бакшың жок дейт, Жеңижок!..

Жангарачтын Осмонбек,
Жакырыраак жакшы дейт.

Ажынын уулу Сулайман,
Алабарман бакшы дейт.
Бир мүнөзү кармаса,
Бой бербеген жинди дейт.
Антсе дагы башкарып,
Аксынын ичин билди дейт.

Алибектин беш торпок,
Айылдагы ашка орток.
Торпокту бука сүзбөйбү!
Бактысыз болуп жат элде,
Башыңа кайгы түшпөйбү.
Туулган жерин таштаган,
Акылсыз көрдүм сендейди!..

Айсыз бир кара түн болсо,
Ала тополоң күн болсо,
Адашып өлсө мейли деп,
Артыңдан киши издейби?
Таарынбагын, Жеңижок,
Табалбассың биздейди!..

Алда кимден туулду деп,
Атасыз, тексиз, кулбу деп,
Ар ким айтып артыңдан,
Айың, ушак кеп кылат.
Азапка салып жаныңды,
Акыры сени жеп тынат!..

Аргымак элем арыдым,
Азамат элем карыдым.
Айыкпайт тийсе этиңе,
Ажыдаардын заарымын.
Анча-мынча жин тийсе,
Айыктырчу дарымын.
Калдайган калың журтума,
Касиеттүү карымын.
Кашыңда Майкөт пириңди,
Көзүңдү ачып таанығын!..

Арка, Талас бай болот,
Жегени куйрук май болот.
Таласка келип ырдасаң,
Алтының ашып карк болот.
Ат мингизип чыгармак,

Бизде, абалтан берки салт болот.
Асили кедей Аксылык,
Ичкени куру чай болот!..

Жай мезгили бир кызык,
Жайнап жылдыз, Ай чыгат.
Кеңешип чукул, жарышса,
Тап берген жерден тай чыгат.
Тамандары кызыса,
Сары таман ат чыгат.
Эл ичине келгенде,
Элирип сайрап олтурсам,
Эсекендин оозунан,
Эчен сабак кат чыгат!..

Какылдап ырдап олтурсам,
Калкы-журтум жактырат.
Карысам да жаш балам,
Каалап тонду жаптырат.
Алты ооз мактап, ырдасам,
Алдыма ат тарттырат.
Жетеси жок, Жеңижок,
Жете албайсың чапкылап!..

Таамай элдин ичинде,
Таптымбы, балам, эбиңди.
Кыйынсынган Жеңижок,
Карыган чалдан жеңилди!
Улуулар менен айтышып,
Угузба, балам, кебинди.
Айтышар болсоң үн катып,
Азыр басам деминди.
Чыйраксынган Жеңижок,
Чыгарам болгон желинди!

Көпчүлүк элдин ичинде,
Күйүгүп, балам, асылба.
Курчтук кылып, басылба.
Өтө наалат кеп угуп,
Өспөй калба жашында.
Таасын күлүк тулпарга,
Тай жетеби жакында!..

Кары да болсом кадырлайт,
Кушчу, Саруу талашып.

Торгойдой сайрап олтурсам,
Топтолгон элге жарашып.
Атымды уккан агайин,
Алдымдан тосуп каалашып.
Жеңижок сендей акындар,
Жете албай калат адашып!..

Таамай ырчы сен болсоң,
Таңшыт кызыл тилиңди.
Таластан келип жолуктуң,
Таанып ал, Майкөт пириңди!
Чындап туруп, Жеңижок,
Чыгарып көрчү, үнүңдү!..

Кайрылып качан табасың,
Кадимки Талас конушту.
Токтолбостон, Жеңижок,
Толгоп көрчү, комузду.
Улуу-кичүү баарына,
Угузуп көр добушту.
Каяша кылбай тилимди ал,
Кашыңда Майкө пириң бар,
Кайда качып барасың,
Каршы алдыңдан жолукту!..

Жигиттик жаштын кийни деп,
Жеңижок колго тийди деп.
Эсекеңдин айтканын,
Элдин баары сүйдү деп.
Арттан ушак болбосун,
Ак жеринен күйдү деп.

Калың жыйын сөз кылсын,
Карыган Эсең алды деп.
Бышыксынган баланы,
Бир сүйлөтпөй салды деп!
Толгой кармап капшыра,
Толорсуктан чалды деп.
Жеткилең күлүк Эсеңе,
Жеңижок жетпей калды деп!

Арышын кере жүгүрүп,
Алдыңкы буту бүгүлүп,
Адырдуу жерден сүрүлүп,
Аргымак келди, жол бергин!

Атактуу Майкөт пириңе,
Айыпкер болбой кол бергин!..

Күнчүлүк жерден жүгүрүп,
Күүлөнсө буту бүгүлүп,
Күдүрдүү жерден сүрүлүп,
Казанат келди, жол бергин!
Кашында Майкөт пириңе,
Күнөкөр болбой кол бергин!..

Эргий-эргий жүгүрүп,
Эликтей буту бүгүлүп,
Эңиштүү жерден сүрүлүп,
Эсекең келди, жол бергин!
Эсилиң Майкөт пириңе,
Эңкейип барып, кол бергин?!..

Айткан сөзгө кулак сал,
Акыреккe түйүп ал.
Абайлагын, карагым,
Алдыңда Майкөт пириң бар!
Көп сөзүмө кулак сал,
Көкүрөккө түйүп ал.
Көтөрүлбөй байкагын,
Көрдүңбү, Майкөт, пириң бар!..

Жаркырап шоола тийгизген,
Күнүң ушул, Жеңижок.
Кошуп айтсам шарыят,
Диниң ушул, Жеңижок.
Сыйынуучу нак мазар,
Пириң ушул, Жеңижок.
Күүлөнтүп күндө сүйлөткөн,
Тилиң ушул, Жеңижок!

Майкөт сага пир болот,
Пирине тийген ким болот?
Сендей-сендей ырчылар,
Төрт чекене жин болот.

Тааныбасаң, карагым,
Таанытайын пириңди.
Каяша кылсаң кайрылып,
Кагайын болгон жиниңди.
Көпчүлүк элдин көзүнчө,
Балам, кескендей кылам тилиңди!..

Сырты болом суусардын,
Дарчысы болом ордонун.
Тазаланып жуунган,
Даараты болом молдонун.
Угуту болом бозонун,
Чигити болом гозонун.
Карысам да Жеңижок,
Казыр сенден озомун.
Кайда качсаң куткарбай,
Каршы алдыңдан тосомун?!..

Талыкпай жолго салдырчу,
Тамaны болом жоргонун.
Жаактууга жай бербес,
Жаалымды ойлогун.
Пириң Майкөт алдында,
Пейилиң, балам, оңдогун!..

Мөмөсү болом дарактын,
Шишеси болом арактын.
Жакасы болом, Жеңижок,
Торкосу алтын манаттын.
Тобокел кылчу көрөйүн,
Тоорулуп кайда бараттың?..

Тамырын жайып тараткан,
Сабагы болом санаттын.
Чабыттап эргип учарга,
Чалгыны болом канаттын.
Каяша кылчы көрөйүн,
Каңгырап кайда бараттың?!.

Асылы болом жылкынын,
Артыгы болом ырчынын.
Айчылыкта той болсо,
Алкынып ырдап турчумун.
Айтышамын дегенди,
Айттырбай тилин буучумун.
Ары жок сендей ырчыны,
Алкымдап тойдон куучумун!..

Торусу болом жылкынын,
Торгоюу болом ырчынын.
Топ жыйындын ичинде,
Торгойдой сайрап турчумун.

Томпойдой болгон жетимдин,
Токмоктоп тилин буучумун.
Тогонек берчи, көрөйүн,
Тобумдан алыс куучумун!..

Күлүгү болом жылкынын,
Күкүгү болом ырчынын.
Күлдү журттун ичинде,
Күкүктөй сайрап турчумун.
Күүлөнүп келген ырчынын,
Күрмөлтпөй тилин буучумун.
Күүлөнгөн сендей жетимди,
Күнөөлөп топтон куучумун!

Бууданы болом жылкынын,
Булбулу болом ырчынын.
Бурулушта той болсо,
Буйдалбай сайрап турчумун.
Булкунган сендей ырчынын,
Буйдалтпай тилин буучумун.
Кетсе да жашым картайып,
Кете элек мизи курчумун!..

Аргымак аттай жулкунуп,
Арышты мен да керейин.
Мөөнөтү келген сөзүмдү,
Мөндүрдөй төгүп, себейин.
Жайы жок жамсак күлүктү,
Жаныма кантип теңейин,
Айтып көрчү, Жеңижок,
Акындыгың ченейин.
Айтканыма жооп бер,
Андан башка не дейин.
Чыгарып көр, үнүңдү,
Андан башка не дейин?!..—

деп Эсенаман ырын токтотуп, жайланып олтуруп калат. Элдин баары тунжурап, үн каткан киши жок. Ошондо бир аксакал: «Балам, Жеңижок, сен айтар деле сөз калган жок, бардыгын Эсекең айтып бүттү окшойт. Эсекеңе каяша айтам деп, назарыңды сындырып, өзүңдү-өзүң аксатып албагын!» дейт. Анда Майкөт акын: «Олай эмес, карыя! Эсекең картайып калганба, көп жаңылыс кетирди. Эсендин катесин тауп айтсаң, жеңетин кезек сеники, токтолмай сок, карагым Жеңижок!» деп обдулуп

коёт. Жеңижок: «Сөздү сөз келгенде айтпаса сөздүн атасы өлөт» деген элибиздин нуска кеби бар эмеспи! Бул жерде сөздүн атасы гана эмес, менин да өлгөнүм эмеспи! Эсенаман мага Майкөттү олуя, пир туткузуп, мени сыйынтып жатпайбы! Эсенаманды Майкөт, олуя, пирине кошоктоп алып, жылаңачтап, тозоктун төрүн көздөй айдап жөнөйүн» деп жооп берип турган жери:

ЖЕҢИЖОК:

Он сегиз миң Ааламды,
Бир жараткан эмеспи.
Эң биринчи дүйнөгө,
Нур жараткан эмеспи.
Суук кыштын булутун,
Сур жараткан эмеспи.
Эмгексизди энчиден,
Кур жараткан эмеспи!

Аалам жашап турсун деп,
Күн жараткан эмеспи.
Алмаштырып Күн менен,
Түн жараткан эмеспи.
Буруксуган атырдай,
Гүл жараткан эмеспи.
Булбулдарга шайырдык,
Үн жараткан эмеспи.
Көз кумарын кандырган,
Түр жараткан эмеспи.
Жети кабат бейишке,
Үр жараткан эмеспи.
Баатырларга ылайык,
Сүр жараткан эмеспи!
Бардык жанга насипти,
Бир жараткан эмеспи!

Алтын нурун төгүлтүп,
Ай жараткан эмеспи.
Жылдыздарын жайнатып,
Шай жараткан эмеспи.
Асман, Жердин арасын,
Кең жараткан эмеспи.
Адамзаттын баарысын,
Тең жараткан эмеспи,
Жайда салкын болсун деп,
Жел жараткан эмеспи.

Түркүн гүлүн жайнатып,
Бел жараткан эмеспи.
Жерден берип ырыскы,
Эл жараткан эмеспи.

Көл бойлотуп учуруп,
Куу жараткан эмеспи.
Чөл жашарып күлсүн деп,
Суу жараткан эмеспи.
Бирин дары, бирөөбүн,—
Уу жараткан эмеспи!
Бирин момун, бирөөбүн,—
Куу жараткан эмеспи!..

Өрдөк, чүрөк, каздарды,
Көлдө кылган эмеспи.
Өлгөндөрдүн баарысын,
Көрдө кылган эмеспи.
Кайберендей күлүктү,
Төрдө кылган эмеспи.
Курт-кумурска жайларын,
Чөлдө кылган эмеспи.
Берекенин баарысын,
Жерде кылган эмеспи.
Жер дүйнөнүн туткасын,
Элде кылган эмеспи.
Өмүрдү чак жаратып,
Пенде кылган эмеспи!

Жердин үстүн жайнатып,
Бак жараткан эмеспи.
Кээ бир жанды көбөйтпөй,
Так жараткан эмеспи.
Ар жанга ажал, өмүрдү,
Ак жараткан эмеспи.

Казак Майкөт пирим деп,
Жиндептирсиң, Эсеке.
Карыганча пиринди,
Билбептирсиң, Эсеке.

Ооздун көркү отуз тиш,
Тил жараткан, Эсеке.
Тил сүйлөтпөй айбанды,
Тим жараткан, Эсеке!..

Карыганча Майкөттү,
Мазар кылып кармапсың.
Эл чогулган мечитке,
Эч бир басып барбапсың.
Сапка туруп, башыңды,
Сеждеге түк салбапсың.
Тантып ырдап отуруп,
Шайтандарга кошулуп,
Ырас айтсам, Эсеке,
Ыйманыңды жалмапсың!..

Эми, Эсеке, анык ук,
Айтканымдын баарын ук.
Алжып кетпей бекерге,
Кулагыңды салып ук!

Анык туулган башында,
Ата-энебиз Адамдан.
Ай, Ааламдын жүзүнө,
Адам өсүп таралган.
Күндүн алтын нурунун,
Күчү менен жаралган.
Албаптырсың эч кабар,
Адал менен арамдан!..

Эми, өрдөктөй учуп келейин,
Өзүмдөн кабар берейин.
Өзүңөр байкап көргүлө,
Өнөрүм ашса жеңейин.
Өнөрүм сенден кем болсо,
Өлөрман экен дебейин!..

Каздай учуп калкылдап,
Калкымдан кабар берейин.
Калыстык кылып көргүлө,
Кадырым ашса жеңейин,
Кадыры сөзүм кем болсо,
Карыган экен дебейин!..

Ата-бабам баарысы,
Таласта болгон уругу.
Уругум Солдон, Каратал,—
Калың кытай уругу.

Жан болуп, жаңы жаралып,
Жаркырап шамым жанган жер.

Келгенимди белгилеп,
Киндик каным тамган жер.
Ата-энем күлүп кубанып,
Алдейлеп сүйүп алган жер.

Аксарбашыл кой союп,
Ак түлөөсүн чалган жер.
Баарысын, билем, эсимде,
Калдайган кытай биздин эл.
Аргасыздан мен кетип,
Алыс болуп калган жер.

Балалык кезде жүргөн жер,
Бар, жокту билбей каткырып.
Туугандан кетмек бөлүнүп,
Турмуштун тузу жат кылып.

Өмүрдүн жолу ар түрдүү,
Бурула берет турбайбы.
Ар нерсеге кезигип,
Уруна берет турбайбы.
Дүйнөдө жоктон бар болуп,
Туула берет турбайбы.
Кайрадан бардан жок болуп,
Кубула берет турбайбы.
Ар жерден буйруп, туз, насип,
Татыла берет турбайбы.
Аракет кылса ырыскы,
Чачыла берет турбайбы.

Атам өлүп жашымда,
Айламды таппай башында.
Арка болчу ага жок,
Айланып турчу кашымда!

Энем өлүп жашымда,
Эсимди таппай башында.
Эрмек кылар иним жок,
Имерилчү кашымда!
Урматташат баарысы,
Улуу, кичүү, карысы.
«Аламан эл» деп айтасың,
Алардын ыраакка кеткен арышы!..

Ызат кылат баарысы,
Ырыстуу элдин карысы.

«Ыйлайыксыз эл» дейсиң,
Алардын ыраакка кеткен арышы!..

Арканын эли бай дедиң,
Жегени куйрук, май дедиң.
Аксынын эли жарды деп,
Ичкени куру чай дедиң.
Алтын казык Аксы дейт,
Аркыты менен жакшы дейт.
Алжыганың эмеспи,
Айтаар сөзүң билбедиң!
Баятан бери аңшандап,
Балаңа кезек бербедиң.
Жеңип кетчү акындай,
Жээлигип колун сермедиң.
Майкөттү кылып колдоочу,
Курган чал мынча дегдедиң?!.

Кутурасың мактанып,
Курсагыңдын тогунан.
Кулак салып угуп тур,
Кутулайын жообуман.
Балапан, түлөк жаш кезде,
Басынтып кырсык тооруган.
Күңгүрөнүп ыйлагам,
Куйөрүмдүн жогунан.
Эне-атасыз жетимдин,
Эмне келмек колунан?..
Арка кылар ага жок,
Азып кеттим Аксыга.
Ашуусу бийик бел ашып,
Басып кеттим Аксыга.
Ак никелеп жарымды,
Алган жерим Аксыда.

Тээк кылар ини жок,
Тентип кеттим Аксыга.
Тегеректен жай таппай,
Минтип кеттим Аксыга.
Үй-жай күтүп үйлөнүп,
Ушинтип жүрөм Аксыда.

Каралап баргам ал жерге,
Таякемди-тагамды.
Арка кылып эркелеп,

Ата-эне кылдым аларды.
Туурлай турган жер болсо,
Эсеке, туугандан качып барамбы?!.

Жетимдин ашын ичирбей,
Жемелеп сөзүн тийгизбей.
Жетелеп багып чоңойтту,
Жаман кийим кийгизбей.
Алар менен кеңешпей,
Эсеке, кантип келем билгизбей?!..

«Баркынды билбейт» деп айтып,
Басынткансып сүйлөдүң.
Бардык эл сыйлап баркташат,
Баамды, чалым, билбедиң!

Кадырынды билбейт деп,
Каймана кепти сүйлөдүң.
Калкымдын баары каалашат,
Кадырды, чалым, билбедиң!..

Жергемден кеткем бөлүнүп,
Жетимдик менен оорудан!..

Ала качып жанымды,
Барган жерим Аксыда.
Аман сактап өлүмдөн,
Калган жерим Аксыда.
Алтын боолуу Ак туйгун,
Салган жерим Аксыда.
Айтканымды жок дебес,
Алган жарым Аксыда.

Алтын жака, кыйбат тон,
Кийген жерим Аксыда.
Ата-энемдей ардактап,
Сүйгөн жерим Аксыда.
Бакыт шамы жаркырап,
Күйгөн жерим Аксыда.
Аргымак минип алчактап,
Жүргөн жерим Аксыда.
Көңүл ачып, шаттанып,
Күлгөн жерим Аксыда.
Анык жыргал дооронду,
Сүргөн жерим Аксыда!..

Качырышар жоо болсо,
Карөзгөй, жалаа, доо болсо,
Каралашар элим бар.
Кабыргамды дарт чалса,
Кара болчу белим бар!

Өчүгүшөр жоо болсо,
Өзгөчө жалаа, доо болсо,
Өзгөчө күйөр элим бар.
Өзөгүмдү дарт чалса,
Өбөк болчу белим бар!..
Өчүгүп калган жоо болсо,
Өзгөчө жалаа, доо болсо,
Өзөгүн үзүп мен үчүн,
Өмгөгүн салчу жанымда,
Осмонбек болуш жакшым бар.
Өзөгүмдү дарт чалса,
Өпкө чабар жанымда,
Ажымат ата бакшым бар!..

Каршыгып калган жоо болсо,
Каймана жалган доо болсо,
Каралашар жанымда,
Кан Сулайман даткам бар!
Караан болчу арстан бар.
Кайрылышып турушкан,
Кайрыбай кебим угушкан,
Каралашар жакшым бар.
Кабыргамды дарт чалса,
Калпалардын башчысы,
Калыбай, Шаке бакшым бар!..

Андагын, Эсе, сөзүмдү,
Айнектей ачам көзүңдү.
Абышка болгоен кезинде,
Адашып айттың сөзүңдү.

Баарысын айтып нетейин,
Башка сөзгө өтөйүн.
Баятан койгон суроону,
Баяндап жооп берейин:

Жангарачтын Осмонбек,
Жакшы султан болгон бек.
Ой багып, акыл имерип,

Орду-ордуна койгон бек.
Буга Ташкендин беги кол берген,
Талашы жок жол берген.
Кокондун каны кол берген,
Кокую жок жол берген.
Аксы менен Наменген,
Айтканындай бийлеген.
Ар сөзү алтын дем берген,
Ак калпак элдин багына,
Арстандан болот бир келген!..

Талаш жок, Талас биздин жер,
Тартышат элек ким менен?
Тартышып мүйүз чыккан жок,
Түбүбүз болот бир элден.
Таалайы элдин ынтымак,—
Таамайлап айтсам, бүгүн мен!..

Ажынын уулу Сулайман,
Даткам ушул болучу.
Акыл менен кеңешти,
Тапкан ушул болучу.
Башым ооруйт дегенде,
Садаганы торпоктон,
Чапкан ушул болучу!..

Ушуну — алабарман бакшы деп,
Айныптырсың, Эсеке.
Акыл жактан жетишпей,
Калыптырсың, Эсеке!
«Бир мүнөзүн карматса,
Бой бербеген жинди деп.
Антсе дагы башкарып,
Аксынын ичин билди» деп.
Жинди адам элди бийлейби?
Акынсынган Эсекем,
Адеби менен жүрбөйбү.
Аксакал болгон чагында,
Адашып кепти сүйлөйбү?
Койбосоң болгон сөзүңдү,
Кузгундай болгон курган чал,
Кусуруң калкка тийбейби!..

«Алибектин беш торпок,
Айылдагы ашка орток,

Торпокту бука сүзбөйбү,
Бактысыз болуп жат элде,
Башыңа кайгы түшпөйбү!»
Деп айтып тантып турасың,
Торпокко теңеп кайдагы,
Топуксуз кепти айтабы?
Букага теңеп кайдагы,
Бузуку кепти айтабы?

Алибектин беш берен,
Андыган душман жетпеген.
Periштеси башында,
Бешөөбү — беш дубанды беттеген.
Бешөөбүн бир күн айтсам да,
Мен бүтүрө албайм кеп менен.
Турмуштун булар туткасы,
Эсеке, түшүнтүп айтсак чек менен!

Молдокенин Алишер,
Момундай болот анык шер.
Баялы бийдей кимиң бар,
Баянын болсо айтып бер?..
Эми мөмөсү болсоң дарактын,
Айылдан балдар келбейби.
Ары-бери имерип,
Акылын таап илбейби.
Арка этектеп теришип,
Ар кайсы жерге жебейби.
Данегиң чирип кык болор,
Кабыгың сынып жок болор.
Өмүрүңдүн акыры,
Ушундай болуп токтолор!..

Шишеси болсоң арактын,
Мас адам сени сыйлайбы?
Таамайлап кармап мойнуңдан,
Ташка чаап урбайбы.
Тамтыгы кетип быркырап,
Талкаланып сынбайбы!
Койкойгон мойнуң жоголуп,
Кокуй чал, жаның тынбайбы!..

Абайлагын, Эсеке,
Арагы анын уу болот.
Ичегинди күйгүзүп,

Ичиңе барса уу болот.
Көрүнгөнгө жулунтуп,
Көпчүлүккө чуу болот.
«Эсекең жинди болду» деп,
Эл ичинде дуу болот!..
Араккеч болсоң мас болуп,
Агайин менен кас болуп.
Ажалың жетип сен өлсөң,
Балдарың базар барбайбы.
Олуя-Ата тараптан,
Айтылуу шарап, арактан.
Аябай арбын албайбы.
Бейитиңе бүт атап,
Балдарың арак бербейби.
А дүйнө жайга барганда,
Абышкам, арактан азап көрбөйбү!..

Жанкүр-нүңкүр периште,
Жетимиш батман күрсү алып,
Жаныңа басып келбейби.
«Рабиң кимдер?» дегенде,
Келмеге тилиң келбесе,
Күрсү менен бир коюп,
Сазайыңды бербейби?!.

Ойлонбой туруп айтылган,
Оозуңда жаман кеп турат.
Эсекең каапыр болду деп,
Эл айтып ушак кеп кылат.
Күүлөнүп буудан чуркаса,
Сендей, күлүктөр баспай тек турат!..

Сырты болсоң суусардын,
Эссиз бала кийбейби.
Эңкейип алса кокустан,
Жалынга башы тийбейби.
Кылканы күйүп бырыксып,
Кыйноого жаның кирбейби.
Көркүң кетип күйпүйүп,
Көргөн адам күлбөйбү!..

Жакасы болсоң манаттын,
Бүркүткө сени алдырар.
Кызыл түлкү экен деп,
Жака кылып салдырар.

Кийинчерээк эскирип,
Кылы сынар кырчылып.
Тыбыты түшөр тытылып.
Каларсың, чалым, калдырап,
Жаргак болуп жышылып!

Угуту болсоң бозонун,
Ородо сасып өнбөйбү,
Ары жок сендей куу чалдын,
Ажалы жетип өлбөйбү.
Алакан жайып дубага,
Агайин-тууган келбейби.

Шибер угут өндүрөр,
Сокуга салып чакалап,
Сокбилек менен талкалап,
Көрбөгөндү көргөзөр.

Таруу шакка коштуруп,
Ботко кылып кайнатар.
Челекке куюп ачытып,
Бозокорго тандатар.
Калтадан сүзүп өткөрүп,
Калганын уйга чайнатар.
Өзгөрүп улам олтуруп,
Мурунку кейпи жок болуп.
Акырында сыгылып,
Алжыган, чалым, топ болуп.
Күрөң уй аймап бүтүрүп,
Көйрөң чал калар жок болуп!..

Бозокор болсоң бостойтуп,
Эки көзүң тостойтуп.
Токтотпой айдап өзүңдү,
Тозокко түртө салбайбы.

Чапчакка бозо калтырып,
Чаңкаса суусун кандырып.
Батага келген элдерге,
Балдарың бозо бербейби.
Бозо салып бербесе,
Булу ордуна келбесе,
Шааниси жок деп сендейди,
Шайтандар жаман көрбөйбү!..

Сабагы болсоң санаттын,
Өзүн-өзү күүлөйбү.
Омуроолоп орунсуз,
Обу жок сөздү сүйлөйбү?
Салабаттуу жакшы адам,
Салттуу сөзгө кирбейби!..

Чалгыны болсоң канаттын,
Чабыттарсың, учарсың.
Чамаң жетпей калганча,
Чар тарапка сызарсың.
Чамаң кетип бир кезде,
Чарчап акыр тынарсың.
Чалгының калар тытылып,
Чар каргалар чокуп жеп,
Чар тарапка жыларсың!..
Чарылдак, чалым, жоголуп,
Чатак болуп турарсың!..
Чигити болсоң гозонун,
Астына чоң таш жаткырып,
Үстүнөн дагы бастырып.
Баш-аягын бекитип,
Баскыч салып кысылтып.
Азабың берип колуңа,
Агызар майың сызылтып!..

Дааратьı болсоң молдонун,
Кумганга суу куюлар.
Колуна алып койкойтуп,
Кожо, молдо жуунар.
Карап көрсөң даарат суу,
Каякка барып буюрар?
Көп нерсенин жолу бар,
Карап көрсөң, Эсеке,
Кандайча мунун оңу бар?!.

Алтымыштан ашканда,
Арып калган экенсиң.
Акыл менен эсинден,
Танып калган экенсиң.
Карууң кетип шылкылдап,
Карып калган экенсиң.
Азабы көп тозокко,
Барып калган экенсиң.
Жаратканды унутуп,

Жанындагы Майкөттү,
Мазар кылып, пир тутуп,
Жарып калган экенсиң!..

Таманы болсоң жоргонун,
Такыратып таш басар.
Туягыңды түгөтүп,
Таманыңдан аксатар.
Темтеңдеп баспай жүгүнтүп,
Теминсе көзүң жаш басар!..

Күлүгү болсоң жылкынын,
Күнүгө тойго минбейби.
Күкүгү болсоң ырчынын,
Күүлөнсө кыргый илбейби.
Күкүгү болом деп жүрүп,
Көптөн алдап жеп жүрүп,
Күнөөгө башың кирбейби?!..

Бууданы болсоң жылкынын,
Булкунтуп тойго минбейби.
Булбулу болсоң ырчынын,
Бурулуп кыргый илбейби.
Булбулу болом деп жүрүп,
Мындан-андан жеп жүрүп,
Бузуктукка кирбейби?!.

Торусу болсоң жылкынын,
Токмоктоп тойго минбейби!
Торгою болсоң ырчынын,
Тоо турумтай илбейби.
Торгою болом деп жүрүп,
Топтон алдап жеп жүрүп,
Тозокко башың кирбейби?!.

Асылы болсоң жылкынын,
Алкынтып тойго минбейби.
Акыны болсоң ырчынын,
Алжыган сөздү сүйлөйбү!
Акыны болом деп жүрүп,
Андан-мындан жеп жүрүп,
Азапка башың кирбейби!..

Жаак-чачың алдырбай,
Жүндүү болгон экенсиң.

Жаратканың унутуп,
Жинди болгон экенсиң.
Жабдык салып шайтанга,
Минги болгон экенсиң.
Жаннат турса, тозокко,
Кирги болгон экенсиң.

Желке чачың алдырбай,
Жүндүү болгон экенсиң.
Жыйылган топко каркылдап,
Үндүү болгон экенсиң!
Жетелеп Майкөт жүргүдөй,
Минги болгон экенсиң!

Баарын безип, жатыркап,
Пир болду Майкөт казагың.
Карыганча билбепсиң,
Ким экенин мазарың?
Анык, Майкөт пир болсоң,
Ашкан кыйын эр болсоң,
Карыганча казагым,
Канча киши жасадың?!..

Баатырсынып, Эсеке,
Байлыгыңа мактанбай.
Бүт баарынан безипсиң,
Бир Майкөттү тапканга!..

Баятан берки айтканың,
Мааниси жок ыр болду.
Бүтүн качып баарынан,
Майкөт сага пир болду.
Айтканыңды андасам,
Аябаган чыр болду.
Жети атаңды унутуп,
Жолоочуну пир тутуп,
Сандырактап, Эсеке,
Сага кандай сыр болду?!..

Арышын кере жүгүрүп,
Алдыңкы буту бүгүлүп.
Адырлуу жерден сүрүлүп,
Аргымак келсе, жол бербейм!
Атактуу Майкөт пириңе,
Айыпкер болуп, кол бербейм!..

Күнчүлүк жерден жүгүрүп,
Куулөнсө буту бүгүлүп,
Капталдуу жерден сүрүлүп,
Казанат келсе, жол бербейм!
Кашында Майкөт пириңе,
Күнөкөр болуп, кол бербейм?!.

Эргий-эргий жүгүрүп,
Эликтей буту бүгүлүп,
Эңиштүү жерден сүрүлүп,
Эсекең келсе, жол бербейм!
Эсилиң Майкө пириңе,
Эңкейип барып, кол бербейм!..

Эскирип кеткен, казагым,
Эзелки өткөн сөздөн чач.
Эшендигиң бар болсо,
Эсекендин көзүн ач!
Эшендигиң жок болсо,
Эшектей болбой нары кач?!.
Картайып кеткен казагым,
Кадимки өткөн сөздөн чач.
Калпалыгың бар болсо,
Карыяндын көзүн ач!
Калпалыгың жок болсо,
Качырдай болбой нары кач?!..

Адал эмгек — динибиз,
Ата-баба — пирибиз.
Көпчүлүктөн адашсак,
Кандай болот күнүбүз?
Тантырактап адашпай,
Таза жолго жүрүңүз!
Жол көрсөтүп отурган,
Жеңижок мен, иниңиз!
Эс, акылдан адашпай,
Элдин салтын билиңиз.
Билип алсаң — бир тууган,
Бирге болот түбүбүз.
Ала кетем Аксыга,
Ар кылбастан жүрүңүз?!..

Ойдогунун баарысын,
Орду менен кам кылган.
Эзелкиден калган иш,

Эл-жүрт үчүн жам кылган.
Карманарың пир болсо,
Каалаганың дин болсо,
Арстанбапта кожо бар,
Ажымат ата ошо бар,
Арманда калбай кошо бар?
Билип сөздү так айтып,
Пейилинди агартып,
Пирим дебей Майкөттү,
Пикиринди оңдоп ал!..
Ай кыярып баркырап,
Баткан жайы кайда экен?
Ата-бабаң чогулуп,
Жаткан жайы кайда экен?
Азезилди таш менен,
Аткан жайы кайда экен?

Күн кыярып баркырап,
Баткан жайы кайда экен?
Күлдү пенде жыйылып,
Жаткан жайы кайда экен?
Күнөөлүүнү таш менен,
Аткан жайы кайда экен?..

Таңкы Сары жылдыздын,
Баткан жайы кайда экен?
Топ олуя биригип,
Жаткан жайы кайда?
Учсуз-түпсүз Ааламга,
Ырыс менен насипти,
Чачкан жайы кайда экен?
Айтчы, бейиш эшигин,
Ачкан жайы кайда экен?

Олуялар байыстап,
Турган жери кайда экен?
Азезилди таш менен,
Урган жайы кайда экен?

Кесирленип унуттуң,
Келер сөздүн кезегин.
Жети атамды бүт билем,
Жерим Талас экенин.
Аксыга жүр мен менен,
Айыкканча кеселиң!

Талашы жок эч кимдин,
Талас туулган — Мекеним!
Болбосун десең маскара,
Бер уруксат, Ташкара!
Соолугуп келгин дартыңдан,
Сооп үчүн ала кетемин?!..

деп Жеңижок ырдап бүтүп, ондонуп отурат. Жүз баштуу ак өргөөнүн ичи толгон эл туурдуктарын каңтарып, туштан тыңшап турушкандар андан көп. Жеңижоктун ырдаганына калың эл таң калат. Майкөт дегенде элге карап: «Бали, балам, Жеңижок! Жумыры басты, кызыл тилди адамда сенден аскан акын болмас, ракмет!» — дейт да Эсенаманга кайрылып: «Мен сага качан «Аулемин», Мазарыңмын», «пириңмин» деп айткан элим?! Өзүң көтерип уруп жыгып, төрт аягымды буып бердиң! Балаң бауздамастан тирилей теримди тескери сыйрып салды! Энди айтар не сөз калды? Ырахмет, балам Жеңижок, мен айтыспай ак жеңилдим!» деген экен.

## ЖЕҢИЖОК МЕНЕН ТОКТОГУЛ

Токтогул акын Сибирден качып келгенде, артынан надзор салынып, жергиликтүү бай-манаптар айгак болуп, туулган мекени — Кетмен-Төбөгө тура албай бекинип, качык болуп жүрүүгө туура келген. Ошондой башына оор күн түшүп турганда Жеңижоктун Аксынын Кара-Суудагы үйүнө качып келет. Жеңижок жетине албай досун тосот, анан минтип учурашып ырдаптыр.

Ж Е Ң И Ж О К:

— Сайга салсам илинбейт,
Дулдулум, Током, келгенби?
Сайратып комуз черткениң,
Санааман кеткен жок эле,
Менин булбулум, Током, келгенби?!..

Кумга салсам илинбейт,
Күлүгүм Током, келгенби?
Куулантып комуз черткениң,
Кулагымдан кеткен жок,
Менин күкүгүм, Током, келгенби?..

Аргымак оозун кергенби,
Аллам бир чындап бергенби?

Айткан сөзү келишкен,
Ар жыйынды эриткен,
Асылым Током, келгенби?
Аркага колун байлаткан,
Алыска Шыбыр айдаткан,
Токомо андышкан душман өлгөнбү?..

Каранын оозун кергенби,
Кудайым чындап бергенби?
Калк акынын көрөм деп,
Калың журтум келгенби?
Калкынан Шыбыр айдаткан,
Кайрып колун байлаткан,
Токомо кас санашкан өлгөнбү?!..

Сарынын оозун кергенби,
Саабалар чындап бергенби?
Салтанатын көрөм деп,
Саруу журтум келгенби?
Сандалтып Шыбыр айдаткан,
Сабап колун байлаткан,
Токомо кас, санаа душман өлгөнбү?..

Торунун оозун кергенби,
Теңирим чындап бергенби?
Топ жыйынды гүлдөткөн,
Торгоюм, Током, келгенби?
Токмоктоп колун байлашкан,
Топтон Шыбыр айдашкан,
Токомо тоорушкан душман өлгөнбү?!..

Ак каймалдан сүт кеткен,
Ажыратып аларга,
Агайинден күч кеткен.
Кайберенден сүт кеткен,
Кайрып жолдон каларга,
Кайырлардан күч кеткен!

Алдымда атым шок эле,
Аркандан издеп барарга,
Ажыратып аларга,
Ала-Тоодой бел кылган,
Сенде алдуу тууган жок эле!..

Кармангаи атым шок эле,
Кайрылып издеп барарга,

Кайрып жолдон каларга,
Кара кылып бел туткан,
Кара-Тоо тоодой бел кылган,
Сенде кайраттуу нааган жок эле?!..

Айта турган кеп беле,
Айыпсыз нечен бечера,
Айдалган бойдон кетти эле.
Ак падыша, залимдер,
Антип түпкө жетти эле!
Козгобой койчу кеп беле,
Күнөөсүз канча адамдар,
Кошоктолуп кетти эле.
Гунаадыр менен манаптар,
Каматып түпкө жетти эле?!..

Айылында балдары,
Аталап ыйлап калды эле.
Элиндеги балдары,
Эркисизден ыйлап калды эле.
Аксакалдуу атасы,
Сакалдан жашы тамчылап,
Санаалуу бойдон калды эле.
Алтымышта апасы,
Ак чачын жайып калды эле.
Ак, карасын ылгабай,
Ак падыша Никелей,
Арам ойлуу жан беле?
Айдатып Шыбыр ийгидей,
Алтымыш эки кишинин,
Абыдан шору бар беле?!..

Током, караны миндиң шайланып,
Капыстан кеттиң айдалып.
Калкыңа келип турасың,
Карчыга куштай айланып!

Жээрдени миндиң шайланып,
Жергенден кеттиң айдалып.
Жериңе келип турасың,
Жем жеген куштай айланып!..

Көк-Ойго тиккен чатырын,
Көрөсөн, Током, акыным.

Көрөргө элди зар болгон,
Көзүнүн жашы көл болгон,
Сенин көйгөйүң айтып жатырым!..

Ак-Ойго тиккен чатырың,
Асыл, Током, акыным.
Алыста жүрүп ыйлаган,
Азиз жанын кыйнаган,
Сенин арманың айтып атырым!..

Токомо ашыкча доор келгенде;
Аленген кийиген чок болуп,
Аргымак минген октолуп,
Током ар жерге барса топ болуп!
Токомдон ашыкча доор кеткенде;
Ар күнү мылтык октолуп,
Ак паша сурап сот болуп,
Айыптуу күнгө токтолуп.
Асыл өмүр гүлдөй жан,
Айдоодо кетти жок болуп!..

Токомо күлүстөн доор келгенде:
Күлгүндү кийген чок болуп,
Күлүктү минген октолуп.
Күнүгө жыйын топ болуп.
Токомон күлүстөн доор кеткенде:
Күнүгө мылтык октолуп,
Гүнаадыр сурап сот болуп,
Күнөөлүү күнгө токтолуп,
Күлгүн өмүр, гүлдөй жан,
Күйүттө кетти жок болуп!..

Токсондогу энекең,
Тоголонуп карыды.
Тийди байга дешти эле,
Тотуядай жарыңы.
Толгонуп келип таппадың,
Топчубайдай шагыңы!..

Эми кайгырган менен пайда жок,
Кайраттан башка айла жок.
Топтуу кыргыз куттуктайт,
Током — тынч аман келген жаныңы!..

Аргымак жалын өрүпсүң,
Айылдан насип буюруп,

Айланып элге келипсиң,
Эми, ар жерге барсам шериксиң!..

Тобурчак жалын өрүпсүң,
Топ элден тузуң бар экен,
Толгонуп аман келипсиң,
Эми, топ элге барсам шериксиң!..

Айтканым элге кеп болгон,
Ак падыша залимдин,
Аңдыганы жок болгон.
Айланып аман келгениң,
Айтып салам бергениң,
Током, чын айтсам сага бак конгон!..

Төккөнүм элге ыр болгон,
Төбөлөшкөн залимдин,
Түбүнөн бери чыр болгон.
Толгонуп аман келгениң,
Тобуңа салам бергениң,
Током, туурасын айтсам, бак конгон!..

Какшаган сөздүн макулу,
Кара жаак, кайкы тил,
Калк тааныган акыны.
Какшап турган Өтөнүн,
Кадырлаган жакыны.
Калкыңдан тузуң бар экен,
Током, кайрылып көрдүң калкыңы!..

Током, күйүттү тарттың Шыбырда,
Жатканың сасык там болуп,
Көрөргө элиң зар болуп,
Көзүңдө жашың кан болуп.
Акылың таппай дал болуп,
Адашып башың маң болуп.
Элиңди таппай дал болуп,
Эңгиреп башың маң болуп.
Айланып жеттиң жериңе,
Ак калпак кыргыз элиңе,
Ак үйдө күйгөн шам болуп,
Ак ала сакал чал болуп!..

Током, азапты тарттың Шыбырда,
Башыңа кара түн конуп,

Зарлаган добуш үн болуп.
Ак бараң мылтык сүр болуп,
Аргасыз көндүң тим болуп,
Азыр, башыңа бакыт күн конуп,
Таңшыган добуш үн болуп.
Тоорулуп келдиң элиңе,
Туулуп өскөн жериңе,
Түндөгү күйгөн шам болуп,
Түйтөйгөн көк ала сакал чал болуп!..

Током, айланып кеттиң алыска,
Залимде бийлик зор болуп,
Башыңа мээнет шор конуп.
Азиз бир жаның кор болуп,
Жатканың зындан ор болуп,
Айланаң темир тор болуп,
Айланып келдиң элиңе,
Айдыңдуу кыргыз жериңе,
Током, акыры ишиң оң болуп!..

Током, кармалып кеттиң узакка,
Канкордо бийлик зор болуп.
Кайран бир жаның кор болуп.
Кашыңа азап шор конуп,
Казылган тереӊ ор болуп,
Карайган темир тор болуп,
Кайрылып келдиң жериңе,
Кадырман кыргыз элиңе,
Током, каниет ишиң оң болуп!..

Током, эрксизден кеттиң Шыбырга,
Эссиздин кеби эм болуп.
Элиңен тузуң кем болуп.
Көзүңдүн жашы сел болуп,
Эми бактылуу күнгө кезигип,
Бутуңдан зоолу чечилип.
Тосуп чыккан мен болуп,
Толкундап турган кезегим,
Менин жаныма кубат-дем конуп!..

Током, аргасыз кеттиң Шыбырга,
Акмактын сөзү эм болуп.
Айлыңдан тузуң кем болуп,
Азабың күчөп сел болуп.
Азыр, жакшылык күнгө кезигип,

Мойнуңдан зоолу чечилип,
Атайлап тоскон мен болуп,
Көңүлүм Күндөй ачылды,
Менин жаныма кубат-дем конуп!..

Канган жок душман намысы,
Кайтып келип эл көргөн,
Ниетиңдин калысы.
Жеңижок-Өтө досуңдун,
Жетине албай жеринде,
Жети-Уруу, Саруу элинде,
Жолугушкан чагы ушу!..

Түрмөдө жатып, тутулуп,
Зилдеген досум, аманбы?
Машиненин амалын,
Билбеген досум, аманбы?
Ак пашаанын солдаты,
Тилдеген досум, аманбы?

Кум-Белди көздөй бет алып,
Жөнөгөн досум, аманбы?
Кызыл канга баш-көзүн,
Бөлөгөн досум, аманбы?
Жаш күнүндөн таанышып,
Дос болгон досум, аманбы?
Сары алтын Аксы жеримде,
Сак урук Саруу элимде,
Кара-Суунун жээгинде,
Кашка таман, Балыкчы,
Кайнап жаткан элинде.
Көз болгон досум, аманбы?!..

ТОКТОГУЛ:

— Кичи-Кум-Бел, Чоң-Кум-Бел,
Ашып келдим, жан досум.
Катар ашуу белиңди,
Басып келдим, жан досум.
Күйүтүн тартып баламдын,
Кеткенин угуп аялдын,
Жашып келдим, жан досум!..

Чымындай жанды калкалап,
Бир өзүңдү аркалап,
Качып келдим, жан досум.

Азап менен тозокту,
Тартып келдим жан досум.
Көп нерсеге көөнүмдү,
Бөлүп келдим жан досум.
Бир өлүмдөн башкасын,
Көрүп келдим, жан досум.

Айлансам station калкыман,
Бар экен тузум жалпыңан,
Өлбөй келдим жан досум.
Кайтып келип карасам;
Каканакташ Кабай жок,
Катынымда таалай жок.
Оң тиземде ойноткон,
Сол тиземе сойлоткон,
Топчубай жалгыз балам жок!..
Энемди кудай албаптыр,
Кол кашыгын колго алып,
Байкуштун кирбеген үйү калбаптыр!
Алты айчылык узак жол,
Басып келдим, жан досум.
Эртерээк барып көрсөм деп,
Элиме жетип өлсөм деп,
Шашып келдим, жан досум!..

Ырдын кени оозундан,
Агылган досум, аманбы?
Бир көрүүгө зар болуп,
Сагынган досум, аманбы?!.—

деп учурашкан экен. Эртеси Жеңижок Токомду керилген Кез-Арт өрөөнүн кыдыртып, андан Ак-Ташка чыгып, Көк-Башат, Бел-Башат жайлоолорун көрсөтүп, Кыр-Жол менен атактуу Айры-Бел жайлоосуна чейин барып, кымыз ичип, элге тааныштырып, жайы менен алып жүрүп, күз болгондо бир сыйра кийим кечесин ырастап берип, астына ат мингизип, Кетмен-Төбөгө узаткан экен деген кеп эл ичинде ушул бүгүн да эскерилип жүрөт.

## НУРМОЛДО МЕНЕН ЖЕҢИЖОК

Өтө жаңыдан ырдап чыкканда өзүнүн бир топ жолдоштору менен Аксынын Кербен базарына базарлап келсе, ал жерде Таш-Көмүрдүн үстүндөгү Ак-Суу жеринен келген атактуу чоң ырчы Нурмолдо ырдап атыры дейт.

НУРМОЛДО:

Ак шарият колунда,
Ак пайгамбар жолунда.
Кудай деген пенденин,
Касиети соңунда.
Алла деген кар болбос,
А дүйнөдө зор болбос.
Кудай деген кар болбос,
Көрүстөнү тар болбос.

Пайгамбарга дос болор,
Бар сааба чалыяр.
Буйругунда ошонун,
Бүт макулук жаныбар.
Периштелер башкарган,
Бейиш деген жайы бар.

Ажал жетип өлүш бар,
Кара көргө көмүш бар.
Шейт болгон кишиге,
Акыретте бейиш бар.
Бейиш толгон жемиш бар,
Жейин десең тегиз бар!..

Кожолорго кол берсең,
Зекет пулду мол берсең,
Колдоп кетер соол бар,

Кудай жүзүн көрүш бар,
Нурдун кызын өбүш бар.

Айткан сөзгө кирбеген,
Зекет, пулун бербеген,
Күнөөлүүнү өткөрбөй,
Кыл көпүрөдөн иргеген,
Кереметин мындан көр,
Күнөкөр пенде билбеген.

Тозок деген от болот,
Күйүп турган чок болот.
Казып койгон ор болот,
Киши чыккыс тор болот.
Тарткан шоруң чоң болот,
Зекет, пулдун пайдасы,
А дүйнөдө чоң болот!
Каза жетип өлгөндө,
Казып көргө көмгөндө.
Сурак кылчу периште,
Сурданышып келгенде.
Манкүр-Нанкүр өзү бар,
Миң бир аяс сөзү бар.
Чекесинде жапжалгыз,
Чоктой кызыл көзү бар.
Колдорунда көтөргөн,
Оттон соккон күрсү бар,
Күнөөсү көп кишини,
«Күрс» дедире бир салар,
Күлдөй сөөгүн талкалар.
Көп бергенди кечирип,
Кыл көпүрөдөн өткөрүп,
Көп азаптан калкалар!..

деп, Нурмолдо ырдап токтолгондо, Өтө жанына жакын бастырып барып, атынын башын кейкейте тартып, комузун күүлөп, биринчиден учурашып, экинчиден суроо салып ырдап жиберет:

ӨТӨ:

— Ассалоому алейкум,
Ак селдечен алдаяр!
Ак шарият жөнүнөн,
Айттың сөздү дапдаяр.
Анык жолун исламдын,

Ачкан дейсиң пайгамбар.
Пайгамбарга дос бекен,
Бар сааба, Чалыяр?
Буйругунда деп айттың,
Бүт макулук жаныбар.
Барсаң орун кең бекен,
Периштелер башкарган,
«Бейиш» деген жайыңар?

Каза болгон кишиге,
Казган көрдүн ичинде,
Кайсыл жыргал, шаани бар?
Опсуз айткан сөзүңдө,
Орою суук маани бар.

Ак эшенге кол берген,
Акча, пулду мол берген,
Көрөт бекен кудайды,
Көп дүнүйө, малдуулар,
Көпкөн көпөс алдуулар.
Салтанаттап мактаба,
Сатып алсаң акчага!
Биздин жердей эмес го,
Бейиш деген жайыңар?..

Асемдикке кийгенин,
Анжыяндын баркыты.
Ыкылас, куран, шарият,
Ырларыңдын жартысы.
Тозок менен периште,
Сөздөрүңдүн арткысы.
Эң жаманы адаттын,
Ушак айткан калпычы.
Эл жактырса айтканын,
Өнөрпоздун баркы ушу.
Жапырандап ырдайсың,
Тозок менен бейиштин,
Колуңда окшоп ачкычы.
Анык өзүң окшойсуң,
А дүйнөнүн «жарчысы!»
Жарык дүйнө — бейишим,
О дүйнөңдө бар бекен,
Ушунун бир тамчысы?
Билип туруп чын сүйлө,
Бейиш мына бул — дүйнө!

Жер астына барганда,
Ушул турган жыргалдын,
Жетпейт сага саркыты!
Кыйын болсоң жооп бер:

— Ай, Күн, жылдыз, Асман, Жер,
Айтчы, кайдан жаралды?
Ай, Ааламдын жүзүнө,
Адам кантип таралды?
Айдан жылдыз чексиз көп,
Түн эмине караңгы?
Ажыратып айтып бер,
Адал менен арамды?
Акыретке барганда,
Кара көргө салганда,
Отко жагып өлүгүн,
Өрттөйт дейсиң адамды!
Адам үчүн нээти,
Анча неге карайды?!
Өзүң өлүп көрбөсөң,
Кайдан билдиң аларды?
Жаныңды жеп айтасың,
Жалган ушак кабарды.
Бул сөзүңө ишенип,
Бургум келбейт санаамды.
Отко салып өрттөсө,
Опсуз кыйнап жектесе,
Ошончолук адамдан,
Көргөн бекен залалды?

Өткөндөрдүн чеги жок,
Өзгөрүлгөн шеги жок,
Бир да кабар деги жок,
Ой жүгүртүп ченесек,
Байкап көрсөк алдагы,
Пайгамбардан калганбы,
Башындагы элечек?

Эркек кийбейт биз жакта,
Ээси мунун келинчек?
Ыксыз жалган ырдабай,
Ырдын наамын булгабай,
Элдин башын маң кылбай,
Эл ичинен чыгып кет,

Же дубана болуп ак ургун,
Минип алып көк эшек!..

— Акын болсоң элди ырда,
Берекелүү колу ачык,
Өнүп-өскөн жерди ырда!
Калка болгон калкына,
Элди баккан эрди ырда!
Угуп туруп ырыңды,
Ачуум кайнап келдим да!
Адилет ким, кара ким?
Айтышалы, кел мында?
Акын болсоң — тарыхты айт,
Жалганды айтпай аныкты айт!

Акын десем — молдодой,
Молдо десем акындай.
Кайран ырды кордобой,
Адебиң менен нары кайт!
Же, жакын болсоң кудайга,
Жардам кылып кедейге,
Суракчыга жооп берер,
Бой тумарын жазып бер,
Бал китебиң ачып бер?
Даана сүйлөп чындыкты,
Далил менен айтып бер?
Көзүң менен көрбөсөң,
Көп периште чогулган,
Кеңешинде жүрбөсөң,
Кереги жок жалгандын,
Кезегимди кайтып бер?!..

деп Нурмолдодон жооп күтүп калат. Нурмолдо: «Бул окумал бала экен, мен жеңилдим!» дейт. Эки жеңи карысынан чолок күрмө кийип ырдаган Өтөнү биринчи көргөн эл: «Атаңдын көрү — оой! Бул жалмаңдаган ыраса жеңи жок эме экен го! Жеңижок бала женди, Жеңижок! дешет. Ушул айтыштан кийимине карата Жеңижок атыккан Өтө — жолдоштору менен базардан чыгып кетишет. Ушул эле пикирди атактуу Калык Акыев да өзүнүн «Мени Жеңижок чакыртыптыр» деген эскерүүсүндө дагы жазып калтырган.

— Бул кабар Кербендин чайканасында палоо бастырып, жеп отурган Авлетимдик Сулайманкул даткага угулат. Ал жигитине Жеңижокту таап кел деп буюрат. Ал

Жеңижокту таап келет. Учурашкандан кийин, Сулайманкул датка Жеңижокту ырда дейт. Жеңижок бир эт бышымдай убакыт ырдайт! Акындын талантына тен берген, баа берген Сулайманкул Жеңижоктун Кара-Суудан бирге келген жолдошторуна карап: «Жеңижоктун атын Кара-Сууга үйүнө алып кете бергиле! Мен Жеңижокко башка тандап ат мингиземин Баялы бий менен Садырга менден салам айт» деп жөнөтүп иет экен. Ошентип, Сулайманкул датка өзүнүн айылы Авлетимде бир жумадай ырдатып жүрүп, айткан экен, Жеңижокко: «Бали, Жеңижок, балам, каалаганыңды айт? Алакандай Аксы ачсам алаканымда, жумсам уучумда, келинби, кызбы, калыңы менден үйлөп коёюн!» дептир. Ошондо Жеңижок: «Аркыттан Көксулуу деген кыз менен сөзүм бүтүшүп калды эле» аркыттык Артыкбай дүнүйө, күч, бийликке салып менден тартып келиндикке баласына алып берди, ошону алып берсеңиз» дептир. Сулайманкул датка сөзүнө туруп, Көксулууну Жеңижокко тартып алып берип коёт, айтканындай Артыкбайдын баласына башка бир байдын кызын тандап алып берип, калыңын өзү төлөгөн экен. Ошентип, Жеңижок көптөн көксөп жүргөн Көксулуусуна жетип, Кара-Ууда туруп калат. Жергиликтүү Баялы бий өзүнүн жеринен жер бөлүп берип (коңшу болуп) там салдырып, бак тиктирип бериптир. Ал жерди азыр да «Өтөнүн ыраваты» дешет, азыр ал жерде Жеңижок атындагы орто мектеп салынган.

## ЖЕҢИЖОК МЕНЕН НАРКҮЛБҮБҮНҮН (РЫСКҮЛ) АЙТЫШЫ

НАРКҮЛБҮБҮ:

Көрдүң бекен, Жеңижок,
Наркүлбүбү жеңеңди?
Эми кайним, көрөсүң,
Ыр жагынан тереңди.

Жеңең — кесер демиңди,
Оозуңдан үзөр кебиңди.
Кечээ, Эсенаман таппаптыр,
Мен табайын эбиңди.
Сендей далай ырчынын,
Сексени катар жеңилди!

Тойго минген тору атым,
Токтой калса куйругу,
Томугуна оролот.
Тобума келген экенсиң,
Тоотпой койсом, не болот?
Токтоп тур, кайним, ашыкпай,
Тогонек берсем не болот?!..

Калаага минген кара атым,
Кайра тартсам куйругу,
Карчытына оролот.
Калкыма келген экенсиң,
Карабай койсом, не болот?
Карап тур, чыдап Жеңижок,
Каяша айтсам не болот?!

Эми, кайним, Жеңижок,
Өзүмдөн кабар берейин.
Өзүмдөй акын сен болсоң,
Өнөрүм менен жеңейин!..
Ата-энеден туулдум,
Адамзат болуп кубулдум.
Бир муштумдай кызыл эт,
Бул жалганга бурулдум.

Бешикте жаткан кезимде,
Белги берген өзүмө,
Береке кирген сөзүмө.
Беш периште биригип,
Көрүнүп кеткен көзүмө!

Кундакта жаткан кезимде,
Кудайым берген өзүмө,
Кум куюлган сөзүмө.
Кубулушуп бир далай,
Көрүнүп кеткен көзүмө.
Санап берген колума,
Салып кеткен оозума!..

Бешке жашым келгенде:
Белгиси жок ырдапмын,
Белсенип комуз тырмапмын.

Жетиге жашым жеткенде,
Жобурап кирди тилибиз.

Жөндөтүптүр ошондо,
Асан шайыр пирибиз.
Пирдин алып өрнөгүн,
Билгенге сайрап жүрүбүз.
Бүгүн сага учурап,
Бет келишкен күнүбүз.
Сегизге кирген жашымда,
Кызым жакшы болот деп,
Апам ак бермет таккан башыма.
Тогузумда толгонуп,
Тойго ырдасам ырчылар,
Салам айткан кашыма.

Жеңең — онго чыгып октолгон,
Он бири́нде токтолгон.
Он экиге келгенде,
Бет келер ырчы жок болгон.
Он төрт жашка киргенде,
Ого бетер күчөдүм,
Оң менен Солдон жыгылбас,
Кайним, менден экен мүчөлүң!..

Он алтыга киргенде,
Ойкуштанып жүргөндө,
Куда түшүп, курчалып,
Куп сүйүнүп, тынч алып.
Алар эрим Алымбай,
Күйөө болуп койкоюп,
Тойчугуна кой союп.
Амалым жок, дүнүйө,
Алып кетти үйүнө!

Такыямды түшүрүп,
Ак жоолук салды башыма.
Имерилип ал урган,
Отурду келип кашыма.
Молдолорун жыйдырып,
Ак никесин кыйдырып,
Бул байлады багымды!..
Мырза күйөө табылбай,
Ичим күйдү жалындай.
Жаш күнүнөн жеңеңдин,
Көргөн күнү мамындай.
Баштан өткөн окуям,
Баарын уккун, таарынбай.

Күйөөм жаман болгон соң,
Кантем анан зарылбай!..

Күйөөм жаман болду деп,
Күйүтүм ичке толду деп,
Арыз бердим Курман бийине.
Арзымды Курман уккан жок,
Армандан башым чыккан жок.
Алганың жаман болгондо,
Жаман эрдей душман жок!..

Анткенимдин себеби:
Эл аралап чыга албай,
Эстүүдөн бир сөз уга албай,
Эки жыл үйдө олтурдум.
Эңшерилип ичиме,
Эригиз кайгы толтурдум.

Жыйырмага жык толуп,
Ок жыландай октолуп,
Калкыма ырдап чыктым керилип,
Келин ырчы дедирип.
Кушчу — Сарыбайдын ашында.
Келин ырчы келди деп,
Казак, кыргыз кашымда!
Каздай үнүм каркылдап,
Келеңкер чачпак, ак күмүш,
Кең соорумда жаркылдап.
Жалындаган жаш кезим,
Жок эле менде тартынмак.

Алган эрим Алымбай,
Ак куржунун бөктөрүп,
Ээрчип жүрөт салпылдап!
Кызыганда кызыл тил кетет балкылдап.
Кыргыз, казак акынын,
Кыйласын жыктым алкымдап!..

Ошо Суранбайдын ашында,
Казак, кыргыз кашымда.
Анжыяндык Муса ырчы,
Аркасынан чуулдап,
Айтышып калды үч ырчы.
Ошол төртөөлөп алы жетпеген!
Асылышкан ырчылар,

Жеңенден аман кетпеген.
Акындыгын көрсөтүп,
Акыл менен эптеген!..

Аксыдагы Нурмолдо,
Шарыят менен сенчилеп,
Айтышып көргөн бир жолдо.
Жеңендей акын кайда бар,
Абайлап көрсөң — Оң, Солдо?..
Төрт дубанга жеткирбес,
Төрт аягы тең жорго.
Тиктегеним, сен, элең,
Тийдиң кайним, оң колго!..

Сайраса сайрап жүрсүн деп,
Санатыңды билсин деп,
Сартбай ырчы жол берген.
Эсенаман, Чонду ырчы,
Ээрчишип келип кол берген.

Ай-Тамгалуу Солтодон,
Найманбай чыккан ортодон.
Аларда мага бет келген,
Айтышамын деп келген.
Жеңендин ырын билген соң,
Айтыша албай тен берген!..

Жеңең жаактууга жай бербес,
Жамакчы ырчы пай келбес.
Ээктүүгө эс бербес,
Астына акын тең келбес,
Эки күн, түн ырдаса,
Жеңең — бир жолунан кебелбес!..

Сен, Жеңижок өзүмө,
Жакын кайним, экенсиң.
Азык кылып бербесем,
Ачка кетер бекенсиң?
Азыгыңды камдайын,
Арманы жок кетерсиң!

Олуя-Ата базарым,
От жакма кара казаным,
Кара мурчтан көп кошуп,
Кумарыңды жазамын.

Ширин болсун күрүчү,
Түбүнө култуйтуп сабиз басамын!

Қыпкызыл майын чыгартып,
Палоо басып берейин.
Қасаптар сойгон ирикти,
Түбүнө басып келейин,
Чүкөлүү жото жиликти!..

Осмонбек болуш мүлжүсүн,
Мүлжүгөн менен тойбосун.
Башындагы чүкөсүн,
Ажынын уулу Сулайман,
Өкчөмөк кылып ойносун!..

Бышырган ушул палоону,
Бышкаран, Чартак, Наманган,
Шаары жесе тойбосун.
Қары, жашы аралаш,
Баары жесе тойбосун.
Бийлеп турган Осмонбек,
Нары жесе тойбосун.
Алибектин Шайдылда,
Дагы жесе тойбосун!..

деп Наркүлбүбү ырын токтотуптур. Ошондо Эшенкул болуш Наркүлбүбү бир айтса бир, эки айтса эки каткырып күлүп, коштоп, кубаттап отурду дейт.

Эшенкул болуш: «Жеңижок, иним, жеңең менен айтышар алың калдыбы? Же калган жокпу?» дептир.

Анда Жеңижок: «Болуш, айтайын, коёнду камыш, эрди намыс өлтүрөт деген эмеспи. Қызыл тилим сүйлөп турганда айтайын» дептир.

Жеңижок ойлондум дейт: «Бу катындын күрүчүн олтурган ушул элге тартып, «батасын алып кайтайын» деп баштап турган жери:

ЖЕҢИЖОК:

Ой, Эшенкул, болушум,
Ордо болду конушуң.
Ойго келбес иш болор,
Ойлонуп, айтпай коюшум!

Арстан ажы, датка атаң,
Ак калпактуу кыргыздан,

Арбагын азыр мактасам.
Алты уруу Солду башкарып,
Казы болгон датка атаң.
Алты кур барып, Мекеге,
Ажы болгон датка атаң!..

Белгилүү ажы датка атаң,
Береним, кыргыз элимде,
Бел болгон жайын айтпасам.
Беш уруу Солду башкарып,
Казы болгон датка атаң.
Беш курдай барып, Мекеге,
Ажы болгон датка атаң!..

Чойгулаган кеп эмес,
Чоң датканын баласы.
Чолпондой болгон Эшенкул,
Чоюлган журттун Манасы!
Береги — чокчоңдогон жалаптын,
Болуш, чогоолдугун карачы!..

Караламан киши эмес,
Кан ажынын баласы.
Кара тоодой Эшенкул,
Калдайган Солдун Манасы!
Кары, жаштан уялбайт,
Болуш, карабетти карачы?!.

Кулак салгын, Эшенкул,
Жеңижоктун кебине.
Калкына катын ырдаса,
Касиет калбайт бегине.
Караламан журт болуп,
Кырсык болор тегине.
Бир касиет кеткен соң,
Болуш, келмеги кыйын эбине!..

Булкулдатпай чыгаргын,
Бул карабет жалапты.
Бул кыялын койбосо,
Бекем кармап бир жерден,
Бизден да кылар талапты.
«Белди» ырдатып жүрөт деп,
Билгендин баары күлөт деп,
Булгайт го сендей манапты?!..

Алкылдатпай айдагын,
Абийири жок жалапты.
Ал кыялын койбосо,
Абийиринди кетирип,
Ар кимге коёр талапты,
«А» ны ырдатып жүрөт деп,
Андагандар күлөт деп,
Ардантаар сендей манапты!..

Ар ким укса күлөт деп,
Артынып алып «ошону»,
Дагы ырдатып жүрөт деп,
Арстаным, сага, уят иш,
«А» ны ырдатып жүрөт! деп.
Айттырба, болуш, аныңды,
Ал сындырар шагыңды.
Ар теңтушуң кеп кылса,
«А» байлаар сенин багыңды.
Ал кетирер, болушум,
Аркырап турган чагыңды.

«А» ны айтып ар жерде,
Ар кимге болгон ашына.
Абийириңди кетирет,
Апкелбе, болуш, кашыңа?!.

Көпчүлүк укса күлөт деп,
Көтөрүлүп ошону,
Көп ырдатып жүрөт деп,
Көк жалым, сага, уят иш,
Эшенкул — көт ырдатып жүрөт деп!..

Кеп кылба, болуш, аныңды,
Көт сындырар шагыңды.
Көп теңтушуң кеп кылса,
Кетирер баштан багыңды.
Куп кетирер болушум,
Сенин күркүрөп турган чагыңды!

Көпчүлүккө мактанып,
Көбүнө болгон ашына.
Келтирбе, болуш, кашыңа,
Кесири тиет башыңа!..

Кызыл бетин алынган,
Каңтарып жоолук салынган.

Кара бет кимдин жесири?
Калкына катын ырдаса,
Канына тиет кесири!..
Эки бетин алынган,
Ээгин ачык салынган.
Эри жок кимдин жесири?
Ээлигип катын ырдаса,
Элине тиет кесири.
Эл башкарган өзүңдөй,
Бегине тиет кесири!

Алган эри бар болсо;
Желке чачын жулбайбы.
Желип баскан жалапты,
Жети күн байлап урбайбы.
Жергелүү кытай калың Сол,
Элинде намыс турбайбы.
Жеткилеңи Эшенкул,
Бегинде намыс турбайбы.
Мен дагы Солдун баласы,
Бир аял менен бет кылдың,
Болуш, Сол арбагы урбайбы?!.

Алган эри бар болсо,
Арка чачын жулбайбы.
Ар жүргөн сойкуну,
Алты күнү урбайбы.
Ал ырчыңдын барында,
Артында намыс турбайбы.
Атактуу ырчы Жеңижок,
Акынын кошо булгайбы?!..

Ак куурайдын башына,
Ак соно келип конобу?
Арстанынын алдына,
Алдын тарткан оңобу?

Көк куурайдын башына,
Көк соно келип конобу?
Көк жалынан уялбай,
Көтүн тарткан оңобу?!.

Олуя-Ата базарың,
От жакма кара казаның.
Мен мурунтан билгемин,

Түбүнө — кулдуйтуп сабиз басарын'
Аксыда күрүч көп болот,
Аксакал, кары, жашыңа,
Тартып кетсем эп болот.
Жеңижок ооз тийгизбей кетти деп,
Ошонуку эппи деп,
Аркамдан ушак кеп болот,
Ата салтын куубасам,
Арылбаган кек болот!..

Ушагына калганча,
Ушунун кылган күрүчүн,
Уялбай жүктөп барганча.
Колуңарга суу куюп,
Дасторконду жаайын.
Табак тартып баарыңдан,
«Батаңарды» алайын.
Батасын баары берди деп,
Мактанып элге барайын!..

Түбүнөн майын чыгарган,
Түзүк күрүч болуптур.
Туйгунум, болуш, жегенге,
Кызык күрүч болуптур!

Көчүктөгү кытайга,
Көк табакка салып кой,
Көк жалым, болуш, алып кой!
Ташкаранын элине,
Табактарга жасап кой.
Арт жагында аз калат,
Арстаным, болуш, ашап кой?!..
Жергелүү Талас журтуна,
Жетпей калып жүрбөсүн?
Жетиген менен Кушчуга,
Өтпөй калып жүрбөсүн?

Беш беренге алып кой,
Беш жилигин салып кой!
Акбай менен Бабырга,
Ал экөөнө кошуп кой,
Кар жилик менен кабырга!
Калганын жеткир, таарынат,
Кудаа-сөөк, тамырга.
Алакчын менен Тубайга,

Артканын жеткир таарынат,
Ай-Тамга, Солто, Тынайга!
Айлыма кайра тартты деп,
Арстаным, болуш, муңайба?!..

Бузбагын элдин үлгүсүн,
Түбүндөгү жиликти,
Болушуң өзү мүлжүсүн!
Башындагы чүкөсүн!
Эшенкулдун баласы,
Мурзакул ойноп, өкчөсүн!
Тишине жумшак чайнатпай,
Карыңа бергин өпкөсүн!
Калың кытай казандын,
Калтырбай түбүн көптөсүн!
Кара беттин палоосу,—
Кең Аксыга өтпөсүн?!

деп Жеңижок жооп ырын аяктаганда, Эшенкул болуш: «Жигиттер, барсыңарбы? Тиги кара бетти тартып үйдөн чыкпайсыңарбы?! дегенде эки жигит Наркүлбүбүнү колунан тартып эшикке алып чыгып кетишти дейт. Эшенкул: «Жеңижок, балам, колуңдан келсе, кечир! Кур намысты талашып, бир элди экиге бөлүп, биз ит болдук!» деген экен.

## ШЕКЕР КЫЗ МЕНЕН ЖЕҢИЖОКТУН АЙТЫШЫ

Таласта Кара-Бууранын оозунда Акназар деген бай чоң той берет. Бул тойго Аксыдан Жеңижок, Нурмолдо, Ныязаалы комузчу да кошо барышат. Той ээлери Шекер деген акын кызды Олуя-Атанын Дунган жеринен алдырып, Жеңижокко айтышка салышат.

ШЕКЕР КЫЗ:

Аманбы, акын, Жеңижок,
Акын кыз сенден кеми жок.
Ак калпактуу кыргыздан,
Айтышаарга теңи жок.

Кызып ырдап келгенде,
Кызыл тил кетет какылдап.
Кыйынсынган сендейдин,
Кыйласын жеңгем такымдап.

Эсенби, акын Жеңижок,
Шекердин сенден кеми жок,
Элден тентип кетипсиң,
Эс, акылың деги жок.
Эр өлтүргөн эмедей,
Эл таштап качтың Аксыга,
Сени ээрчитип барса болот бакшыга!..
Кун төлөгөн кишидей,
Куюгуп качтың Аксыга,
Сени кубалап барса болот бакшыга!..

Ташкара болуш тоюнда,
Жарчы болду деп уктум.
Аңгемени ар элде,
Салчы болду деп уктум.
Эсенаман, Майкөттү,
Экөөбүн катар куруттуң.
Каяша кылган акынды,
Катары менен улуттуң!..
Айтышсам деп жүрчү элем,
Атагың жакшы билчү элем.
Акназар байдын тоюна,
Алып келишти жолуктум!

Санаттан айтар сан ырчы,
Жөн ырдан айтар ар ырчы,
Табышмак айтар чоң ырчы,
Такалбай табар зор ырчы.
Табышмагым таппаса,
Түбүндө барып кор ырчы!
Табышмагың чечерсиң,
Табышмагым чечпесең,
Какшаган менен бекерсиң.
Көргүлүгүң көрөрсүң,
Ныязаалы экөөң,—
Аксыга иттей болуп жөнөрсүң?!..

Үйүнөн өлүк чыкпаган,
Ааламда бүтүн бар бекен?
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Куудан бүтүн бар бекен?
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн бар бекен?

Өөгү бар, жалы жок,
Экөө чыкты, ким экен?
Желмаяндай жүгүрүп,
Желип чыккан ким экен?
Шамалынан бейиштин,
Учуп чыккан ким экен?
Саясынан бейиштин,
Үркүп чыккан ким экен?
Көк өрдөк учуп өтпөгөн,
Көлдүн пири ким экен?
Көк жакалай куш салган,
Эрдин пири ким экен?
Ыркырап ээсин каппаган,
Иттин пири ким экен?
Айланып үйдөн чыкпаган,
Аттын пири ким экен?

Сопу, кожо койлорун,
Союш кылган ким экен?
Тебетейди жоготуп,
Топу кылган ким экен?
Ак таман тору ат баспаган,
Жерде бүтүн бар бекен?
Эр Назарбек чаппаган,
Элде бүтүн бар бекен?
Айыш менен Бүйүшкө,
Ырчы өткөн ким экен?
Айбанаттын баарына,
Сынчы өткөн ким экен?
Паренде менен Чаренде,
Таятасы ким экен?
Таянеси ким экен?
Таап берчи, Жеңижок,
Таба албасаң, эбиң жок?!

деп табышмак салат экен айтышка түшкөн Жеңижокко. Ошондо Жеңижоктун Шекер кызга жооп берип турган жери:

ЖЕҢИЖОК:

— Беш уруу Солду унутуп,
Кайда кетти Жеңижок?
Барган киши келбеген,
Жайга кетти Жеңижок.
Конгон чымын учпаган,
Майга кетти Жеңижок?..

Алты уруу Солду унутуп,
Кайда кетти Жеңижок?
Сары алтын Аксы аталган,
Жайга кетти Жеңижок.
Айтышка түшкөн Шекер кыз,
Ашыкканың бекер кыз!
Айтканыңдын эби жок,
Жеңижоктун айтыша турган теңи жок!..

Тулпар минип туу баштап,
Туулган жерим Таласта.
Туз насибим бар экен,
Турук кылдым Аксыга!..

Бакшыга барсаң — сен баргын,
Мен бакшыга баргыдай,
Төрөйт белем, Шекер кыз?
Ак бешикке ардактап,
Бөлөйт белем, Шекер кыз?
Сени бакшыга барсаң албаган,
Сенин барбаган жериң калбаган!..

Бүбүгө барсаң — сен баргын,
Мен бүбүгө баргандай,
Төрөйт белем, Шекер кыз?
Эркектерди бүбүңүз,
Өөнөйт бекен, Шекер кыз?
Сени бүбүгө барсаң албаган,
Сенин бүтүн да жериң калбаган!..

Эми, табышмагың чечейин,
Жообун бере кетейин:
Үйүнөн өлүк чыкпаган,
Ааламда бүтүн бир кудай.
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Куйругу бүтүн куркулдай!

Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канаттуу түшпөс астына,
Канатта бүтүн карчыга!..

Өөгү бар, жалы жок,
Экөө чыкты дегениң,

Кош өгүз бакыр эмеспи!
Желмаяндай жүгүрүп,
Желип чыкты дегениң,
Төө бакыр эмеспи!..

Саясынан бейиштин,
Учуп чыкты дегениң,
Карчыга, кыйгыр эмеспи!..
Шамалынан бейиштин,
Үркүп чыкты дегениң,
Азиретаалы пайгамбар,
Минген дулдул эмеспи!..

Көк өрдөк сүзүп өтпөгөн,
Көлдүн пири — эр Үпүм.
Көл жакалай куш салган,
Эрдин пирин сурасаң,—
Азирет Султан Арипим!

Ыркырап ээсин каппаган,
Иттин пири Мыркытыр!
Айланып үйдөн чыкпаган,
Аттын пирин сурасаң,—
Азирети Камбар Аския!..

Сопу, кожо койлорун,
Союш кылган Шайдылда.
Тебетейди жоготуп,
Топу кылган Шайдылда.
Бозокорду жоготуп,
Сопу кылган Шайдылда!..

Ак таман тору ат баспаган,
Жерде бүтүн Индустан.
Эрназар бек чаппаган,
Элде бүтүн Түркстан.
Айыш менен Бүйүшкө,
Ырчы өткөн Токторбай.
Айбанаттын баарына,
Сынчы өткөн Толубай!

Паренде менен Чаренде,
Таятасы — Тартар куш.
Таянеси — бөдөнө.
Дагы барбы, Шекер кыз?

Табышмагың таптымбы,
Өзүң иттей болуп калдыңбы?!.

Эми акылдаба, Шекер кыз,
Адашкан жериң айтарсың,
Адашкан жериң айтпасаң,
Артыңа карап кайтарсың.
Адашкан жериң айтпасаң,
. . . . . . . . .

Көтөрүлбө Шекер кыз,
Көргөн сырың айтарсың.
Көргөн сырың айтпасаң,
Көтөрүлбөй кайтарсың.
Көргөн сырың айтпасаң,
. . . . . . . . .

Жакшы болсоң Шекер кыз,
Калкыңдан бирөө албаптыр,
Сенин эч кадырың калбаптыр!

Ээликпегин Шекер кыз,
Элиңден бирөө албаптыр,
Сенин эч тамтыгың калбаптыр!

Топко чыгып шаңкылдайт,
Бу карабет кимдин жесири?
Мунун калкка тиет кесири?

Бу эри жок кимдин жесири?
Мунун элге тиет кесири!
. . . . . . . . .

деп Жеңижок акын улантып ырдай бергенде, эшиктен эки жигит кирип келип, Шекер кыздын колунан жетелеп эшикке чыгып кетишкен экен.

## КАРАЧА БАЙДЫ ЖОЛБОРС АЛГАНДА
### (Токтогул менен Жеңижок)

«Карача байдын байге бербес күлүгүн жолборс алыптыр» деген кабар айыл-айылга шамалдай тарады. Ат кайтарган жылкычылар бул кабарды Карача байга кантип угузуунун амалын таба алышпады. Жайдын

таңы атып, тоо-тоонун башына күндүн нуру чачырады. Карача бай желбегей салынып, жалаң кепиччен суу жакты көздөй басып келе жатып, жон ылдый бастырып келе жаткан жылкычысын көрүп, токтоп турду. Жылкычы жакын келгенде: «Ит-куштан мал аманбы? деп кыйкырды. «Карышкырдан аман» деди да жылкычы мукактана түштү. Жылкычы атынан түшүп, байга салам берди, каргылданган үнү менен сөзүн баштады:

— Кирпик какпай эле кайтарып чыктык эле, деп жер тиктеди.

Деги айтчы, эмне болду? — деп Карача бай жылкычыны жекире сүйлөдү.

— Карышкыр болсо алдырбайт элек, күлүктү жолборс алды деп жылкычы кетенчиктей түштү. «Жолборс алды» дегенге Карача бир жагы таң калып, бир жагы атына ичи ачышып, бир далайга чейин үнсүз турду да: Жолборстун кеткен жагын байкап калдыңарбы? — деп сурап калды. Жолборс айдын жарыгында оттоп турган күлүктү чапчып ыргытып жиберип, жалпак арча жакты көздөй кеткендигин айтты жылкычы.

Карача бай күн шашке болгон кезде айылдагыларды топтоп алып, жолборсту издеп чыкты. Жылкычы айткандай арча арасындагы таштын үстүндө жолборс комдонуп жаткан экен. Жолборсту көрүп, Карача бай мылтыгын алгыча жолборс Карача байды таштан алыс ыргытып жиберди да арчаны аралап кирип кетти. «Карача байды жолборс алыптыр» деген кабар Анжыян, Аксы, Аркага таралды. Токтогулдар ашка келгенде чоң боз үйдүн ичине толгон элге Айдыраалы ырдап отурган:

...Айылда болсо кой жакшы,
Аш курусун, той жакшы.
Өрүштө болсо кой жакшы,
Өлүм курусун той жакшы.

«Айдыраалы Таластын Күркүрөө деген жеринен болот»[1] — деп жазат белгилүү акын Жоомарт Бөкөмбаев өзүнүн «Токтогул» деген чыгармасында. Мында, Токтогулдар Карача байдын ашына келип атыры. Токтогул менен Жеңижок батага андан бир канча жыл мурун келип, ушул кошокту жаратышкан экен. Жергиликтүү элдин айтуусуна караганда, окуя мындай болуптур: Ке-

[1] Караңыз: «ЖООМАРТ» II том, Кыргызстан басмасы, Фрунзе — 1973. 495—496-беттер.

ширсиген, атактуу Көк-Башат жайлоосунда Сере деген чакан жайлоолор бар. Карача байдын байге бербеген күлүгү үйүрү менен Серенин кыр жонунда түндө жайылып жүргөн кезинде жолборс кол салат. Айгыр жолборс менен кадимкидей кармашат экен, бирок жолборс деген жолборс да! Ыңгайы келгенде айгырдын жалынан тиштеп, сайды көздөй ыргытып кете берген экен. Карача бай өзү аңчылыкка шыгы болгондуктан жолборско Көк-Башаттын көк торпусуна капкан салат. Эртеси караса капкан ордунда жок, көрсө жолборс түшүп, капканды сүйрөп, маңдайкы Карагайлууга кирип кеткенин баамдайт. Карача бай мылтыгын октоп, эки кишини жанына алып, Карагайлууга жөнөп калат. Көк-Торпуга келгенде жолборстун капкан сүйрөп кеткен изин көрүп, Карача бай: «Силер ушул жерден карап тургула, мен барайын» деп жөнөп кетет да Карагайлууга өтүп, кара мылтыктын милтесине чок коюп, жанынан чакчасын алып, наспайын атат да беркилерден:

«Мен мине кылып атырым?» деп сурайт. Беркилер: «Сен наспай атып атырысың!» дешет. Карача бай: Көрүп турушкан экен! — деп жөнөп кетет. Бир кезде мылтыктын «тарс!» деп атылган үнү чыгат. Берки экөө кыйкырышып, «Карача бай жолборс атты!» деп, Карачага чуркап келишсе, Карача байды жолборс алып, өлүп жаткан болот. Көрсө, капкандын чынжырын алдына жыйып, комдонуп, Карача байды аңдып турган экен. Карача бай капыстан чыга калып, жакындан кездешкенде атууга үлгүрө албай калган экен. Жолборс бир секирип, Карача байдын башын жара чайнап, бутундагы капканын силкип таштап кете бериптир. Кара мылтыктын милтесиндеги чок күйүп барып жеткенде мылтык атылып, анан менин абаларым «Карача бай жолборс атты!» деп жар салып чуркап келишкен окшобойбу! Ал жолборсту көп өтпөй Асан деген адам Баёнун токоюнан атып алыптыр. — Ошол мезгилде Токтогул Жеңижоктун үйүндө жүргөн убагы экен, эл менен бирге батага келип, экөөнүн Карачаны кошуп турган жери:

ЖЕҢИЖОК: Кызыл чаар ак жолборс,
Кыялай чапса тосо албайт.
ТОКТОГУЛ: Кыямат кеткен Карача,
Сенин кыздарың биздей кошо албайт!
ЖЕҢИЖОК: Кара чаар көк жолборс,
Капталдай чапса тосо албайт.
ТОКТОГУЛ: Капилет көчкөн Карача,

Сенин катынын биздей кошо албайт!..
ЖЕҢИЖОК: Алтын жаак жез капкан,
Айланасы мис капкан.
ТОКТОГУЛ: Аңдып барып атарда,
Асылды ак жолборс деген ит капкан!
ЖЕҢИЖОК: Күмүш жаак жез капкан,
Күчтүү жаагы мис капкан.
ТОКТОГУЛ: Көксөп жетип атарда,
Көк жалды — көк жолборс деген ит
капкан!
ЖЕҢИЖОК: Жакага малын айдаптыр,
ТОКТОГУЛ: Жанына барып атарда,
Жаагын жара чайнаптыр!
ЖЕҢИЖОК: Белеске малын айдаптыр,
ТОКТОГУЛ: Бейлебей барып атарда,
Беренди каап жайлаптыр!
ЖЕҢИЖОК: Саадагың турат сабы жок,
Санааң бир турат өзүң жок.
ТОКТОГУЛ: Кылычың турат кыны жок,
О, кылыгың турат өзүң жок.
ЖЕҢИЖОК: Салкының сайга тийчү эле,
Салкыныңдын астында,
Сан бечера жүрчү эле.
ТОКТОГУЛ: Көлөкөң чөлгө тийчү эле,
Көлөкөңдүн алдында,
Көп бечера жүрчү эле.
ЖЕҢИЖОК: Булуңдан бугу атчу элең,
Бүт айылды бакчу элең.
ТОКТОГУЛ: Тектирден теке атчу элең,
Тегиз журтту бакчу элең!
ЖЕҢИЖОК: Аскадан кийик терчү элең,
Астынан чыккан кишиге,
Шыйрагын кеспей берчү элең!
ТОКТОГУЛ: Асмандан, ак жибек боолуу куш келет,
Ажалы жеткен пендеге,
Ушундай, армандуу өлүм туш келет.
ЖЕҢИЖОК: Көктөн, көк жибек боолуу куш келет,
Көк жал эрдин башына,
Ушундай, күйүттүү өлүм туш келет!
ТОКТОГУЛ: Ак ала булут арасы,
Арманда кеткен Карача,
Азамат эрдин баласы!
ЖЕҢИЖОК: Көк ала булут аласы,
Күйүттүү кеткен Карача,
Көк жал эрдин баласы!

ТОКТОГУЛ: Ак боз ат минип таптаган,
Алышкан жоосун каптаган.
ЖЕҢИЖОК: Көк тулпар минип таптаган,
Күрөшкөн жоосун каптаган.
ТОКТОГУЛ: Эшилген сууну кечпедим,
Эсиң барда жетпедим.
ЖЕҢИЖОК: Жайылган сууну кечпедим,
Жаның барда жетпедим!
ТОКТОГУЛ: Кызыл чырай жүзүңдүн,
Кубулганын карачы!
ЖЕҢИЖОК: Карагаттай көзүңдүн,
Жумулганын карачы!..
ТОКТОГУЛ: Бир пияла суу бербей,
Башыңда туруп чуу бербей,
Карегим сенден айрылдым.
ЖЕҢИЖОК: Жамандыкта күйүшкөн,
Жанашып бирге жүрүшкөн,
Канатым сенден айрылдым!
ТОКТОГУЛ: Сары гүл эле баары,
Сары май эле баары.
ЖЕҢИЖОК: Кызыл гүл эле баары,
Кымыз бир эле баары.
ТОКТОГУЛ: Саноорун алтын жыш элең,
Сайдан өрдөк учурбас,
Сарала туйгун куш элең!
ЖЕҢИЖОК: Көркөмүң күмүш жыш элең,
Көлдөн өрдөк учурбас,
Көк ала туйгун куш элең!
ТОКТОГУЛ: Жашылдан менин жең учум,
Жаш алганым — теңтушум!
ЖЕҢИЖОК: Кызылдан менин жең учум,
Кыйылганым — теңтушум!
ТОКТОГУЛ: Бугу саптуу камчымды,
Буурул ат басып сындырды.
ЖЕҢИЖОК: Бурулуп алым сурарды,
Бу кудай алып тындырды!
ТОКТОГУЛ: Долоно саптуу камчымды,
Тору атым басып сындырды.
ЖЕҢИЖОК: Толгонуп алым сурарды,
Теңирим алып тындырды!
ТОКТОГУЛ: Алтындан топчу бурарым,
Абалымды сурарым!
ЖЕҢИЖОК: Күмүштөн топту бурарым,
Күйүтүмдү сурарым!..
ТОКТОГУЛ: Саадагын сайга жөлөгөн,

Санатың — сан жигитке теңеген,
Саадагың сарбаз баасы
Санатың сан жигиттин жаасы!

ЖЕҢИЖОК: Қылычын кырга жөлөгөн,
Қылыгын кырк жигитке теңеген.
Қылычың — кырбаз баасы,
Қылыгың — кырк жигиттин жаасы!..

ТОКТОГУЛ: Бурулушта отурсам,
Бурулуп алым сурарым,

ЖЕҢИЖОК: Қайрылышта отурсам,
Қайрылып алым сурарым!

ТОКТОГУЛ: Қара кулак шер элең,
Қарышкыр көздүү, бир сөздүү,
Қайраттуу туулган эр элең!

ЖЕҢИЖОК: Бөрү кулак, шер элең,
Бөрү көздүү, бир сөздүү,
Бөтөнчө туулган эр элең!

ТОКТОГУЛ: Қызыл чепкен мүрүсү,
Қыргызда сендей кимиси?

ЖЕҢИЖОК: Қара чепкен мүрүсү,
Қазакта сендей кимиси?!..

ТОКТОГУЛ: Қызыл чаар жолборстун,
Қычыраган тиши элең,
Қыргызда жок киши элең?

ЖЕҢИЖОК: Қара чаар жолборстун,
Қачыраган тиши элең,
Қазакта жок киши элең!

ТОКТОГУЛ: Көк болот элең мизиң курч,
Көк жолборс элең тишиң курч!

ЖЕҢИЖОК: Ак болот — элең мизиң курч,
Ак жолборс элең — тишиң курч!

ТОКТОГУЛ: Бешөөбү элең жылдыздын,
Берени элең кыргыздын.

ЖЕҢИЖОК: Алтообу элең жылдыздын,
Арстаны элең кыргыздын.

ТОКТОГУЛ: Анжыян ээр, жез камчы,
Аргымак аттын дөөлөтү.

ЖЕҢИЖОК: Амандашып катташкан,
Аманат жандын сөөлөт!

ТОКТОГУЛ: Алтындан сандык кыноолоп,
Салып коёр болсочу.
Сагынганда асылды,
Алып көрөр болсочу!

ЖЕҢИЖОК: Күмүштөн сандык кыноолоп,
Қатып коёр болсочу.

Санатың — сан жигитке теңеген,
Саадагың сарбаз баасы
Санатың сан жигиттин жаасы!

ЖЕҢИЖОК: Кылычын кырга жөлөгөн,
Кылыгын кырк жигитке теңеген.
Кылычың — кырбаз баасы,
Кылыгың — кырк жигиттин жаасы!..

ТОКТОГУЛ: Бурулушта отурсам,
Бурулуп алым сурарым,

ЖЕҢИЖОК: Кайрылышта отурсам,
Кайрылып алым сурарым!

ТОКТОГУЛ: Кара кулак шер элең,
Карышкыр көздүү, бир сөздүү,
Кайраттуу туулган эр элең!

ЖЕҢИЖОК: Бөрү кулак, шер элең,
Бөрү көздүү, бир сөздүү,
Бөтөнчө туулган эр элең!

ТОКТОГУЛ: Кызыл чепкен мүрүсү,
Кыргызда сендей кимиси?

ЖЕҢИЖОК: Кара чепкен мүрүсү,
Казакта сендей кимиси?!..

ТОКТОГУЛ: Кызыл чаар жолборстун,
Кычыраган тиши элең,
Кыргызда жок киши элең?

ЖЕҢИЖОК: Кара чаар жолборстун,
Качыраган тиши элең,
Казакта жок киши элең!

ТОКТОГУЛ: Көк болот элең мизиң курч,
Көк жолборс элең тишиң курч!

ЖЕҢИЖОК: Ак болот — элең мизиң курч,
Ак жолборс элең — тишиң курч!

ТОКТОГУЛ: Бешөөбү элең жылдыздын,
Берени элең кыргыздын.

ЖЕҢИЖОК: Алтообу элең жылдыздын,
Арстаны элең кыргыздын.

ТОКТОГУЛ: Анжыян ээр, жез камчы,
Аргымак аттын дөөлөтү.

ЖЕҢИЖОК: Амандашып катташкан,
Аманат жандын сөөлөт!

ТОКТОГУЛ: Алтындан сандык кыноолоп,
Салып коёр болсочу.
Сагынганда асылды,
Алып көрөр болсочу!

ЖЕҢИЖОК: Күмүштөн сандык кыноолоп,
Катып коёр болсочу.

Көксөгөндө кургурду,
Көрүп жүрөр болсочу!

ТОКТОГУЛ: Кар үстүнө от жаккан,
Карыптарды көп баккан.

ЖЕҢИЖОК: Муз үстүнө от жаккан,
Мусапырды көп баккан.

ТОКТОГУЛ: Сарыны кийсем эскирбейт,
Санатың айтсам кечкирбейт.

ЖЕҢИЖОК: Караны кийсем эскирбейт,
Кайгыңды айтсам кечкирбейт!

ТОКТОГУЛ: Карайган тоонун шамалы,
Какшатат өлүм амалы.

ЖЕҢИЖОК: Бозоргон тоонун шамалы,
Боздотот өлүм амалы!..

ТОКТОГУЛ: Кашка-Суу деген биздин жер,
Кайрылып чыкпайт сендей эр.
Кайрылып чыкса сендей эр,
Минтип катып бир алат кара жер!..

ЖЕҢИЖОК: Бел-Башат деген биздин жер,
Белсенип чыкпайт сендей эр.
Белсенип чыкса сендей эр,
Минтип бекитип коёт кара жер!..

ТОКТОГУЛ: Туурунду талашса,
Туйгунга жемин бербеген.

ЖЕҢИЖОК: Ат салыша келгенде,
Акимге жемин бербеген!

ТОКТОГУЛ: Күмүштөн ээр каш калды,
Күйүттүү кызың жаш калды!

ЖЕҢИЖОК: Алтындан ээр каш калды,
Армандуу балаң жаш калды!

ТОКТОГУЛ: Кыяны, кыялай чапкан көк жолборс,
Кыялай чапса тоскон жок.

ЖЕҢИЖОК: Кыямат кеткен Карача,
Сенин кыздарың биздей кошкон жок!..

ТОКТОГУЛ: Капталды, капталдай чапкан ак жолборс,
Капталдай чапса тоскон жок!

ЖЕҢИЖОК: Капилет көчкөн Карача,
Сенин, катының биздей кошкон жок!..

ТОКТОГУЛ: Байыркыңды мен айтсам,
Мактагандай көрүнөт.

ЖЕҢИЖОК: Эмикиңди мен айтсам,
Эстегендей көрүнөт!

ТОКТОГУЛ: Көктөн бир тийген Ай болсун,
Кыямат кеткен Карача,
Сенин жаткан бир жериң жай болсун!..

ЖЕҢИЖОК: Асмандан тийген Ай болсун,
Акырет кеткен Карача,
Сага бейиштен туура жай болсун!..

## КОРГОЛ МЕНЕН ЖЕҢИЖОК

КОРГОЛ:

— Аманбы, аба Жеңижок?
Ак калпактуу кыргыздан,
Айтышаарга теңи жок.
Анык булбул экенсиң,
Айдап төккөн чени жок!

Эсенби, аба, Жеңижок,
Эки жаактуу пендеден,
Эрегишер теңи жок.
Элдин анык булбулу,
Элеп төккөн чени жок!..

Жергебиз Кетмен-Төбөдөн,
Жетик акын Өтөгө,
Жетине албай жөнөгөм.
Айлыбыз Кетмен-Төбөдөн,
Артыкча акын Өтөгө,
Ашыгып мында жөнөгөм.

Ата-тегиң Таластан,
Ар санаттан сабатсаң,
Ар дубанга жарашкан.
Акын болор бекемин,
Айтканың угуп жанашсам?

Түпкүлүгүң Таластан,
Төгүп ырдап отурсаң,
Топ жыйынга жарашкан.
Токтолбой ырдаар бекемин,
Таалимиң алып жанашсам?..

Турган жериң Аксы экен,
Турпаты менен жакшы экен.
Жердеген жериң Аксы экен,
Жергеси менен жакшы экен.
Токтогул келип дос болгон,
Кошулса доошу козголгон.

Көп жомокту жат билген,
Арапча окуп кат билген.
Артык экен өнөрүң.
Керек болду балаңа,
Өзүңдөн нуска көрөрүм.
«Булбулу» деп ырчынын,
Токтогул торгой айтты эле.
Суусамырдын сазында,
Топ дубандын кашында,
Кара сакал Эшмамбет,
Сизге учурашып кайтты эле.

Анда мен эл көзүнө акындай,
Көрүнө элек болчумун.
Алабарман ырчыдан,
Бөлүнө элек болчумун.
Эңсегеним ыр болгон,
Каалаганым Сиз болгон,
Ырдын кенин аяба,
Каалап келген Корголдон!

ЖЕҢИЖОК:

— Кетмен-Төбө кең жерден,
Телегейи тең жерден,
Эстеп келген экенсиң.
Ырга бөлүп санааңды,
Жеңижоктой абаңды,
Балам, издеп келген экенсиң!..

Жол жоргоңду жаңылбай,
Мүдүрүлбөй кагылбай,
Салып калган экенсиң.
Токтогулдун төп ырын,
Эшмамбеттин эп ырын,
Алып калган экенсиң!

Бышыбайт башың согулбай,
Жүрүп калсаң колумда ай,
Үйрөтөрмүн сонунду ай!
Чатыштырып ырдаймын,
Саятчынын торундай,
Билерсиң, балам, соңунда ай!..

Эми, балам, айтарым:
Эсиң болсо байкагын,

Ырды «Жер байынан» баштагын!
Билгениңди так айтып,
Айтыштардан сак айтып,
Кармашкандан качпагын!..

Бизден мурун тарыхтан,
Ырын төгүп жарыткан,
Токторбай өткөн ырчыдан!
Айбанаттын баарына,
Айтылып жүрөт дагы да,
Толубай өткөн сынчыдан!..

Он сегиз миң Ааламды,
Жер жүзүндө адамды,
Кошуп айтсаң, бир кызык!
Бутактатып, көбөйтүп,
Элди шаңга бөлөнтүп,
Созуп айтсаң, бир кызык!..

Адам-Ата, Умайдан,
Түпкүлүгү кудайдан,
Төгүп айтсаң, бир кызык.
Жер үстүндө нааданды,
Жалкоо, начар адамды,
Сөгүп айтсаң — бул кызык!..

Аксы менен Таластын,
Көкчө менен Манастын,
Жөнүн айтсаң — бир кызык!
«Жаныш-Байыш», «Курманбек»,
Эрдиктери мындай деп,
Көбүн айтсаң — бул кызык!..

Жаман, жакшы адаттан,
Терме менен санаттан,
Калпып айтсаң — бир кызык!
Дүйнөнүн пинаа болгонун,
Жылдыз көккө толгонун,
Камтып айтсаң — бул кызык!..

Ай, жылдызы жаркырап,
Нурун төккөн баркырап,
Айтар болсоң жылдызды айт!
Түпкүлүгүн ойлогон,
Туулган жерин коргогон,
Түпкү атабыз кыргызды айт!

Бечелдин иши курулбайт,
Чечендин сөзү бузулбайт,
Байкагам, балам, турмушта.
Жеңилсе түшүп атынан,
Түшүрбөй курун мойнунан,
Баалашкан сөздү кыргызда!..

Жыгылсаң туруп кетерсиң,
Байлаган болсо чечерсиң,
Чыгарсың орго малынсаң.
Байлагандай кете албай,
Сөз түйүнүн чече албай,
Балам, өлгөнүң сөздөн чалынсаң!..

Жамандардын каарынан,
Замананын тарынан,
Турук кылдым Аксыга.
Өлмөйүнчө кор болбойт,
Маңдайында шор болбойт,
Канатташ жүрсөң жакшыга!..

Алмасы чирип көң болгон,
Жаңагы чирип дөң болгон,
Сары алтын Аксы жер ушул!
Күлүгүн күндө таптаган,
Тайганын ууга маштаган.
Өтө абаңдын эли ушул!..

Келипсиң ырдап алыстан,
Кубандым ырдап таанышсаң,
Учурашкан кез ушул!
Балам, айтканыма көңүл бур,
Кол тийгенде келип тур,
Сага айта турган сөз ушул!..

— Ошондон баштап Жеңижок абам менен кол үзүшпөй катташып жүрдүм. Жеңижок деген бир шыбакты эт бышканча сүрөттөп бүтпөгөн нөшөр акын экен, мен аны-сын билбей эле ырдашып жүрө бериптирмин, кагылайын! Кийин Өтө абамдын көзү өткөндө келсем, тууган урук-тары жөнөтүшпөй бир кыш алып жүрүштү. Кез-Арттык кашкатаман туугандар бир төө союп беришти, ошол төө-нүн эти түгөнгөндө кеттим, мага эч жерде төө союп сыйлашкан эмес, Өтө абамын элине ыраазымын деген экен кайран Коргол.

## ЖЕҢИЖОК МЕНЕН БАРПЫНЫН УЧУРАШКАНЫ

(1-ТҮРҮ)

ЖЕҢИЖОК:

Исвескен менен Бүргөндү,
Кесип келдиң Барпы акын
Канча бир элди аралап,
Өтүп келдиң Барпы акын.
Базар-Коргон, Тентек-Сай,
Жайдан келдиң Барпы акын
Сендей бала жок эле,
Кайдан келдиң Барпы акын?
Сол көзүңдү ачпастан,
Жуумп келдиң Барпы акын.
Жеңижокту жеңем деп,
Кууп келдиң Барпы акын!..

БАРПЫ:

Жалал-Абад жол тартып,
Жөнөп келдим, Жеңижок.
Жакшылардан ажырап,
Бөлөк келдим, Жеңижок.
Акындыгың эшитип,
Сага келдим Жеңижок.
Сол жак көзү жумулган,
Мени көрүң Жеңижок.
Көрүп кетем Майлы-Сай,
Жолуңузду Жеңижок.
Сынап кетем байма-бай,
Чоңуңузду Жеңижок.
Көрүшөлү канеке,
Колуңузду Жеңижок?

ЖЕҢИЖОК:

Айтышар болсоң мынакей,
Менин колум Барпы акын.
Адаштырат сендейди,
Менин колум Барпы акын.
Жайып койдум алдыңа,
Темир торум Барпы акын.
Карала напти жибек тон,
Кийип келдиң Барпы акын.
Казысы карыш ала тай,
Минип келдиң Барпы акын.
Султан Казак болуштун,

Сүлпөтүн сен билбейсиң.
Жанындагы Бабаяр,
Үлпөтүн сен билбейсиң.
Чучук каптап алдыңа,
Коер бекен Барпы акын?
Ала тайың кечинде,
Соёр бекен Барпы акын?
Төрт кароол бир жигит,
Сабаар бекен Барпы акын?
Бүгүн атың казанда,
Кайнар бекен Барпы акын?
Ээриңди көтөртүп,
Айдар бекен Барпы акын?
Эки колуң артыңа,
Байлар бекен Барпы акын?
Эки көзүң ботодой,
Жайнар бекен Барпы акын?

БАРПЫ:

Карала напти жибек тон,
Кийип келдим Жеңижок.
Казысы карыш ала тай,
Минип келдим Жеңижок.
Жолоочудан ат сурап,
Жору бекен болушуң?
Жалгыз атты жаргыдай,
Таскарабы болушуң?
Таамай элдин ичинде,
Маскарабы болушуң?
Алыстан келген мейманды,
Билеалбайбы болушуң!
Ырчынын атын союшка,
Уялбайбы болушуң?
Ат үстүндө дардайып,
Теминет го болушуң!
Күндө эт жесе чардайып,
Семирет го болушуң!
Ал атымдын казысын,
Чайнагыдай болушуң,
Ууру белем колумду,
Байлагыдай болушуң.
Күнайым жок артыма,
Айдагыдай болушуң,
Сына турган белим жок,
Корко турган жерим жок!

ЖЕҢИЖОК:

Баятан айткан сөзүмө,
Капа болбо чырагым.
Жүрөгүңдү чыгарып,
Бир аз сени сынадым.
Өйдө өтөт боз дөбөт,
Ылдый өтөт көп дөбөт?
Эки дөбөт айрымын,
Акыл менен ким бөлөт?

БАРПЫ:

Өйдө өткөн боз дөбөт,
Амал болот Жеңижок.
Ылдый өткөн көк дөбөт,
Шамал болот Жеңижок.
Муну Барпы билбесе,
Жаман болот Жеңижок!

ЖЕҢИЖОК:

Дүнүйөдө бирөө бар,
Турбай кетет жолунан.
Бөлөк жакка өзүнө,
Бурбай кетет оңунан,
Бул эмине болучу?

БАРПЫ:

Өзүң айткан касиет,
Адашпаган оңунан.
Тайгылбаган жолунан,
Күндүн көзү Жеңижок.
Шуну чечпей такалса,
Болбойбу Барпы эби жок!

ЖЕҢИЖОК:

Кыйын жерде кез билген,
Кысталышта сөз билген.
Калышпайсың, карагым,
Ак таңдай акын эстүүдөн,
Ошо күндөй жүргүн жолунда
Акындын салттын оңунда...

## ЖЕҢИЖОК МЕНЕН БАРПЫНЫН УЧУРАШКАНЫ

(2-ТҮРҮ)

ЖЕҢИЖОК:

Жака-белден кеп уктум,
Жаңыбайдан кеп уктум.
Жалал-Абад, Өзгөндөн,
Ырчы келди деп уктум.
Ысмынды Барпы деп уктум.
Ырынды уккан адамдын,
Жазылат жарпы деп уктум.
Көрүмүң кыргыз баласы,
Көзүңдүн бар чаласы.
Караңгыга кабылсаң,
Кайда барып коносуң?
Калың кыпчак ичинен,
Кайсы уруудан болосуң?
Жалал-Абаддын — Чаткалдын,
Ортосу канча жол болот?
Кайсы эгин аз болот?
Кайсынысы мол болот?
Кайсы уруу оң болот?
Кайсынысы сол болот?
Айрып берчи арасын?
Айтып берсең аныктап,
Агаңдан бата аласың.

Кемпир-Абад, Акманды,
Кезип келдиң, Барпы ырчы.
Кайсы элдин кандай салты бар,
Сезип келдиң, Барпы ырчы.
Базар-Коргон, Тентек-Сай,
Жайдан келдиң, Барпы ырчы.
Сендей бала жок эле,
Кайдан келдиң, Барпы ырчы?
Жалал-Абад, Өзгөнгө,
Туруп келдиң, Барпы ырчы.
Сол жак көзүң ачпастан,
Жуумп келдиң, Барпы ырчы.
Жеңижоктун кабарын,—
Угуп келдиң, Барпы ырчы.

БАРПЫ:

— Ат бастырып атайы,
Кайдан келдим, Жеңижок?

Жалал-Абад, кең Чаңгент,
Жайдан келдим, Жеңижок?
Барчыны зоодо шаңшыган,
Булбулу бакта таңшыган.
Анжияндык калкыман,
Ыстык салам айтамын.
Орозалы, Бекназар,
Өзүңүзгө бир катар.
Нишан ырчы, Жаңыбай,
Жаңшаганда чер жазар.
Топчубай менен көр Жолдош,
Катышпаган той болбос.
Ошолордун атынан,
Ыстык салам айтамын!
Калың кыпчак ичиден,
Уруумду — Төөлөс дейт.
Төрүн жоого бербес дейт.
Жалал-Абад, Чаткалдын,
Ортосу он күн жол болот.
Бүтүн багыш оң болот,
Бүтүн саруу сол болот.
Күрмөктө түшүм аз болот,
Күрүчтө түшүм мол болот.
Кыргыздан чыккан акын деп,
Казалы элге макул деп.
Өзгөн деген жеримден,
Жөнөп келдим, Жеңижок.
«Жакшылардан» ажырап,
Бөлөк келдим, Жеңижок.
Угузууга ыр жүктөп,
Ала келдим, Жеңижок.
Акындыгың эшитип,
Сага келдим, Жеңижок.
Сынап кетем байма-бай,
Чоңуңузду, Жеңижок.
Көрсөтүңүз Барпыга,
Жолуңузду, Жеңижок?
Көрүшөлү, канаке,
Колуңузду, Жеңижок?!..

ЖЕҢИЖОК:

— Көрүшөр болсоң — мынакей,
Менин колум, Барпы ырчы.
Адаштырат сендейди,
Менин жолум, Барпы ырчы!

Жайып койдум алдыңа,
Темир торум, Барпы ырчы!
Күкүктөй эргип ырдасам,
Көпчүлүк жыйын бөлүнөт.
Суроого жооп кайтардың,
Сыягың ырчы көрүнөт.
Адаштырып ырдасам,
Адашпадың жолуңдан.
Чынын билип отурам,—
Чыгыпсың кыпчак тобуңдан.
Нышан менен Бекназар,
Катар ырдап чыкты эле.
Көк жаңыртып добушу,
Көп ырчыдан мыкты эле.
Карала напти жибек тон,
Кийип келдиң, Барпы ырчы.
Казысы карыш ала тай,
Минип келдиң, Барпы ырчы.
Султан, Казак болуштун,—
Сүлпөтүн сен билбейсиң.
Жанындагы Бабаяр,
Үлпөтүн сен бербейсиң.
Астыңда ала тайыңды,
Соёр бекен, Барпы ырчы?
Чучук каптап өзүңө,
Коёр бекен, Барпы ырчы?
Төрт кароол, бир жасоол,
Сабаар бекен, Барпы ырчы!
Ээриңди көтөртүп,
Айдар бекен, Барпы ырчы.
Эки колуң артыңа,
Байлар бекен, Барпы ырчы.
Жалгыз көзүң ботодой,
Жайнар бекен, Барпы ырчы?..

БАРПЫ:

— Карала напти жибек тон,
Кийип келдим, Жеңижок.
Казысы карыш ала тай,
Минип келдим, Жеңижок.
Жолоочунун атын жеп,
Жору беле болушуң?
Талагандай тайымды,
Таскарабы болушуң?
Калың элдин ичиде,

Маскарабы, болушуң?
Алыстан келген меймандЫ,
Билалбайбы, болушуң!
Ырчынын атын союштан,
Уялбайбы, болушуң?
Ат үстүндө дардайып,
Теминет го болушуң.
Күндө эт жесе чардайып,
Семирет го болушуң.
Ала тайым казысын,
Чайнагыдай болушуң.
Ууру белем, колумду,
Байлагыдай болушуң.
Күнайым жок артымда,
Айдагыдай болушуң.
Кейишке башың түшөрүн,
Билгеним жок, Жеңижок?
Келининин койнуга,
Киргеним жок, Жеңижок!
Азапка башым түшөрүн,
Билгеним жок, Жеңижок.
Аялынын койнуга,
Киргеним жок, Жеңижок!
Сына турган белим жок,
Корко турган жерим жок!..

ЖЕҢИЖОК:

— Ала-Бука, Кызыл-Жар,
Аксы, Чаткал жерим бар.
Алты уруу саруу, көп мундуз,
Аттуу, баштуу элим бар.
Башкарып турган жыйынды,
Султан, Казак бегим бар.
Ушул топтун башчысы,
Ушул топко чогулду,
Жаман менен жакшысы.
Кейишке башың түштү деп,
Айтканым жок, Барпы ырчы.
Келинине келди деп,
Керексиз сөздү келжиреп,
Жатканым жок, Барпы ырчы.
Келинге келсең кармашар,
Келтектешип сабашар.
Кесир сүйлөп олойбо,
Кектешем деп torойбо!..

Қайгыга башың түшөрүн,
Айтканым жок, Барпы ырчы!
Қатынына барды деп,
Қайдагы кепти келжиреп,
Җатканым жок, Барпы ырчы!
Қатынга барсаң кармашар,
Қайраттуулар сабашар.
Қалтыс айтып оройбо,
Қармашам деп, торойбо!..

Балам жүрөгүңө кол салып,
Бир аз сени сынадым.
Баятан берки сөзүмө,
Қапа болбо, чырагым.
— Өйдө өтөт көк дөбөт,
Бул эмине болучу?
Ылдый өтөт боз дөбөт,—
Ал эмине болучу?!.

БАРПЫ:

Өйдө өткөн көк дөбөт —
Амал болот, Жеңижок.
Ылдый өткөн көк дөбөт,—
Шамал болот, Жеңижок.
Муну Барпы билбесе,
Җаман болот, Жеңижок!..

ЖЕҢИЖОК:

— Бул дүйнөдө бирөө бар,
Бурулбай кетет жол менен.
Қазганактап турган жан,
Қармай албайт кол менен.
Бул эмине, Барпы ырчы?..
Адашпаган жолунан,
Ар бир иши оңунан,
Бул эмине, Барпы ырчы?
Бир-бирине кошпой айт,
Басар жолун тоспой айт?
Җик-жигинен айрып айт,
Җол-жобосун кайрып айт?
Акындыгың билейин,
Акыным деп жүрөйүн.
Асы сөздү терейин,
Адилет баа берейин!..

БАРПЫ:

Бул дүйнөдө бирөөң —
Кармалбаган кол менен,
Кадам койгон оң менен.
Кадиксиз жүргөн жол менен.
Күн эмеспи, Жеңижок!
Актык ишти жактаган,
Аруулукту сактаган,
Адилет сөздү сатпаган,
Дил эмеспи, Жеңижок!
Шуну чечпей такалса,
Болбойбу Барпы эби жок!

ЖЕҢИЖОК:

Кыйындыкты тез билген,
Кысталышта сөз билген.
Ак таңдай асыл акындан,
Калышпайсың, Барпы ырчы.
Ар дайым болсун оюнда,
Акындык салтын оңунда,—
Арыштайсың, Барпы ырчы!..

## АКЫНДАРДЫН АКСЫДАГЫ АЙТЫШЫ

ЖЕҢИЖОК: Ташкенге барсаң бара бер,
Тайгандай чуркайт карагер.
Таалайыңа туш келди,
Тартынбай атың чаба бер?
КОРГОЛ: Тайлагын коюп, Туратбек,
Тартайган төөнү мага бер?
ТОКТОГУЛ: Коконго барсаң бара бер,
Коёндой ыргыйт Карагер,
Кор кылбайт атың барында,
Коного байлап чаба бер!
КОРГОЛ: Колуң ачык Туратбек,
Коржойгон төөнү мага бер?
ЖЕҢИЖОК: Букарга барсаң бара бер,
Буйдалбай чыгат Карагер.
Баш байгеси сеники,
Буюрганын ала бер?..
КОРГОЛ: Булбулдар сайрап куру калсын,
Буйлалуу төөнү мага бер?
ТОКТОГУЛ: Алайга барсаң бара бер,
Арыштап чуркайт Карагер.

Айтылуу күлүк ат экен,
Ардактап багып ала бер?

КОРГОЛ: Акындар ырдап албасын,
Атан төөнү мага бер?

ЖЕҢИЖОК: Самаркан барсаң бара бер,
Сай күлүгүң чаба бер.
Саратанда курутпай,
Салкын жерде бага бер!

КОРГОЛ: Сайрашып булар кур калсын,
Саксайган төөнү мага бер?

ТОКТОГУЛ: Наманген барсаң бара бер,
Намыска чуркайт Карагер.
Наазазы болбойт Туратбек,
Нар жагын санап ала бер?

КОРГОЛ: Намыстуулар албасын,
Нарбууранны мага бер?

ЖЕҢИЖОК: Кашкарга барсаң бара бер,
Кадиксиз чуркайт Карагер.
Каалап берсе байгесин,
Калтырбастан ала бер?

КОРГОЛ: Капа болбой Туратбек,
Каржайган төөнү мага бер?

ТОКТОГУЛ: Маргалаң барсаң бара бер,
Маралдай чуркайт Карагер.
Маарага чыкса жаныбар,
Мааратпай коюн ала бер?

КОРГОЛ: Мага бербесең Туратбек,
Мааратып алып кала бер!

ЖЕҢИЖОК: Куюндан бүткөн мал экен,
Куйрук, жалы төгүлгөн.
Канаттуу куштай зыпылдап,
Кайрыган жерден бөлүнгөн.

КОРГОЛ: Саяпкери жакшы экен,
Сактасын кудай өлүмдөн!

ТОКТОГУЛ: Топ күлүктүн ичинен,
Тоо торудай көрүнгөн.
Топту жарып, байге алды,
Тоскоол-Ата көлүндөн!

КОРГОЛ: Толкуган элдин ичинде,
Тоссун кудай өлүмдөн!

ЖЕҢИЖОК: Сай күлүктүн ичинен,
Сараладай көрүнгөн.
Сактады деп намысты,
Саруу элим көбүргөн.

КОРГОЛ: Сайрап мактап калдыңар,
Сактасын кудай өлүмдөн!
ТОКТОГУЛ: Кайыңды, Шумкар, Кум-Белдин,
Капталын оттоп семирген.
Куп сууган кези экен,
Куландай болуп элирген.
КОРГОЛ: Саяпкерлер көп чыгат,
Саруу, багыш элимден.
ЖЕҢИЖОК: Өөдөгө салса ноюбас,
Өкүм күлүк сыягы.
Өзөнгө салса тайгылбас,
Өткүр экен туягы.
КОРГОЛ: Өзгөчө мындай күлүктү,
Өзгөгө бирөө кыябы?
ТОКТОГУЛ: Күнчүлүк жерге жеткирбес,
Күлүк экен чынында.
Куп келтирип ырдайлык,
Калсын деп аты кылымга!
КОРГОЛ: Бизге байгесин берсе болгону,
Болсо дагы ырымга!
ЖЕҢИЖОК: Аттын ээсин сурасаң:
Аксы болот турагы.
Үстүндөгү чабандес,
Ушул элдин чырагы.
КОРГОЛ: Акылың бар, Туратбек,
Айласын кандай кылалы.
Алдыма жакын кел бери,
Акылдашып туралы.
ТОКТОГУЛ: Жанымда турат чакчайып,
Жатындашы Нуралы.
Аркасында бар бекен,
Асырап баккан кунаны?
КОРГОЛ: Бар болгондо кунаны,
Буларың көңүл бурабы?
ЖЕҢИЖОК: Өткөн жылы жайында,
Өзүм жүргөн айылда.
Ал кунанды мактаган,
Көздүү сынчы Шайылда.
Аксылыктарга билгизбей,
ТОКТОГУЛ: Албайсыңбы сатып тайында?
Сайрап турат жубарымбек,
ЖЕҢИЖОК: Сага көрүп камылга.
Баарынан мурда жетесиң,
КОРГОЛ: Байгелүү болгон маалында.

Көрөгөндүк белгиси,
Көзүндүн турат агында!

КОРГОЛ: Жеңижок менен Токтогул,
Жетпесе байге таарынба!

ТОКТОГУЛ: Байгенин башын алам деп,
Бакылдап, балам, жулунба.
Уйку көрбөй таптаган,
Ушул төөнү сен алсаң,
Убал болор чынында!

КОРГОЛ: Эртеден бери кыйкырып,
Бекерге ырдап нетебиз.
Бербесе байге бербесин,
Токтогул жүргүн, кетебиз?

ЖЕҢИЖОК: Ыгы жок сурап, пас болуп,
Ырчыларга бер десең,
Ыксыз болор мунун да.
Жаш кезиңден суранып,
Балам, жайсыз жерге урунба?!.

КОРГОЛ: Короосун малга толтуруп,
Канча жолу байге алган,
Карагер чыккан мурун да.
Кыдыр даарыган Муратбек,
Кыйналбайт мындай чыгымга!..

ТОКТОГУЛ: Айып көрбө, көпчүлүк,
Анча-мынча тамаша,
Акындардын ырында.
Каргадай болгон, Корголум,
Төөсү эмес, күлүктүн,
Төлөп берет кунун да!..

ЖЕҢИЖОК: Такшалсын деп жүрөбүз,
Таланттуу өткүр баланы.
Жеңижок менен Токондой,
Жетилсе өсөт кадамы.

КОРГОЛ: Эс тарткан кезден ээрчидим,
Эки бирдей аганы.
Кайда барсам бел болуп,
Кара тоодой карааны.
Алыска койсо марасын,
Аттардын чыкпайт жаманы.
Төөсүн берсе Туратбек,
Катыны туубай калабы?!.

ЖЕҢИЖОК: Анын ырас, Корголум,
Дүнүйөгө кызыгып,
Алкымдан кетчү болбогун.
Ач калат белең эл барда,

Алды, артыңды ойлогун.
Устаттык кылып кеп айттым,
Ушул жагын ойлогун?!.

## НУРМОЛДО, ЖЕҢИЖОК, БАРПЫНЫН ТОЙДОГУ АЙТЫШЫ

— Илгери Аксынын Кызыл-Жарынын Қароо деген жеринде Ташкул деген бай той берип калды. Тойго Аксынын Авлетиминен Сулайманкул датка, Кара-Суудан Алишер казы, Баялы бий, Садыр бий, Жеңижок, Азилбек, Жээнмырза деген ырчылар, Тегенеден Осмонбек болуш, Малгандыдан Субан болуш, Ныязаалы комузчу, өнөрпоздор болуп топурап келип түшүп калышты.

— Анжиян жаккы кыргыздардан: жедигерлик Семетей болуш, баштаган чангенттик Нишанбай бий, Багыштагы Түлөкө бий, Чөкөтай, Жолдош деген байлары менен Барпы деген акыны менен булар да тойго келип, түшүп калышты.

Той башталаарда той ээси Ташкул бай: «Жеңижок, Нурмолдо экөөбүңөр азыртан баштап, тойго жарчысыңар, ырыңарды баштагыла!» дейт экен.

Нурмолдо той ээси Ташкул байдан баштабастан, Сулайманкул даткалар отурган жакты карап:

— Аргымак аттай арыштап,
Атан төөдөй даткам ай!

дегенинде эле Жеңижок сөздү илгиртпей илип алып:

— Асылым, датка төрөнү,
Айбанга теңеп айтасың.
Айнып кеттиң, Молдоке,
Арканды көздөй кайтасың!..
Төрөдөй айкөл адамды,
Төөгө теңеп айтасың.
Дөөрүп кеттиң, Нурмолдо,
Төмөндү көздөй кайтасың!..
Атан төөдөй деп айтып,
Адамды дагы кордойбу!
Аксакал болгон чагында,—
Абайлап айтсаң — болбойбу?!.
Ажынын уулу даткам ай,
Айбатың элден башкам ай.
Сулайманкул даткам ай,

Сымбатың журттан башкам ай!
Аксыдан чыккан даткасың.
Азыркынын Манасы,—
Акының кантип айтпасын!
Жеримден чыккан даткасың,
Жергелүү элдин Кошою,—
Жеңижок кантип айтпасын!..
Кокондон келген төрөлөр,
Кол куушуруп, кол берген.
Кошойдой журттун башчысы,
Кожодой сыйлап, жол берген!
Анжияндын акими,
Алдыңа келип, кол берген.
Акбалтадай кадырлуу,—
Айбыгып, сыйлап жол берген.
Наамарттык кылбаган,
Наманген беги сыйлаган.
Таш боордук кылбаган,
Ташкендин беги сыйлаган.
Каранын каны атанган,
Кароодон киши жалтанган.
Ажынын уулу даткам ай,—
Ашып түштүң — атаңдан!..
Алтынын кумдай күрөгөн,
Алышкан душман жүдөгөн.
Алты канат үйүнө,—
Ажылар келип түнөгөн.
Арстандын бири Ташкул бий,
Азуусун Айга бүлөгөн!..
Күмүшүн таштай күрөгөн,
Күрөшкөнү жүдөгөн.
Күн тегерек үйүнө,—
Кожолор келип түнөгөн.
Күлүстөн эрсиң Ташкулум,—
Күнгө бир тишин бүлөгөн!..
Алтынына кап толгон,
Алышканы сап болгон.
Ар жамандар жат болгон.
Ажылар конуп үйүнө,—
Ар убак көөнү шат болгон!..
Күмүшүнө кап толгон,
Күрөшкөнү сап болгон.
Көп жамандар жат болгон.
Кожолор келип үйүнө,—
Көп убак көөнү шат болгон!..

Аргымагы туйлаган,
Ар жакшыны жыйнаган.
Алтыны капка сыйбаган.
Аксы, Талас элине,—
Атактуусуң кыйладан!..
Күлүгүң туштa туйлаган,
Көп жакшыны жыйнаган.
Күмүшү капка сыйбаган,
Күлдү кыргыз журтуна,—
Күлүстөн эрсиң кыйладан!
Күлүгүң коштоп чабылган,
Кудай деген күндөрү,
Күнүгө байлык табылган!..
Аргымагың чабылган.
Аллам берген күндөрү,—
Ар күнү байлык табылган!..
Жериңдин аты — Кызыл-Жар,
Жеринен кетпейт кызыл нар.
Жердеген жериң Кароо дейт,
Төөңдүн өзү миң болгон,
Дөөлөттүү сендей ким болгон!..
Чертишемин дегендер,
Чениңе келбей тим болгон!..
Баш жагы кенен Чап болгон,
Басташкан душман жат болгон.
Кырк-Уул, Тубай, Баргылар,
Бейиштей жерди жердеген,
Байкатып айтсам багы бар!..
Аксыны түгөл бийлеген,
Аңдышкан душман тийбеген.
Каарына алганда,—
Ким экен коркуп сийбеген?!..
Сулайманкул даткам бар,
Баялыдай бийим бар.
Башында бар дөөлөтү,—
Булардай болгон кимиң бар?!..
Алибектин беш берен,
Аргымак тандап кермеден.
Арыстандын бири бу дагы,
Алышып пенде жеңбеген,
Азыр келди биз менен!..
Күлүгүн таптап окшотуп,
Саяпкерин коштотуп.
Ташкул байга арнаган,—
Кошумчасын топтотуп.

Эр эңишке эр алып,
Эр сайышка шер алып.
Ач, айкырык чуу менен,
Айгайлаган дуу менен,
Буларда мында келишти!..
Тегенени жердеген,
Тегин эмес, эр деген.
Орчундуу манап Осмонбек,
Ордолуу шаар болгон бек.
Кадырлуу Аксы, Таласка,
Садыр, Субан баш болуп,
Келип турган кезеги,—
Өзүңүздөй Манаска!..
Арыстаным Бекмурат,
Аксыны сурап жеп турат.
Сурунайын тарттырып,
Сымбатын журттан арттырып.
Керинейин тарттырып,
Келгенди таң калтырып.
Баары келди тоюңа,
Байкатып салам, оюңа!..
Атагың кеткен Алайга,
Даңкың кеткен далайга.
Аксакалы жайкалган,
Ар дубанды жайгарган,
Башчың келип турасың.
Кышкы отунду жыйдырып,
Көңүлүңдү тындырып.
Кем-каржыңды таптырып.
Калбайлы деп суука,
Тегирменин тарттырып.
Койкойтуп күлүк жетелеп,
Колуна кушун кондуруп,
Үндөкө салып бөпөлөп!
Караламан калың журт,—
Калкым келип турасың!..

деп Жеңижок көпкө созуп барып басылды. Ошондо жедигерлик Семетей болуш Сулайманкул даткага карап: «Даткам, той башталгандан бери Жеңижоктун ырын угуп турабыз, биринчиден, Жеңижок эс алсын, экинчиден, Жалал-Абад, Өзгөндөн Түлөкө бий, Чөкөтай, Жолдош, деген байлары Нишанбай бийи менен Барпы деген акынды кошо алып келишиптир, Жеңижоктун жанында отурат, ага да нөөбөт берелик, экөөбү эски тааныш

экен, айтышса айтышып, жеңишсин! Байгесини берелик деп Семетей болуш жанынан он сом чыгарып, дасторкондун үстүнө ортого таштайт экен. (Ал убакта беш сомго бир жакшы ат келчү экен!) Отургандар да андан кем эмес ортого пул таштишат. Болжолдо он беш аттын пулундай акча үйүлдү дейт. Семетей болуш Барпыга карап: «Балам, Барпы, кезек сеники, башта!» дегенде Барпы: «Болуш, улуулата келсин, Жеңижок акын таш койсо таш коёюн, кыш койсо — кыш коёюн» дегенде Сулайманкул датка «Андай болсо, Жеңижок, сен баштай бер!» деп уруксат берип жиберди дейт. Ошондо Жеңижоктун комузун күүлөп баштаган жери:

ЖЕҢИЖОК:

Жети кабат Асманды,
Жайгаштырган ким экен?
Жансыз жаткан Жер бетин,
Жашыл кылган ким экен?
Жер, Ааламды суктантып,
Асыл кылган ким экен?
Жердин бетин кут кылып,
Жер бетине жуп кылып,
Жан жараткан ким экен?..
Тамашасы керемет,—
Таңдандырган ким экен?
Бирде Күндү көрсөтүп,
Кайра Түндү көрсөтүп,
Кыймылдаткан ким экен?
Абад кылып гүлдөтүп,—
Шандандырган ким экен?..

БАРПЫ:

А, жети кабат Асманды,
Жайгаштырган бир кудай.
Жердин бетин кут кылып,
Жер бетиге жуп кылып,
Эркек менен ургаачы,—
Экөөбүнү туш кылып,
Бириге-бирин жуп кылып.
Эл жараткан бир кудай.
Тамашасы керемет,—
Таңдандырган Жер болот,
Бирде Күндү көрсөтүп,
Кайра Түндү көрсөтүп,

Кыймылдаткан Жер болот!..
Абад кылып гүлдөтүп,
Шаңдандырган эл болот!..

ЖЕНИЖОК:

Асман, Жердин арасын,
Алыс кылган ким экен?
Күн нурун көктөн чачтырып,
Калыс кылган ким экен?
Боло турган тагдырды,
Турмуштагы жазмышты,
Көрүп турган ким экен?
Акыл менен чечмелеп,
Бөлүп турган ким экен?
Буйругуна Жазмыштын,
Көнүп турган ким экен?
Азезилди таш менен,
Уруп турган ким экен?
Мусулмандын көңүлүн,—
Буруп турган ким экен?..

БАРПЫ:

А, асман, Жердин арасын,
Алыс кылган бир кудай.
Күн нуруну теккиз тийгизип,
Калыс кылган бир кудай.
Боло турган тагдырды,
Турмуштагы жазмышты,
Көрүп турган бакшы дейт.
Буйругуга жазмыштын,—
Көнүп турган пенде дейт.
Азезилди таш менен,
Уруп турган паришта.
Мусулмандын көөнүнү,
Буруп турган бейиш да.
Шуну Барпи чечпесе,
Жуда болот кайиш да!..

ЖЕНИЖОК:

Шыбактуу Жерди жайлаган,
Шынаарлап көктө сайраган.
Дарака барып конбогон,
Кыш түшсө таштап кетпеген,
Куш чечени кайсы экен?..
Токойлуу жерди жайлаган,

Толукшуп жайда сайраган,
Топурак жерди баспаган,
Кептин баары ушунда,
Кайып болгон кышында,
Куш акыны кайсы экен?!.

БАРПЫ:

Шыбактуу жерди жайлаган,
Шынаарлап көктө сайраган.
Дарака барып конбогон,
Кыш түшсө таштап кетпеген.
Куш чечени торгойдур,
Чечпеген шуну оңбойттур!
Токойлуу жерди жайлаган,
Толукшуп жайда сайраган.
Топурак жерди баспаган,
Гаптин баары ушунда,
Гайып болгон кышында.
Акын булбул өзүдүр.
Анжияндык Барпи акын,
Таап айткан сөзүдүр!..

ЖЕҢИЖОК:

Кара-Тоонун төбөсүн,
Кар басканы не болот?
Кайнар булак кашатын,—
Суу басканы не болот?
Кырка турган катар таш,
Ураганы не болот?
Түбү менен чынардын,—
Сулаганы не болот?
Кара-Тоонун башынан,
Күнүң батты не болот?
Ала-Тоонун башынан,
Айың батты не болот?..

БАРПЫ:

— Кара-Тоонун төбөсүнү,
Кар басканын сурасаң,—
Кара болгон чачыңдын,—
Ак болгону эмеспи!
Кайнар булак кашатың,—
Суу басканын сурасаң,—
Аккан көз жаш эмеспи!
Кырка тизген катар таш,

Ураганын сурасаң,—
Тиш түшкөнү эмеспи.
Түгү менен чынардын,—
Сулаганын сурасаң,—
Арка болгон атаңнын,
О дүйнө көздөй жол тартып,
Жөнөгөнү эмеспи!
Кара-Тоонун башыдан,
Күнүң батты дегениң,—
Кадырлап баккан атаңдын,
Аттанганы эмеспи!
Ала-Тоонун башыдан,
Айың батты дегениң,—
Ак сүт берген энеңдин,—
Аттанганы эмеспи!..

ЖЕНИЖОК:

Баракелде, Барпы ырчым,
Баа жетпеген сарт ырчым.
Узатайын арылап,
Угуп туруп, тап ырчым!
Азыр көңүл бургунуң,—
Аяр болуп тургунуң.
Адамзатты жаса деп,
Айтыптыр ким буйругун?..
Аны кимдер жасады.
Акыл менен туйгунуң?
Адамдын насил, заты ким?
Периштелер аты ким?
Турган жери каерде?
Кылган иши не болот?
Кантип жүрөт бу жерде?
Көрүнөбү көзүңө?
Адамдардын сүйлөшкөн,
Түшүнөбү сөзүңө?
Адам-Ата, Обо-Эне,
Неге айдалды бейиштен?
Жылан менен тооз куш,
Жазаланды неликтен?..
Ушулардын баарына,
Шайтан кантип жетишкен?
Пайгамбарга жиберген,
Кудайдын ким элчиси?
Ар адамга ырыскы,
Ким болуптур бөлчүсү?

Кудай менен сүйлөшүп,
Келген киши ким экен?
Жакын туруп көзмө-көз,
Көргөн киши ким экен?
Курани карим китепти,—
Жазган киши ким экен?
Касиеттүү Медийна,
Салган киши ким экен?
Өлгөндөрдүн жандарын,
Алып жүргөн ким экен?
Сандыгына чогултуп,
Салып жүргөн ким экен?
Жаан берип турсун деп,
Булутту ким жаратты?
Дүйнө жүзүн кыдыртып,
Шамалды ким таратты?
Ай, Күн, жылдыз, Асман, Жер,
Буларды ким жаратты?
Учсуз, түпсүз асманга,
Жылдызды ким таратты?
Түнү менен издешип,
Табышпаган ким экен?
Өз баласын башкага,
Табыштаган ким экен?
Айта берсем кеп менен,
Бардык нерсе чек менен.
Бирисиз бири күн көрбөйт,
Бул эмине кеп деген?..
Болсун үчүн тирилик,
Тынбай иштеп жүгүрүп.
Башкарып турган каны бар,
Башкача күчтүү алы бар.
Биригишип жашаган,
Мактай турган жагы бар,
Ушул кайсы жаныбар?..
Өздөрүнчө тили бар,
Өчөшүп тийсең бирине,
Өчүн алар жини бар.
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Өкүмдүгүн билип ал,
Ошол кайсы жаныбар?..
Бир жубу өлсө, бир жубу,
Өлүп жүргөн кайсы экен?
Баш, аягын жыйнабай,
Желип жүргөн ким экен?

Дүйнө сырын чечмелеп,
Берген китеп кайсы экен?
Он сегиз миң Ааламды,
Оюу менен имерип,
Бийлеп турган ким экен?..
Күшүлдөгөн деңиздин,
Күчтүү жери кайда экен?
Көк тиреген тоолордун,—
Бийик жери кайда экен?..
Бүт бардыгы каяктан?
Айбанатты бийле! деп,
Алла кимди жараткан?
Адамзаттын денеси,—
Эминеден жаралды?
Ай, жылдыздар көк бербей,
Айтчы, кантип таралды?
Ажыратып айтып бер,
Адам менен арамды?
Буйрук, тагдыр деген бар,
Бул эмине болучу?
Кордук, зордук деген бар,
Ал эмине болучу?
Байгамбардан канча өткөн?
Саабалардан канча өткөн?
Тозоктун кандай белгиси?
Жаннаттын барбы белгиси?
Азамат эрде намыс бар,
Аккан сууда алыш бар.
Айтып берчи, карагым,
Куранда канча парыз бар?
Исламда канча парыз бар?
Ишенбесең намыс бар!
Ыйманда канча парыз бар?
Ынанбасаң — намыс бар?
Намазда канча парыз бар?
Начар билсең — намыс бар?
Амру маруп деген бар,
Илимде канча парыз бар?
Накый-мункер дегенде,
Оокатында канча бар?
Гусулда канча парыз бар?
Даааратында канча бар?
Таямумда канча бар?
Тамырын таап, айтып бер?
Туура жооп, кайтып бер?

Туш-тушунан көрүп бер?
Туура болсун бөлүп бер?
Алың жетсе айтып бер?
Азыр жообун кайтып бер?
Аныктап баарын көрүп бер?
Акылга салып, бөлүп бер?..

деп Жеңижок ырын токтотот экен. Эл Барпыны кандай жооп берет деп күтүп калышат. Ошондо Барпы чөгөлөй олтура калып, эки колун бооруна алып: «Кечиресиздер агайиндер, мен Жеңижоктун ырына, табышмагына жооп бере албаймын, мусулманчылыка окуган эмес элем, илимим жок! Туура эмес жообуну берсем кудай алдында, эл алдында шарият илими уруп кетет!.. Мен жооп бербей як жеңилдим! деди.

Ошондо Сулайманкул датка: «Эми Жеңижок, бу Барпы деген ырчың жооп бере албастан жеңилдим» деп элдин көзүнчө мойнуна алып атыры, анысына ыракмат! Ушундай кыйын суроолорду берген сага да ыракмат, энди, Барпы балам жеңилди деп ортодогу бөлүнгөн акчаны сага берип кете берсек деле туура болот эле, бирок, сенин өзүңдүн ырыңа өзүң кантип жооп берериңди укпаса бул элдин мооку канбай турат! Өзүң жооп бер, сөз сенде! деди. Анда Жеңижок элди кыдырата бир көздөн өткөрө карап: «Жакшы болот, агайиндер, өз табышмагымды өзүм жандырып бербесем ар ким ар кандай ойдо калышы мүмкүн, табышмакты жараткан адам чечпей калмак беле! Бирак, Барпы балам, деле жакшы ырчы, менда көктүгүмдү карматып, катуурак кетип калдым окшойт! Анткени менен Жеңижок — Барпы эмес! Барпы — Жеңижок эмес! Булбулдун тили — торгойдо эмес, торгойдун тили — күкүктө эмес! Ар кимиси өз-өз тилинде жакшы. Ар биринин өзүнө ылайык орду бар эмеспи! Эмесе, өзүмдүн суроомо өзүм жооп берейин деп Жеңижоктун ырдап турган жери:

— Буйругу менен Алланын,—
Жабраил перишге,
Арафаттын тоосунан,—
Уруксат алып кудайдан,—
Адам жасап ылайдан.
Жан киргизген эмеспи!..
Ошол Адам-Атанын,—
Кабыргасын чыгарып,
Обо-Эне жасап келтирип,
Чебердигин билгизип,

Ичине нурду киргизип,
Ал киргизген эмеспи!..
Жүрөктөрүн соктуруп,
Кан жүргүзгөн эмеспи!
«Раббил Алла» дегенде,
Адам-Ата, Обо-Эне,
Тура келген эмеспи!
Алла-Таала көңүлүн,—
Бура келген эмеспи!
Адам-Ата, Обо-Эне,
Бейиштин төрүн жай кылды
Бейиште неге болот? деп,
Көрө албай шайтан кайгырды!
Жети кабат бейишти,
Жылан, тооз кайтарды.
Алтын берип экөөнө,—
Минтип шайтан алдады.
Бейиштин кирип ичине,
Обо-Энеге жегин деп,
Ооз тийип көргүн деп,
Буудай берди кичине.
Обо-Эне бейиш булгаптыр,
Оңдуу жумуш кылбаптыр!
Каары келип кудайдын,
Адам-Ата, Обо-Эне,—
Экөөбүн катар айдаптыр!
Тындырып көөнүн жайлаптыр!
Кудай кармап жыландын,
Кырк бутун шыпыра чаап кесиптир.
Кароолчусу бейиштин,—
Түбүнө минтип жетиптир.
Кырк буттан жылан ажырап,
Бутсуз сойлоп кетиптир!
Ар жерге тууп, карабай,
Тооз куш болсо тентиптир!
Жылан менен тооз куш,
Жаза алышкан ушундай,
Жалганы жок кымындай!..
Уламадан уланып,
Бизге жеткен бузулбай.
— Периште нурдан жаралган.
Кудайымдын кулдары,—
Бирок көзгө көрүнбөйт,
Кызмат кылган бу дагы!
Ар пенденин күнөөсүн,—

Жазып жүргөн ушулар.
Кыямат күнгө жеткенче,
Ташып жүргөн ушулар.
Кудайдан пайгамбарларга,
Болуп турган элчиси,—
Азирети Жабраил!
Ырыскы бөлгөн пендеге,
Өз мөөнөтүн өткөрбөй,
Бир жерге катып, жашырбай,
Керек болгон учурда,
Бир тамчысын калтырбай,—
Өкүм кылган булутка —
Азирети Микаил!
Пенделердин жандарын,—
Ала жүргөн ким десең,—
Азирейл эмеспи!
Пенделердин жандарын,—
Сандыгына чогултуп,—
Сала жүргөн ким десең,—
Исрафиил эмеспи!..
Калами шарип — улук сөз,
Кудайдан келген ыйык сөз.
Кудай досу — Мухаммед,
Барып келген эмеспи!
Бир барагын жоготпой,
Ыйык куран китебин,—
Алып келген эмеспи!..
Жаан болуп турсун деп,
Булутту кудай жаратты.
Дүйнө жүзүн кыдыртып,
Шамалды кудай жаратты.
Ойлоп пенде чечпеген,
Амалды кудай жаратты.
Ай, Күн, жылдыз, Асман, Жер,—
Баарын кудай жаратты!..
Түнү менен издешип,—
Табышпаган Итак менен Сүтак дейт,—
Өз баласын башкага,
Табыштаган күкүк дейт.
Айта берсек кеп менен,
Бардык нерсе чек менен.
Бирисиз бири күн көрбөйт,—
Жамгырсыз Жер көгөрбөйт,
Күндүн алтын нурусуз,—
Сулуулука бөлөнбөйт!..

Токой кыйсаң — суу болбойт,
Көл соолсо — куу болбойт!
Кийиги болбой тоо болбойт,
Бешенеде болбосо,
Пейили жаман оңолбойт!
— Башкарып турган каны бар,
Башкача күчтүү алы бар.
Ынтымактуу жашаган,
Үйрөнө турган жагы бар.
Муну кайсы десеңер,—
Бул — кумурска жаныбар!..
Топтолушуп жашаган,
Тили бар десең — тили бар,
Тийип койсоң уюка,—
Топтолуп кубар жини бар!..
Азыр айтам — билип ал,
Аары деген жаныбар!..
Бир жубу — өлсө, бир жубу,
Өлүп жүргөн куу болот.
Баш аягын жыйнабай,
Желип жүргөн суу болот!..
Дүйнө сырын чечмелеп,
Берген китеп куран дейт!
Он сегиз миң Ааламды,—
Бийлеп турган кудай дейт!
Мухиттеги толкундун,—
Күчтүү жери — түбүндө.
Ыйманы бар пенденин,—
Жакшы иш келет түңүлбө!..
Адамзаттын денеси. —
Ак турпактан жаралган,
Акырындап көбөйүп,
Ар тарапка таралган.
Союлган мал адал дейт,
Союлбаган арам дейт.
Унутулат жакшы иштер,
Унутулбайт жаман дейт.
Буйрук, тагдыр деген бар,
Бешененден көрөсүң.
Тагдыр жазса айла жок,—
Аргасыздан көнөсүң.
Ооруганы жаныңдын,—
Ошол кордук эмеспи.
Кара ниет адамдын,—
Иши зордук эмеспи!..

224 миң пайгамбар,
Булар өткөн эмеспи!..
Бул дүйнөдө ким калган?
Баарын жалмап, шыпырган,
Сен экенсиң, шум жалган!..
Күн менен Түн алмашып,—
Өтүп келген эмеспи.
Өмүр көчү токтобой,—
Көчүп келген эмеспи.
Эмгектенип адамдар,
Энчи табат эмеспи.
Оозун ачып жалкоолор,—
Куру калат эмеспи.
Жер жүзүнө жалгыз Күн,—
Нурун чачат эмеспи!..
Тозоктун кайсы белгиси?
Тоңдуруп суук кыш келди,
Тозоктон ушул — бир белги!..
Жаннаттын кайсы белгиси?
Жайнатып жазда гүл берди,
Жаннаттан бул — бир белги!..
Алсыздарда арыз бар,
Айтып берем, чырагым,—
Куранда канча парыз бар?
Экинчи жолу жолуктук,—
Экөөбүздө намыс бар.
Тил жүгүрүк, ой күлүк,—
Оңой ырчы болбойсуң,—
Жетилерсиң сен жүрүп!
Парыздын баары кырк болот,
Айтпасам көңүл бук болот.
Исламда болот беш парыз,
Илгиртпей айтам байкаңыз.
Биринчиси — ыймандыр.
Мусулман кызмат кылгандыр.
Экинчиси намаздыр,
Шайтанды кудай көрсөтпө,
Жолуктурбай адаштыр!..
Үчүнчүсү зекеттир,
Үйдөгү мал, данындан,—
Үлүшүн бөлүп береттир.
Төртүнчүсү орозо,
Бир ай кармап туптуура,—
Мамиле кыл ошого!
Бешинчиси ажылык,—

Барып келгин Мекеге,
Болсо жолго каржылык!
Ыйманда бар жети парз;
Биринчиси бул сенин,—
Алла-Таала кудурет,
Бардыгына ишенгин!
Экинчиси — периште,
Жардамы болот көп иште!..
Үчүнчү келген кезекте,
Ишенгинин ишинде,—
Курани жарим китепке!
Төртүнчү келген кезекте,
Пайгамбардын бардыгы,
Болсун дайым эсинде!..
Бешинчи келген кезекте,—
Кыямат кайың болот деп,
Болсун дайым сезимде!..
Катарынан адашпа,
Он эки парз бар намазда!
Бир парзы болот илимде,
Берилгин илим-билимге!
Болсун дайым дилинде!
Амри маруп бир парыз,
Аткарбасаң буларды,—
Акыры кийин жагында,
Абыдан болот чоң наалыш!
Оокатта эки парыз бар,
Ойго албай койсоң парыз бар,
Адал менен арамды,—
Ажыратып тааныш бар!
Келип жеттик гусулга,
Үч парыз бар ушунда.
Тааныштырып айтабыз,
Таямумда төрт парыз,
Бардыгы болду кырк парыз!
. . . . . . . .

деп Жеңижок жообун бүттү. Акындын тапкычтыгына, ырдаганына таң беришип, кутүрөгөн көпчүлүк сүйлөшүп турушту...

## *АБДЫКЕРИМ АБДЫРАЗАКОВ*

# ЖЕҢИЖОК (ӨТӨ) КӨКӨ УУЛУ
# (1860—1918)

Кыргыз элинин ак таңдай акындарынын бири Жеңижок Көкө уулу 1860-жылы Талас өрөөнүндөгү Сары-Көбөн деген жерде кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Жеңижок (өз аты Өтө) ата-энеден эрте ажырап, жетимчиликтин, жокчулуктун азабын аябай тартат. Балалык ойноо күндөрү бактылуу өтмөк турсун, жетимчиликтин айынан ар кимдин эшигин сагалап, эптеп жан багып жүргөн Өтөнү дагы бир мээнет чырмап, «ала» оорусуна дуушар болот. Ошол айылдын «биларманы» Ташкара бий бул «жугуштуу оорулуу» баланын «көзүн тазалоо» максатында жигиттерине Өтөнү Кара-Бууранын суусуна салып жиберүүгө буйрук берет. Жигиттер жаш баланы өлтүрүүгө диттери барбай «эптеп көздөн далдоо жүрсө жан багып кетээр» деген жакшы тилек менен Өтөнү мал айдаган соодагерлерге кошуп, Аксыга, таякелери тарапка качырып жиберишет.

Ырасынан эле Өтөнүн энеси Алтынай Аксыдан, азыркы Жаңы-Жол районундагы Кара-Суу айылынан болгон экен.

Өтө соодагерлер менен күндөп-түндөп мал айдашып, конуп-түнөп жүрүп олтуруп, Караван кыштагына келет да, Бекмурат деген адамдын үйүндө жүрүп калат. Кийинчерээк Кара-Суулук Садыр деген киши асырап алат.

Садырдын энеси Айыке Өтөнү өз баласынан кем көрбөй багып, Далычы аттуу дарыгерге алып барып дарылатып, «ала оорусунан таза айыктырат. Айыке Өтөнүн тирикарактыгын байкап, айылдык молдого берип, дин окуусунан окутат. Өтөнүн сабатсыздыгы жоюлуп, араб тамгасында жаза да, окуй да билүүгө үйрөнөт. Бирок, Айыкенин ойлогонундай Өтө айылда молдо болуп, жан багуунун жолуна түшкөн жок. Аны абдан кызыктырган ырчылык өнөр болду. Тубаса шыктуу бала ырдоого үйүр тартып, элдик жомокторду, эпосторду, акын-

дардын ырларын ынтаа коюп угуп, көңүлүнө бекем түйө берди. Эл арасындагы жомокчу, ырчылардын арасынан калбай ээрчип, алардын өнөрүн кунт коюп үйрөнүүгө биротоло баш оту менен берилди. Бара-бара өзү да жамактатып ыр чыгарып, теңтуштарынын арасында, эл чогулган айрым жерлерде ырдай коюп жүрөт. Өтөнүн ырчылык өнөрү акырындап өркүндөй берип, акыры эл арасына да дайын болот.

Мына ошентип жаш ырчы улам алга талпынып, изденүү менен төкмөлүк өнөрүн күчөтүп келе жаткан күндөрдүн биринде, Каравандын базар аянтчасында Нурмолдо аттуу ырчы менен алгачкы жолу айтышып, жеңишке ээ болот. Гемсел кийген жаш ырчы Жеңижок Нурмолдонун айласын кетирип, жүйөлүү, таамай айтылган сөздөр менен төгүп ырдап жеңип чыгышы казганактап турган калың элге аябай жагат. «Бул жеңижок кемсел кийген жаш ырчы Нурмолдону тим эле баш көтөргүс кылып жеңбедиби» — дешип, карап турган эл дуу дей түшөт. Ошондон баштап Өтө эл арасында Жеңижок ырчы атанып калат. Бул туурасында акын:

«Аксыга келип токтолгон
А дагы бакка жараша.
Жетим келип тоюндум,
Жергеме ырдап, кат таанып,
Жеңижок атка коюлдум.
Таркады тагы бул кезде
Таластан келген союлдун.
Элден бөлгөн Ташкара,
Эки эле көзүң оюлсун!
Ала оору элем — оңолдум.
Айлансам аздыр Аксыга,
Аранда өсүп торолдум!
Кагынган элем — оңолдум,
Кагылбай калкым не кылам,
Катарында торолдум»[1]

деп, Аксы элине ыраазычылыгын билдирүү чын сырын айтат.

Ошентип Жеңижок да кыргыздын башка акындарындай эле каардуу турмуштун азап-тозогун көп тарткан акын болгон. Адам адамга карышкыр болуп турган эски замандын азабынан Жеңижок өзү туулган ата журтуна кайрылып келе албай өмүрүнүн акырына чейин

[1] Жеңижок — Ф.: Кыргызстан, 1982, 43-бет.

Аксыда жашап, катуу оорунун залдарынан 1918-жылы дүйнөдөн кайтты.

Жеңижоктун ырлары 1980-жылдарга чейин басма бетинен жарык көрө албады. Башкача айтканда, акындын ырлары толук жыйналып, иргелүү менен басма жүзүндө өзүнчө китеп болуп басылып чыккан жок. Бул көрүнүш актаңдай акын Жеңижоктун даңкын уламыш катары гана угуп жүргөн кыргыз элине анын чыныгы акындык жүзүн көрүүгө мүмкүнчүлүк бербей келди.

1981-жылы гана Кыргыз илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазмаларды жарыялоо бөлүмү тарабынан даярдалган: «Эл ырчылары» (түзгөн С. Кайыпов) аттуу жыйнак жарык көрүп, анда Жеңижоктун ырларына кеңири орун берилген. Ал эми 1982-жылы академик Ч. Айтматовдун баш сөзү менен Жеңижоктун ырлар жыйнагы (түзгөн А. Жусупбеков) «Кыргызстан» басмасынан алгачкы ирет өзүнчө китеп болуп басылып чыкты. Демек, мунун өзү колдоого арзый турган жакшы башталыш болуп саналат. Анткени, Жеңижоктун ырларын окуп, адабий талдоого алууга, анын акындык чыгармачыл жүзүн көрүүгө аздыр-көптүр мүмкүнчүлүк болуп калды десек болот.

Эми биз төмөндө мына ушул жыйнактарда жарык көргөн ак таңдай акын Жеңижоктун чыгармаларына токтолуп, талдап өтөлү.

Жеңижоктун чыгармачылыгы тууралуу сөз кылуудан мурда бир маселе эске алынууга тийиш. Бул маселе баарыдан мурда акындын жыйнакка кирген ырларынын кайсы мезгилдерде, качан жаралганына тикедентике байланышат. Анткени, Жеңижоктун ырлары өзү же башкалар тарабынан кагаз бетине түшүрүлүп, жаралган мезгили так көрсөтүлүү менен биздин колго тийген жок. Ошондуктан, бул жыйнактарга кирген ырлардын кайсынысы Жеңижоктун алгачкы чыгарган ыры, кайсынысы кийин такшалып калган мезгилиндегиси, кайсынысы акындын атагы алыска тараган учурларга туура келээрин билүү кыйын. Ал эми Токтогул, Калык, Осмонкул, Барпы, Алымкул жана башка акындардын ырлар жыйнактарында булар так көрсөтүлүп, алардын чыгармачылыгынын, көркөм чеберчиликтеринин, коомдук-саясий көз караштарынын эволюциясын изилдөөнү бир кыйла жеңилдетет. Албетте, Жеңижок сабаттуу акын болгону жалпыга белгилүү. Ошондуктан ал өз ырларын кагазга түшүрүп, жаза жүргөнү анын ырларында көп эскертилет. Ал тургай:

«Алтындын кени жерде эле,
Алтымыш күнү айтсам да,
Акындык кени менде эле.
. . . . . . . .
Арманга баткан муң калды,
Аз кыргызым окууга
Ак куржун толо ыр калды»[1] —

деп, жазган ырларын кандай куржунга салып, аздектеп жыйнап жүргөнү өңү-түсүнө, көлөмүнө чейин атайын баса көрсөтүлөт.

Бирок, тилекке каршы, ушул убакка чейин ал «ак куржун толгон ыр» табыла элек. Эгерде Жеңижоктун өз колу менен жазып кеткен ырлары табылып калса, анда ал акындын чыгармачылыгы тууралуу кеңири пикир айтууга мүмкүн болоор эле. Мына ушул себептен аталган жыйнактардагы Жеңижоктун ырлары толук эмес деп айтууга толук негиз бар.

Анткени, жыйнактардагы Жеңижоктун ырлары менен таанышкандан кийин анын жанрдык жактан өтө чектелүү экенин оңой эле байкоого болот. Башка акындардын жыйнактарына, айталы, Барпынын ырлар жыйнагына эле салыштырсак көп мисалдарды келтире алабыз. Башкасын айтпаганда да, махабат лирикасын Барпыдан да, Жеңижоктон да карап көрөлү.

Барпыда «Лөлүхан», «Дилбарым», «Ак Саткын», «Мөлмөлүм», «Тартип», «Мырзайым» сыяктуу толуп жаткан ырлар кездешсе, Жеңижокто бул жанрдагы ырлар жок. Муну менен Жеңижок адам турмушундагы бирден бир аруу сезимдердин асылы махабаттан куру алакан калган экен го деген жыйынтыкка келүүгө болбойт. Ал турмуш көрүнүштөрүнүн түрдүү жактарын өзүнүн философиялык маани-маңызына жеткире ырдаса, махабатты дал ошондой эле уккандардын эстетикалык кумарын кандырып, жан сезимине жеткире ырдаганынан эч күмөн саноого болбойт. Бул жерде биз Жеңижоктун ырларынын жанрдык жактан көп түрдүүлүгү менен биздин колго тийбей жатканын гана баса белгилеп өттүк.

Демек, мына ушундай объективдүү себептердин натыйжасында биз Жеңижоктун ырларын алгачкы, кийинки ж. б. деп бөлбөй, алардын тематикалык өзгөчөлүктөрүн негиз кылып алып, ал ырлардын типологиялык

[1] Жеңижок. — Ф.: Кыргызстан, 1982, 197—198-беттер. Мындан аркы цитаталар ушул китеп боюнча көрсөтүлөт.

жакындыктарына карата топтоштуруп талдоого алганыбыз жөн. Мына ушундай аспектиден туруп караганымизда алды менен акындын адам жана жаратылыш, ата-журт, өскөн жер маселеси боюнча философиялык маанайдагы көркөм ой жүгүртүүлөрү көзгө даана урунат. Бул ырларынын катарына: «Балалык», «Аккан суу», «Жер соорусу Аксы экен», «Айтайын Аксы жеримди», «Өскөн жер», «Биздин жер» аттуу ырлары кирет. Ошону менен катар акындын идеялык позициясын, дегеле эмнени кандай ырдоо керектигин таасын аныктаган «Айт, айт десе» аттуу ыры өзгөчө көңүлдү бурат. Аталган ырдын идеялык мазмуну Жеңижоктун элдик, демократтык багыттагы акын экенинен кабар берет.

Учурунда Барпы Алыкулов да ушуга үндөш «Айт, айт десе» аттуу ырын жараткан эле. Байкап көрсөк, бул эки акындын ыры бири-бирин улап, толуктап, тереңдетип тургансыйт. Айталы, Жеңижок бул ырында жай турмуштук көрүнүштөрдү санап келип, өзүнүн програмалык көркөм концепциясы аркылуу идеялык позициясын билдирсе, Барпы андан ары жылдырып, нукура таптык мазмун берип, теңсиздикти жок кылуу тууралуу өз оюн айтат.

Жеңижок бул ырында эмнени кандай ырдоо жөнүндөгү өзүнүн программалык багыттагы көркөм концепциясын:

«Керилип кетмен чапканды айт,
Адал дүйнө тапканды айт.
Көпүрө салган балбанды айт,
Жол ондогон адамды айт!
Ай, Күн менен жылдызды айт,
Азаптуу болгон турмушту айт,
Таттуу болгон өмүрдү айт,
Өзгөрүлгөн көңүлдү айт,
Мергенчинин көзүн айт,
Карыянын сөзүн айт.
Акын болсоң төгүп айт,
Ак, караны ылгап айт.
Жүрөк менен жыргап айт,
Эмгекчини мактап айт.
Жатып ичер, бузукту,
Какшык менен кактап айт.
Арамзаны кордоп айт,
Ак болоттун бөркүн айт,
Ала-Тоонун көркүн айт,

Ач албарстын курчун айт,
Ата-бабаң журтун айт!»[1] —

деп, мазмундуу, элестүү саптар аркылуу жиги билинбей кыналган уйкаштыкта таамай айта алган. Башкасын айтпай эле ырдын ушул бир кичине үзүмүнүн идеялык-көркөмдүк табиятына көңүл бөлсөк, андагы көркөм импровизациянын идеялык-эстетикалык маңызын, ойдун тереңдигин жана бийиктигин, тагыраак айтканда, акындын идеялык багытын да, жеке өзүнө таандык стилин да байкай алабыз. Демек, Жеңижок турмушка, дүйнөгө, ааламга өз түшүнүгүнүн жетишинче ой жүгүртүү менен бирге эле ага өз учурунун эстетикалык бийиктигинен туруп баа берип, элдик оозеки чыгармачылык менен индивидуалдуу төкмөлүк чеберчилигинин синтезинен жаралган өзгөчө стилде мазмуну терең ырлар жаратты. Ал эмнени кандай ырдоонун өз алдынчаланган көркөм системасын түзүп алып, мына ошол белгилүү идеялык көркөм позициясын улам жогорку бийиктикке көтөрүп, өркүндөткөн акын болгон. Анын адам тууралысындагы концепциясы: адам баласынын турмуштагы орду, тиричилиги, жашоо шарты, жүрүш-турушу этикасы, өз ара мамилеси, коом менен байланышы, дегеле өсүп-өнүгүү эволюциясы сыяктуу маселелер «Балалык» аттуу көлөмдүү ырынан тартып философиялык-дидактикалык маанайдагы санат ырларынын да өзөгүн аралап өтүп, Жеңижоктун өзүнө жеке таандык идеялык көркөм позициясын түзүп турат. Ал идеялык позиция жалпы элдик мүнөзгө ээ гуманисттик ой-пикирге ширелишип тургандыгы менен баалуу.

«Балалыкта» анын адам өмүрүнүн башталышынан, башкача айтканда, бала төрөлүп бир жашка чыккандан тартып жүзгө чейинки өмүр сүрүү мезгилин сүрөттөйт. Ар бир курактын өзүнө гана таандык психологиялык белгилерин, жүрүш-туруш этикасын, эл алдындагы милдеттерин, төкмөлүк ык менен таасирдүү жана элестүү сүрөттөп жүрүп олтурат. Ырды окуп жаткан адамды толук түрдө ынандырып, адам баласынын жашоодогу ордун жана милдетин, кайталангыс өмүрдүн кымбаттыгын, жашоо кумарын эмоционалдуу жана экспрессивдүү көркөм ыр саптарынын табигый түрдө бири-бирине куюлуша түшүп уйкашып, улам жаңы ойдун өсүп чыгып турушунан пайда болгон түрмөктөлгөн мазмун аң-сезимге

[1] Көрсөтүлгөн китеп, 152—153-бет.

дароо жетип турат. Мына бул касиет Жеңижоктун көркөм чындыкты турмуш чындыгына дал келтире синтездеп, төкмөлүк ык менен терең ой жүгүртүүсүн айкаштыра, чоң чеберчиликте айтып бере алгандыгында. Тагыраак айтканда, форма менен мазмундун дал келиши деген ушул.

Табият менен адам ар дайым тутумдаш. Адам — жаратылыштын бир бөлүкчөсү. Ошондуктан адам баласынын жаратылыштан алуучу тиричилик каражаттары көп. Бирок, адам жаратылышты талап-тоноп, ысырап кылып булгоо үчүн гана аракеттенбестен, табийгаттын адамга деген «белегин» этияттык менен сактап, анын баркын билип коргой да, сүйө да билүү керек. Мына ушул жалпы адамзаттык алдыңкы ой-пикир Жеңижоктун «Аккан суу» аттуу жаратылыш тууралуусындагы көлөмдүү ырынын мазмунун түзөт. «Аккан суу» жалаң эле суунун адам жана жаратылыш тиричилигиндеги эң зарылдын зарылы, ансыз тиричилик турмуш жок деген гана ой-пикирди билдирген чыгарма болбостон, көп маанилүү, полифониялуу, философиялык да ой чабыттарды камтыган чыгарма болуп саналат. Бул ырда Жеңижоктун жаратылышка, адам менен табияттын эриш-аркактыгына берген баасы, анын жеке өзүнө гана таандык морал-дык-нравалык сапаты, философиялык көз карашы берилген. Суунун жаратылыштагы алган ордун, адам турмушундагы маанисин көркөм формада таасирдүү чечмелеп жүрүп олтурат. Ырдын ички көркөм структурасы Жеңижоктун салмактуу, терең ойдун жүгүн артынган, жиги билинбей ичкериден тутумдаша кынала уйкашкан элестүү саптары аркылуу системалуу уюшулган.

Эл менен жердин биримдигин ырдоо акындар поэзиясында традициялуу темалардын бири. Ата журттун көркөм элесин төкмөлүк ык менен деталдаштырып узак сүрөттөө аркылуу ошол аймактын географиялык шартына чейин элестетүү иши Жеңижоктун «Өскөн жер», «Жер соорусу Аксы экен», «Биздин жер», «Айтайын Аксы жеримди» сыяктуу ырларынын негизин түзөт. Бул ырлардын аталышы окшош болгону менен өз-өзүнчө айырмаланган сүрөттөө объектилери жана өзгөчөлөнүп турган көркөм ой жүгүртүүлөрү бар. Ошону менен эле катар бир идеялык концепцияга тутумдашкан ырлардын циклы сыяктанып, биринин идеясын бири толуктап бир бүтүн идеялык-көркөм системаны түзүп турат.

«Жер соорусу Аксы экен» деген көлөмдүү ырда акын эл менен жаратылыштын, турук алган жердин алака-

сын, карым-катышын, жердин коздугун, жашоо-тиричиликке ыңгайлуулугун эргүү менен көркөм сүрөттөйт.

«Күңгөйү толгон карагат,
Күнчүлүк жол арасы.
Күнүгө келсем аралап,
Күрпүлдөйт сайда суулары,
Күмүштөнүп шар агат.
Кочуштап ичсең бал татып,
Көңүлүң кубат ала алат.
Күйүшөөр жарын таба албай,
Күкүгү жүрөт сабалап.
Күрөң аюу капталда,
Күржүйүп кетпейт пааналап»[1] —

деп, жаратылыштын бир элесинин портретин адам суктанаарлык көркөмдөп, көз алдыга келтирди. Ал эми «Айтайын Аксы жеримди» аттуу ырында жаратылыштын коздугун жана байлыгын атайын деталдаштырып, романтикалык эргүү менен таамай элестетип жүрүп олтурат.

«Миң-Теке, Шумкар, Үч-Булак
Гүлдөрү жыттуу буркурап,
Канатташ жаткан жер болот.
Айры-Белдей бели бар,
Чоң-Конуштай жери бар,
Атыр аба, тунук суу,
Сан балыктын кени бар.
Көз кайкыган бийик көп,
Анда жүргөн кийик көп,
Тескейинде теке көп,
Булуңунда бугу көп.
Илбирс, аюу, карышкыр,
Бычак азуу каман көп.
Сүлөөсүнү сандан көп,
Суусар, суур андан көп.
Жайытында мал жаткан,
Ашуусунда кар жаткан
Мына ушундай төр болот!»[2]

Бул үзүндүдө көрүнүп тургандай, Аксынын аймагынын булуң-бурчуна чейин ушул стилде көркөм сүрөттөп, ар

---

[1] Көрсөтүлгөн китеп, 39-бет.
[2] Көрсөтүлгөн китеп, 55-бет.

бир төрдү же кокту-колотту кандай гана көрүнүштү айтпасын анын географиялык абалын, өсүмдүктөрүн, жан-жаныбарларына чейин көз алдыга элестетет. Ырды кунт коюп окуган адам Аксы аймагына барып, өз көзү менен көргөндөй маалымат алуу менен бирге эле эстетикалык сезими толук канааттанат.

Санат, насыят, терме ырлары — акындар поэзиясындагы туруктуу темалардын бири. Акындардын турмуштук позициясын, адам жана анын турмушу жөнүндөгү философиялык, моралдык-нравалык тажрыйбасын, кругозорун, билимин, прогрессивдүү — гуманисттик ой-санаасын билдирүүчү жанрлардын бири ушул санат формасындагы дидактикалык ырлар болуп саналат. Акындын ой-дүйнөсү, түшүнүгү канчалык кеңири болсо, санат ырларындагы агартуучулук жана тарбиялык таасири ошончолук күчтүү болот. Албетте, терең ой, гуманисттик бийик идея акындын талантына байланышкан чоң чеберчиликте чагылбаса анда ал ырлар өзүнүн эстетикалык маанисин, тарбиялык таасирдүүлүгүн жоготот. Айтайын деген жакшы ойлор элге жетпей калат.

Жеңижоктун санаттары андай идеялык-көркөмдүк жактан чабал чыгармалар эмес. Тескерисинче, кыргыз акындар поэзиясындагы идеялык-көркөмдүк жактан чоң чеберчиликте иштелген, өз алдынча айырмаланып турган, адам баласын ички руханий жан дүйнөсүнүн, ыймандын тазалыгына үндөгөн философиялык ой толгоолор, башкача айтканда «кут табуунун илими» деп койсо да болот.

Акындын «Санат», «Накыл кеп», «Үлгү ырлар», «Жакшы уул», «Жаман уул», «Жаман катын», «Айтсам сөздүн жөн-жөнүн», «Акын болсоң», «Терме», «Дүнүйө», «Үй-бүлө», «Дан кайда да, мал кайда», «Насият», «Айтамын санат тобуңа» аттуу ырлары мына ошол дидактикалык санат ырларынын циклине кирет. Албетте, «Аккан суу», «Балалык», «Турбайбы» аттуу жогоруда сөз болгон ырларында да санат мотиви күчтүү. Ал эми сөз болуп жаткан бул ырлардын цикли акын тарабынан аңсезимдүү түрдө атайын нукура санат, насыят, терме формасында чыгарылып, эл арасына кеңири тараган чыгармалардан болуп саналат.

Жеңижоктун кайсы гана санат-насыят ырларын албайлы тарбиялык таасири күчтүү, турмуш чындыгынын дал үстүнөн түшкөн мазмундуу ырлар. Ар бир сабы, строфасы акыл, нуска.

«Өлмөйүнчө кор болбойт
Жакшы адамды жандаган.
Ар жерге батпайт ушакчы,
Элден элди тандаган.
Сөз кадырын биле албайт
Өзүнөн акыл чыкпаган.
Жан кадырын биле албайт,
Айтса акылды укпаган. (*«Санат»*)[1]
«Тишиң барда таш чайна,
Ар ишти кылгын күч барда.
Сага бекер оокат, аш кайда?
Жалкоолук түбү кууратат,
Эмгектенсең, зор пайда»[2]

*«Айтсам сөздүн жөн-жөнүн»)*

«Атың барда — жер тааны,
Атаң барда — эл тааны!
Экөөбү тең бир чакта,
Эмгектенип, эр жигит,
Эпчил болуп жан сакта!
Эртеңкинди ойлоп жүр,
Эрмин десең — калп айтпа!»[3]

*(«Айтамын санат тобуңа»)*

«Күн менен түндү камчылап
Өтүп жаткан дүнүйө.
Журттан журтка ташынып,
Көчүп жаткан дүнүйө.
Бири күйсө, бирөбү
Өчүп жаткан дүнүйө.
Бир бөксөрсө кайрадан
Толуп жаткан дүнүйө.
Бири учса, бирөбү
Конуп жаткан дүнүйө»[4]

*(«Дүнүйө»)*

Мына ушул келтирилген үзүндү ыр саптарынын мазмунун эле байкап, ой жүгүртүп көрсөк, акындын гумандуу бийик нравалык принциптерине, философиялык ой толгоолоруна күбө болобуз. Эч кандай комментарияны талап кылбастан эле жөпжөнөкөй көрүнүп, ар кимге тү-

---

[1] Көрсөтүлгөн китеп, 122-бет.
[2] Ушунда, 145-бет.
[3] Ушунда, 155-бет.
[4] Ушунда, 156-бет.

шунуктүү болуп турган бул строфаларда акындын бийик ыймандык критерийи, дүйнөгө болгон прогрессивдүү көз карашы жатат. Ошону менен катар Жеңижоктун өзүнө жеке таандык идеялык-эстетикалык концепциясы да даана эле байкалат.

Айтыш өнөрү — акындар поэзиясында туруктуу жанрлардын бири. Бул жанр ырчынын акыл-ой байлыгын, идеялык позициясын, талантын, көркөм чеберчилигин баалоонун эң маанилүү каражаты болуп саналат. Акындын төкмөлүк өнөрүнүн күчтүүлүгү же чабалдыгы мына ошол айтыш процессинде, көпчүлүк элдин алдында дайын болот. Ошону менен эле катар ырчынын «тушоосун кесип», элге белгилүү кылган да мына ушул айтыш өнөрү болуп саналат.

Жеңижокту, төкмө Жеңижок атка кондурган, башкача айтканда, акын катары атагын алыска даңаза кылган да анын айтыш өнөрүнүн күчтүүлүгү, чеберчилиги, таланттуулугу экени белгилүү. Жеңижок акындар айтышына өзгөчө маш, алдына акын чыгарбаган, төкмөлүк өнөрү күчтүү өнүккөн залкар таланттардын бири болгон. Бул туурасында Коргол ырчы:

«Аманбы, аба Жеңижок?
Ак калпактуу кыргыздан
Айтышаарга теңи жок!
Анык булбул экенсиң
Айдап төккөн чени жок!
Эсенби, аба Жеңижок?
Эки жаактуу пендеден
Эрегишээр теңи жок
Элдин анык булбулу
Элеп төккөн чени жок»[1] —

деп, Жеңижоктун төкмөлүк өнөрүнө өзгөчө баа берип, учурашып айтыш формасында ырдашкан. Коргол менен Жеңижоктун бул айтыш формасындагы ырында Коргол Жеңижоктон таалим алганы келгенин билдирип, өз максатын Жеңижокко түшүндүрөт. Жеңижок Корголго эмнени кандай ырдоо керектигин тастыктап, акындыктын сабагын өтүп, программасын түзүп берет.

«Он сегиз миң ааламды,
Жер үстүндө адамды,
Кошуп айтсаң бир кызык.

[1] Көрсөтүлгөн китеп, 117—118-бет.

Бутактатып, көбөйтүп,
Элди шаңга бөлөнтүп,
Созуп айтса бир кызык!
Адам Ата, Умайдан
Төгүп айтса бир кызык.
Жер үстүндө нааданды,
Эмгек кылбас адамды,
Сөгүп айтсаң — бул кызык!..
Аксы менен Таластын
Көкчө менен Манастын,
Жөнүн айтса бир кызык,
«Жаныш-Байыш», «Курманбек»,
Эрдиктери мында көп,
Көбүн айтсаң бул кызык!
Жаман-жакшы адаттан,
Тарых менен санаттан,
Калпып айтса бир кызык.
Дүйнө бинаа болгонун
Жылдыз көккө толгонун
Камтып айтсаң — бул кызык»[1]

деп, узартып кете берет. Бул жерде Жеңижоктун Корголго бет алып айтып турган ыр түрмөктөрүнүн бирөө гана мисалга алынды. Мына ушул эле бир үзүмдүн маанисин байкап көрсөк, эмне деген тематикалар жатат. Жеңижок Корголго толгон-токой темаларды сунуш кылып жатат. Ал эми калган строфаларычы. Көрсө, Жеңижоктун ой чабытынын бийиктиги, билими, дүйнөгө болгон көз карашы ушундай масштабдуу экен. Байкап көрсөк, өзү түзүп алган «философиялык-эстетикалык жеке концепциясынан» туруп көркөм ойлонуп, бир жеринде да «жетип алган ой бийиктигинен паска түшүп кетпейт», мына бул көрүнүш Жеңижоктун баардык айтыштарында бекем сакталат. Ал гана турсун бүт эле поэзиясынын негизин түзүп турат.

«Жеңижок менен Эшмамбет», «Жеңижок менен Токтогул» аттуу айтыш ырларынын мотиви, мүнөзү боюнча «Коргол менен Жеңижок» аттуу айтыш формасындагы ырга түспөлдөш. Булардын баардыгында бирдей жалпылык бар. Ал учурашуу, бири-биринин ал абалын сурoo, акындык нуска сөз айтуу, таалим берүү, бири-бирине жакшы тилек билдирүү. Ал эми курч карама-каршылыктар пайда болуп, бири-бирин жеңүү үчүн айтышуу

---

[1] Көрсөтүлгөн китеп, 119—120-бет.

мотиви бул айтыш ырларында кездешпейт. Бирок, акындардын идеялык концепциясы, ой дүйнөсү, төкмөлүк чеберчилиги даана эле көрүнүп турат.

Ал эми «Нурмолдо менен Жеңижок», «Шекер кыз менен Жеңижок» аттуу айтыштар жогоркулардан айырмаланып, айтышуу жана жеңүү максатын көздөгөн ырлардан болуп саналат.

«Нурмолдо менен Жеңижок» аттуу айтыш өзүнүн кызыктуулугу менен көңүлдү бурат. Нурмолдо шарият сөздөн сүйлөгөн, динчил акын болгондуктан угуп тургандарды таңдантып, шарыяттан баштап ырдайт. Түшүнүгү чектелген, илим-билимден дарек жок карапайым калк Нурмолдонун сөзүнө уюп калышат:

«Ажал жетип өлүш бар,
Кара көргө көмүш бар.
Шейит болгон кишиге
Акыретте бейиш бар,
Бейиш толгон жемиш бар,
Жейин десең Тегиз бар.
. . . . . . . .
Тозок деген от болот,
Күйүп турган чок болот.
Зекет пулдун пайдасы
Ал дүйнөдө оң болот»[1] —

деп, андан ары да узатып жатканда Жеңижок алды менен салтты сактап учурашып, анан Нурмолдонун ойлоруна каршы ырларды төгүп кирет:

«Жапырандап ырдайсың
Тозок менен бейиштин
Колунда окшоп ачкычы.
Анык өзүң окшойсуң,
А дүйнөнүн «жарчысы»!
Жарык дүйнө — бейишиң,
О дүйнөндө бар бекен
Ушунун бир тамчысы?
Билип туруп чын сүйлө,
Бейиш мына — бул дүйнө
Жер астына барганда
Ушул турган жыргалдын
Жетпейт сага саркыты!»[2] —

---

[1] Көрсөтүлгөн китеп 60-бет.
[2] Көрсөтүлгөн китеп 61-бет.

деп, өз учурунда курч жана таамай айтылган сөздөр аркылуу Нурмолдонун эл алдында айласын кетирет.

Жеңижок муну менен гана чектелип калбай Нурмолдонун бүткүл акындык кудуретин, билимин, дүйнөгө көз карашын дагы да эл алдында талдоо максатында:

«Кыйын болсоң жооп бер:
Ай күн, жылдыз, асман, жер,
Айтчы кайдан жаралды?
Ай-ааламдын жүзүнө
— Адам кантип таралды?
Айдан жылдыз чексиз көп,
Түн эмнеге караңгы?
Ажыратып айтып бер,
Адал менен арамды» ж. б.»[1] —

деп узартып, философиялык мотивдеги суроолор берип, «өзү жетип алган ой бийигине» чабыттап, «утурумдук мажирөө түшүнүктөрдү тумандай алыс айдап, адам рухуна канат байлап, өйдө көтөрүп алып чыгат». Мындай акыл-ой бийиктигине Нурмолдонун кудурети жетпей, жооп бере албай айласы түгөнүп, Жеңижоктун акындык талантына биротоло баш ийип, жеңилет.

«Эсенаман менен Жеңижоктун айтышы» Таласта төрт дубан эл чакырылган чоң тойдо өтөт. Алды менен Эсенаман баштап, Жеңижоктун ата-тегин козгоп, Аксыга тентип барганынан өйдө айтып, акындык бүткүл кудуретинин жетишинче кордоп ырдайт. Жанында олтурган казак ырчысы Майкөткө көз көрүнөө кошоматтанып, аны пир тутуп, көтөрө чалып, мактоого кирет. Ал тургай «Эсилиң Майкөт пириңе эңкейип барып кол бергин!» деп Жеңижокту жөөлөй баштайт. Акыры «Шишеси болом арактын», «Мөмөсү болом дарактын» ж. б. деп өзүн-өзү мактоого өтөт. «Мени менен айтышпай ушунчанда токтотуп, келген жагыңа жаагыңды басып кайт» деген өкүм айтылган сөздөр менен да Жеңижокту ооз ачкыс кылып коюуга аракет жасайт. Бирок, эч натыйжа чыккан жок. Жеңижок эмоцияга берилбей өзүн-өзү токтоо кармап, Эсенамандын айтаар сөзү жедеп түгөнгөнчө күтүп олтурду. Сөз кезеги келгенде Жеңижок дагы да өзүнө туруктуу салт болуп калган «философиялык-эстетикалык жеке концепциясынан» туруп, өзүнүн «ой бийиктигинен паска түшүп кетпей» сөз учугун күнүмдүк оокаттын айынан майда барат пастыктын адамдын көңүлүн ирен-

[1] Ушунда эле, 61—62-бет.

житкен жеринен баштап, узун сабак сөзгө айландырбай адам рухунун бийиктигинен баштады.

«Он сегиз миң ааламды
Бир жараткан эмеспи.
Эң биринчи дүйнөгө
Нур жараткан эмеспи.
Суук кыштын булутун
Сур жараткан эмеспи.
Эмгексизди энчиден,
Кур жараткан эмеспи.
Аалам жашап турсун деп
Күн жараткан эмеспи.
Алмаштырган күн менен
Түн жараткан эмеспи.
Буруксутуп атырдай
Гүл жараткан эмеспи.
Булбулдарга шайырдык
Үн жараткан эмеспи.
. . . . . . . .
Асман жердин арасын
Кең жараткан эмеспи.
Адамзаттын баарысын
Тең жараткан эмеспи.
Жайда салкын болсун деп
Жел жараткан эмеспи.
Жерден берип ырыскы
Эл жараткан эмеспи»[1] ж. б. —

деп төгүп ырдап, мазмунун улам тереңдетип жүрүп олтуруп, акыры Эсенамандын суроосуна жүйөлүү жооп берүүгө өтөт.

Ыр саптары импровизациялык чоң чеберчиликтин күчүнө баш ийип, бири-бирине куюп койгондой жиги билинбей кыналыша түшүп, залкар философиялык ой толгоолорду түшүндүрүп берип жатты. Айтыш өнөрүнө жедеп адис болуп, такшалып калган Жеңижок эми сөз учугун кайда буруунун стратегиясын илгиртпей акылсезими менен дароо баамдап, төкмөлүк ылдамдыкта тез тапты да Эсенамандын өз сөзүн өзүнө каршы багыттап, ак жаандай ыр нөшөрүн төгүп жиберди. Алдыңкы жакта айтылган ойлор менен улам кийинкилери бирикпей, үзүк-үзүк эпизоддорго бөлүнгөнсүп калбастан, жиги

[1] Көрсөтүлгөн китеп, 75-бет.

билинбей ширетилип, бири-бирине маанилик жактан монтаждалды да калды.

Тунжурап турган калың эл эми Жеңижоктун бийик акыл-эсине, талантына маашыркап, жүйөөлүү айтылган ойго эрксиз баш ийип турду. Акыры Эсенамандын өз сөзүнөн маани таап, кайра аны өзүнө карай «куйкуму аралаш багыттап жатканда ырдын табигый таасиринен элдин арасында эрксиз жылмаюулар, ал тургай ачуу каткырыктар пайда болуп жатты.

«Шишеси болсоң арактын
Мас адам сени сыйлайбы?
Таамайлап кармап мойнуңду
Ташка чаап урбайбы?
Тамтыгы кетип быркырап,
Талкаланып сынбайбы?
Койкойгон мойнуң жоголуп,
Кокуй, чал жаның тынбайбы.
Абайлагын, Эсеке,
Арагы анык суу болот.
Ичегиңди күйгүзүп,
Ичиңе кирсе уу болот.
Көрүнгөнгө жулунтуп
Көпчүлүккө чуу болот.
«Эсекең жинди болду» деп
Эл ичинде дуу болот!»[1] ж. б.

Келтирилген мисалда көрүнүп тургандай Жеңижок Эсенамандын бардык сөздөрүнө ушундай таасирдүү жана сатиралык мотивде таамай жооп берген. Демек, бул көрүнүш чоң төкмөлүк чеберчиликтин жана бийик акыл-ойдун күбөсү боло алат.

Бул айтышта Эсенаман менен Майкөт акын ооз ачкыс болуп жеңилген. Кийин 1910-жылы кеч күздө Таласта Кара-Бууранын оозундагы дагы бир тойдо Жеңижок казак акыны Шекер кыз менен айтышат. Алгачкы сөздү Шекер кыз баштап, Жеңижокту алынын келишинче басынта жетимдиктен Аксыга кеткенине чейин чукуп: кордоп ырдайт да, табышмак айтып, суроо берүүгө өтөт. Сөз кезеги келгенде Жеңижок Шекер кыздын жемесине жана табышмактуу суроолоруна так жана ынанымдуу жооп берип келип, акырында Шекер кызды куйкум сөздөр менен ооз ачкыс кылат. Албетте, айтыштын чебери Жеңижокко Шекер кыздын тең келээри күмөн иш эле.

---

[1] Көрсөтүлгөн китеп, 81-бет.

Бирок, ошондой болсо да айтыш болуп өтүп, адаттагыдай эле Жеңижок жеңишке ээ болот.

Мына ушул чакан айтыштын мазмунун жана формасын байкап көрсөк башкалардан өзгөчөлүк сезилет. Айтыш формасы боюнча традициялуу акындар айтышы менен табышмактуу айтыштын синтезинен турат. Ал эми мазмуну боюнча маданияттуу, сыпайгерчиликтүү, биринин талантын бири урматтоо эмес, жигит менен кыздын ортосундагы назигирээк жумшартылган мамиледен туруп сөз козгоо эмес, ыпыласттык, кордоо мотиви күчтүү берилген. Жүйөлүү эле өңдөнүп, таамай айтылганы менен Жеңижоктун айткан сөздөрүнүн мазмуну кыздарга карата назик мамиледен көп эле алыстап кетет.

Акындар поэзиясында арман мотивиндеги ырлар да традициялуу тематикалардын бирине айланган. Кандай гана акын болбосун анын тигил же бул себептердин натыйжасында келип чыккан арман ырлары болбой койбойт. Өзгөчө табийгаттын закон ченемдүү көрүнүштөрүнүн натыйжасында жаралган карылыкка байланыштуу келип чыккан көлөмдүү арман ырлары Токтогулдан баштап дээрлик көпчүлүк акындарда кездешет. Ал эми Жеңижокто болсо арман ырларынын башкача түрү орун алганын көрөбүз.

Тагыраак айтканда, табигый кырсыктардын натыйжасында жаралган өнөкөт ооруга, баласыздыкка байланыштуу «Балам жок», «Ак куржун толо ыр калды», «Ким айтат менин ырымды», «Акыркы ыр» аттуу ырларында арман мотиви өзгөчө күчтүү берилген. Ошондой эле «Жалгыз тал менен сүйлөшүү» деген ырдын мазмунунда да муңдуу, кайгылуу мотив күчтүү берилген.

«Балам жок» — Жеңижоктун ички сезимин билдирген, өкүнүчтүү кайгы-муңга жык толгон, окуган адамдын зээнин кейиткен күчтүү чыккан арман ырларынын бири. Ырда акын баласыздыктын кайгылуу элесин таамай сүрөттөө менен бирге эле өзүнүн ой-санаасын, балага карата мамилесин жандуу элестер менен жеткиликтүү ачкан. Акындын жүрөгүнөн сызылып чыккан армандуу ой-санаалар жеткиликтүү жана таасирдүү сүрөттөлгөн.

«Жалгыз тал менен сүйлөшүү» — Жеңижоктун чыгармачылыгындагы ойду берүүнүн жаңы формасы. Башка ырларынан айырмаланып, мында жаратылыштын бир бөлүкчөсүнө кайрылуу, башкача айтканда, диалог формасында түзүлгөн. Акындын чыгармачылык фантазиясынын күчү менен Бакайырда жалгыз тал жанданып, Жеңижок менен сүйлөшөт. Бирок бул сүйлөшүү жөн гана

адам менен табийгаттын карым-катышын билдирбестен, адам турмушундагы карама-каршылыктарды, акындын жеке өзүнө таандык кайгы-муңун, санаркоолорун, өз учурундагы каардуу, теңчиликсиз заманга наразылыгын таамай чагылдырган. Демек, муну акындын ички монологу, турмуштагы карама-каршылыктарга, теңсиздикке карата берген баасы, протести деп түшүнсө болот.

«Ак куржун толо ыр калды», «Ким айтат менин ырымды», «Акыркы ыр» аттуу ырлары Жеңижоктун катуу ооруп жаткандагы арман мотиви — күчтүү ыр-чыгармалары болуп саналат. Ошону менен катар бул ырлардын мазмуну бири бирине үндөш келип, биринин идеясын экинчиси улантып, толуктап турат. Акын бул ырларында жеке өзүнүн айыкпас кеселге чалдыгып, арманда кетип бара жатканын гана муңдуу мотивде айтып жүрүп олтурбастан өз элинин кызыкчылыгына байланышкан ой-санаасын да ортого салат:

«Жабагысы — тай болбой,
Жардыларым — бай болбой.
Кулундарым тай болбой,
Курама журтум бай болбой.
. . . . . .
Кочкорум койду баштабай
Коңшулаш конгон кедейге
Койдон бөлүп таштабай»[1] ж б. же болбосо:

«Арманым айтсам жаманбы,
Аз кыргызым кат билбейт,
Кантейин, аңкоо кылган заманды!..
Көкүрөк толгон муң калды,
Көп кыргызым окууга
Көп куржун толо ыр калды.
Көргөнүм айтсам жаманбы,
Көп кыргызым кат билбейт,
Кантейин, көркоо кылган заманды!»[2]

деп, кедейлердин турмушунун начардыгына, калың элдин сабатсыздыгына, караңгылыгына чын жүрөктөн жаны ачып, катуу кейийт. Мына бул көрүнүш Жеңижоктун элдик акын экендигинин айкын күбөсү боло алат.

---

[1] Көрсөтүлгөн китеп, 195-бет.
[2] Ушунда, 198-бет.

## АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ

Айбар — жөлөк, калканыч, жардамчы.

Албын — (кырг. — монг.) шаман592 дининде түтөктү эмдөө ырымы. Монголдордо жин, шайтан деген мааниде.

Аптиек — (ир.) дин. 1. Курандын жетиден бир бөлүгү. 2. Революцияга чейинки мектептерде окуу куралдарынын бири.

Аспиет — (ар.) сактоо, ыйык көрүү, аздектөө.

Ачы — ачуу. Диалектикалык өзгөчөлүккө ылайык айтылган.

Ашкеби — соргок, опкок. Колунан иш келбеген, тамак-соо адамдарга карата сыпаттоо маанисинде айтылган сөз.

Барк — (ир.) /бэрг/. 1. Дарактын жалбырагы 2. Жалпы эле дарактарды да түшүндүрөт.

Бейлебей — ылгабай, байкабай.

Зар — Зер, алтын.

Кажаң — өзүнө жолотпой кагуу. Текстте орой, богооз сөздүү акын тууралуу айтылган.

Камбар-Баба — Аалы пайгамбардын Дулдул атын таптаган жылкычы. Ал жакшы күүчү, обончу да болгон. Кийин анын аты кээде жылкынын пири, кээде күүчүлөрдүн пири, колдоочусу катарында колдонулуп кеткен.

Карпыт — тамактын калдыгы, кешик.

Кары — узундук өлчөмү, кол учунан чыканакка чейинки аралык.

Катиренки — 1. ысык аймакта, таштуу жерде өсө турган дарак. 2. Пейили катуу киши жөнүндө айтылат.

Кие — (ир.) /гийах/. Бетеге, тулаң түрүндөгү жапыз өскөн жашаң чөптөр.

Лапеси — дем алганы, илеби.

Минеге — эмнеге. Диалектикалык өзгөчөлүккө байланыштуу айтылган түрү.

Мискин — (ар.) /мескин/ байкуш, бечара, үй-жайсыз адам.

Мыкыры — арамза, куу, кытмыр адамдарга карата айтылган сыпаттоочу сөз.

Пай — түгөйү, жубу.

| | |
|---|---|
| Пакса | — (ир.) /пахсе/. 1. Сокмо дубал. 2. Сокмо дубалдын катмары, бир катары. |
| Саятчы | — (ар.) /саййад/ 1. Аңчылык, илбээсинге аң кылуу 2. өтм. маан. тор менен куш же бүркүт кармоо. |
| Сук | — шаман дининде суунун Ээси, аял түрүндө элестетилген мифологиялык персонаж. |
| Суу атасы Сулайман | — шаман дининде суунун ээси, аял түрүндө |
| Тел | — түгөйү, жубу маанисинде колдонулган. |
| Топучак | — жер-жемиштердин бир түрү. |
| Тоскоол | — азыркы Сары-Челек көлүнүн мурдакы аталышы. |
| Түрдүк | — жердин аталышы. |
| Ур | — Нур. Кудайдын жарыгы маанисинде колдонулган. |
| Шаймерден | — (ир.) /шахимарден/ шах,— падыша, мардан — баатыр). 1. Баатырлардын падышасы, жигиттин пири. 2. Мусулмандардын төртүнчү калийпасы Аалынын сыпатталган аты. |
| Шардана | — (ир.) /чардане/ (чар — ачык, дане — белгилүү). Контекстте — ачык жерде түлкүнүн ээн эркин жортуп жүргөндүгүн айтып жатат. |
| Эге | — (көөнө кыргыз сөзү). 1. Ээси. 2. Кудай маанисинде. |

## ЭСКЕРТҮҮЛӨР

1. Жеңижокту жоктоо — Жеңижок өлгөндө Токтогулдун жоктоп ырдаган ыры. Бул материал «Жеңижок» (Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1982-ж. 215—219-б.) жыйнагынан алынды. Түзгөн — А. Жусупбеков. Мындан ары бул жыйнакты — «Жеңижок» (1982-ж.) деп беребиз.

2. Көксулуу — Бул ыр мурдагы жыйнактан «Жеңижок», (1982) жарык көргөн эмес. Акын жашап өткөн Кара-Суу кыштагынын тургуну, 58 жаштагы Сулайман Рыскулбековдон 1981-жылдын 18-апрелинде А. Жусупбеков жазып алган. 1994-жылы, Жалал-Абадда жарык көргөн «Элдик казына» аттуу жыйнактын I-томуна жарыяланган.

3. Балалык, (Биринчи түрү) — Сулайман Кайыпов түзгөн «Эл ырчылары» («Кыргызстан» басмасы. 1981-ж. 52—57-б.) аттуу жыйнактан алынды.

(Экинчи түрү) — Аксы районундагы Кара-Суу айылынан Сулайман Рыскулбековдон 1980-жылдын 15-мартында эски кол жазма дептеринен көчүрүлүп алынган жана ал, Талас областынын Кара-Буура районундагы Жийде айылынын тургуну, акындын тууганы 77 жаштагы Нартай Бекмамат уулунан, 1973-жылы жазылып алынып, жогорудагы «Балалык» менен бириктирилди.

4. Дүнүйө, (Биринчи түрү) — Аксы районундагы Кара-Суу айылынын тургуну, 66 жаштагы пенсионер Малабек Шатман уулунан 1961-жылы жазылып алынган. Кол жазмалар фондусундагы (Инв. № 5248) сакталып турган материал менен толукталып берилди.

(Экинчи түрү) — Таш-Көмүр шаарында жашаган пенсионер Темир Үрүстөмбаевдин кол жазмасынан 1990-жылы 19-апрелде өз үйүнөн көчүрүлүп алынган. Бул ыр басма түрүндө биринчи жолу жарыяланып жатат.

5. Аккан суу. (Биринчи түрү) — Кол жазмалар фондусундагы (Инв. № 5195). (Инв. 327) сакталып турган жана Аксы районундагы Кара-Суу кыштагынын тургуну

С. Рыскулбеков менен 59 жаштагы Артыкбай Тойчукеевдин кол жазмалары, Талас областынын Кара-Буура районуна караштуу Чолпонбай колхозунун тургуну, акындын тууганы Нартай Бекмамат уулунан 1979-жылы 24-июнда өз үйүнөн жазылган тексттер пайдаланылды. «Жеңижок» (1982) де ыксыз кыскартууларга учураса, азыркы басылышында толугу менен берилди. Карыялардын айтуусунда караганда, акын «Аккан сууну» бир жума бою айтуучу экен.

(Экинчи түрү) — Сулайман Кайыпов түзгөн «Эл ырчылары» («Кыргызстан» басмасы, 1981-ж., 46—50-б.) аттуу жыйнактан алынды.

(Үчүнчү түрү) — Сулайман Кайыпов түзгөн «Эл ырчылары» («Кыргызстан басмасы», 1981-ж., 50—52-б.) аттуу жыйнактан алынды.

6. Айт, айт десе — Сулайман Кайыпов түзгөн «Эл ырчылары» («Кыргызстан» басмасы, 1981-ж. 31—32-б.) жыйнактан алынды.

7. Балам жок — Аксы районунун Кара-Суу кыштагынын Чомпол маалесинин тургуну, 58-жаштагы Сүйүнтбек Тилекбаевдин кол жазмасынан 1974-жылы, 24-февралда көчүрүлүп алынган материал боюнча даярдалды.

8. Насият (Биринчи түрү) — Аксы районундагы Кара-Суу кыштагынын тургуну, пенсионер, 68 жаштагы Читинбай Калыгул уулунан 1968-жылдын июлунда өз оозунан жазылып алынган.

(Экинчи түрү) — Сулайман Кайыпов түзгөн «Эл ырчылары» («Кыргызстан» басмасы, 1981-ж. 38—40-б.) аттуу жыйнактан алынды.

9. Накыл кеп — Аксы районундагы Авлетим кыштагынын тургуну Бөрүкул Алыбай уулунан 1974-жылы 5-апрелинде жазылып алынган. Бул ыр «Жеңижок» (1982) жыйнагына даярдалган үлгүдө берилди.

10. Накыл — Аксы районундагы Кара-Суу кыштагынын тургуну, пенсионер Ырсалы Алымкул уулунан 1989-жылдын 15-сентябрында өз үйүнөн жазылып алынды.

11. Үлгү ырлар — Базар-Коргон районундагы Фрунзе колхозунун Кызыл ай кыштагынын тургуну, пенсионер 68 жаштагы Асанбай Мамыр уулунан 1978-жылы 30-сентябрда кагазга түшүрүлгөн.

12. Турбайбы — Кол жазмалар фондусунда (Инв. № 610//5248) «Жеңижок» жана Төрөкул Ыразаковдун ырлары» аттуу папкада сакталып турат. Тексти Аксы районундагы Жерге-Тал кыштагынын тургуну Узакбай Шераалы уулунан, 1971-жылы 19-апрелде жазылып алынган. Ушул текстин негизинде даярдалып, басмадан жарык көргөн «Эр ырчылары» (түзгөн С. Кайыпов, Фрунзе, Кыргызстан» —

1981) аттуу жыйнактагы үлгүсү алынды.

13. Санат — Кол жазмалар фондусундагы (инв. № 327//5195) материал Жаңы-Жол районундагы Авлетим кыштагындагы жашоочу Бөрүкул Алыбай уулунан жазылып алынган текст менен толукталды.

14. Терме — Аксы районундагы Авлетим кыштагынын тургуну, мугалим Ташбай Жоробеков энеси Аселкан Раимкуловадан 1979-жылы 28-августта жазып берген.

15. Айтсам сөздүн жөн-жөнүн — Жаңы-Жол районундагы Кара-Суу кыштагында жашаган Шералиев Жусупбектен 1971-жылы 28-августта жазылып алынган.

16. Үй-бүлө — Сулайман Кайыпов түзгөн «Эл чыгармалары» («Кыргызстан» басмасы, 1981-ж., 44—46) аттуу жыйнактан алынды.

17. Жаман уул, жакшы уул — Аксы районунун Шевченко (азыркы Жерге-Тал) айылынын тургуну 78 жаштагы Кутманкул Жээнаалы уулунан 1971-жылдын 19-ноябрында кагазга түшүрүлгөн.

18. Жер соорусу Аксы экен — Аксы районундагы Авлетим кыштагынын тургуну, «Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги» Ташбай Жоробеков Кайнакеев Осмонаалыдан жазып алып, 1980-жылы 7-майда А. Жусупбековго тапшырган кол жазма боюнча даярдалды.

19. Өскөн жер — Сулайман Кайыпов түзгөн «Эл ырчылары» («Кыргызстан» басмасы, 1981-ж., 35—36-б.) аттуу жыйнактан алынды.

20. Дан кайда да, мал кайда — Аксы районундагы Кара-Суу кыштагынын тургуну Асанбек Жаныбековдон 1977-жылы 17-февралда жазылып алынган. Алгачкы темасы «Үйрөнбөстөн бир ишти» деп аталган эле. «Жеңижок» (1982) жыйнагына редактордун сунушу менен ушул тема коюлган. Азыр да ошол (кийинки) аталышында калтырылды.

21. Замана — Кол жазмалар фондусундагы (инв. № 327) Рыскулбек Шатмановдун текстти жана Аксы районундагы Кара-Суу кыштагынын тургуну 64 жаштагы Сатканбай Керимкул уулунан жазылып алынган материалдардын негизинде даярдалды.

22. Акын болсоң — «Жеңижок» (1982) жыйнагынан алынды. Кезинде, бул материал 1971-жылы 8-августа Шералиев Жусупбектен жазылып алынган тексттин негизинде басмага даярдалган.

23. Жеңижоктун жылан чаккандагы ыры — Кол жазмалар фондусундагы (691/5329) (610/5248) Мамакеев Тагайдан 1974-жылы жазылып алынган материалдар бар. Ошолордун негизинде даярдалган материал.

24. Ким айтат менин ырымды? — Кол жазмалар фондусундагы (инв. № 327//768) Жээнмырза Орозалиев айтып, Ыймаалы Сатыбаев жазып алган (1939-ж.) текст менен Аксы районунун Кара-Суу кыш-

тагынын тургуну 76 жаштагы Тагай Мамаке уулунан (1974-ж. 23-сентябрда) жыйналган материалдардын негизинде берилди.

25. Ак куржун толгон ыр калды — Аксы районунун Кара-Суу кыштагынын Кез арт маалесинин тургуну, 70 жаштагы Райымбек Жээнтаевдин кол жазма дептеринен 1975-жылдын 5-апрелинде көчүрүлүп алынган.

26. Жеңижок Эсенаманды эскерип ырдаганы — Кол жазмалар фондусундагы (инв. № 724) Ч. Шакетаев жыйнап тапшырган материалдарынан алынды.

27. А дүйнө кетсем кайыр кош! — Аксы районунун Кара-Суу кыштагынын Ак-Төбө маалесинин тургуну 58 жаштагы Абди Акматалиевден 1990-жылы 26-сентябрда жазылып алынган ушул текст акындын 130 жылдык мааракесине карата Жалал-Абад областык «Акыйкат жарчысы» газетасына А. Жусупбеков тарабынан даярдалып жарыяланган.

28. Бир Алла — Кол жазмалар фондусундагы (Инв. № 327) Жээнмырза Орозалиев айтып берип, Ыймаиаалы Сатыбаев жазып алган (1939-ж.) текстти боюнча берилди.

29. Семетейдин Таласка жөнөшү — Аксы районунун «Кызыл-Жар» совхозундагы Кум кыштагынын тургуну, 75 жаштагы Дөөталы Малике уулунан 1974-жылы 23-сентябрда өз оозунан жазып алынган. «Жеңижок» (1982) жыйнагына кыскартылып берилген. Азыркы басылышка бул материал толугу менен даярдалды.

30. Акыркы ыр — Аксы районунун Кара-Суу кыштагынын тургуну, 60 жаштагы Жаныбеков Асанбектен 1977-жылдын 17-февралында жыйналган материалы боюнча берилди.

31. Жеңижок менен Арстанбектин учурашканы — Арыстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгына арналган «Арыстанбек» аттуу китептен алынды. Китептин автору — Батма Кебекова, Бишкек, 1994, «Илим», 58—71-беттер.

32. Эсенаман менен Жеңижок — Эл арасына кеңири таралган, ар тарабы келишкен, мыкты айтыштардын катарына кирет. Кезинде ТАИ тарабынан даярдалып чыгарылган. («Айтыштар», I-том, Фрунзе, «Кыргызстан», 1972) китептин материалы менен Аксы районундагы Кара-Суу кыштагынын мектеп мугалими Турусбек Малабековдун текстти кошумчаланып даярдалды. «Жеңижок» (1982) жыйнагындагы саясатка байланыштуу кыскартылган бир аз жерлери,бул басылышта кайра толукталды. Азыр кол жазмалар фондусунда Ш. Үмөталиев (Инв. № 561), Т. Абдыракунов (инв. № 555) жыйнаган материалдар сакталып турат.

| | |
|---|---|
| 33. Жеңижок менен Токтогул | — Токтогул Сибирден качып келгенден кийин, Аксынын Кара-Суу кыштагына барып Жеңижокко учурашып, ушул ырды жаратышкан. Бул учурашуу ыры Аксы районунун Авлетим кыштагынын тургуну Бөрүкул Алыбай уулунан 1971-жылы 19-ноябрда жазылып алынган. |
| 34. Нурмолдо менен Жеңижок | — Фрунзе шаары (азыркы Бишкек) шаарынын тургуну, акын Абды Байсалбаевден 1971-жылдын 24-июнунда жазылып алынган. Қол жазмалар фондусунда (инв. 5195) сакталып турат. |
| 35. Наркүлбүбү (Рыскүл) менен Жеңижоктун айтышы | — Элге кеңири тараган айтыштардын бири. Окурмандарга сунушталып жаткан вариант Аксы районунун Жүзүм-Жан кыштагынын тургуну. 1947-жылы туулган Бабакулов Дуулаттын 1991-жылдын 17-сентябринде А. Жусупбековго берген кол жазмасынын негизинде берилди. (Жалпы окурмандарга ылайыкталып, айрым бир өтө кордогон ыр саптары, богооз айтылган сөздөрдү кыскартууга туура келди.) |
| 36. Шекер кыз менен Жеңижоктун айтышы | — Аксы районундагы Авлетим кыштагынын тургуну 80 жаштагы Бөрүкул Алыбаевден 1967-жылдын 19-ноябрында жазылып алынган. |
| 37. Карач байды жолборс алганда | — Бул кошокту (Токтогул менен Жеңижок) Токтогул экөө алым сабак ирээтинде ырдашкан. Текст Кара-Суу кыштагынын Көпүрө-Башы айылынын тургуну 80 жаштагы Үрсалы Шатман уулунан 1961-жылдын 2-августунда жазылып алынган. |
| 38. Коргол менен Жеңижок | — Аксы районундагы Кара-Суу кыштагынын тургуну 64 жаштагы Сатканбай Керимкул уулунан 1965-жылдын 24-мартында жазылып алынган. |
| 39. Жеңижок менен Барпынын учурашканы (1-түрү) | — «Ала-Тоо» журналынын 1962-жылдын № 2 санынан алынды. |
| 40. Жеңижок менен Барпынын учурашканы (2-түрү) | — Созок районунун Чөкө-Төбө кыштагынын тургуну 76 жаштагы Ынак Исман уулунан 1983-жылдын 18-августунда жазылып алынган. |
| 41. Акындардын Аксыдагы айтышы. | — «Коргол» китебинен алынды. Бишкек, «Адабият» басмасы 1993-ж. |
| 42. Нурмолдо, Жеңижок, Барпынын тойдогу айтышы | — Бул айтышты Аксы районунун Көпүрө-Башы айылынын тургуну, Жеңижоктун коңшусу Алымкулов Рысалыдан, кызы Рысалиева Шарипа жазып алган. Бул текст «Ош жаңырыгы» гезитине 1996-жылдын 19-сентябрындагы санына жарыяланган. |

## МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН УЛУТТУК БОРБОРУНУН КОЛ ЖАЗМАЛАР ФОНДУСУНДА САКТАЛЫП ТУРГАН ЖЕҢИЖОК БОЮНЧА ТОПТОЛГОН МАТЕРИАЛДАРГА КЫСКАЧА СЫПАТТАМАЛАР:

1. Инв. № 557 — **Кол боюна барып, Арыстанбек менен ырдашканы.**

Жеңижок менен таластык Жанышбай кошо жүргөн. Ошол Жанышбайдын баласы Боталыда анын кол жазмасы сакталып калган.

1967-жылы, Жолоев Тургуналы тарабынан жыйналып, фондуга тапшырылган. Көлөмү — 11 бет.

2. Инв. № 561 — **Эсенаман менен Жеңижоктун айтышы.**

Жеңижок акын жөнүндө, айтыш өткөн кырдаал тууралсында кеңири түшүндүрмө бар. Ш. Үмөталиев ар башка адамдардан материалдарды жыйнап алып, аларды иретке келтирип, бириктирген. Ойдун логикасын жана мазмунунун, сюжетин бузбай берүүгө аракет кылган. Натыйжада, көлөмү жана көркөмдүгү жагынан толук кандуу, кайталоолору жок чыгарма түзүлгөн.

3. Инв. № 634 — **Жеңижоктун өмүр баяны, анын Эсенаман менен болгон айтышы.**

— Текст өтө кыска. Өмүр баяны боюнча маалыматтар кеңири берилген.

Бул материалды Талас районундагы Үч-Эмчек айылынын тургуну Токтогулов Аманбек эл оозунан чогултуп кагазга түшүргөн. Иниси Токтогулов Касымбек 1973-жылы фондуга тапшырган.

Көлөмү 9 бет.

4. Инв. № 624 — **Ар кыл ырлар.**

М. Зулпиев чогултуп тапшырган материалдардын ичинде «Садырды кошуу», «Терме ырынын» өтө кыска үзүндүлөрү жана «Барпы менен айтышы» бар. Айтышты М. Ашырбаев жазган. Иниси тууралуу «Терменин» үзүндүсү Жеңижоктун «Үй-бүлө» деген ырынан алынган. (инв. *№ 327 18-б.)*.

1972-жылы Зулпуев Мамажан тарабынан фондуга тапшырылган. Көлөмү — 5 бет *(Жеңижокко тийиштүүсү)*.

5. Инв. № 555 — **Эсенаман менен Жеңижоктун айтышы.**

Кемин, Чүй райондорунан жыйналган материалдардын арасында. Негизинен кара сөз түрүндө айтыштын жүрүшү баяндалат. Ыр тексти аз. Айтыштын эл арасына кеңири тарагандыгын далилдөөчү фактор катарында баалуу материал.

1969-жылы С. Закиров, Т. Абдыракунов, П. Ирисов, А. Токомбаева, Г. Итигуловалар фольклордук экспедицияда чогултуп, фондуга тапшырышкан.

Көлөмү — 5 бет *(Жеңижокко тийиштүүсү)*.

6. Инв. № 182 — **Жеңижок менен Наркүлбүбүнүн айтышы.**

Бул айтышты оригинал боюнча кеңири чөйрөгө жарыялоого болбойт, ылайыксыз.

1946-жылы Акиев Қалык жазып, фондуга тапшырган.

Көлөмү — 23 бет.

7. Инв. № 610. **Жеңижок (Өтө) жана Төрөкул Ыразаковдун ырлары.**

Бул материалдарда негизинен акындын ырлары топтолгон. «Айт, айт десе», «Турбайбы», «Аркыт», «Дүнүйө» ж. б.

1972-жылы, Жусупбеков Асанбай тарабынан чогултулуп, фондуга өткөрүлгөн.

Көлөмү — 24 бет.

8. Инв. № 327 — **Жеңижоктун ырлары.**

Бул материалдар Р. Шатманов, Ж. Орозалиев, А. Мамбетовдордон жазылып алынган. Мында — «Замана», «Санат ыр», «Өскөн жер», «Дүнүйө», «Үй бүлө», «Аккан суу» ж. б. ырлары топтоштурулган.

1939—40-жылдарда Ыйманалы Сатыбаев тарабынан жыйналып, Академиянын Кол жазмалар фондусуна тапшырылган.

Көлөмү — 31 бет.

**9. Инв. № 691 — Ар кыл ырлар, айтыштар.**

1982-жылы жарык көргөн. «Жеңижок» аттуу жыйнакка кирген материалдар. Бул материалдарды Кыргызстан Жазуучулар Союзу, Тил жана адабият институтунун, басмага сунуштоо үчүн талкуудан өткөрүп берүүсүн өтүнгөн *(жолдомосу бар)*.

1978-жылы, Жусупбеков Асанбай жыйнап, фондуга тапшырган. Ушул материалдардын арасында кол жазмалар фондусуна мурда тапшырылган ырлар, айтыштар бар.

Көлөмү — 276 бет.

## МАЗМУНУ

Ак таңдай акын . . . . . . . . . . . . . . . 5
Жеңижок . . . . . . . . . . . . . . . . . 11
Жеңижокту жоктоо . . . . . . . . . . . . . 13
Көксулуу . . . . . . . . . . . . . . . . 17
Балалык *(Биринчи түрү)* . . . . . . . . . . 26
Балалык *(Экинчи түрү)* . . . . . . . . . . 31
Дүнүйө *(Биринчи түрү)* . . . . . . . . . . 44
Дүнүйө *(Экинчи түрү)* . . . . . . . . . . 48
Аккан суу *(Биринчи түрү)* . . . . . . . . . 50
Аккан суу *(Экинчи түрү)* . . . . . . . . . 69
Аккан суу *(Үчүнчү түрү)* . . . . . . . . . 73
Айт, айт десе . . . . . . . . . . . . . . 75
Жалгыз тал . . . . . . . . . . . . . . . 77
Балам жок . . . . . . . . . . . . . . . 79
Насыят . . . . . . . . . . . . . . . . 86
Накыл кеп . . . . . . . . . . . . . . . 87
Накыл . . . . . . . . . . . . . . . . . 92
Үлгү ырлар . . . . . . . . . . . . . . . 93
Турбайбы . . . . . . . . . . . . . . . . 96
Санат . . . . . . . . . . . . . . . . . 99
Терме . . . . . . . . . . . . . . . . . 101
Айтсам сөздүн жөн-жөнүн . . . . . . . . . . 103
Үй-бүлө . . . . . . . . . . . . . . . . 106
Жаман уул, жакшы уул . . . . . . . . . . . 109
Жер соорусу Аксы экен . . . . . . . . . . . 109
Өскөн жер . . . . . . . . . . . . . . . 123
Дан кайда да, мал кайда? . . . . . . . . . . 124
Замана . . . . . . . . . . . . . . . . 125
Акын болсоң . . . . . . . . . . . . . . 127
Жеңижоктун жылан чаккандагы ыры . . . . . . . 131
Ким айтат менин ырымды? . . . . . . . . . . 134
Ак куржун толгон ыр калды . . . . . . . . . 139
Жеңижоктун Элеманды эскерип ырдаганы . . . . . 143
А дүйнө кетсем, кайыр кош! . . . . . . . . . 144
Бир алла . . . . . . . . . . . . . . . . 147
«Манас» эпосунан, Семетейдин Таласка жөнөшү . . . 149
Акыркы ыры . . . . . . . . . . . . . . . 172
Жеңижок менен Арстанбектин учурашканы[1] . . . . . 176
Жеңижок менен Эсенамандын айтышы . . . . . . 190
Жеңижок менен Токтогул . . . . . . . . . . 223

Нурмолдо менен Жеңижок . . . . . . . . . 231
Жеңижок менен Наркүлбүбүнүн *(Рыскүл)* айтышы . . 236
Шекер кыз менен Жеңижоктун айтышы . . . . . . 246
Карача байды жолборс алганда . . . . . . . 251
Коргол менен Жеңижок . . . . . . . . . . 258
Жеңижок менен Барпынын учурашканы *(1-түрү)* . . 262
Жеңижок менен Барпынын учурашканы *(2-түрү)* . . 265
Акындардын Аксыдагы айтышы . . . . . . . . 270
Нурмолдо, Жеңижок, Барпынын тойдогу айтышы . . 274
Жеңижок *(Өтө)* Көкө уулу . . . . . . . . . 290
Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөлөрү . . . . . . 308
Эскертүүлөр . . . . . . . . . . . . . 310
Сыпаттамалар . . . . . . . . . . . . 315

Адабий-көркөм басылма

«Акындар» сериясы

2-том

**ЗАЛКАР АКЫНДАР**

**ЖЕҢИЖОК**

**Ырлар, айтыштар**

Түзгөндөр: А. Акматалиев,
А. Жусупбеков,
М. Мукасов

БИШКЕК, «ШАМ» БАСМАСЫ, 1999

Редактору *А. Макешев*
Сүрөт редактору *З. Мидинова*
Тех. редактору *М. Курбанбаева*
Корректору *Р. Сакелова*

Терүүгө 24. 03. 99 ж. берилди. Басууга 24. 04. 99 ж. кол коюлду. Форматы 84×108¹/₃₂. 20,0 физ. басма табак. 16,80 шарттуу басма табак. Заказ № 166. Нускасы 1000. Келишимдик баа.

«Кыргызполиграфкомбинат» акционердик коому.
«Шам» басмасы.
720005. Бишкек, Суванбердиев атындагы көчө, 102